МАЗМУНУ

ТЕХНИКА ИЛИМДЕРИ
ТЕХНИЧЕСКИЕ НАУКИ
TECHNICAL SCIENCES

Асилбек уулу Курсантбек
DJANGO АДМИН ПАНЕЛИНДЕ DJANGO-CKEDITOR ИНТЕГРАЦИЯСЫ АРКЫЛУУ КОНТЕНТТИК МААЛЫМАТТЫ БАШКАРУУНУ ӨРКҮНДӨТҮҮ ЫКМАЛАРЫ.....5

ФИЗИКА-МАТЕМАТИКА ИЛИМДЕРИ
ФИЗИКО-МАТЕМАТИЧЕСКИЕ НАУКИ
PHYSICAL AND MATHEMATICAL SCIENCES

Алыбаев Курманбек Сарманович, Нурматова Майрамгул Нарбековна, Кеңешбекова Айсара Кеңешбековна
АНАЛИТИКАЛЫК ФУНКЦИЯЛУУ СИНГУЛЯРДЫК КОЗГОЛГОН ТЕҢДЕМЕЛЕРДИН ОБЛАСТТАРЫН ЖАНА ЧЕКТИК КАТМАР СЫЗЫКТАРЫН ИЗИЛДӨӨ 22
Джураев Абубакир Мухтарович, Рисдавлатова Назгуль
АР КАНДАЙ ӨЗДҮК МААНИЛЕРИ БАР СИНГУЛЯРДЫК КОЗГОЛГОН ТЕҢДЕМЕЛЕР ҮЧҮН ЧЕКТИК МАСЕЛЕНИН ЧЫГАРЫЛЫШЫНЫН АСИМПТОТИКАСЫНА СЕРЕП ..30

ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ
ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
PHILOLOGICAL SCIENCES

Абдыкадырова Махабат Жумабековна, Шерипбаев Амангелди Рахманович
С.РАЕВДИН ПОВЕСТТЕРИНДЕГИ КААРМАНДАРДЫН КӨРКӨМ ДҮЙНӨСҮ 36
Баймырзаев Бакыт Акылбекович
“ЖАНЫШ, БАЙЫШ” ЭПОСУНДАГЫ ТАРЫХЫЙ ОКУЯЛАРДЫН АЗЫРКЫ ЖЕР-СУУ АТАЛЫШТАРЫ МЕНЕН БОЛГОН ҮНДӨШТҮГҮ (ЧАТКАЛ ЖАНА КЕТМЕН-ТӨБӨ ӨРӨӨНДӨРҮ БОЮНЧА).....47
Бакиров Кудратилло Хамидилло угли
ИДЕЙНОЕ СОДЕРЖАНИЕ РОМАНА ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА «И ДОЛЬШЕ ВЕКА ДЛИТСЯ ДЕНЬ» И ИДЕОЛОГИЯ ВРЕМЕНИ 61
Каленбекова Гулбарчын Тайырбековна
С. СТАНАЛИЕВДИН “АК ЖАРЫКТЫН АЙЫКПАГАН СЫНЫГЫ” РОМАНЫНДАГЫ АВТОРДУН ЛЕКСИКАЛЫК ТАБЫЛГАЛАРЫ.....67
Шакирова Мавлюда Рысбаевна
КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ КОЛДОНУЛУШУ ЧЕКТЕЛГЕН ЛЕКСИКАНЫН ИЗИЛДЕНИШИ .81

ЭКОНОМИКА ИЛИМДЕР
ЭКОНОМИЧЕСКИЕ НАУКИ
ECONOMIC SCIENCES

Буланова Зуракан Шаакыевна, Рысбаева Алымбубу Каримовна
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ИНФЛЯЦИЯНЫ МАМЛЕКЕТТИК ЖӨНГӨ САЛУУ ЧАРАЛАРЫ 94
Зарылбеков Раатбек Зарылбекович, Усенов Адилет Алимжанович
ОШ ЖАНА ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТАРЫНДАГЫ КАЛКТЫ ЖУМУШ МЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫНЫН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ 103

БИОЛОГИЯ ИЛИМДЕР
БИОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
BIOLOGICAL SCIENCES

Жусупбаева Гульсара Исмаиловна, Тешебаева Зулумкан Абдыманаповна

КОЛОРАДО КОҢУЗУНУН (LEPTINOTARSA DECEMLINEATA SAY) ПОПУЛЯЦИЯСЫНЫН САНДЫК ӨСҮҮСҮН ЖӨНГӨ САЛУУДА ХИМИЯЛЫК ЖАНА БИОЛОГИЯЛЫК ПРЕПАРАТТАРДЫ СЫНОО 111

ФИЛОСОФИЯЛЫК ИЛИМДЕР
ФИЛОСОФИЧЕСКИЕ НАУКИ
PHILOSOPHICAL SCIENCES

Токоева Гулдана Самидиновна, Абдуллаева Мырзайым Ашыралыевна
БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГДУН ЖҮРГҮЗГӨН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНӨ ФИЛОСОФИЯЛЫК ТАЛДОО.....118

Тургунбаева Джамиля Мамазакировна
КООМДУН ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ ШАРТЫНДА СОЦИАЛДЫК ЖООПКЕРЧИЛИКТИН ТРАНСФОРМАЦИЯЛАНУУСУ.....131

Усенов Адилет Алимжанович, Зарылбеков Раатбек Зарылбекович
АЙТМАТОВДУН ААЛАМДЫК ГУМАНИЗМИ: АЯЛ ЖАНА ЭРКЕК ДУАЛИЗМИНИН ФИЛОСОФИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ.....141

ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ
ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
PEDAGOGICAL SCIENCES

Аданова Дарикан Арапбаевна, Мокуева Нускайым Шарабидиновна
МЕКТЕПТИН МАТЕМАТИКА КУРСУНДА МАСЕЛЕ ЧЫГАРУУГА ҮЙРӨТҮҮДӨГҮ ТАБЛИЦАЛЫК МОДЕЛДЕР ….....153

Алиев Ильяс, Бакиров Аскат, Абдурахимов Низамидин
ДЕНЕ ТАРБИЯ САБАКТАРЫНДА ОЮН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫН КОЛДОНУУ.....163

Галямова Эльмира Хатимовна
ГЕОМЕТРИЧЕСКИЕ ТРЕНАЖЕРЫ В ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ ПОДГОТОВКЕ БУДУЩЕГО УЧИТЕЛЯ МАТЕМАТИКИ….....170

Уметов Таалайбек Эгембердиевич, Ермаков Владимир Григорьевич
ЖЕҢҮҮДӨН ТААНЫЛУУГА ЧЕЙИН: КЛАССИКАЛЫК ПЕДАГОГИКАЛЫК ТЕОРИЯЛАРДЫН НЕГИЗИНДЕ ИНСАНДЫН КАЛЫПТАНУУ ФЕНОМЕНИ Э. УМЕТОВДУН МИСАЛЫНДА ….....182

Куваков С.Ж., Садыкова А., Куваков Ж.М., Тургунбаева Н.
МУГАЛИМДЕРДИН ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН ИННОВАЦИЯЛЫК ИШ-ЧАРАЛАРЫНДАГЫ ПЕДАГОГИКАЛЫК МЕТОДДОР.....191

Торогельдиева Конуржан Макишевна, Нарбаева Гулбара Оморовна
ОРТО МЕКТЕПТИН МАТЕМАТИКА САБАКТАРЫНДА ИНТЕГРАЦИЯЛАНГАН ТАПШЫРМАЛАРДЫ ИШТЕП ЧЫГУУНУН МЕТОДИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ…....201

Осмонова Нургул Таштановна, Шамалбек кызы Алтынай
САНАРИПТИК ПЛАТФОРМАЛАР АРКЫЛУУ ИНТЕРАКТИВДҮҮ ОКУТУУНУ УЮШТУРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ.....212

Сейталиева Эльмира Сапарбековна, Сатыбекова Альбина Саматовна, Молдогазы кызы Акжолтой
КЕНЖЕ ОКУУЧУЛАРДЫН МАТЕМАТИКАЛЫК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮ.....221

Темирбаева Гулзад Козоновна, Нишанбаева Жаңылай Манасова
«АДАБИЙ ОКУУ» САБАКТАРЫНДА ОКУУЧУНУН ОКУУ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮДӨ СЫНЧЫЛ ОЙЛОМДУН СТРАТЕГИЯЛАРЫН КОЛДОНУУ.....231

ТЕХНИКА ИЛИМДЕРИ
ТЕХНИЧЕСКИЕ НАУКИ
TECHNICAL SCIENCES

Асилбек уулу Курсантбек

DJANGO АДМИН ПАНЕЛИНДЕ DJANGO-CKEDITOR ИНТЕГРАЦИЯСЫ АРКЫЛУУ КОНТЕНТТИК МААЛЫМАТТЫ БАШКАРУУНУ ӨРКҮНДӨТҮҮ ЫКМАЛАРЫ

Асилбек уулу Курсантбек

МЕТОДЫ СОВЕРШЕНСТВОВАНИЯ УПРАВЛЕНИЯ КОНТЕНТНОЙ ИНФОРМАЦИЕЙ ЧЕРЕЗ ИНТЕГРАЦИЮ DJANGO-CKEDITOR В АДМИН-ПАНЕЛЬ DJANGO

Asilbek uulu Kursantbek

METHODS FOR IMPROVING CONTENT INFORMATION MANAGEMENT THROUGH DJANGO-CKEDITOR INTEGRATION INTO THE DJANGO ADMIN PANEL

УДК 004.738.52

Аннотация. *Бул макалада Django админ панелине Django-ckeditor интеграциясын кошуу аркылуу конеттик маалыматты башкаруу процессин өркүндөтүү маселеси каралат. Изилдөөнүн негизги багыты жөнөкөй textarea талаасын rich text редактор менен алмаштыруу аркылуу тексттик маалыматты форматтоо, медиа файлдар менен толуктоо, HTML түзүмүн генерациялоо жана frontend бетинде структуралуу көрсөтүү мүмкүнчүлүктөрүн талдоого арналды. Макалада Django'нун Model-Form-Widget-Admin-Database-Frontend архитектуралык байланышы контенти түзүү, валидациялоо, сактоо, жана жарыялоо процессинин программалык негизи катары каралды. Изилдөөнүн жыйынтыгында Django-ckeditor интеграциясы админ панелдин функционалдуулугун кеңейтип, редактор үчүн колдонуу ынгайлуулугун жогорулатып, контенттик маалыматтын визуалдык сапатын жана структуралык тактыгын камсызда турганы аныкталды. Ошону менен бирге rich text форматындагы HTML маалыматтар жана медиа файлдар менен иштөөдө коопсуздук, валидация жана уруксат берүү механизмдерин туура уюштуруу зарылдыгы белгиленди.*

Ачкыч сөздөр: *Django, Django-ckeditor, админ панель, rich text редактор, котентти башкаруу, ModelFrom, CKEditorUploadingWidget, маалымат базасы, frontend, веб-тиркеме*

Аннотация. *В данной статье рассматривается вопрос совершенствования процесса управления контентной информацией путем интеграции Django-ckeditor в административную панель Django. Основное внимание уделяется анализу замены стандартного поля textarea на rich text редактор, позволяющий форматировать текстовую информацию, добавить медиафайлы, форматировать HTML-структуру и отображать контент на frontend-странице в структурированном виде. В статье архитектура связь Model-Form-Widget-Admin-Frontend рассматривается как программная основа создания, валидации, созранения и публикации контентных данных. В результате исследования установлено, что интеграция Django-ckeditor расширяет функциональные возможности административной панели, повышает удобство работы редактора, а так же обеспечивает видуальное качество и структурную точность контентной информации. Вместе с тем отмечается необходимость правильной организации механизмов безопасности, валидации и разграничения прав доступа при работе с HTML-данным и медиафайлами в формате rich text.*

Ключевые слова: *Django, Django-ckeditor, административная панель, rich text редатор, управление контентом, ModelFrom, CKEditorUploadingWidget, база данных, frontend, веб-приложение.*

Abstract. *This article examines the improvement of content information management through the integration of Django-ckeditor into the Django administrative panel. The study focuses on the transformation of a standard textarea field into a rich text editing component that supports formatted text, media file insertion, HTML structure generation, and structured content presentation on the frontend layer. The research analyzes the interaction between Model, Form, Widget, Admin, Database, and Frontend components as a unified software workflow for creating, validating, storing, managing, and displaying content data. The results show that Django-ckeditor integration enhances the functional capacity of the administrative interface, improves the usability of content editing, and ensures a more organized representation of information in web applications. At the same time, the use of rich text content requires careful attention to validation, file upload configuration, access control, and secure rendering of HTML data. Therefore, Django-ckeditor can be considered an effective technological solution for developing content-oriented web systems such as news portals, educational platforms, blogs, and electronic journals.*

Keywords: *Django, Django-ckeditor, administrative panel, rich text editor, content management, ModelFrom, CKEditorUploadingWidget, database, frontend, web application.*

Киришүү. Заманбап веб-тиркемелерде контенттик маалыматты башкаруу текстти базага киргизүү менен гана чектелбейт; ал маалыматты түзүү, форматто, сүрөт жана файлдар менен толуктоо, коопсуз сактоо, админ панелде редакциялоо жана frontend бетинде туура көрсөтүү сыяктуу өз ара байланышкан программалык процесстерди камтыйт. Пирматов А.З жана Санжарбек кызы К., өздөрүнүн илимий изилдөөсүндө Django'нун «Коопсуздуктун жогорку деңгээлин жана кызматтардые туруктуу иштешин камсыз кылып туруучу веб-фреймворк» катары мүнөздөшөт [1, 278-б]. Бул пирик Django'нун контентти башкаруу системаларын иштеп чыгууда backend-логика, коопсуздук жана туруктуулук жагынан маанилүү платформа экенин көрсөтөт. Ошол эле эмгекте Django 4.0 версиясы «Веб-тиркемелерди түзүүчүлөргө жана иштеп чыгуучуларга ыңгайлуу» мүмкүнчүлүктөрдү алып келгени белгиленет [1, 278-б]. Демек Django админ панелине Django-ckeditor интеграицясын кошуу ушул ыңгайлуулукту контентти редакциялоо деңгээлине чейин кеңейтет.

Django технологиясынын архитектуралык мааниси анын маалымат, логика жана көрсөтүү катмарларын өз ара байланышкан, бирок салыштырмалуу өз алдынча бөлүктөр катары уюштура алгандыгында көрүнөт.

Свиридов А.А. Django технологиясынын практикалык маанисин белгилеп, фреймворк «Быстро создавать основанные на базах данных динамичные Web-сайты» мүмкүнчүлүгүн беririn көрсөтөт. Бул ой кыргыз тилинде «Маалымттар базасына таянган динамикалык веб-сайттарды кычка убакытта иштеп чыгууга шарт түзөт» деп түшүндүрүлөт [3]. Ошондай эле автор MVC концепциясы «Разделить общую архитектуру на отдельные части», башкача айтканда, «Жалпы архитектуран з алдынча бөлүктөргө ажыратуу» мүмкүнчүлүгүң түзөрүн белгилет [3]. Бул ой Django'до model, form, widget жана admin interface компонеттери өз алдынча милдет аткарып, бирдиктүү контент башкаруу механизимин түзөрүн илимий негиздөөгө шарт түзөт.

Контенттик маалыматтар менен иштеген веб-тиркемелерде админ панель маалыматты башкаруунун борбордук инстурменти катары маанилүү ордун ээлейт. Байдыбеков А.А. Django технологиясы «СОздавать сайт из компонетов», башкача айтканда, «Сайтты өз алдынча компонеттердин негизинде түзүүгө» шарт түзөрүн жана убл ыкма веб-сайтты иштеп чыгуу мөөнөтүн кыскартарын белгилейт [4]. Ошондой эле автор Django CMS-системаларды иштеп чыгууда колдонуларын көрсөтөт [4]. Бул көз караш изилденип жаткан теманын илимий негизин бекемдейт, анткени CKEditor интеграциясы Django админ панелиндеги стандарттуу textarea талаасын rich text редакторго айландырып, контенттик маалыматты түзүү, визуалдык форматтоо жана редакциялоо процессин кыйла ыңгайлуу жана функционалдуу деңгээлге чыгарат. Django'нун расмий документациясында админ панель «Quick, model-centric interface», башкача айтканда, «Моделрге багытталган тез башкаруу интерфейси» катары аныкталат [7]. Бул аныктама админ панелди жөн гана визуалдык форма катары эмес, Django моделдеринин метамаалыматына таянган маалыматты башкаруу катмары катары түшүнүүгө негиз берет.

Ал эми django-ckeditor документациясында RichTextField, RichTextUploadFiekd жана CKEditorWidget аркылуу rich text форматында

редакуиялоо мүмкүнчүлүгү камсыз кылынары көрсөтүлөт [9]. Демек, бул макаланын максаты - Django админ панелинде CKEditor интеграциясын контенттик маалытты түзүү, форматтоо, сактоо жана көрсөтүү процесстерин өркүндөтүүчү программалык-архитектуралык ыкма катары илимий негизде талдоо.

Материалдар жана изилдөө методдору. Изилдөөнүн материалдык негизин Django фреймворку, Django админ панель, django-ckeditor, django-ckeditor-5, CKEditor rich text редактору, ошондой эле веб0тиркемелердин backend архитектурасы, компонеттик маалыматты башкаруу, usability, responsiveness жана accessibility боюнча илимий-техникалык булактар түзүлдү. Материалдарды тандоодо алардын темага түз байланышы , текшерилүүчүлүгү, программалык компонеттерди түшүндүрүү мүмкүнчүлүгү жана контентти түзүү, форматтоо, сактоо, медиа файлдар менен толуктоо жана frontend бетинде көрсөтүү процесстерин илимий негизде ачып бере алышы негизги критерий катары каралды.

Бул теманын актуалдуулугу заманбап веб-тиркемелерде компонетти башкаруу процесси жөнөкөй тексттик талаа менен чектелбей, визуалдык редакциялоо, HTML-контенти сактоо, сүрөт жана файл жүктөө, админ интерфейстин ыңгайлуулугу жана маалыматтын коопсуздугу менен тыгыз байланышкандыгы аркылуу аныкталат. Пирматов А.З жана Санжарбек кызы К., Django’ну «Коопсуздуктун жогорку деңгээлин жана кызматтардын туруктуу иштешин камсыз кылып туруучу веб-фреймворк» катары мүнөздөшөт [1, 278-б]. Бул илимий мүндөздөмөдө админ панелге CKEditor интеграциясын кошууда коопсуздук, туруктуулук жана backend логика маселелери бирдиктүү каралышы керек экенин көрсөтөт.

Айрыкча билим берүү, жаңылыктар, блог, электрондук, китепканажана корпоративдик веб-сайттарда контент администратор же редактор тарабынан үзгүлтүксүз жаңыртылып турат. Тажимаматова М., Токтосунова А. жана Самидинов А. web-сайтты иштеп чыгуу процессинде «структурной схемы

сайта — расположение разделов, контента и навигации» аныкталышы керек экенин белгилешет [17, 142-б.]. Бул пикир Django админ панелинде CKEditor интеграциясын изилдөөдө контенттин жөн гана текст катары эмес, бөлүмдөр, навигация жана интерфейстик түзүлүш менен байланышкан маалыматтык объект катары каралышы зарылдыгын көрсөтөт.

Изилдөөдө системалык талдоо, салыштырма талдоо, программалык моделдөө жана интерфейстик баалоо методдору колдонулду. Бул методдор Django admin panel, model, form, widget, CKEditor жана media upload компонеттеринин өз ара байланышын аныктоого багытталды.

Салыштырма талдоо жөнөкөй textarea аасы менен Django-ckeditor редакторнунун фнкционалдык айырмачылыктарын ачууга колдонулду.

Программалык моделдөөдө models.py, admin.py, forms.py жана settings.py файлдарындагы интеграциялык чечимдердин логикасы каралды. Интерфейстик баалоодо админ панелдин колдонууга ыңгайлуулугу, визуалдык иерархиясы, responsiveness жана accessibility критерийлери Nielsen, Bootstrap жана WCAG 2.2 булактарынын негизинде талданды [13; 14; 15].

Таблица 1 – Изилдөөдө колдонулган материалдар жана методдордун программалык-аналитикалык ролу

№	**Материалдар жана методдор**	**Программлык фокус**	**Изилдөөдөгү функциясы**
1	Кыргыз, казак жана орус тилдүү илимий эмгектер	Django, веб-тиркеме, backend архитектура жана системалык коопсуздук	Теориялык жана салыштырма негиз түзүү
2	Django расмий документациясы	admin.ModelAdmin, forms, widgets, media, setting.py	Django admin панелиндеги моделге негизделген башкаруу логикасын талдоо
3	Django-ckeditor документациясы	RichTextField, RichTextUploadField, CKEditorWidget	Rich text редакторду djngo формаларына жана моделдерине интеграциялоо механизимин аныктоо


4	Django-ckeditor-5 PyPI жана GitHub булактары	Package installation, version control, configuration, upload path	Пакеттин практикалык колдонулушун жана техникалык мүмкүнчүлүктөрүн тактоо
5	CKEditor платформасы	Toolbar, editable area, file upload, HTML output	Rich text редактордун интерфейстик жана фнукционалдык түзүлүшүн талдоо
6	Системалык талдоо	Model-Form-Widget-Admin-Database-Frontend	Django компонеттеринин өз ара байлынышка иштөө агымын изилдөө
7	Салыштырма талдоо	Textarea менен CKEditorWidget	Жөнөкөй тексттик талаа менен rich text редактордун айырмасын аныктоо
8	Программалык моделдөө методу	Models.py, admin.py, forms.py, settings.py	Интеграциянын коддук түзүлүшүн жана конфигурациялык чечимдерин талдоо
9	Интерфейстик баалоо	Usability, navigation, responsiveness, accessibility	Админ панелдин колдонууга ыңгайлуулугун жана визуалдык иерархиясын баалоо

Бул таблица изилдөөдө колдонулган материалдар менен методдорду Django'нун программалык архитектурасына ылайык системалаштырат. Django документациясы backend инфраструктурасын, admin.ModelAdmin, forms, widgets жана media механизимдерин иштөө логикасын түшүшдүрүүгө негиз түзөт. Ал эми django-ckeditor жана django-ckeditor-5 булактарын rich text редактору Modek-Form-Widget-Admin катмарына интеграциялоо ыкмаларын аныктоого мүмкүндүк берет.

Системалык жана программалык моделдөө методдору контенттин админ панелде түзүлүшүнөн тартып маалымат базасында сакталышына жана frontend бетинде көрсөтүлүшүнө чейинки толук иштөө агымын талдоого багытталат. Натыйжада CKEditor интеграциясы жөн гана визуалдык редактор эмес, Django

админ панелиндеги контеттик маалыматты башкарууну оптималдаштырган көп катмарлуу backend-интерфейстик чечим катары бааланат.

Сүрөт 1 – Django админ панелине CKEditor интеграциясынын логикалык схемасы. *Сүрөт автор тарабынан изилдөөнүн максатына ылайык иштелип чыкты.*




Бул сүрөттө Django админ панелине CKEditor интеграциясынын негизги программалык агымы көрсөтүлдү. Схема конеттин админ панелде түзүлүшүн, Model-Form-Widget-Admin байланышы аркылуу иштелишин, маалымат базасында сакталышын жана frontend бетинде көрсөтүлүшүн чагылдырылат.

Талкуулар жана жыйынтыктар. Django админ панелине Django-ckeditor интеграциясын кошуу контенттик маалыматты башкаруу процессин жөнөкөй тексттик киргизүү операциясынан толук формattалган, валидацияланган жана frontend бетине структуралуу көрсөтүлүүчү маалыматтык агымга айланыдарт.

Бул жерде негизги программалык логика Model-Form-Widget-Admin-Database-Frontend байланышына таянат. Django фреймворку backend денгээлде маалымат структурасын, форма механизимин жана админ интерфейстин башкаруу логикасын камсыз кылса, CKEditor rich text редактору контетти визуалдык форматтоо, HTML түзүмүн генерациялоо жана медиа файлдар менен толуктоо функциясын аткарат.

Сүрөт 2 - Жөнөкөй textarea менен Django-ckeditor редакторунун функционалдык салыштырмасы. *Сүрөт автор тарабынан изилдөөнүн максатына ылайык иштелип чыкты.*




Бул сүрөттө textarea менен django-ckeditor редауторунун негизги айырмасы көрсөтүлдү. Textarea жөнөкөй текст киргизүүгө ылайыкталса, django-ckeditor контентти rich-text форматында түзүүгө, сүрөт жана файл кошууга, HTML түзүмүн автоматтык уюштурууга мүмкүндүк берет.

Django’нун админ панелинин бул процесстеги ролу моделге негизделген башкаруу логикасы менен түшүндүрүлөт. Django расмий документациясында админ панель «Qucik, model-centric interface» / «Django моделдерине негизделген ыкчам административдик башкаруу интерфейси» катары аныкталат [7]. Бул аныктама админ панелдин жөн гана визуалдык форма эмес models.py файлында берилген маалымат структураларына таянган backend-интерфейс экенин көрсөтөт.

Ошондуктан CKEditor интеграциясы админ панелдин негизги архитектурасын өзгөртпойт, тескерисинче анын тексттик талаалар менен иштөө мүмкүнчүлүгүн кеңейтет. Свиридов А.А. Django технологиясынын колдонмолук артыкчылыгын белгилеп, бул фреймворк «Быстро создавать основанные на базах данных динамичные Web-сайты» / «Маалыматтар базасына негизделген динамикалык Web-сайттарды тез түзүүгө» шарт түзөөрүн көрсөтөт [3]. Бул пикир Django’нун контенттик маалымат менен иштеген веб-тиркемелерди иштеп чыгууда backend-логика, модель жана маалымат базасына өз ара байланышын натыйжалуу уюштура аларын

далилдейт. Тажимаматова М., Токтосунова А. жана Самидинов А. web-сайтты иштеп чыгууда «структурной схемы сайта — расположение разделов, контента и навигации» маселеси маанилүү экенин белгилешет [16, 142-б.]. Ошондой эле авторлор сайтты ишке ашырууда «Заполнение сайта контентом» этабын өзүнчө бөлүп көрсөтүшөт [16, 143-б.]. Бул көз караш Django админ панелине CKEditor интеграциясын кошуу контентти жөн гана сактоо эмес, аны структуралуу түзүү, визуалдык форматтоо жана frontend бетинде туура көрсөтүү маселеси менен түз байланышта экенин илимий жактан негиздейт.

Сүрөт 3 – Django технологиясынын маалыматтар базасына негизделген динамикалык веб-сайттарды иштеп чыгуудагы архитектуралык артыкчылыгы. *Сүрөт автор тарабынан изилдөөнүн максатына ылайык иштелип чыкты.*



Django аркылуу конеттик маалыматты башкарууда архитектуралык байланыштардын системалуу уюштурулун жана натыйжалуулугун илимий негизде көрсөтөт.

Код 1 – models.py файлында форматталган контент моделин түзүү

```
from django.db import models
from ckeditor_uploader.fields import RichTextUploadingField
class Article(models.Model):
    title = models.CharField(
        max_length=255,
        verbose_name="Макаланын аталышы"
    )
    slug = models.SlugField(
```

```
    unique=True,
    verbose_name="URL дареги"
)
content = RichTextUploadingField(
    verbose_name="Макаланын мазмуну"
)
created_at = models.DateTimeField(
    auto_now_add=True,
    verbose_name="Түзүлгөн убактысы"
)
is_published = models.BooleanField(
    default=False,
    verbose_name="Жарыяланды"
)
class Meta:
    verbose_name = "Макала"
    verbose_name_plural = "Макалалар"
    ordering = ["-created_at"]
def __str__(self):
    return self.title
```

Бул код франментинде Article модели Django админ панелинде контенттин структуралуу сактоо жана башкаруу үчүн негизги программалык негизи катары берилди. RichTextUploadingField талаасы форматталган текстти жана медиа элементтерди киргизүүгө шарт түзсө, slug, created_at жана is_published талаалары конетти URL түзүмүн, убакыттык тартибин жана жарыялануу абалын көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берет. Ал эми verbose_name параметирлеринин кошулушу техникалык талааларды администраторго түшүнүктүү аталыштар менен көрсөтүп, контентти башкаруу процессинин ыңгайлуулугун жана семантикалык тактыгын жогорулатат. Django forms жана widgets боюнча расмий документацияларда форма талаалары менен алардын браузердеги визуалдык көрсөтүлүшү өз ара тыгыз байланышта экенин белгиленет [8]. Бул контенттик CKEditorUploadingWidget стандарттуу тексттик талааны форматталган текст, сүрөт жана медиа элементтер менен иштей алган rich text редакторго айландырган негизги программалык

компонент катары каралат. Аталган widget редактор үчүн ыңгайлуу визуалдык интерфейс түзсө, Django backend деңгээлинде маалымат кабыл алуу, валидациялоо жана сактоо логикасын өзүнө форма механизми аркылуу сактап калат.

Код 2- form.py файлында CKEditorUploadingWidget колдонуу

```
from django import forms
from ckeditor_uploader.widgets import CKEditorUploadingWidget
from .models import Article
class ArticleForm(forms.ModelForm):
content = forms.CharField(
widget= CKEditorUploadingWidget (config_name="default"),
label="Макаланын мазмуну"
class Meta:
model = Article
fields = "__all__"
```

Бул код фрагментинде ArticleForm формасы аркылуу content талаасы CKEditorUploadingWidget менен байланыштырылып жөнөкөй текст киргизүү талаасы толук форматталган rich text редакторго айландырылды. Мындай ыкма модель структурасын өзгөртпөстөн, форма интерфейсин визуалдык редакциялоого жана медиа файлдарды жүктөө мүмкүнүлүгү менен кеңейет. Натыйжада кентетти киргизүү, форматтоо, текшерүү жана сактоо процесси Django'нун форма менен механизми аркылуу башкарылып, админ панелдеги маалыматтык иш агымдын функционалдуулугу жана редактор үчүн колдонуу ыңгайлуулугу жогорулайт.

Код 3 – admin.py файлында Article моделин админ панелге ыңгайлаштыруу

```
From django.contrib import admin
  from .models import article
  from .forms import articleform
  @admin.register(article)
```

```
class articleadmin(admin.modeladmin):
    form = articleform
    list_display = ("title", "is_published", "created_at")
    list_filter = ("is_published", "created_at")
    search_fields = ("title", "content")
    prepopulated_fields = {"slug": ("title",)}
    readonly_fields = ("created_at",)
    ordering = ("-created_at",)
```

Бул код фрагментинде ArticleAdmin rkfcc Django админ панелинде конеттик маалыматты башкарууну функционалдык жактан кеңейтет. Form=ArticleForm аркылуу форма CKEditorUploadingWidget менен байланышат, ал эми list_display, list_filter жана search_fields параметрлери редакторго макалаларды тез табууга, жарыялануу абалы боюнча иргеп карооого жана түзүлгөн убактысы бюонча тартиптөөгө мүмкүндүк берет. Prepopulated_fields параметри макаланын аталышынан автоматтык түрө slug аталышын түзүүгө гарт түзүп, URL структурасынын логикалык жана техникалык жактан туура уюштурулушун камсыздайт. Демек, CKEditor интеграциясы текстти форматтоо менен гана чектелбестен, админ панелдеги конетти башкаруунун издөө, иргөө, жарыялоо жана навигациялык логикасын да күчөтөт.

Код 4 – setting.py файлында CKEditor конфигурациясын берүү

```
Installed_apps = [
    "ckeditor",
    "ckeditor_uploader",
    "articles",
]
Media_url = "/media/"
media_root = base_dir / "media"
ckeditor_upload_path = "uploads/"
ckeditor_configs = {
    "default": {
        "toolbar": "full",
        "height": 400,
        "width": "100%",
```

```
            "extraplugins": ",".join([
                "uploadimage",
                "image2",
            ]),
        },
    }
```

Бул конфигурация Django-ckeditor интеграциясынын системалык негизин түзөт. Ckeditor жана ckeditor_uploader тиркемелеринин INSTALLED_APPS тизмесине кошулушуредактордун Django жана MEDIA_ROOT параметрлери жүктөлгөн сүрөттөрдүн жана файлдардын верверде сакталуу жана браузер аркылуу көрсөтүлүү логикасын аныктайт. Ал эми CKEDITOR_UPLOAD_PATH медив файлдардын бегилүү каталогго топтолушун камсыз кылып, контеттик маалыматты структуралуу сактоого шарт түзөт. Мындай конфигурация rich text редактордун визуалдык фнукциясын backend деңгээлиндеги файлдык сактоо механизми менен байланыштырат.

Django-ckeditor интеграциясында коосзудук маселеси өзүнчө мааниге ээ. Себеби rich text редактор HTML тегдерин, сүрөттөрдүжана медиа файлдарды генерациялайт. Эгерде мындай контент frontend бетинде текшерүүсүз көрсөтүлсө, XSS чабуулдары, уруксатсыз файл жүктөө жана туура эмес HTML структуралары чыктуу коркунучтар пайда болушу мумкун. Ошондуктан CKEditor менен иштөө администратордук укуктарды чектөө, файл жүктөө жолдорун туура конфигурациялоо, уруксат берилген файл түрлөрүн көзөмөлдөө жана HTML контентти ишенимдүү булактардан гана кабыл алуу зарыл. Бул жагын Django’нун authentication, permissions жана form validation механизмдери CKEditor аркылуу киргизилген маалыматты коопсуз башкарууда негизги коргоо катмарларынын бири болуп саналат.

Таблица 2 – Django-ckeditor интеграциясынын контентти башкарууга тийгизген таасири

Компонет	**Негизги функциясы**	**Изилдөөдөгү мааниси**

Django model	Контенттин маалыматтык структурасын аныктайт	Макаланын аталышы, мазмуну, slug аталышы, убакыт жана жарыялануу абалы системалуу сакталат
CKEditor Field	Rich text фораттагы маалыматты кабыл алалт	Жөнөкөй текстти форматталган контентке айлантат
Django form	Маалыматты кабыл алуу жана текшерүү механизмин камсыздайт	Widget аркылуу визуалдык редакторду формага интеграциялайт
Django Admin	Контентти башкаруу интерфейсин берет	Редактор үчүн издөө, иргөө, түзөтүү жана жарыялоо мүмкүнчүлүгүн түзөт
Database	Маалыматты туруктуу сактайт	Конеттеги структуралуу жана кайра колдонулуучу болушун камсыздайт
Frontend Template	Контентти колдонуучуга көрсөтөт	Админ панелде түзүлгөн HTML мазмундуу веб-бетте визуалдыу форматта чагылдырат

Таблицада Django-ckeditor интеграциясынын негизги программалык компонеттери жана алардын конеттик маалыматты башкаруудагы ролу системалаштырылды. Мындан көрүнүп тургандай, CKEditor өз алдынча гана редактор эмес, Django моделдери, формалары, админ панели, маалымат базасы жана frontend шаблон системасы менен бирдикте иштеген программалык компонент болуп эсепелет. Бул интеграциянын натыйжазында контентти түзүү, форматтоо, сактоо, башкаруу жана көрсөтүү процесстери бирдиктүү архитектуралык агымга бириктирилет.

Корутунду. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизинде Django админ панелине Django-ckeditor интеграциясын кошуу конеттик маалыматты башкарууну жөнөкөй текст киргизүү деңгээлинен структураланган, форматталган жана frontend чөйрөсүндө сапаттуу көрсөтүлүүчү маалыматтык агым деңгээлине көтөрүү аныкталды. Бул интеграция Django'нун Model-Form-Widget-Admin-Database-Frontend архитектуралык байланышына таянып, конетти түзүү, валидациялоо, сактоо, башкаруу жана колдонуучуга көрсөтүү процесстерин бирдиктүү программалык логикага бириктирет. Изилдөөдө Article модели

контеттик маалыматтын негизги структурасын аныктаса, RichTextUploadingField жана CKEditorUploadingWidget талаалары админ панелде rich text форматындагы маалыматты киргизүү жана медиа элементте менен толуктоо мүмкүнчүлүгүн камсыздай турганы көрсөтүлдү. Ал эми admin.py деңгээлиндеги конфигруациялар макалаларды издөө, фильтирлөө, slug аталышын түзүү, жарыялоо абалын көзөмөлдөө жана убакыттык тартипте башкаруу сыяктуу функцияларды ишке ашырат.

Натыйжада Django админ панели жөн гана маалымат киргизүү формасы эмес, контетти башкаруунун толук функционалдуу backend-интерфейс катары иштейт. Ошол эле учурда CKEditor аркылуу HTML түзүмү жана медиа файлдар менен иштөө коопсуздук талаптарын күчөтөт. Ошондуктан мындай интеграцияда валидация, уруксат берүү механизмдери, файл жүктөө жолдору жана frontend бетинде safe фильтрин колдонуу маселеси кылдат көзөмөлдөнүшү зарыл.

Бул факторлор Django-ckeditor интеграциясын техникалык жактан ийкемдүү, бирок жоопкерчиликтүү колдонуучу программалык чечим катары мүнөздөйт. Демек, Django-ckeditor интеграциясы конеттик маалыматты башкаруунун функционалдуулугун, визуалдык сапатын, редактор үчүн ыңгайлуулугун жана архитектуралык бүтүндүгүн жогорулатат.

Мындай ыкма жаңылыктар порталы, билим берүү сайты, блог, электрондук журнал жана башка контентке багытталган веб-тиркемелерди иштеп чыгууда практикалык жана илимий мааниси бар натыйжалуу технологиялык чечим болуп эсептелет. Ошондой эле “интерактивдүү окутуу жана практикалык программалоо көндүмдөрүн өнүктүрүүдө натыйжалуу” [18, 20] болуп саналат

Колдонулган адабияттар

1. Пирматов, А. З. Django 4.0 веб-фреймворку: жаңы мүмкүнчүлүктөр жана жаңыртуулар [Текст] / А. З. Пирматов, К. Санжарбек кызы // БАЭМУ Жарчысы. - 2023. - № 3. - 277–280-бб. - URL: https://new.nimsi.kg/storage/files/vestnik-cammu-3-7-2-boluk-cv-compressed-076019600-1708057653.pdf. - Кайрылган күнү: 10.05.2026.

2. Дуйсебекова, К. С. Django как безопасный веб-фреймворк на практике [Текст] / К. С. Дуйсебекова, Р. Хабиров, А. Жолжан // ҚазККА Хабаршысы. - 2021. - № 1 (116). - 275–281-бб. - URL: https://vestnik.alt.edu.kz/index.php/journal/article/view/55. - Кайрылган күнү: 10.05.2026.
3. Свиридов, А. А. Методы и средства разработки систем проведения олимпиад. Технология Django для веб-приложений на языке Python [Электрондук ресурс] / А. А. Свиридов // CyberLeninka. - 2017. - URL: https://cyberleninka.ru/article/n/metody-i-sredstva-razrabotki-sistem-provedeniya-olimpiad-tehnologiya-django-dlya-veb-prilozheniy-na-yazyke-python. - Кайрылган күнү: 10.05.2026.
4. Байдыбеков, А. А. Современные фреймворки для разработки web-приложений [Электрондук ресурс] / А. А. Байдыбеков // CyberLeninka. - 2020. - URL: https://cyberleninka.ru/article/n/sovremennye-freymvorki-dlya-razrabotki-web-prilozheniy. - Кайрылган күнү: 10.05.2026.
5. Васильев, П. А. Web-программирование на языке Python. Фреймворки Django, Flask [Электрондук ресурс] / П. А. Васильев // CyberLeninka. - 2016. - URL: https://cyberleninka.ru/article/n/web-programmirovanie-na-yazyke-python-freymvorki-django-flask. - Кайрылган күнү: 10.05.2026.
6. Сергачева, М. А. Анализ фреймворков для разработки современных веб-приложений [Электрондук ресурс] / М. А. Сергачева, К. А. Михалевская // Кронос: естественные и технические науки. - 2020. - № 2 (30). - 35–38-бб. - URL: https://cyberleninka.ru/article/n/analiz-freymvorkov-dlya-razrabotki-sovremennyh-veb-prilozheniy. - Кайрылган күнү: 10.05.2026.
7. Django Software Foundation. The Django admin site [Электрондук ресурс] // Django Documentation. - Version 6.0. - URL: https://docs.djangoproject.com/en/6.0/ref/contrib/admin/.
8. Django Software Foundation. Working with forms [Электрондук ресурс] // Django Documentation. - Version 6.0. - URL: https://docs.djangoproject.com/en/6.0/topics/forms/.
9. Django Software Foundation. Widgets [Электрондук ресурс] // Django Documentation. - Version 6.0. - URL: https://docs.djangoproject.com/en/6.0/ref/forms/widgets/.
10. Django CKEditor. Django CKEditor documentation [Электрондук ресурс] // Read the Docs. - URL: https://django-ckeditor.readthedocs.io/en/latest/. -
11. PyPI. django-ckeditor [Электрондук ресурс] // Python Package Index. - URL: https://pypi.org/project/django-ckeditor/. - Кайрылган күнү: 10.05.2026.

12. PyPI. django-ckeditor-5 [Электрондук ресурс] // Python Package Index. - URL: https://pypi.org/project/django-ckeditor-5/. - Кайрылган күнү: 10.05.2026.
13. CKEditor. CKEditor 5 architecture [Электрондук ресурс] // CKSource Documentation. - URL: https://ckeditor.com/docs/ckeditor5/latest/framework/architecture/intro.html. - Кайрылган күнү: 10.05.2026.
14. Bootstrap Team. Bootstrap 5.3 Documentation [Электрондук ресурс]. - URL: https://getbootstrap.com/docs/5.3/getting-started/introduction/.
15. Nielsen, J. 10 Usability Heuristics for User Interface Design [Электрондук ресурс] / J. Nielsen // Nielsen Norman Group. - 1994; updated 2024. - URL: https://www.nngroup.com/articles/ten-usability-heuristics/.
16. W3C. Web Content Accessibility Guidelines 2.2 [Электрондук ресурс] // World Wide Web Consortium. - W3C Recommendation. - 2024. - URL: https://www.w3.org/TR/WCAG22/. - Кайрылган күнү: 10.05.2026.
17. Тажимаматова, М. Методика разработки Web-сайта средствами MySQL, PHP и CSS [Электрондук ресурс] / М. Тажимаматова, А. Токтосунова, А. Самидинов // ЖАМУнун Жарчысы. - 2018. - № 2. - 142–146-бб. - URL: https://www.elibrary.ru/download/elibrary_35111135_55875832.pdf. -
18. Идрисова, Г. И. Python жана Pygame негизиндеги 2D оюнду веб чөйрөдө колдонуу мүмкүнчүлүктөрү / Г. И. Идрисова, К. П. Абдыкайым // Вестник Жалал-Абадского государственного университета. – 2026. – No. 1(67). P.12-21.

ФИЗИКА-МАТЕМАТИКА ИЛИМДЕРИ
ФИЗИКО-МАТЕМАТИЧЕСКИЕ НАУКИ
PHYSICAL AND MATHEMATICAL SCIENCES

Алыбаев Курманбек Сарманович, Нурматова Майрамгул Нарбековна, Кеңешбекова Айсара Кеңешбековна

АНАЛИТИКАЛЫК ФУНКЦИЯЛУУ СИНГУЛЯРДЫК КОЗГОЛГОН ТЕҢДЕМЕЛЕРДИН ОБЛАСТТАРЫН ЖАНА ЧЕКТИК КАТМАР СЫЗЫКТАРЫН ИЗИЛДӨӨ

Алыбаев Курманбек Сарманович, Нурматова Майрамгул Нарбековна, Кенешбекова Айсара Кенешбековна

ИССЛЕДОВАНИЕ ОБЛАСТЕЙ И ЛИНИЙ ПОГРАНИЧНОГО СЛОЯ СИНГУЛЯРНО ВОЗМУЩЕННЫХ УРАВНЕНИЙ С АНАЛИТИЧЕСКИМИ ФУНКЦИЯМИ

Alybaev Kurmanbek Sarmanovich, Nurmatova Mairamgul Narbekova, Keneshbekova Aisara Keneshbekovna

INVESTIGATION OF REGIONS AND BOUNDARY LAYER LINES OF SINGULARLY PERTURBED EQUATIONS WITH ANALYTIC FUNCTIONS

УДК 517.928

Аннотация. *Бул илимий макалада комплекстик тегиздикте берилген аналитикалык функциялуу сингулярдык козголгон дифференциалдык теңдемелердин чыгарылыштарынын асимптотикалык жүрүмү деталдуу изилденди. Изилдөөнүн борбордук объектиси катары кубулган теңдемеси эки чечимге ээ болгон учур тандалып алынды. Макалада комплекстик өзгөрмөлүү функциялардын теориясына таянган деңгээл сызыктар методу кеңири колдонулду. Бул методдун жардамы менен каралып жаткан комплекстик область динамикалык мүнөздөмөлөрү боюнча кескин айырмаланган регулярдык, сингулярдык жана чектик катмар областтарына бөлүндү. Ар бир бөлүнгөн область үчүн чыгарылыштын асимптотикалык касиеттерин мүнөздөөчү тиешелүү теоремалар далилденди. Айрыкча, кубулган теңдеменин чечимдеринин биринен экинчисине өтүүдөгү "чечимдин кармалышы" кубулушу жана ага өздүк маанилердин нөлдөрүнүн тийгизген таасири талданды. Чыгарылыштын жашашын жана анын кичине параметр нөлгө умтулганда кубулган теңдеменин чечимине бир калыпта умтулуусун негиздөө үчүн удаалаш жакындашуулар методу пайдаланылды. Изилдөөнүн жүрүшүндө удаалаш жакындашуулардын айырмасы үчүн так асимптотикалык баалоолор алынып, бул катардын комплекстик областта бир калыпта жыйналуучулугу көрсөтүлдү. Алынган илимий жаңылыктар сингулярдык козголгон теңдемелерди моделдөөдө жана комплекстик асиммптотикалык методдорду өнүктүрүүдө чоң мааниге ээ.*

Ачкыч сөздөр*. Сингулярдык козголгон теңдеме, комплекстик область, деңгээл сызыктар методу, регулярдык область, сингулярдык область.*

Аннотация. *В данной научной статье подробно исследовано асимптотическое поведение решений сингулярно возмущенных дифференциальных уравнений с аналитическими функциями, заданных на комплексной плоскости. В качестве центрального объекта исследования выбран случай, когда вырожденное уравнение имеет два решения. В статье широко применяется метод линий уровня, основанный на теории функций комплексного переменного. С помощью данногг метода рассматриваемая комплексная область была разделена на регулярную, сингулярную области и области пограничного слоя, резко отличающиеся друг от друга по своим динамическим*

характеристикам. Для каждой выделенной области доказаны соответствующие теоремы, характеризующие асимптотические свойства решения. В частности, проанализировано явление "затягивание решения" при переходе от одного решения вырожденного уравнения к другому, а также влияние нулей собственных значений на этот процесс. Для обоснования существования решения и его равномерного стремления к решению вырожденного уравнения при стремлении малого параметра к нулю использован метод последовательных приближений. В ходе исследования получены точные асимптотические оценки для разности последовательных приближений и продемонстрирована равномерная сходимость этого ряда в комплексной области. Полученные научные результаты имеют большое значение для моделирования сингулярно возмущенных уравнений и развития комплексных асимптотических методов.

***Ключевые слова**: сингулярно возмущенное уравнение, комплексная область, метод линий уровня, регулряная область, сингулярная область.*

***Abstract**. This scientific article presents a detailed investigation into the asymptotic behavior of solutions for singularly perturbed equations with analytic functions defined in the complex plane. The primary focus of the research is the case where the degenerate equation possesses two distinct solutions. The method of level lines, fundamentally based on the theory of functions of a complex variable, is extensively utilized. By applying this method, the complex domain under consideration is partitioned into several regions – regular, singular, and boundary layer – each exhibiting markedly different dynamical characteristics. For each designated region, corresponding theorems characterizing the asymptotic properties of the solution are rigorously proven. Particular emphasis is placed on the phenomenon of "delay of stability loss" during the transition between the solutions of the degenerate equation, as well as the specific influence of the zeros of the eigenvalues on the overall asymptotic behavior. To establish the existence of the solution and verify its uniform convergence to the solution of the degenerate equation as the small parameter tends to zero the method of successive approximations is employed. During the study, precise asymptotic estimations for the difference between successive approximations are derived, demonstrating the uniform convergence of the series within the complex domain. The scientific results obtained hold significant value for the modeling of singularly perturbed equations and the further advancement of complex asymptotic methods.*

***Keywords**. singularly perturbed equation, complex domain, method of level lines, regular region, singular region.*

Киришүү

Сингулярдык козголгон дифференциалдык теңдемелердин теориясында аналитикалык функциялар менен берилген маселелерди изилдөө фундаменталдуу мааниге ээ [1, 8]. Бул багыттагы классикалык изилдөөлөр комплекстик тегиздиктеги чыгарылыштардын асимптотикалык жүрүмүнүн өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөткөн [2, 3]. Бул изилдөөнүн алкагында чыгарылыштардын асимптотикасына полюстардын жана оздүк маанилердин нөлдөрүнүн тийгизген таасири деталдуу каралат [7, 10]. Иштин негизги максаты "чечимдин кармалышы" кубулушун талдоого жана комплектсик тегиздикти чыгарылыштардын динамикалык касиеттери ар башка болгон областтарга бөлүнүшүн иликтөө болуп саналат [4-6, 9].

Негизги аныктамалар

$$\varepsilon x' = f(t,x) \quad (1)$$

теңдемеси

$$x(t_0,\varepsilon) = x^0 \quad (2)$$

баштапкы шарты менен берилсин. Төмөндөгү шарт аткарылсын:

Ш 1. $f(t,x) \in Q(H) - H$ областында аналитикалык функциялардын мейкиндиги: $H = \{(t,x), t \in \mathcal{D} \subset C, |x - x_0| < C_1\}$.

Бул шартка ылайык (1) – аналитикалык функциялуу сингулярдык козголгон теңдеме болот.$x(t,\varepsilon)$ аркылуу (1) теңдеменин (2) шартын канааттандырган чечимин белгилейли. (1) теңдемесинде $\varepsilon = 0$ деп төмөндөгү кубулган теңдемени алабыз:

$$f(t,\xi) = 0 \quad (3)$$

Бул кубулган теңдеме $x = \xi_0(t)$ чечимине ээ болсун.

Изилдөөдө комплекстик $\mathcal{D}$ областында төмөнкүдөй областтардын классификациясы сунушталат:

Чектик катмар область $(\boldsymbol{\mathcal{D}_1})$:Эгерде $\forall t \in \mathcal{D}_1 \subset \mathcal{D}$ $(|x(t,\varepsilon)| \le C_2$ жана $\lim\limits_{\varepsilon\to 0} x(t,\varepsilon) \neq \xi_0(t))$ болсун, анда $\mathcal{D}_1$ чектик катмар область деп аталат.

Чектик катмар сызык: $\mathcal{D}_1$ чектик катмар область кандайдыр бир кесиндинин өз ара бир маанилүү локалдык образы болсо, анда $\mathcal{D}_1$ чектик катмар сызык деп аталат.

Регулярдык область ($\mathcal{D}_2$): $\forall t \in \mathcal{D}_2$ ($\lim\limits_{\varepsilon\to 0} x(t,\varepsilon) = \xi_0(t)$) аткарылса, анда $\mathcal{D}_2$ – регулярдык же $x(t,\varepsilon)$ чечиминин $\xi_0(t)$ чечимине тартылуу областы деп аталат.

Сингулярдык область $(\mathcal{D}_3)$: $\forall t \in \mathcal{D}_3$ ($\lim\limits_{\varepsilon\to 0} x(t,\varepsilon) = \infty$) болсо, анда $\mathcal{D}_3$ сингулярдык область деп аталат.

Деңгээл сызыктар: $(p) = \{ t \in \mathcal{D}, ReA(t) = p - const\}$,

$(q) = \{ t \in \mathcal{D}, ImA(t) = q - const\}$

көптүктөрү $ReA(t)$ жана $ImA(t)$ функциялардын деңгээл сызыктары деп аталат.

Маселенин коюлушу Төмөнкүдөй сингулярдык козголгон теңдеме каралат:

$$\varepsilon x' = (x - a_1(t))(x - a_2(t)) \quad (4)$$

Мында $a_1(t), a_2(t) \in Q(\mathcal{D})$ – аналитикалык функциялар.

Ш 2. $\forall\, t \in \mathcal{D}\ (a(t) \neq 0)$

Бул теңдеменин кубулган эки чечими бар: $\xi_1 = a_1(t), \xi_2 = a_2(t)$).

Чечимдин $\xi_1 = a_1(t)$ чечимине жакындыгын изилдөө үчүн $x = u_1 + a_1(t)$ белгилөөсүн киргизебиз жана (мында u_1 – жаңы белгисиз функция) төмөнкү теңдемени алабыз:

$$\varepsilon u_1' = a(t)u_1 + u_1^2 + \varepsilon\varphi_1(t) \quad (5)$$

мында $a(t) \equiv a_1(t) - a_2(t),\ \varphi_1(t) \equiv -a_1'(t)$.


Изилдөөдө $a(t) \neq 0$ негизги ролду ойнойт.

Деңгээл сызыктар жана областтарды аныктоо. Маселени чечүү үчүн (5) теңдеме томөнкүдөй интегралдык теңдеме менен алмаштырылат:

$$u_1 = u_1^0 exp\frac{A(t)}{\varepsilon} + \frac{1}{\varepsilon}\int_{t_0}^{t}[\varepsilon\,\varphi_1(\tau) + u_1^2]exp\frac{A(t)-A(\tau)}{\varepsilon}d\tau, \quad (6)$$


мында $A(t) = \int_{t_0}^{t} a(\tau)\,d\tau$.

Чечимдин жүрүмүн аныктоо үчүн $A(t)$ функциясынын $ReA(t)$ жана $\mathcal{I}mA(t)$ деңгээл сызыктары каралат. Бул сызыктар t_0 чекитинде ортогоналдуу кесилишет жана $\mathcal{D}$ комплекстик областын (p_0) деңгээл $\mathcal{D}_1$ (чечим чектелген) жана $\mathcal{D}_2$ (чечим чексиздикке умтулган) бөлүктөргө бөлөт (сүрөт 1).



Сүрөт 1. (p_0), (q_0) деңгээл сызыктар жана $\mathcal{D}_1, \mathcal{D}_2$ областтар.

(p_0) деңгээл сызыгынан каалагандай $\tilde{t}$ чекитин алып, $(\tilde{q})$ деңгээл сызыгы жүргүзүлөт (сүрөт 2).



Сүрөт 2. $(\tilde{q})$ деңгээл сызыгы

Маселени изилдөө үчүн $ReA(t)$ жана $\mathcal{I}mA(t)$ функцияларынын деңгээл сызыктары каралат. $A(t)$ функциясынын касиеттерине таянып, областтарды тандоонун төмөндөгүдөй логикалык ырааттуулугу негизделди:

Монотондуулук касиети: $ReA(t)$ функциясы $(\tilde{q})$ деңгээл сызыгын бойлото кескин түрдө монотондуу (өсөт же кемийт) [8]. (p_0) деңгээл сызыгында $ReA(t) = 0$ болгондуктан, (p_0) сызыгы $\mathcal{D}$ областын эки бөлүккө ($\mathcal{D}_1$ жана $\mathcal{D}_2$) бөлөт.

Областтардын катышы: бул бөлүктөрдө төмөнкүдөй шарттар аткарылат:

$$\forall t \in \mathcal{D}_1(Re\ A(t) \leq 0) \wedge \forall t \in \mathcal{D}_2(ReA(t) \geq 0).$$

Чектелгендик шарты (зарыл шарт): (3) теңдеменин чечими чектелген болуш үчүн, аныкталуучу областта $Re\ A(t) \leq 0$ шарты аткарылууга тийиш. Бул шарт чечимдин чектелүүчү болушунун зарыл шарты катары каралат.

Чексиздикке умтулуунун далили: Эгерде тескерисинче, t_0 чекитин камтыган кандайдыр бир $\mathcal{D}_0$ областында $Re\ A(t) > 0$ болсо, анда (3) интегралдык теңдемесиндеги $\frac{1}{\varepsilon} exp\ \frac{ReA(t)}{\varepsilon}$ туюнтмасы $\varepsilon \to 0$ болгондо чектелбеген мааниге ээ болот. Бул учурда чечим үчүн:

$$\lim_{\varepsilon \to 0} u(t, \varepsilon) = \infty$$

катышы келип чыгат, бул чечимдин сингулярдуулугун далилдейт.

Тандалган область: Жогорудагы талдоолордун негизинде (6) теңдемесинин чечими чектелген жана кубулган теңдеменин чечимине тартыла турган аймак катары $\mathcal{D}_1$ областы ($Re\ A(t) \leq 0$) тандалып алынат.

Чечимди баалоо жана теорема

Аныктама боюнча $Re\ A(t) \leq 0$ шарты аткарылгандыктан, (6) интегралдык теңдемесин $\mathcal{D}_1$ областында изилдейбиз. Чечимдин жашашын жана бир калыпта жыйналуучулугун далилдөө үчүн удаалаш жакындаштыруулар методу колдонулат.

Удаалаш жакындашуулар төмөндөгүдөй рекуррентик формула менен аныкталат:

$$u_{1m} = u_1^0 exp\frac{A(t)}{\varepsilon} + \frac{1}{\varepsilon}\int_{t_0}^{t}[\varepsilon\,\varphi_1(\tau) + u_{1m-1}^2]exp\frac{A(t)-A(\tau)}{\varepsilon}d\tau, \qquad (7)$$


$m = 1, 2, \ldots$

$$u_{10} \equiv 0$$

(7) удаалаш жакындашууларын баалоо үчүн комплекстик тегиздикте атайын интегралдоо жолдору тандалып алынат.

$\forall t \in \mathcal{D}_1$ үчүн интегралдоонун жолу эки бөлүктөн турат:

1. $t_0, \tilde{t}$ чекиттерин туташтыруучу (p_0) деңгээл сызыктын бөлүгү;
2. $(\tilde{q})$ сызыгынын $\tilde{t}$ жана t чекиттерин туташтыруучу бөлүгү (сүрөт 3).



Сүрөт 3. Интегралдоонун жолдору

Бул жолдорду тандоо интегралдык туюнтмалардын асимптотикалык баалоолорун так жүргүзүүгө жана $Re(A(t) - A(\tau)) \leq 0$ шартын камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

Тандалган жолдор боюнча бөлүктөп интегралдоо жана модулга өтүү аркылуу u_{1m} үчүн бир калыптагы баалоо алынат. Натыйжада, жетишээрлик кичине ε үчүн удаалаш жакындашуулардын айырмасы төмөнкүдөй бааланды:

$$|u_{1m} - u_{1m-1}| \leq \frac{(2C_0C_7\varepsilon)^m}{4C_0}, m = 2, 3, \ldots$$

Бул катардын жыйналуучулугу $\mathcal{D}_1$ областында (3) теңдемесинин жалгыз аналитикалык чечиминин жашашын далилдейт.

Төмөндөгүдөй теорема далилденди:

Теорема 1. (4) теңдеме берилип, бул теңдеменин $x(t,\varepsilon)$ чечими үчүн

$|x(t_0,\varepsilon) - a_1(t_0)| \le \mathrm{C}_2\varepsilon$

баштапкы шарты коюлсун. Ш 1- Ш 2 шарттар аткарылганда $\mathcal{D}_1 \subset \mathcal{D}$ областы жана (4) теңдеменин берилген баштапкы шартты канааттандырган $x(t,\varepsilon)$ – чечими жашап, бул чечим үчүн

$|x(t,\varepsilon) - a_1(t)| \le \mathrm{C}_8\varepsilon, \qquad t \in \mathcal{D}_1$

баалоо орун алат.

Мындан $\mathcal{D}_1$ областы регулярдык область болоору келип чыгат, башкача айтканда

$\forall t \in \mathcal{D}_1 \ (\lim\limits_{\varepsilon\to 0} x(t,\varepsilon) = a_1(t))$.

Кубулган теңдеменин экинчи чечими үчүн областтарды анализдөө

Бул бөлүмдө (4) теңдеменин экинчи тамыры $x = a_2(t)$ каралат.

Жогорудагыдай эле $x = u_2 + a_2(t)$ алмаштыруусу киргизилип, жаңы төмөнкүдөй теңдеме алынат:

$$\varepsilon u_2' = (a_2(t) - a_1(t))u_2 + u_2^2 + \varepsilon\varphi_2(t) \qquad (8)$$

Учурдун өзгөчөлүгү: Бул учурда $Re\ A(t)$ функциясынын белгиси карама-каршы багытта каралат. Эгерде $\mathcal{D}_1$ областы биринчи чечим үчүн регулрядык область болсо, анда $\mathcal{D}_2$ областы экинчи чечим үчүн регулярдык область болоору далилденди.

Теорема 2. (4) теңдеме берилип, бул теңдеменин $x(t,\varepsilon)$ чечими үчүн

$|x(t_0,\varepsilon) - a_2(t_0)| \le \mathrm{C}_2\varepsilon$

шарты коюлсун. Ш 1- Ш 2 шарттар аткарылганда $\mathcal{D}_2 \subset \mathcal{D}$ областы жана (4) теңдеменин берилген баштапкы шартты канааттандырган $x(t,\varepsilon)$ – чечими жашап, бул чечим үчүн

$|x(t,\varepsilon) - a_2(t)| \le \mathrm{C}_8\varepsilon, \qquad t \in \mathcal{D}_2$

баалоо орун алат.

Демек экинчи каралган учурда $\mathcal{D}_2$ областы регулярдуу область.

Жыйынтык. Комплекстик $\mathcal{D}$ областы $Re\, A(t) = 0$ деңгээл сызыгы аркылуу экиге бөлүндү. Далилденгендей, бул бөлүктөрдүн ар бири кубулган теңдеменин тиешелүү чечимдери үчүн регулярдык область болуп саналат. Эгер бир область $(\mathcal{D}_1)$ биринчи чечими үчүн регулярдык болсо, анда экинчиси $(\mathcal{D}_2)$ үчүн сөзсүз сингулярдык область болоору берилген теңдеменин чечиминин чектелген болуу шартынан келип чыгат.

Колдонулган адабияттар:

1. Васильева, А. Б., Бутузов, В. Ф. Асимптотические методы в теории сингулярных возмущений. – Москва : Высшая школа, 1990. – 208 с.
2. Понтрягин, Л. С. Асимптотическое поведение решений систем дифференциальных уравнений с малым параметром при высших производных [Текст] / Л. С. Понтрягин // Известия АН СССР. Серия математическая. – 1957. – Т. 21. – №5. – С. 605-626.
3. Шишкова, М. А. Рассмотрение одной системы дифференциальных уравнений с малым параметром при высших производных // Докл. АН СССР. – 1973. – Т.209. – №3. – С. 576-579;
4. Alybaev, K.S., Juraev A.M., Nurmatova M.N. Delay in solving autonomous singularly perturbed equations near an unstable equilibrium position. Lobachevskii J Math. 2024;45(3):912-921. doi: 10.1134/S199508022403004X.
5. Alybaev, K.S., Nurmatova M.N. On delayed solutions in the theory of singularly perturbed equations. Herald Inst Math NAS KR. 2025;(1):32-44. doi: 10.52757/16948173.2025.1.32.
6. Алыбаев, К. С., Нурматова М.Н., Мусакулова Н.К. Методы исследования асимптотики решений сингулярно возмущенных уравнений в комплексных областях // Бюллетень науки и практики. – 2024. – Т. 10. – №3. – С. 14-27.
7. Алыбаев, К. С., Нарымбетов Т.К. Области притяжения решений сингулярно возмущенных систем уравнений // Вестник ЖАГУ. – Жалал-Абад, 2021. – №1 (46). – С. 5-8.
8. Лаврентьев, М. А., Шабат, Б. А. Методы теории функций комплексного переменного. – Москва : Наука, 1973. – 739 с.
9. Алыбаев, К. С., Нурматова М.Н. Слияние точек поворота и задержка решений // Проблемы автоматики и управления. – 2024. – №2. – С. 5-15.

10. Алыбаев, К.С., Нурматова М.Н. Комплекстик тегиздикте сингулярдык козголгон теңдемелердин чечимдерин бурулуу чекиттери аркылуу рекурренттик туюнтуу // ЖАМУнун жарчысы. 2021. №1 (46). -14-19 б.

Джураев Абубакир Мухтарович, Рисдавлатова Назгуль

АР КАНДАЙ ӨЗДҮК МААНИЛЕРИ БАР СИНГУЛЯРДЫК КОЗГОЛГОН ТЕҢДЕМЕЛЕР ҮЧҮН ЧЕКТИК МАСЕЛЕНИН ЧЫГАРЫЛЫШЫНЫН АСИМПТОТИКАСЫНА СЕРЕП

Джураев Абубакир Мухтарович, Рисдавлатова Назгуль

ОБЗОР АСИМПТОТИКИ РЕШЕНИЯ КРАЕВЫХ ЗАДАЧ ДЛЯ СИНГУЛЯРНО ВОЗМУЩЕННЫХ УРАВНЕНИЙ С РАЗЛИЧНЫМИ СОБСТВЕННЫМИ ЗНАЧЕНИЯМИ

Juraev Abubakir Mukhtarovich, Risdavalatova Nazgul

A REVIEW OF ASYMPTOTIC METHODS FOR SOLVING BOUNDARY VALUE PROBLEMS FOR SINGULARLY PERTURBED EQUATIONS WITH DIFFERENT EIGENVALUES

УДК 517.928

Аннотация. *Бул макалада заманбап математиканын эң актуалдуу багыттарынын бири болгон сингулярдык козголгон дифференциалдык теңдемелердин теориясынын калыптануу тарыхы жана өнүгүү динамикасы илими сереп катары кеңири баяндалат. Изилдөөнүн алкагында жогорку тартиптеги туундунун алдында кичине параметри бар теңдемелердин чыгарылыштарын түзүүдөгү классикалык ыкмалар жана заманбап теориялык мамилелер терең талдоого алынат. Атап айтканда, бул илимдин пайдубалын түптөгөн А.Н.Тихонов жана Л.С.Понтрягин сыяктуу фундаменталдык окумуштуулардын концептуалдык идеяларына өзгөчө басым жасалат. Ошондой эле, макалада Кыргызстандын математика мектебинин көрүнүктүү өкүлдөрү М.И.Иманалиев, профессорлор К.Алымкулов жана К.С.Алыбаевдердин сингулярдык козголгон теңдемелер теориясын өнүктүрүүгө кошкон баалуу илимий салымдары каралат. Изилдөөнүн негизги бөлүгүндө А.Б.Васильеванын чек аралык функциялар методу жана С.А.Ломовдун регулярдаштыруу методунун ар түрдүү өздүк маанилер шартындагы спецификалык өзгөчөлүктөрү салыштырылып, алардын практикалык колдонулуштарына илимий баа берилет.*

Аннотация. *В данной статье представлен развернутый обзор становления и динамики развития теории сингулярно возмущенных дифференциальных уравнений – одного из наиболее актуальных направлений современной математики. В рамках исследования проведен глубокий анализ классических методов и современных теоретических подходов к построению решений уравнений, содержащих малый параметры при старшей производной. Особое внимание уделено концептуальным идеям фундаментальных ученых, стоявших у истоков данной теории, таких как А.Н.Тихонов и Л.С.Понтрягин. Кроме того, в статье рассматриваются вклад представителей Кыргызской математической школы – М.И.Иманалиева, а также профессоров К.Алымкулова и К.С.Алыбаева – в развитие теории сингулярно возмущенных уравнений. В основной части исследования проводится сравнительный анализ метода граничных функции А.Б.Васильевой и метода регуляризации С.А.Ломова в условиях различных собственных значений, а также дается научная оценка их практического применения.*

Abstract. *This paper presents a comprehensive review of the formation and development dynamics of the theory of singularly perturbed differential equations, which is one of the most relevant areas of modern mathematics. The study provides an in-depth analysis of classical methods and of modern theoretical approachs to constructing solutions of equations containing a small parameter multiplying the highest derivative. Particular attention is paid to the conceptual ideas of pioneering scholars such as A.N. Tikhonov and L.S. Pontryagin, who laid the foundations of this theory. In addition, the paper examines the contributions of representatives of the Kyrgyz Mathematical School – M.I. Imanaliev, as well as professors K. Alymkulov and K.S. Allybaev – to the development of the theory of singularly perturbed equations. The main part of the study presents a comparative analysis of Vasil'eva's boundary function method and Lomov's regularisation method under conditions of different eigenvalues, along with the scientific evaluation of their practical applications.*

Ачкыч сөздөр*. Сингулярдык козголгон теңдеме, асимптотикалык ажыратуу, чектик маселе, өздүк маанилер, чек аралык катмар, кичине параметр*

Ключевые слова*. Сингулярно возмущенные уравнения, асимптотическое разложение, пограничная функция, собственные значения, пограничный слой, малый параметр.*

Keywords. *Singularly perturbed equations, asymptotic expansion, boundary function, eigenvalues, boundary layer, small parameter.*

Киришүү

Сингулярдык козголгон дифференциалдык теңдемелер теориясы заманбап математикалык физиканын жана колдонмо математиканын эң татаал жана маанилүү тармактарынын бири болуп эсептелет. Бул теориянын өзөгү – жогорку тартиптеги туундунун алдында кичине параметр ε катышкан теңдемеердин чыгарылышын изилдөө. Кичине параметр нөлгө умтулганда теңдеменин тартиби төмөндөйт, бул болсо чыгарылыштын жүрүмүнүн кескин өзгөрүшүнө алып келет.

Бул багыттын пайдубалы А.Н.Тихонов [1] тарабынан түптөлгөн, анын 1952-жылы жарыяланган эмгегинде кичине параметр нөлгө умтулган кезде системанын чыгарылышына умтула турган туруктуулук шарттары аныкталган. Ошону менен бирге, Л.С.Понтрягин [2] сингулярдык козголгон системалардагы релаксациялык термелүүлөрдү изилдеп, “тез” жана “жай” кыймылдардын динамикалык мүнөздөмөсүн илимий жактан негиздеген. Бул эмгектер кийинчерээк чек аралык катмар теориясынын өнүгүүсүнө жол ачкан.

Кыргызстанда сингулярдык козголуу теориясынын өнүгүүсү академик М.И. Иманалиевдин ысымы менен тыгыз байланыштуу. Ал бул тармакты интегро-дифференциалдык теңдемелер теориясында жайылтып, сингулярдык

козголгон теңдемелер системаларында интегралдык мүчөлөрдүн таасирин изилдеген [5].

Профессор К.Алымкулов С.А.Ломовдун регулярдаштыруу методун өнүктүрүп, аны спектрдин өзгөчө чекиттери бар татаал маселелерге колдонгон. Анын изилдөөлөрү сингулярдык козголгон теңдемелер теориясынын маселелериндеги сингулярдуулукту аналитикалык жол менен жоюунун жаңы мүмкүнчүлүктөрүн көрсөткөн [6].

Негизги бөлүм А. Б. Васильеванын чек аралык функциялар методу [3].

Сингулярдык козголгон теңдемелерди изилдөөдө А.Б.Васильеванын методу эң кеңири тараган жана алгоритмдүүлүгү менен өзгөчөлөнгөнгө метод болуп эсептелет. Бул методдун негизги идеясы – маселенин чыгарылышын эки башка масштабдагы процесстердин суммасы катары кароо болуп саналат.

Биринчи кезекте, чыгарылыш асимптотикалык катар түрүндө изделет:

$$y(x,\varepsilon) = \bar{y}(x,\varepsilon) + \Pi y(\tau,\varepsilon)$$

Мында $\bar{y}(x,\varepsilon) = \sum_{i=0}^{\infty} \varepsilon^i y_i(x,\varepsilon)$ – регулярдык бөлүк, $\Pi y(\tau,\varepsilon) = \sum_{i=0}^{\infty} \varepsilon^i \Pi_i y(\tau)$ – чек аралык функциялар. Бул жерде $\tau = \frac{x}{\varepsilon}$ – “тез” өзгөрүлмө деп аталат.

Регулярдык мүчөлөрдүн аныкталышы $y_0(x)$ мүчөсү баштапкы теңдемедеги $\varepsilon = 0$ болгон учурдагы алгебралык теңдемеден аныкталат. Ал эми $y_1(x)$, $y_2(x),\ldots$ мүчөлөрү болсо, рекурренттик түрдө алынган дифференциалдык теңдемелерди чыгаруу аркылуу аныкталат. Регулярдык бөлүк чекиттин чек аралык шарттарын толук канааттандыра албайт, анткени теңдеменин тартиби төмөндөп кетет.

Эми $\Pi_i y(\tau)$, $\Pi_0 y(\tau)$ чек аралык функциялардын маанисине токтололу, $\Pi_i y(\tau)$ функциялары чек арадагы айырманы нөлгө түшүрүү үчүн кызмат кылса, $\Pi_0 y(\tau)$ функциясы чек аралык катмар теңдемесинен аныкталат. Васильеванын теориясында эң маанилүү шарт болуп оператордун өздүк маанилеринин чыныгы бөлүктөрүнүн терс болушу же $Re\lambda_i(x) < 0$ экендиги эсептелет. Эгерде ушул шарт аткарылса, анда чек аралык функциялар $\tau \to \infty$

болгондо, экспоненциалдык түрдө нөлгө умтулат. Бул кубулуш “чечимдин өчүп калышы” деп аталуу менен бирге чек аралык катмардын локалдуулугун, тактап айтканда анын таасири чек аранын өтө кичинекей аймагында гана сезиле тургандыгын далилдейт.

1. С.А.Ломовдун регулярдаштыруу методу [4]. С.А.Ломовдун методу сингулярдык козголгон теңдемелер теориясына жаңылык киргизген, ал “сингулярдуулук” түшүнүгүн функциянын аналитикалык касиеттеринин жетишсиздиги катары карап, маселени регулярдаштыруу жолу менен чечүүнү сунуш кылган.

Методдун өзөгү – “тез” өзгөрмөлөр жана “жай” өзгөрмөлөрдү көз-карандысыз катары кароо болуп эсептелет. Эгерде классикалык методдордо $\tau = {\psi(x)}/{\varepsilon}$ болсо, Ломов мейкиндиктин өлчөмүн көбөйтүп, жаңы $t = (t_1, t_2, \ldots, t_n)$ өзгөрмөлөрүн киргизет. Бул жерде t_i өзгөрмөлөрү оператордун өздүк маанилерине байланыштуу аныкталат.

Ломовдун методунда маселе баштапкы аргумент x жана жаңы өзгөрмө t боюнча жарым регулярдуу катар түрүндө чыгарылат:

$$y(x, \varepsilon) = \sum_{i=0}^{\infty} \varepsilon^k y_k(x, t)$$

Аталган методдун артыкчылыгы – ал чечимди “ички” жана “тышкы” деп бөлбөйт, анын негизги математикалык философиясы – бүткүл кесиндисинде бирдей жарактуу асимптотиканы түзүү. Бул “жай” өзгөрмөлөрдүн өзгөрүүсү менен “тез” өзгөрмөлөрдүн – термелүүлөрдүн ортосундагы гармонияны сактоого мүмкүндүк берет. Ломодун методу өзгөчө спектрдин түзүлүшү татаал болгон учурларда алмаштыргыс болуп эсептелет.

2. К.С. Алыбаевдин илимий изилдөөлөрү [7-9]

Заманбап этапта профессор К.С Алыбаев бул теорияны андан ары тереңдеткен. К.С. Алыбаев изилдөөлөрдүн борборунда өздүк маанилер бурулуу чекиттер бар маселелер турат. Мындай чекиттерде чечимдин асимптотикасы өзүнүн структурасын кескин түрдө өзгөртөт. Ал сунуш кылган баалоо ыкмалары

асимптотикалык катарлардын калдык мүчөлөрүнүн тактыгын далилдегенге жана “өтмө” аймактардагы чечимдин туруктуулугун аныктоого мүмкүнчүлүк берет. Анын эмгектери асимптотикалык методдордун тактыгын жогорулатууда чоң мааниге ээ, ошондой эле бул изилдөөлөр заманбап математикалык физикадагы жана техникадагы кубулуштарды, тактап айтканда, резонанстык процесстерди моделдөө учурунда жогорку актуалдуулукка ээ.

Талкууланган методдорду салыштыруу үчүн төмөнкүдөй моделдик теңдемени карайлы: $\varepsilon y'' + p(x)y' + q(x)y = f(x)$

Бул жерде мүнөздүк теңдеменин тамырлары $\lambda_1(x)$ жана $\lambda_2(x)$ түрдүүчө болушсун.

Васильеванын методунда чыгарылыш $y = \bar{y} + \Pi_L y + \Pi_R y$

түрүндө болот, мында Π_L – сол чек арадагы, Π_R – оң чек арадагы катмарлар. Бул метод инженердик эсептөөлөрдө абдан ыңгайлуу, анткени ар бир бөлүк өзүнчө физикалык мааниге ээ.

Ломовдун методунда чыгарылыш өздүк маанилердин интегралдык экспоненталарын камтыган функциялар аркылуу түзүлөт. Бул чечимдин бүткүл кесиндиде аналитикалык жактан туташ болушун камсыз кылат.

Жыйынтык: Салыштырма анализ көрсөткөндөй, эгер максат чек арадагы процессти гана изилдөө болсо, Васильеванын методу жетиштүү болот. Анткени ар башка өздүк маанилер болгон шартта Васильеванын методу эсептөөлөрдүн ыңгайлуулугу жана физикалык чечмелениши менен артыкчылыкка ээ. Ал эми бүтүндөй системанын динамикасын, спектралдык касиеттерин терең анализдөө керек болсо, Ломовдун регулярдаштыруу методу жана анын Алыбаев тарабынан өнүктүрүлгөн модификациялары кыйла натыйжалуу. Бул обзордук мүнөздөгү изилдөө маселенин татаалдыгына жараша тиешелүү асимптотикалык аппаратты туура тандаганга жардам берет. Кыргызстандык окумуштуулардын сингулярдык козголгон теңдемелер

теориясына кошкон салымы бул илимдин дүйнөлүк деңгээлге өнүгүшүнө шарт түзгөн.

Адабияттардын тизмеси:

1. Тихонов, А.Н. Системы дифференциальных уравнений, содержащие малые параметры при производных // Математический сборник. -1952. -Т. 31 (73), №3. -С. 575-586.
2. Понтрягин, Л. С. Асимптотическое поведение решений систем дифференциальных уравнений с малым параметром при высших производных [Текст] / Л. С. Понтрягин // Известия АН СССР. Серия математическая. – 1957. – Т. 21. – №5. – С. 605-626.
3. Васильева, А.Б., Бутузов В.Ф, Асимптотические разложения решений сингулярно возмущенных уравнений. -М.: Наука, 1973. -272с.
4. Ломов С.А. Введение в общую теорию сингулярно возмущений. -М.: Наука, 1981. -400с.
5. Иманалиев, М.И. Методы решения нелинейных обратных задач и их приложения. – Фрунзе: Илим, 1977.
6. Алымкулов, К. Метод регулярности в теории сингулярных возмущений. - Бишкек, 1993.
7. Алыбаев, К. С. Метод линий уровня исследования сингулярно возмущенных уравнений при нарушении условия устойчивости [Текст] : дис. … д-ра физ.-мат. наук : 01.01.02 / К. С. Алыбаев. – Жалалабат, 2001. – 203 с.
8. Алыбаев, К.С., Нурматова М.Н. Комплекстик тегиздикте сингулярдык козголгон теңдемелердин чечимдерин бурулуу чекиттери аркылуу рекурренттик туюнтуу // ЖАМУнун жарчысы. 2021. №1 (46). -14-19 б.
9. Алыбаев, К.С. История одной задачи // Вестник ЖАГУ. – 2023. -№2 (55).

ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ
ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
PHILOLOGICAL SCIENCES

Абдыкадырова Махабат Жумабековна
Шерипбаев Амангелди Рахманович

С.РАЕВДИН ПОВЕСТТЕРИНДЕГИ КААРМАНДАРДЫН КӨРКӨМ ДҮЙНӨСҮ

Абдыкадырова Махабат Жумабековна
Шерипбаев Амангелди Рахманович

МИР ПЕРСОНАЖЕЙ ПОВЕСТИ С.РАЕВА “ОХОТА ЗА СОЛНЦЕМ”

Abdykadyrova Mahabat Zhumabekovna
Sheripbaev Amangeldy Rakhmanovich

THE WORLD OF CHARACTERS IN THE STORY “THE BOY WHO CAUGHT THE SUN” BY S. RAEV

УДК 821.512.154:82-31

Аннотация: *С.Раевдин повесттери кыргыз адабиятында гана эмес, боордош элдердин рамкасынан да чыгып, англис, немис, кытай, испан тили сыяктуу бир нече чет тилдерге которулуп, дүйнөлүк атак-даңк алгандыгына карабастан, али толук кандуу изилдөөнүн объектисине алына элек. Макалада “Күн кармаган бала” повестинин аты аталбаган башкы каарманы бала жана анын карама-каршысында турган антиподу Басыт раистин жан дүйнөсүнө баш багып, образдарды талдоого аракет жасалды.*

Изилдөөнүн максаты – автор жараткан бул эки образ аркылуу коомдогу социалдык теңсиздик, адамдык нарк-насил, бийлик менен карапайым адамдардын ортосундагы карама-каршылыктар автор тарабынан кандай өңүттө берилгенин чыгарманын көркөм тексттин талдоо аркылуу өз көз карашыбызды билдирдик. Башкы каармандардын мүнөзүндөгү карама-каршылыктар аркылуу чыгарманын гуманисттик пафосу, автордун идеялык позициясы жана тарбиялык мааниси ачып көрсөтүлгөндүгү баса белгиленди.

Ачкыч сөздөр: *кыргыз адабияты, повесть, антипод, көркөм чыгарма, бала, Басыт раис, образдар тутуму, сүрөттөө, жазуучу, автор, карама-каршылык*

Аннотация*: Несмотря на то, что повести С. Раева вышли за рамки не только кыргызской литературы, но и литературы братских народов, были переведены на несколько иностранных языков, таких как английский, немецкий, китайский, испанский, и получили мировую известность, они еще не стали объектом полноценного исследования. В статье предпринята попытка анализа образов безымянного главного героя повести "Охота за солнцем" и его антипода, раиса Басыта, с проникновением в их внутренний мир. Цель исследования – посредством анализа художественного текста произведения выразить свою точку зрения на то, в каком аспекте автор представил социальное неравенство в обществе, человеческие ценности, противоречия между властью и простыми людьми через созданные им два образа. Подчеркивается, что через противоречия в характерах главных героев раскрывается гуманистический пафос произведения, идейная позиция автора и его воспитательное значение.*

Ключевые слова: *кыргызская литература, повесть, антипод, художественное произведение, ребенок, Басыт раис, система образов, описание, писатель, автор, противоречие*

Abstract: *Although S. Raev's novels have been published not only in Kyrgyz literature, but also in the framework of the brotherly nations, translated into several foreign languages such as English, German, Chinese, Spanish, and have gained worldwide fame, they have not yet become*

the object of comprehensive research. The article attempted to analyze the images by going into the mind of Basit Raïs, the unnamed protagonist of the novel " The Boy Who Caught the Sun" and his opposite antipode. The purpose of this study was to explore how the author portrayed these two images of social inequality, human dignity, and the conflict between power and the common man through an analysis of the artistic text of the work. It was emphasized that through the contrasts in the characters, the humanist pathos of the work, the author's ideological position and educational meaning were revealed.

***Key words**, Kirghiz literature, novels, antipodes, fiction, children, Chairman Basyt, system of images, writing, writer, author, contrasts*

Киришүү. С.Раевдин повесттери кыргыз адабиятындагы аты бар, шоорату жок көп чыгармалардан эмес, айрыкча, “Күн кармаган бала” жазуучуну окурман журтчулугуна жазуучу катары тааныткан алгачкы тырмак алды повести болуп эсептелет. Бирок ошого карабастан бирин-экин гана пикир айтылганын эске алсак, бул чыгарма тууралуу изилдөөнүн чети оюла элек. Чыгарманын идеялык-тематикалык мааниси, образдар тутуму да бир туруп кадимки эле кечээки советтик доордогу жедеп бышкан компартиянын жасоолдору менен карапайым колхозчулардын ортосундагы ак менен кара, чындык менен жалган, акыйкат менен акыйкатсыздыктын ортосундагы карама-каршылыктардын сүрөттөлүшү болсо, бир туруп окурманды кайдыгер калтырбаган маани-мазмуну, түбү тереңге кеткен адам ыйманына барып такалган өзгөчө чыгарма экендигине ынанасың.

“... мааланын эл атасы аталып эчен жылдан бери килтейген чарбаны бутуна-бут, колуна кол-тургузуп, даңазасы таш жарып, аты бут облуска маалым, абыройлуу адамдын узакка созулган кеселден жан бериши келип-келип ушу күнгө туш келгени кай закмат өзү?.. Адамың келмеги, кетмеги менен бу жайдак дүйнөгө келээр болсо да, а кишинин кудай айткан бир күнү о дүйнө эшигин аттап жүрүп, берээри кай пенденин жара чыккыр эсине келмек эле; а киши дүйнөгө түркүк болуп жаралгандай көрүнөөр эле го баарына [3, 18], - деп тээ алмустактан келаткан бу тирүүчүлүктө көр пендең дүйнөгө түркүк болчудан бетер эсирип, керек болсо энесин тааныбай, качан гана өлүм төшөгүнө жатканда гана акылына келип, бу дүйнөнүн кызыктарынын баары убактылуу экендигин “аттиң” деп эске алып, бирок ошондо дале өлүм менен

алышып жатып кудайга жалынып, чымындай жанын алып калгысы келгенин автор өзгөчө сүрөттөөгө алган. Эң башкысы элге, же бей-бечарага азар берген пенденин өлүм алдында оору менен алышып жатып, туура эмес иштери үчүн жараткан жанын албай кыйноого дуушар болуп жатат деген элдик түшүнүк ар бир окурманды эсине келтире тургандай деңгээлде автор тарабынан сезилерлик шөкөттөлгөн жана ар кандай окурманды абийир сотунун алдында жооп берүүгө, таза жашап, таза жүрүүгө милдеттендирген көркөм адабияттын коомдук функциясы да каңкууланып турат.

Мына ушул Басыт раис, же болбосо “бир кезде арааны жүрүп жаткан Басыт Атакулов, же Басыт Атакулович” тааныш-тамыр издеп, урук-тууган салып, барбаган жери, баспаган астанасы калбай, акыры убайым-убарасынын, “таман акы, мандай теринин” акыбети кайтып, төрт уулу төрт жерде бакыйып, майлуу-сүттүү кызматты ээлеп отурушат. "Кызматың болсо кишисиң элге. Азыр кызматка карап салам айтмай заман. Колуңан коко келбесе, кай арыңа кишисиң өзү? Казыр башыңы ойлобой, көчүгүңдү ойло... Буну жадыңардан чыгарбагыла. Жакшы жашайм десеңер, отурган жериңер жумшак, кызматыңар түзүгүрөөк болсун. Элдин күнү түшкүдөй болсун силерге . Күнү түшкөн соң, элден өткөн акылдуу жан барбы, сыйлап алат силерди. Сыйлаган жерде сый каадасы болбой коймокпу өзү? Өнөт да өнөт бирдемке", - деп эче курдай уулдарынын кулагына аталык сөзүн куйган” [3, 20]. Аракетке берекет дегендей, насааты эселеп кайтып, төрт тарабы түгөл болуп турганда, өмүрү бир да жолу минтип ооруп жатып калбаган Басыт Атакулович жарыктык менен кош айтышты.

Басыт раис да төшөк жазданып жаткандан бери, балдарынын көрсөтпөгөн догдуру, алып барбаган табыбы калбай отуруп калышты. “Анын акыркы мөөнөтү көпкө созулду”, - дейт автор: ”Атасынын ушунчалык жашоого кумары артып, ышкысы ырбап, мээри чаап турганын алдындагы балдары сезсе кана, атаганат! ... Балдары кай ойдо турду экен азыр? Аны ушул ой да аркан-жипсиз байлап тек койбоду. Түбөлүк уйку бетин көрөөр алдында ушуну билгиси келди

го анын”, - деп миң толгонду, себеби балдары үчүн эмнелерди гана жасабады эле. Балдарынын оюнда: “Кудайым ай, ала турган болсоң мынчалык кыйнадың атабызды? Алаар болсоң жөн алчы”, - деп балдары атасынын өлүм мөөнөтүн күтүп, “атам, ой” деп өкүрүп жиберүүгө “чакадагы суудай уюп жаткан көз жашын төгүп ийүүгө демденип турса”, Басыт раис, тескерисинче, өмүр мөөнөтүн жан алакетке түшүп узарткысы келгенин, балдары атасынын ошол мүнөтү азыр эле тык деп токтоп калуусуна кайыл болуп турушкандыгы баяндалат.

“Балдарынын киргил оюн ага жеткирээр киши болсо кана эми?.. Айгак түшөөр жан барбы?.. Ох, анда! Төшөккө жаткан өлүмтүк жаны тирилип, батыл дүйнөнүн да кулпусун жара тээп: "Өмүр бою силер деп, тишимдин кирин соруп келсем, силердин тилегениңер ушубу? Айткылачы, ушубу?! Силер деп жыйган теңгемдин, дүйнөмдүн акысы ушубу?! Өлсөм да силерге баары бир пул туура! Кайсы арыңарга ушунтесиңер ушу а? Айт, айткыла?! Ии-коош, айткыла эми?! Өлүмүңөрдү урганым жок, билип койгула муну? Жанымы калбыр кылып силер деп, эптеп элден өйдө жашасын деп, элдин көзүн карабасын деп жүрсө, буларды көр! О дүйнөгө жаным тоголонуп баратса силердин айтаарыңар ушубу, тилегиңер ушубу?! Бирин-бирге кошуп, окутсам, чоңойтсом, чочойтсом, акыры келип көчүгүңөргө жыпжылуу орун таап берсем ушубу мага айтаарыңар? Ушу туура? Кайран гана көр дүйнөм ай!" Кариет бул сөздү айтаар да, эшитээр да баканооз адам жок арада...” [3, 23]. Бул үзүндүдө ички трагедияга, ата-энелик курмандыкка жана ыраазычылыксыздыкка каршы айтылган ачуу муңга сугарылган драмалык монолог. Текст идеялык-тематикалык жактан терең социалдык-психологиялык мазмунга, драмалык чыңалууларга ээ.

“Кариет бул сөздү айтаар да, эшитээр да баканооз адам жок арада” – деп эскерет баяндоочу автор, бул чыгармадагы трагедиянын кульминациясы. Кечээ эле азуусун айга бүлөп турган, бүгүн минтип өлүм менен өмүрдүн ортосунда жандалбаса кылып жаткан каарманды эч ким укпайт. Бул – ички кыйкырык,

коомдогу ар бир пенденин өлүм алдындагы жалгыздыгынын символу. Ата-менен балдардын ортосундагы тээ алмустактан бери келаткан мамилени, өмүр менен өлүм ортосундагы карама-каршылык күрөштүн символу катары берилген.

“Үч түрлүү мамык жастык башына коюлган анын бадени тактадай саргайып, бет эти чүрүшүп , абалкы буудай түстөш дидарына жүгүргөн кызыл ыраңын сүлүк шимигендей, мустакем чымыр жүзүнүн куниги сыртка тээп чоң уйкунун босогосунда турат эми. Куураган куурайдай чүрүшүп тирүүнүн өлүгү кейиптенип, денеси тырп этип кыймылдатууга алы келбеген бу адам көргөндүн зээнин кейиткен оорулуу гана эмес, бир кезде арааны жүрүп жаткан Басыт Атакулов, же Басыт Атакулович эле го. Анын ошо киши экендигине ким ишенет азыр? Ким?.. Бу бир бечара. О мурдакы өктөм үндү, чорт кыял, жаахангер, безээр жини кармаса атасын аябаган , бет алганын бербеген раис аке эскилиги жеткен бөздөн бетер бозоруп, ысык деми оозунан жансыз чыгып, алээти жок көздөрү ирмөөдөн калган” [3, 21].

Автор мында адам тагдырынын кайгылуу бурулушун, бийликтен карапайым адам катары көр турмушка, алдуулуктан алсыздыкка өтүүнү терең психологиялык планда ачып, көркөм сүрөттөп бере алган. Чыгармада адамдын өткөөл дүйнөдөгү абалын реалисттик жана символдук планда берген. Тактап айтканда, адамдын убактылуу бийлиги, ооматы менен түбөлүктүү алсыздыгынын карама-каршылыгы. Бир кезде ***“арааны жүргөн”, “өктөм үндүү”, “бет алганын бербеген”*** раис аке бүгүн ***“тирүүнүн өлүгү”*** кейиптенген оорулуу дүйнөнүн өткөөлдүгүн, бийлик менен атак-даңктын убактылуулугун, адамдын табият алдында алсыз экенин ынанымдуу сүрөттөөгө алган.

«Сактай көр жараткан, бар болсоң сактай көр, бечара пенденди?, - деп Басыт Атакулович Жаратканга жалынып, өзүң берген жанды өзүң аларыңа күмөнүм жок, аны билем. Өзүң бергендин баары бир өзүңө баглык, билем аныңды, касиеттүүм. Пендендин жаралганы жалган болсо да алмагын ак

кылып жараткансың. Сен кечиримдүүсүң, аны да билем, ырайым кыл, акыркы суранаарым, чымындай жанымы чыркыратпай, бул ирет токтой тур, азыраак болсо да жарыктыкты көрүп турайын деп жалынып жалбарып жатты. Сактай көр, кудай деп жалбарып жатты. Басыт раистин дене боюн ушу жалбара чыккан сөздөрү ээлеп алды бу саам. Анча-мынча да жараткандын атын оозуна алып оозанбаган раис аке өлүмдөн коркконунан айтты мунун баарын.

Мында чыгармадагы кошумча каармандардын орчундуусу **Басыт раистин** ички психологиялык абалын терең ачып берген эпизоддордун бири болуп саналат. Мында **адамдын коркуу алдындагы руханий алсыздыгы жана кудайга кайрылуусу**. Бул жерде адам баласынын кыйын кырдаалда өзүнүн чыныгы жүзү ачылары көрсөтүлгөн.

Повесттеги негизги идея – **адам бийликке, мансапка жетсе да, ажал же коркунуч алдында алсыз пенде бойдон калат**. Жараткандын алдында баары тең, коркунуч адамды текеберликтен арылтып, чыныгы абалын сездирет, же болбосо байыркы грек философу Аристотель айткан катарсис абалына келет.

Басыт раис буга чейин “жараткандын атын оозуна албаган” адам, коммунист, райондогу, белдүү, чечкиндүү башкарма, элдин баары Басыт раиске кудайындай ишенет, жада калса облус чоңдору да сыйлап турат. Бирок ажал коркунучу келгенде, баягы текебер, бир мезгилде азуусун айга бүлөгөн Басыт Атакулович жок, тетирисинче жалбарган, алсыз пенде болуп калат. Анын: “Сактай көр жараткан, бар болсоң сактай көр, пейилиңди тарытпа, бир аз кечигейин…” деген жалынычтуу сөздөрү **ажалдан корккон жан дүйнөнүн кыйкырыгы** эле.

Мында **ички конфликт** бар: бир тарапта – мансаптуу, физикалык жактан да, материалдык жактан да, моралдык жактан да өз күчүнө ишенген раис, экинчи тарапта – ажалдан корккон, жансоогалаган алсыз пенде. Автор адамдын кош мүнөзүн, руханий карама-каршылыгын ачып берет. Коркунуч адамды чындыкка, тактап айтканда, кудайга жакындатат. Каарман канчалык корккон сайын, коркунучту ошончолук “өзүнө жакындата берет” – бул

психологиялык мыйзам ченемдүүлүк. Бул эпизод повесттеги маанилүү психологиялык учур болуп, Басыт раистин ички дүйнөсүн ачат: адам өмүрүнүн убактылуулугу, бийлик, байлык колдун кири сыяктуу убактылуу көрүнүш экендиги, жараткан алдында пенденин баары тең бирдей болгондугун айгинелейт.

- Кечиргиле... кечиргиле...

Атасынын апти бешарасынын ичиндеги бу кармаштын бирин сезбеген балдары араң жан үндү укканда, үч кыл мамык жаздыктын так ортосунда турган атаснын башы сол тарапка шалк этти...

Үйдөгү чымын туйгус тынчтыкты чоң уулунун өкүрүк ыйы бузду...

Эсил кайран, атам-ой!.. Оо-ой!.. [3, 43].

Повесттеги башкы каарман - бала**.** Ал - кыялкеч, сезимтал, дүйнөгө таза көз караш менен караган тубаса майып каарман. Бала - символдук образ, ал адамзаттын тазалыгын, аруулугун жана үмүтүн, келечегин билдирет. Бала белгилүү, абройлуу, илебине нан бышкан партократ Басыт раистин антиподу, тактап айтканда, баланын атасы белгисиз, мындан он эки жыл мурун никесиз туулган нокетек бала, апасы Бүсайра болсо жеңил ойлуу, шайкеленде жүрүп бөтөн жерлик эркектен төрөп алган. Уятынан эч жакка чыкпай жүрүп, акыры баладан арылуунун түмөн жолун издеп, бир күнү ажаатканага таштап, башы ооган жакка кетмекчи болгондо, кошуна кемпир көрүп калып шермендесин чыгарган.

“О, өлүкканаңды көрөйүн, канчык! Жаатыңдан бүткөн балаңды өлүмгө кыйганың эмнең, айбан! Бала көрбөй куу баш өткүр! Дүйнөдөн зардап өткүр!… Ырысыңа түкүргөн канчык! Бети жок канчык! Акылы кем болсо эмне экен, а деле адам, кудайым жараткан пенде а деле?! Дагы мунун намыстанганын көр?! Элден үргүлүп кет. Мээң болсо шондо ойлобойсуңбу. Шыйпаңдаган куу канчык! “ - деп Бүсайраны чачтан алып, баланы колдон жулуп алган.

Бул окуя айылга чагылгандай таркаган” [3, 46].

Ошентип, бала аман калып, апасы тоо тарапка аракеч кишиге баш байлап кеткенине он эки жылгы аяк басты, бирок уятынан айылга бут басып келе элек. Бала болсо айылдан обочороок жесир кемпирден калган комсоо үйдө жалгыз турат. Корккону караңгылык, жек көргөнү бу ааламда түн. Күндү жанындай жакшы көрө турган. Ошондуктан дайыма “Күндү үйүмө кармап келем” деп айтуудан такыр тажабайт. Айрым күндөрү тээ адырга чейин күндү кууп барып келген имиш деп калышат.

Кээде баланын үйүнөн окчунураак жашаган таекеси келип: “Ай, эртең сенин күнүндү кармап ушу үйдүн төрүнө камап салабыз, э?

Эшикке чыгарбай коёбуз такыр, макулбу?” – десе бала кадимкидей сүйүнүп, төбөсү көккө жеткендей дердеңдеп калаар эле. Бир күнү кечинде келип, эртең менин үйүмдүн үстүнө ылай басышып койсоң, бүткөндөн кийин сенин күнүндү тээ адырдын ары жагындагы уясына барып кармап келебиз деп калпты айтып алдады. Баланы алдоодон оңой нерсе барбы, күн деп койсо эле бала баарына макул. Жок демейи болбойт.

Күбө болгондордун айтуусу боюнча, мурунку күнү да күндүн баткан тарабына чейин күндү кууп барган имиш бир топко, эми эртең иш бүткөндөн кийин таякеси экөөлөп күндү кармап келмей болушту. Баланын таякеси өжөр неме болгондуктан бала ага ишенди. Эртең Күндү сенин ушу үйүңдүн төрүнө камап коебуз да, кечке эрмек кылып ойной бересиң. Баланын ою ушу таттуу кыялга алданып жаны жыргап уктап калды.

Ушундай балалык кыял жетегинде жашаган бейкүнөө бала кокусунан эле зөөкүрлөрдүн кандуу ыплас окуясын көрүп, күбө болуп калгандыгы үчүн, алар машина менен тебелетип көзүн тазалап салат.

“Жолдун бурумуна келгенде соңунан келе жаткан машина күү келип, алка-шалка тер кеткен баланы басып кетти.

Баланын оозунан кан кетти.

”Апа” деп караңгы тундү жаңыртып бакырды бала. Өмүрү “апа” деп оозго албаган сөзүн өлүм астында кантип айтканын да туйбай калды. Өлүм алдында

ушу сөз келди балага. Өзү азели көрбөгөн, көрүүгө бир да жолу басып келбеген, уяттан буту күйүп алыста-алыста жүргөн апасын бул саам бала биринчи да, акыркы да жолу оозуна алды” [3, 56].

Бул эпизоддон ***баланын трагедиялуу тагдыры жана өмүр бою күткөн эне мээримине болгон ички муктаждык*** байкалат. Окуяда баланын кырсыкка учурашы жана өлүм алдында апасын эстеши көрсөтүлгөн. ***Эне баланын жашоосунда эң жакын, эң ыйык адам экенин көрсөтүү аркылуу*** автордук негизги идея берилген. Бала өмүрүндө апасын көрбөсө да, жарык дүйнө менен кош айтышышып бараткан эң акыркы мүнөтүндө дал ошол адамды эстегени образдуу чагылдырылган. Чын эле, ар кандай адам кокусунан коркунучка туш болгондо, оозуна биринчи келген сөз бул – **апа.**

Бул күнү ошол айылда жашаган баланын жылдызы өчтү...

Ушу күнү эки сөөктү бир күндө жерге берүү парзы бу айылдын башында турду эми...

Чыгармадагы башкы каарман бала – **баланын аң-сезими таза, ал табиятты жана дүйнөнү өзүнүн кыялында жандуу нерсе катары кабыл алат** жана күндү кармап келебиз деген таякесинин сөзүнө ишенет. Чоңдордун жөнөкөй тамашасы да бала үчүн чоң окуяга айланат.

“Күн” – жашоонун, жарыктын, үмүттүн, тазалыктын белгиси, символу. Бала ошол жарыкка умтулган руханий таза каарман катары келип, таза боюнча кетти. Повестте окуялар баланын ички сезимдери, ой-толгоолору аркылуу өнүгөт. Сюжет сырткы динамикага караганда, психологиялык тереңдикке негизделген. Окуялар жай ыргакта, философиялык өңүттө ачылат.

Повестти кыргыз адабиятында жаш баланын ички дүйнөсүн философиялык деңгээлде ачып берген чыгармалардын бири катары өз орду бар чыгарма катары мүнөздөсөк туура болот. Ал окурманды ой жүгүртүүгө, жашоонун маңызы тууралуу терең ойлонууга чакырат. Повестте майып баланын образы руханий тазалыктын, үмүт менен кыялдын символу катары каралып, анын ички дүйнөсү, турмушка болгон мамилеси жана күнгө

умтулуусу аркылуу адамдын жеңилбес эрки даңазаланары белгиленет. Ал эми Басыт раистин образы бийликтин, өкүмзорлуктун, бюрократтык-административдик коомдогу кайдыгерликтин жана адилетсиз түзүлүштүн жыйындысы катары талдоого алынат. Басыт раистин образы бардык доорлордо ар түрдүү кейпи менен жолуккан тип, ошондуктан М.Горький: “Тип – бул коомдук көрүнүш ”, - деп бекеринен таамай баа берген эмес.

...Баланын жайына кетмен тиш салынбады... Анын жайын эски мазардан казышмак болду... Себеби ошол нокотек туулган бала менен Басыт раисти бир күндө, бир жерге коюу ашынган кошоматчы Митал үчүн (себеби кичине нерседен жаман көрүнүп калышы мүмкүн, анда эле ишиңдин артка кеткени дей бер), анын балдары үчүн абдан уят иш катары кабыл алынды жана атасынын, өзүнүн абийирин сактап калыш үчүн бечара баланын сөөгүн жашырууга келген төрт аракечке эки бөтөлкө арак берип, араңдан зорго баланын сөөгүн эски мазарга коюну макулдашты. Болбосо бул кабарды Миталдын оозунан угары менен Басыт раистин балдарынын кабак-кашы бузулуп, эртеден бери жоро-ашыналары көңүл айтып отуруп, райпонун чоңу болуп жүргөн уулун кыйда темтеңдетип коюшуптур, кудум эле өзүн кара жерге берип жаткандай айкырып, чаң-тополоң салып, кокуй райондон келген чоңдор укса эмне дейт деп жатышып зорго басышты. Мында эң оболу, негизги мазмундун өзөгүн түзгөн маселе көрүстөндөгү сөөктү жерге берүү алдында пенденин баары бирдей тең деген ыйык салт бузулууда. Каарман атасынын сөөгүн “капа кылгыбыз келбейт” деп, өлгөндөрдү да социалдык ажырымга бөлүп, кудай алдында да, пенде алдында да бийлигине манчыркап салтта жок жорукту баштап олтурат. Бул кыргыз элинин салттуу дүйнөтаанымында өтө маанилүү: ата-бабанын арбагын сыйлоо - тирүүлөрдүн ыйманынын көрсөткүчү, бирок мындай салтта жок, наркта жок ашыкча менменсинүүчүлүк менен эмес. Ошондуктан ал башка адамды, айрыкча “жер албаган” оорукчан, багар-көрөрү жок, жада калса нокотек төрөлгөн баланы киши ордуна санабай кемсинтип, атасынын жанына коюуга кескин каршы чыгууда.

“Күн кармаган бала” повестинде автор негизинен аты аталбаган майып бала менен Басыт раистин образына кеңири токтолгон жана чыгарманын идеялык-тематикалык мааниси да ушул эки каармандын айланасында өнүгүп жүрүп олтурат. Деги эле С.Раевдин алгачкы аңгемелер жыйнагынан баштап, бүгүнкү күндөгү чыгармачылык сересине боордош казак, өзбек адабиятчы-сынчылары дурус маанидеги пикирлерди байма-бай берип келүүдө. Мисалы, филол.и.д., өзбек профессору Жаббар Эшанкулов автордун Кыргызстандын эле эмес, Орто Азия жана жалпы эле түрк дүйнөсүндө өзгөчө орду бар талант экендиги тууралуу төмөнкүдөй пикирин билдирген: “Султан Раев – писатель, имеющий особое место в литературе не только Кыргызстана, но и Средней Азии и всех тюркских народов. Его первая же книга, сборник рассказов “Пыльные дороги” завоевало внимание литературного сообщества: небольшой сборник из сорока страниц с первых же дней публикации в 1987 году подтвердил рождение нового таланта, твёрдо стоящего на национальной почве, глубоко прочувствовавшего боль и страдания своего народа, обещающего трансформировать эту боль в художественный язык.” [4, 7].

Постсоветтик доордо кыргыз окурмандарынын алкагынан чыгып, дүйнөлүк адабияттын сересине умтулган жазуучулардын катарын толуктагандардын ири алдында белгилүү драматург жана прозаик С.Раевдин чыгармачылыгы тууралуу белгилүү адабиятчы Мурат Ауэзов да ата салтын улантып, С.Раевдин чыгармачылыгы менен кеңири таанышып, төмөнкүдөй пикир калтырган. “С.Раев - признанный прозаик и драматург. Об этом много писали, отмечая высокий уровень его литературного мастерства. Я тоже с удоволствием читал его повести, рассказы и драмы. Это замечательная литература.” [2, 6].

Автор аты аталбай купуя болгон майып баланын образы аркылуу коом, тагдыр, жалгыздык жана үмүт маселелерин чагылдырат. Ал эми Басыт Атакуловичтин образы өткөн буйрукчул-административдик коммунисттик коомдогу бюрократ, карапайым кишини киши ордуна көрбөгөн, адам тагдыры

менен эсептешпеген каардуу партократтын типтүү образы берилген. Ушул мазмунуд окутуу аркылуу “биз окуучулардын ой жүгүртүү чабыттарын камсыздайбыз, эске тутуусун бекемдейбиз жана кыялдануусун өстүрүүгө мүмкүнчүлүктү түзөбүз” [5, 114].

Пайдаланылган адабияттар:

1.Алымбаева, Б.А. Султан Раевдин “Күн кармаган бала” повестиндеги пейзаждык сүрөттөөнүн өзгөчөлүгү. Известия вузов, № 9, 2014.
2.Ауэзов Мурат. // Султан Раев. Жанжаза. Б.: "Турар", 2013. - 416 б
3.Раев, С. “Топон”. Б.: “Турар”, 2018. – 280 б.
4.Эшанкулов, Ж. Эпос Султана Раева. “Казахстанская правда” газетасы, 13-июль, 2024-ж.
5Найманбаев, М. Ж. Кенже мектеп жашындагы окуучулардын таануу процесстеринин ӨнҮгҮшҮ жана окуу иш -аракеттери / М. Ж. Найманбаев, А. И. Акабатова, А. М. Базаркулова // Вестник Жалал-Абадского государственного университета. – 2026. – N. 2(68). – P. 108-117.

Баймырзаев.Б.А.

“ЖАНЫШ, БАЙЫШ” ЭПОСУНДАГЫ ТАРЫХЫЙ ОКУЯЛАРДЫН АЗЫРКЫ ЖЕР-СУУ АТАЛЫШТАРЫ МЕНЕН БОЛГОН ҮНДӨШТҮГҮ (ЧАТКАЛ ЖАНА КЕТМЕН-ТӨБӨ ӨРӨӨНДӨРҮ БОЮНЧА)

Баймырзаев.Б.А.

СООТВЕТСТВИЕ ИСТОРИЧЕСКИХ СОБЫТИЙ В ЭПОСЕ «ЖАНЫШ, БАЙЫШ» СОВРЕМЕННЫМ ТОПОНИМАМ (ПО ДОЛИНАХ ЧАТКАЛ И КЕТМЕН-ТОБЕ)

Baimyrzaev.B.A

THE CORRESPONDENCE OF HISTORICAL EVENTS IN THE EPIC POEM "ZHANYSH, BAYYSH" TO MODERN PLACE NAMES

УДК 398. 22: 82.0

Аннотация: *Кыргыздын баатырдык кенже эпосторунун ичинде “Жаныш,Байыш” эпосу да өзүнчө көңүл бурууга татыйт. Айрыкча соңку убакта бул чыгарманын айланасында ар кандай жаңы маалыматтар айтылууда. Бул макала да ошолордун негизинде жаңыча ойлор, көз караштарга таянуу менен Кетмен-Төбө жана Чаткал өрөөндөрүнө таандык ой-пикирлер, көз караштар ортого салынып, айрыкча бул эпоско байланыштуу Чаткалда орун алган айрым жерлер, көлдөр жөнүндө автордун газета беттеринде жарык көргөн даректүү баяндарын эске албаганда, ал жөнүндө бул макалада биринчи жолу сөзгө алынып олтурганын белгилей кетмекчибиз. Макалада кетмен-төбөлүк изилдөөчү А.Калыбековго таандык тарыхый эмгек туурасында да ыңгайына жараша сөз болот.*

Ошондой эле эпосто кездешкен айрым топонимдер менен азыркы жер-суу аталыштарынын ортосундагы байланыштар талдоого алынып, алардын тарыхый-фольклордук маниси каралат. Автор Чаткал жана Кетмен-Төбө өрөөндөрүндө сакталып калган жергиликтүү уламыштар, санжыралык маалыматтар жана тарыхый аталыштар эпостогу окуялардын айрым элементтерин тактоого мүмкүнчүлүк берерин белгилейт. Макалада "Жаныш, Байыш" эпосунун тарыхый өзөгүн аныктоодо фольклордук маалыматтардын орду көрсөтүлүп, бул багыттагы кийинки изилдөөлөр үчүн жаңы илимий божомолдор сунушталат.

Түйүндүү сөздөр: *Дастан, эпос, оозеки чыгармачылык, даректүү баян, тарых, вариант.*

Аннотация: *Эпос "Жаныш, Байыш" занимает особое место среди кыргызских героических эпосов. В последнее время вокруг этого произведения появляется много новой информации. Данная статья, основываясь на этих данных и новых взглядах, представляет мнения и точки зрения, относящиеся к Кетмень-Тюбинской и Чаткальской долинам. Следует отметить, что в статье впервые упоминаются некоторые места и озера в Чаткале, связанные с этим эпосом, за исключением документальных рассказов автора, опубликованных в газетах. В статье также будет упомянута историческая работа кетмень-тюбинского исследователя А. Калыбекова.*

Также в статье анализируется взаимосвязь отдельных топонимов, встречающихся в эпосе, с современными географическими названиями, а также рассматривается их историко-фольклорное значение. Автор отмечает, что сохранившиеся в Чаткальской и Кетмен-Тюбинской долинах местные предания, генеалогические сведения и исторические названия позволяют уточнить отдельные элементы событий, отражённых в эпосе. В статье показана роль фольклорных материалов в определении исторической основы эпоса «Жаныш и Байыш», а также выдвигаются новые научные предположения, которые могут стать основой для дальнейших исследований в данном направлении.

Ключевые слова: *Дастан, эпос, устное народное творчество, документальный рассказ, история, вариант.*

Abstract: *The Correspondence of Historical Events in the Epic "Zhanysh, Bayysh" with Modern Place Names (Based on the Chatkal and Ketmen-Tyube Valleys). Abstract: The epic "Zhanysh, Bayysh" occupies a special place among Kyrgyz heroic epics. Recently, much new information has emerged about this work. This article, based on this data and new views, presents opinions and points of view related to the Ketmen-Tyube and Chatkal valleys. It should be noted that this article is the first to mention some places and lakes in Chatkal associated with this epic, with the exception of the author's documentary stories published in newspapers. The article will also mention the historical work of Ketmen-Tyube researcher A. Kalybekov.*

The article also analyzes the relationship between certain toponyms mentioned in the epic and modern geographical place names, examining their historical and folkloric significance. The author notes that local legends, genealogical traditions, and historical place names preserved in the Chatkal and Ketmen-Töbö valleys make it possible to clarify certain elements of the events reflected in the epic. The article highlights the role of folkloric materials in identifying the historical basis of the epic "Janysh and Baiysh" and proposes new scholarly hypotheses that may serve as a foundation for further research in this field.

Keywords: *Dastan, epic, oral folklore, documentary story, history, variant.*

Киришүү: Кыргыз элинин өткөн тарыхы анын азыркы жер-суу аталыштары менен жакындан байланыштуу каралат. Аларга маани бербей келген эл өзүнүн өткөн баалуу баянын өчүрүп, карт тарыхынан кол жубарын соңку мезгил – жагдайлар күбөлөөдө. Улуттук баалуу маалыматтар элдик оозеки чыгармалардын ичинен орун алып келген болсо, аны да өткөн социалисттик бир беткей саясат жете түшүнүүгө жол бербей, ар кандай жол-жобого таяп, элдин үнүн күч менен басып келди. Тарыхта өз өңү-түсүн, маанилүү каруу-күчүн аныктап, соңку муунга акыйкат менен адилдикти жар салар оозеки материалдар эл назарынан алыс кармалып, аны “эски бир нерсе”, “элди тескери жолго үндөйт”, “саясий жактан коркунучтуу” ж.б.у.с. ортого коюлган тосмо - тоскоолдуктар бир кылымга жакын мезгил бою тарых менен жергиликтүү элдин ортосуна чек коюп келди.

“Жаныш-Байыш” эпосу буга чейинки изилдөөлөр берген маалыматтар боюнча алганда кыргыз элинин XVI-XVII кылымдардагы тарыхый окуялары менен үндөшүп, ал убактагы калмак -кыргыз жоолашып турган замандарга туура келерин көрсөтөт. Бул жагынан алганда эки элдин ортосунда өкүм сүрүп келген доорлор алда канча соңку мезгилдерге барып такалат. Азыркы жер-суу аталыштары менен айрым аймактардан орун алган бул эпоско байланыштуу маалыматтар да соңку тарыхый мезгилдерге жакындатат. Айрым изилдөөчүлөр болсо муну IX-X кылымдардагы тарыхый окуялар менен байланыштуу карашат. Биз бул макалабызда аталган эпостун азыркы Чаткал, Кетмен-Төбө аймагына таандык фольклордук маалыматтар менен болгон үндөштүгү жагынан ой – пикир алышууну туура көрдүк.

Теманын изилдениш абалы. Кыргыздын кенже эпостору өткөн Совет доорунан бери карай изилденип келди. Ал эми “Жаныш-Байыш” эпосу жөнүндө кыргыз окумуштуулары: Ж.Субанбеков, С.Закиров, Б.Кебекова, И.Б.Молдобаев, М.Мукасов ж.б. өздөрүнүн илимий эмгектерин арнашты. Ал эми соңку изилдөө иши Кетмен-Төбөлүк тарыхчы Абакир Калыбековго

таандык болуп[1.2004,111], анда автор бул эпостун изилдениш ал-абалын үч этапка бөлүп кароо максатка ылайыктуу болорун белгилейт:

“**1-этап**. К.Акиевдин айтуусу боюнча 1939-жылы жарык көргөн вариантына бир топ талаштуу маселелер туулган. Ж.Таштемиров 1952-жылы “Кызыл Кыргызстан” газетасына “Жаныш, Байыш” эпосу тууралуу”деген макалада “Кулдар бийликти ала албайт, түбөлүктүү бийликке кол салгандар жазаланат” деген идея бар. Бул элдик чыгарманын духуна, көз карашына карама-каршы келе тургандыгын белгилеген [2.1973,421]. 1954-жылы кенже эпостордун элдүүлүгүнө карата өткөрүлгөн конференцияда жогорудагы пикир белгиленип, К.Акиевдин айтуусу боюнча чыккан китеп колдонуудан алынып ташталган[3. Инв.№1633]. С.М.Абрамзон кыргыз элинин этнографиясына арналган эмгегинде “Жаныш, Байыш” дастанында басып алуучулук согуш даңазаланган . Бул мындай согушка кызыккан феодалдык-аристократиялык чөйрөдөн келген сюжет деп түшүндүргөн” [4.1990,359]. Бул эпоско карата чыгарылган мындай бүтүмдөн улам айтуучулар жана илимий изилдөөчүлөр кадыресе тайсалдап, ачык пикир айтуудан качып калышкандыгын жогорку изилдөөчү өз эмгегинде баса көрсөткөн. Ошондон улам буга чейин эл арасында айтылып келген варианттардын көбү унутулуп, четинен жоголо баштагандыгын көрүүгө болорун белгилейт [1.2004, 11].

“**2-этап**. “Жаныш, Байыш” туш болгон тагдырга өзбек элинин “Алпамыш”дастаны да туш болгон. 1956-жылы Ташкентте “Алпамыш” дастанын талкуулоо боюнча жыйын болуп өтөт. Мында москвалык окумуштуулар да катышат. Эпос элдик эпос экендиги аныкталат (Об эпосе “Алпамыш”. Ташкент, 1959-ж.). Кыргыз дастанынын элдүүлүгүн аныктоо боюнча кайра талкуу болгону бизге белгисиз.1970-жылы С.Закировдун кириш сөзү менен “Жаныш, Байыш” дастаны кайра басылып чыгат. С.Закиров дастанга жазган кириш сөзүндө Жаныш, Байыш баатырлар жокто бийликти тартып алышкандар эзелки душмандардан колго түшүп келген Четен кулдун балдары Акжол, Дарбаз “бийликти алдамчылык менен тартып алгандыгы үчүн

жазаланышкан. Анын үстүнө коомдун тарыхый шартына жараша дастанды өзгөртүп турууга эч кимдин акысы жок. Тарыхый чындыкка эч бир эл таарынбайт-эпостун тарбиялык мааниси ошондо”-деп жазган” [5.1991,8]. Изилдөөчү А.Калыбеков окумуштуу Ж.Субанбеков да бул эпоско кайрылып, аны “филологиялык көз караш менен кеңири изилдегендигин” көрсөтөт. Мында Жаныш менен Байыш Айдың-Көлгө басып алуу максатында эмес, курал-жарагы жок эле ал жакка куш салып келүү үчүн барышкандыгын белгилейт. Профессор Ж.Субанбеков өз эмгегинде бул эпос өзбектердин “Алпамыш”, “Жусуп жана Ахмед”, “Көр уулу” баатырдык чыгармалары менен жакындыгы бар экендигин аныктап, дастанчылар М.Мусулманкулов, К.Жаңыбаевдердин (Бул Жаңыбай Кожеков Б.Б.) айтуусунда эски мотивдер көп экендиги жана бул аталган кыргыз эпосу гректердин “Одиссея” эпосу менен да окшош жактары бар экенин [6.1970] көрсөткөнүн изилдөөчү А.Калыбеков да белгилейт [1.2004,12]. Ал эми кыргыз фольклорист – окумуштууларынын “Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери” деген коллективдүү эмгегинде белгилүү фольклорист Б.Кебекованын “Жаныш, Байыш” деген аталыштагы илимий очерки орун алып, анда окумуштуу аталган эпостун ар түрдүү варианттарында орун алып келген өзөк окуяларга жана катышкан каармандарга баа берип келип, аягында бул эпос айрым карама-каршылыгына карабастан “Жаныш, Байыш” эпосу да эл мүдөөсүн, кызыкчылыгын көздөгөн элдик нукура чыгарма бойдон кала берет”[2.1973,433] - деген бүтүм чыгаргандыгын да изилдөөчү А.Калыбеков белгилейт [1.2004, 12].

3-этап. Изилдөөчү А.Калыбеков бул этапка тарыхчы-окумуштуу И.Б.Молдобаевдин 1979-жылы “Жаныш, Байыш”-дастаны тарыхый-этнографиялык булак катары” деген темадагы кандидаттык диссертациясынын корголушу республикадагы тарых илиминдеги маанилүү окуя болуп калгандыгын белгилейт. Мында изилдөөчү А.Калыбеков бул эмгектин жаңычылдыгы катары анын кыргыз окумуштууларынын ичинен биринчи жолу

элдик дастанды тарыхый-этнографиялык булак катары изилдөөгө алынышын көрсөтөт.Эмгекте эпостун бардык варианттарынын бири-бирине болгон окшоштуктары, айырмачылыктары, башка элдердин эпикалык чыгармалары менен болгон байланышы жана мындагы кездешкен географиялык аталыштар, жаныбарлар, өсүмдүктөр, адам аттары варианттар боюнча салыштырылып, классификацияланган дыгын да билдирет.Эпосто сүрөттөлгөн кыргыз элинин материалдык маданиятын, социалдык-саясий терминдерин жана маданий байланыштарын талдап, анын келип чыгуу мезгилин аныктоого да аракет болгонун изилдөөчү А.Калыбеков атайын токтолот. Окумуштуу ушул айтылган көз караштарын дагы да толуктап, тереңдетип , аны 1983-жылы илимий монография кылып жарыялайт.Эми мындагы эпостун пайда болуу мезгили жөнүндөгү көз карашка токтолсок, анда окумуштуу И.Б.Молдобаев XV-XVII кылымдардагы Моголстан мамлекетинде болуп өткөн тарыхый окуялар да ушул эпосто орун алган деген жыйынтыкка келет. Анын көз карашында XV кылымда казак султаны Жаныбек хан Абулкайыр хан менен болгон чатагынан улам Моголстанга качып келип, ал Чүй, Талас, Ысык-Көл өрөөндөрүндө көчүп жүрөт. Анын Жаныш, Тыныш деген балдары болуп, алар казак менен кыргыз элдеринде “Жаныш” жана “Байыш” уруу аталыштарынын болушу бул эпостун келип чыгышына негиз болгондугун көрсөтөт.Бул айтылгандардан улам эпостун сюжети жогоруда аталган тарыхый мезгил ичинде түптөлүп, бирок мындагы катышкан каармандарды тарыхый инсандар катары эсептөөгө болбой турганын да эскерткен экен. Ошол эле учурда эпосто орун алган архаикалык катмарларды эске алганда эпос эл арасына кеңири тарап, ал көп мезгилден бери айтылып келгенин жана андагы байыркы түшүнүктөрдүн орун алганын эске алганда бул эпос улуттук этнографиялык баалуу булак болуп эсептелинерин [7.1983,41-51] эскерткенин изилдөөчү да баса белгилейт [1.2004,13]. Ал эми окумуштуу Муратаалы Мукасов болсо 1418-1428-жылдары Байышка аты үндөш Вейс хан деген Моголстанда бийлик кылышы жана анын калмактарга туткун болушу да биздеги “Жаныш,Байыш”

окуяларын эске саларын көрсөтөт[8.1999, 3]. Изилдөөчү А.Калыбеков окумуштуу бул “эмгекте дастандагы көркөм каражаттарды жана салттуу мотивдердин келип чыгышын тарыхий көз караштар менен түшүндүргөндүгүн” эске алат [1.2004,13]. Жыйынтыктап айтканда, бул эпос башка кенже эпостордон айырмаланып биринчилерден болуп кагаз бетине түшүрүлүп жана эл ичине кеңири тарап, изилдене баштагандыгы менен да өзгөчөлөнөт. Эпос 1922-жылы Нарын областынын Орто-Сырт, Жөө-Булак жайлоосунда Молдобасан Мусулманкуловдун өз үйүндө К.Мифтаков тарабынан жазылып алынган. Ал эми ушул эле К.Мифтаков тарабынан 1923-жылы Нарын уездинин Чоро болуштугуна караштуу Орто-Сырт жайлоосунан К.Жаңыбаевден жазылган үлгү КР УИАсынын кол жазмалар фондусунда (инв №282(501) сакталууда. Мындан тышкары бул эпостун кол жазмасынын латын тамгасында жазылган көчүрмөсү да бүгүнкү күндө сакталып турат. Бул көчүрмөнүн автору каталогдо Жаңыбаев Ж (К тамгасы Ж га оңдолгон) деп жазылган көчүрмөнүн мукабасындагы Жаңыбаев деген жазуу сызылып, Жанаев деп оңдолгон. Көчүрмөнүн аягында “Жусубаалы жаттоочу Жаңыбай (Нарын) Жусубаалы бул Жаныш, Байышты Каракол уездинде Төлөгөн маркумдан жаттап алган. 22.XII. 1930-ж.” деп жазылган жазуу бар экенин белгилейт. Бул жазууга эч кандай тыныш белгилери коюлбагандыгын да эстетет. Ушул жазылган маалыматтар боюнча айрым чаташуулар орун алып жатканын да изилдөөчү А. Калыбеков туура көрсөткөн. Тактап айтканда, изилдөөчү А.Калыбеков фольклорист Ж.Субанбековдун эмгегинде (1970-ж.) жана окумуштуу Б.Кебекованын макаласында (1973-ж.) бул вариант К.Жаңыбаевге таандык десе, профессор И.Б.Молдобаевдин монографиясында (1983-ж.) Ж.Жаңыбаев деп, ал эми Калык ырчынын айтуусу боюнча басылган “Жаныш,Байыш” эпосунун (1991-ж.) кириш сөзүндө (автору С.Закиров) бул көчүрмөнүн автору Ж.Жанаев Жусубаалы деп берилгендигин белгилеп көрсөтөт[1.2004,14]. Мындагы маалыматтар боюнча Жусубаалыдан Жаңыбай жаттап алганын , андан К.Мифтаков жазып алганын боолголоп билебиз.

Жогоруда белгилеп өткөндөй манасчы Жаңыбай Кожек улуунун аты жана фамилиясы да туура болбой , алмашылып келгенин изилдөөчү А. Калыбеков да туура байкаган. Фольклорист С.Закировдун “Изилдене элек эпикалык чыгармалар” деген эмгегинде “Ак Мөөр” дастанын Жаңыбаев Кожек Болоттун өз үйүндө үч күн туруп жазып алган деген маалымат берилет. Мында да Жаңыбай ырчынын аты менен фамилиясы алмашып калганын көрсөтөт. “Жаныш,Байыш” эпосун ал да эл арасында айтып жүргөнүн айылдагылар жокко чыгарбасын бул изилдөөчү да эскертет [1.2004,15].

Маселенин негизги мазмуну. Аталган баатырдык эпос жөнүндө эл арасында ар түрдүү көз караштар жашап келет. Анын башкы далили катары бүгүнкү бизге жеткен бул эпостун көп вариантын (8 вариант) көрсөтсөк болот. “Жаныш, Байыш” – эл арасына кеңири тараган баатырдык эпос. Чыгыш доору XV-XVIII кылымдардын аралыгын, башкача айтканда, кыргыз элинин тарыхында кыйын кезең катарында бааланып, калктын өз алдынчалыгын, көз каранды эместигин коргоп, кытай, калмак төбөлдөрүнүн баскынчылык жортуулдарына каршы күрөшүп, ашкере каармандыкты, өжөрлүктү көрсөтүп, оор кайгы, зор жоготууларды баштарынан өткөрүп турган доорду камтыйт. Тарыхый маалыматтарга, элдик уламыш, аңыз сөздөргө караганда айрыкча Нарын, Ысык-Көл аймагы катуу чабуулдардын борбору болуп, кыргын-сүргүндөн жабыркаган жергиликтүү калк отурукташкан жерден сүрүлүп, түштүк жакка агылат. Эпос жогоркудай тарыхый негизи бар реалдуу окуяны көркөм чыгарманын баяндоо өзгөчөлүгүнө ылайык чагылыштырат. Албетте, чыгарма эпос түрүндө бир учурда, бир мезгилде калыптана койбосо да, ошол доордун изи катарында калк эсинде орун алып, окуясы кеңейип, жаңы каарман, персонаждарды камтып, укумдан тукумга, доордон доорго өтүп, бизге келип жеткендиги талашсыз[9.1998, IV,5]”. Бул варианттардын ичинен көлөмү жана көркөмдүк сапаты жагынан талапка ылайык деп эсептелингени төкмө ырчы К.Акиевдин варианты 4 (төрт) жолу (1939-ж., 1970-ж., 1990-ж., 1998-ж.) басылып чыкты. Булардан тышкары кызыл-суулук жазгыч дастанчы Өмүр

Мамбеттин варианты да өзүнчө китеп болуп 1988-жылы Үрүмчүдөн жарык көргөн. Бул варианттын өзгөчолүгү катары окумуштуу М.Мукасов анын жазма адабияттын таасиринде иштелгендигине басым жасаган[8.1999,6].Соңку мезгилде бул эпоско карата мамиленин өзгөрүлүп баратканына байланыштуу изилдөөчү А.Калыбеков буларга токтолот: “Дастандын өзөгүнө камтылган окуялардын, ишенимдердин, көз караштардын, антропонимдер, топонимдер жана этнонимдерге таянып, келип чыгышынын тарыхий даректерине башка өңүттөн кароого аракеттендик. Биздин иликтөөлөргө жана божомолдорго илимпоздор жана окурмандар өз пикирлерин айтышаар деп ишенебиз” [1.2004.15]. Кыргыз окумуштуулары бул эпос боюнча өз изилдөөлөрүн өткөн Советтик идеологиянын алкагынан чыкпай жүргүзүүгө көп күч үрөшкөнүн белгилөөгө аргасыз болобуз. Аталган эпостун көп вариантынын ичинен адабиятчы Б.Кебекова ырчы К.Акиевдин вариантына мындайча баа берет: “Бул вариант бардык нускалардан өзүнүн көлөмү гана эмес, көркөмдүгү, мазмун-маңызы, оюнун тереңдиги, каармандардын образынын толук ачылышы, баяндоо ыкмасынын ар түрдүүлүгү, көтөрүлгөн бул же тигил идеянын ары ачык, ары жеткилең баяндалышы, куюлушкан бир кылка уйкаштык, сөз байлыгы, баатырдык ыкманын жогорку баскычта чечилиши менен айырмаланат” [10,1998, 5]. Бул вариантта кыргыз элине Азирет хан бийлик жүргүзүп, ал өзү акылман, алдын ала акыл калчап, келечекти көрө билген адам болгон. Азирет Үзүр шаарында жашап, ага 60 шаар караган экен. Кытай менен кыргыз элин Акүргүн деген дарыя бөлүп турат. Дарыянын аркы өйүзүндө Айдың-Көл деген жайлоосу болуп, ага барып-келип туруш үчүн чоң көпүрө салдырат. Хан карып, күч-кубаттан тайганда Айдың-Көлдү кытайларга алдырып койот. Душман эми кыргыздарга кол салып, өз үстөмдүгүн орнотпосун деген ой менен көпүрөнүн аркы өйүзүн кара зоо менен бекитип, “кайып ээлеп алды” деп, берки өйүзүн кызыл зоо менен бекитип, “кызыр ээлеп алды” деп жаздырып салат. Азирет хан өткөн соң, баласы Нуркан такты ээлейт. Ал баатырдык ишке маани бербей, өз элин тынч жашоого үндөп, Баш көл, Орто

көлдөрүн жайлап, ит агытып, куш салып, жай турмуш кечирип жашай берет. Балдары Жаныш жана Байыш баатыр чыгып, Байышы 9 жашында кишини тике качырган буура төөнү бута атымча жерге ыргыткан балбандыгы билинет. Жаныш 11 жашка чыкканда атасы Нуркан хандык тагын берип, ал 6 жыл хандык кылган мезгилде Кайыры шаарын курдурат. Шаардын чоңдугу жана элге жагымдуулугу эпосто мындайча сүрөттөлөт: Бала күндө хан болуп

Жаныш салган Кайыры шаар
Кырк күндүк жерге салынган
Кытайдан уста алдырган.
Кырк тыйын чака чыгарбай
Карыптын көөнүн жам кылган.
Жарды, жакыр түнөгөн
Жаныштан калган санжыргам.
Кырк миң киши түнөсө
Кырк адамдай болбогон.
Азем шаар Кайрынын

Кырк үйүнө толбогон. [11,1991,194] Бул саптарды изилдөөчү А.Калыбеков жөн эле айтуучунун ойлоп тапкан ыр саптары эмес экенин белгилейт. Бул ыр саптар аталган эпостун тарыхый өзөгүн түзгөн маанилүү башат деп эсептейт. Башынан аягына чейин кырк күндүк жол болгон Ош, Өзгөн, Баласагын, Аксы, Кайры, Улукен сыяктуу шаарлары бар улуу мамлекет курулган учурлар болгонун эл оозунда айтыла келген элдик чыгармалар далилдейт.Элдик дастандардын келип чыгышы жана калыптанышы жөнүндө орус жазуучусу Н.Г.Чернышевский буларды белгилеген экен: “Бардык эле кичине (аз) элдин баарында кызыктуу, бай поэзия боло бербейт. Алардын гүлдөө учуру эмне менен шартталат? Эл турмушунун энергиясы менен ! Кайсы эл күчтүү жана укмуштуудай сезим менен толкунданса, кайсыл элдин күчү менен улуу окуялар болуп өтсө, ошол жерде гана бай поэзия болот” [12.II. 295].

Тарых баракtарына көңүл бурсак, кыргыз эли Борбордук Азиядагы көчмөн маданиятын эле сактап калбастан, шаар маданиятын да өнүктүрүп келгенин көрөбүз. Кыргыздар шаар курулушунда кирпичтерди эчкинин майына бышырып, тыбыт жүнүнө ийлеп туруп куйганын, дубалдарын да дал ошондой технология менен ишке ашырышканын Өзгөн сыяктуу чоң шаарлардагы тарыхый-маданий эстеликтерди реконструкциялоо иштерине катышкан адистер айтышып, аны жеринде далилдешкен. Мындай архитектуралык курулуштар жана инженердик жабдуулар да элдик чыгармалардан орун алган учурлар жок эмес. Айтылуу “Шырдакбек” дастанында анын азыркы Ак-Талаа аймагында жайгашкан Чолок-Кайың айылындагы (мурдагы Ленин атындагы колхоз) ордосуна жер асты менен тоо тараптан карапа түтүктөр аркылуу суу алынып келингенин 1988-жылы жергиликтүү элдин оозунан уккан жайым бар эле. Мындай суу түтүктөр Чүйдө, Таласта, Кетмен-Төбөдө, Чаткалдагы археологиялык казууларда табылганы белгилүү.Булар Чаткалдагы Ыдырыс пайгамбардын кабыры деп эсептелген мазардан да табылып, азыркы күндө ошол ыйык жайда 5-6 даана суу түтүк сакталууда. Алардын айрымдары учурунда борбордогу мамлекеттик тарых музейине да өткөрүлүп берилген. Археологиялык казуу иштери Чаткал өрөөнүндө Совет мезгилинде 1950-жылдардын башында археолог А.Кибиров тарабынан жүргүзүлүп, жогорку суу түтүктөрү ошондо табылган деген маалымат бар. Андан бери бул аймакка жандуу археологиялык изилдөө иштери колго алынбай келет. Эгер активдүү изилдөө иши буга чейин колго алынып келген болсо мындагы карападан жасалган суу түтүктөрү өрөөндүн дагы кайсыл жерлеринде жайгашкан жана мындай технологиялык иш-аракеттер колдонулган ишкана өрөөндүн кайсыл жеринде болгон ?-деген суроолорго жооптор алынып, анын башка да тарыхый баалуулуктары аныкталмак. Кетмен-Төбө өрөөнүнөн орун алган Байыш-Булак жана Жаныш-Булак суулары ушул карапа түтүктөр аркылуу пайдаланылып, ал Жазы-Кечүү, Кансалык, Улуу Кен аймактарында орун алган байыркы шаарлардын ордун

аныктоого өбөлгө болуп берген. Ал эми мындай шаар калдыктары, хан ордолор Чаткалда да арбын болгонун азыркы айрым жер-суу аттары да далилдейт. Изилдөөчү А.Калыбеков эпостогу Айдың-Көл азыркы Соң-Көл экенин жана Акүргүн дарыясы биздеги кадимки эле Нарын дарыясы экенин тарыхый маалыматтарга таянуу менен белгилейт. Мына ушул Айдың-Көл бул аймакта жашаган карлуктар, ягмалар, тогуз-огуздар ортосунда дайыма талаш жаратып келгени жана ушул уруулар ортосунда кандуу согуш аракетине себепкер болгонун белгилүү тарыхчылар В.В.Бартольд, С.М.Абрамзон, Ө.Караевдер белгилешкен. Ал эми кыргыз эпосторунда жергиликтүү элдин эзелки душманы катары кытай жана калмактар айтылат. Чындыгында кыргыздар жанаша турган майда уруулар менен да жер, суу, жайлоо талашып согушуп турган. Демек, эпостогу Жаныш менен Байыштын кармашкан душмандары кытай же калмак эмес, коңшулаш уруулар да болушу мүмкүн экени айтылат. Орто кылымда түптөлгөн элдик чыгармалар соңку Совет доорунда коммунисттик идеологиянын таасири менен аларды элдик эмес деп тааануу чоң жаңылыштык болорун изилдөөчү А.Калыбеков да туура көрөт. Ал эпос менен азыркы Кетмен-Төбө өрөөнүнүн ортосунда көп жакындык жагдайлар бар экенин төмөнкүдөй мүнөздө белгилейт: “ Жаныш, Байыш” дастанындагы окуялар менен Кетмен-Төбөнүн байланышына күмөн санабай турган далилдер бар. Азыркы кездеги жана тарыхий географиялык аталыштар, тарыхый даректер, археологиялык табылгалар бул пикирге күбө болуп турат.Жаныш, Байыштын атасы Нуркан жайлаган Баш-Көл, Орто-Көл азыр Кара-Суу дарыясында Чоң-Көл, Кичи-Көл деген аттар менен белгилүү. Бул көлдөрдүн айланасы эң кооз жайлоолор катары азыр да пайдаланылат. Бул көлдөрдөн төмөнтө Кара-Көл суусунун башында дагы бир чакан көл бар. Ошондуктан дастанда жогорудагы көлдөр Баш-Көл, Орто-Көл деп аталган” [1.2004,36]. Ал эми Чаткал өрөөнүнүн Ак-Көл жайлоосунда “Жаныш-Байыш көл” деген аталыштагы чакан көл жана азыркы Жер-Капчыгай айылынын баш жагынан орун алган “Тулпардын акуру” да жогоруда сөз болуп өткөн Жаныш, Байыш окуясы менен үндөшөт

[13.15.05.25.5]. Булар жөнүндө мезгилдүү басма сөз беттерине да айрым маалыматтар жарык көрдү [14.27.01.26,№1(30),12]. Фольклорист, профессор Ж.Субанбеков бул эпостогу башкы каарман Жаныш экинчи каарман Байыштын образын толукташ үчүн эле орун алган деген пикирине ынанымдуу негиз жок экенине изилдөөчү А.Калыбеков да кошулат. Анын ою боюнча “Жаныштын токтоолугу, кырдаалга жараша акылга салып чечимге келүүсү – хандыктын белгиси катары дастанда колдоого алынарын” [1.2024,31] туура көрөт.

Жыйынтыктап айтканда, “Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүндө жомокчулар, төкмө ырчылар кыргыз жергесинин кооздугун, ажайып табиятын илгертен эле чоң эргүү менен чыгармаларынын мазмунуна ылайык сүрөттөөгө алышкан” [15, 63] . “Жаныш, Байыш” дастаны азыркы Кетмен-Төбө, Чаткал өрөөндөрүндө орун алган айрым жер-суу аттары менен тарыхый аталыштар бирин-бири толуктап турат. Демек, элдик чыгарманын түпкү нугу менен соңку тарыхый окуялардын ортосунда табигый байланыштын бар экендиги байкалат. Жогорудагы жер аймактары жакын, жанаша жайгашкандыктан “Жаныш,Байыш” окуяларынын айрым учурлары ушул өрөөндөргө таандык экендигин Чаткалдагы тарыхый жер-суу аттары **(“Жаныш-Байыш көлү”, “ Тулпардын акуру”, “Тулпар кыя”)** да ырастап турат. Эмики милдет – ошол өткөн тарыхый баатырдык дооруордун изи менен талыкпаган изилдөө иштерин жандандыруу, элибиздин өткөн мезгилин соңку урпактарга дааналап, тактап, аныгына чыгуу. Мындай изилдөөлөр бул өрөөндөргө таандык башка да тарыхый маалыматтардын ачкычы болушу мүмкүн. Жаныш, Байыш баатырлардын башка да жагдайлары жана элдик санжырадагы алган орду жөнүндөгү ой-пикирлер өзүнчө макаланын объектиси катары кийинкиге калтырылды.

Колдонулган илимий адабияттар:

1. Калыбеков.А “Жаныш, Байыш” дастанынын Кетмен-Төбөнүн тарыхы менен байланышы. Бишкек, “Айат”, 2004-жыл. 111 бет.

2. Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. Фрунзе, “Илим” , 1973-жыл. 421; 433-беттер.

3. Кыргыз ИАсынын кол жазмалар фондусу. Инв: №1633

4. Абрамзон. С.М. Кыргызы и их этногенетические и историко-культурные связи. Фрунзе, 1990г. стр.359

5. Закиров.С Кириш сөз. Китепте: Жаныш , Байыш. Эпос. Бишкек, 1991-жыл, 8-бет.

6. Субанбеков.Ж Кыргыз элинин баатырдык эпостору. Фрунзе. “Илим”, 1970-жыл. 76-бет.

7. Молдобаев.И.Б. Эпос “Жаныш, Байыш”. Фрунзе, “Наука”,1983г.стр 41-51.

8. Мукасов.М “Жаныш, Байыш” эпосунун поэтикасы.Бишкек, 1999-жыл,3-б

9. Жаныш, Байыш. Эпос. “Эл адабияты” сериясы. Бишкек, IV том. 1998-жыл, 5-бет.

10. Кебекова.Б Кириш сөз. Китепте: Жаныш, Байыш. Эпос. “Эл адабияты” сериясы. IV том , Бишкек, 1998-жыл, 5-бет.

11. Жаныш, Байыш. Эпос. Бишкек, 1991-жыл. 134-бет.

12. Чернышевский Н.Г. Полное собр. сочинении.Москва, II том.1953г. стр.295

13. Баймырзаев.Б.А. Жер Капчыгай . Тарыхый баян. “Азия news” , 15.05.25. №16(595) , 5-бет.

14. Баймырзаев.Б.А. Тулпар кыя. Даректүү баян. “Кыргыз тили” гезити, №01(30), 27.01.26. 12-бет.

15. Шерипбаев, А. Р. С.Раевдин “Кашаба” повестинде табият көрүнүшүн сүрөттөө чеберчилиги / А. Р. Шерипбаев, М. Ж. Абдыкадырова // Вестник Жалал-Абадского государственного университета. 2026. – No.1(67).– P. 62-68.

Bakirov Qudratillo Xamidillo o‘g‘li

CHINGIZ AYTMATOVNING “ASRGA TATIGULIK KUN” ROMANI G‘OYALARI VA ZAMON MAFKURASI

Бакиров Кудратилло Хамидилло угли

ИДЕЙНОЕ СОДЕРЖАНИЕ РОМАНА ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА «И ДОЛЬШЕ ВЕКА ДЛИТСЯ ДЕНЬ» И ИДЕОЛОГИЯ ВРЕМЕНИ

Bakirov Kudratillo

THE CONCEPTUAL FRAMEWORK OF CHINGIZ AITMATOV’S NOVEL “THE DAY LASTS MORE THAN A HUNDRED YEARS” AND THE IDEOLOGY OF THE TIME

УДК: 821.512.154-31.09

Annotatsiya: *Ushbu maqola Chingiz Aytmatovning “Asrga tatigulik kun” romani g‘oyalari hamda asar yaratilgan davr mafkurasi o‘rtasidagi o‘zaro bog‘liqlikni tahlil qilishga bag‘ishlanadi. Tadqiqotda roman syujeti, obrazlar tizimi va ramziy qatlamlar orqali inson xotirasi, tarixiy ong, milliy o‘zlik va totalitar mafkura muammolari yoritiladi. Asarda manqurtlik timsoli orqali shaxsni ma’naviy ildizlardan uzish, tarixiy xotirani yo‘qotish xavfi ochib beriladi. Maqolada sovet davri mafkuraviy bosimi sharoitida yozuvchining falsafiy-ijtimoiy qarashlari, inson erkinligi va axloqiy mas’uliyat haqidagi konsepsiyasi tahlil etiladi. Shuningdek, roman tarkibidagi kosmik syujet chizig‘i orqali zamon va makon tushunchalarining kengayishi, insoniyat taqdiri haqidagi umumfalsafiy mushohadalar ko‘rib chiqiladi. Tadqiqot natijasida asar nafaqat muayyan davr mahsuli, balki umuminsoniy qadriyatlarni targ‘ib etuvchi badiiy-falsafiy yuksak namunasi ekanligi asoslanadi.*

Kalit so‘zlar: *Tarixiy xotira, milliy o‘zlik, asar g‘oyasi, Inson erkinligi, mafkura, manqurtlik, milliy g‘urur.*

Аннотация: *Данная статья посвящена анализу взаимосвязи идей романа Чингиз Айтматов “И дольше века длится день” и идеологии эпохи его создания. В исследовании рассматриваются сюжет, система образов и символические слои произведения, через которые раскрываются проблемы исторической памяти, национальной идентичности, духовных ценностей и влияния тоталитарной идеологии. Особое внимание уделяется образу манкурта как символу утраты исторической памяти и духовных корней. В статье анализируются философско-социальные взгляды автора, его концепция свободы личности и нравственной ответственности в условиях идеологического давления. Кроме того, космическая линия романа интерпретируется как художественное средство расширения категорий времени и пространства, а также как выражение размышлений о судьбе человечества. В результате исследования обосновывается вывод о том, что произведение является не только отражением своей эпохи, но и высокохудожественным воплощением общечеловеческих ценностей.*

Ключевые слова: *Историческая память, национальная идентичность, идея произведения, свобода личности, идеология, манкуртизм, национальная гордость.*

Annotation: *This article examines the relationship between the ideas of Chingiz Aitmatov’s novel “The Day Lasts More Than a Hundred Years” and the ideology of the period in which it was written. The study analyzes the plot, system of characters, and symbolic layers of the work, revealing themes of historical memory, national identity, spiritual values, and the impact of*

totalitarian ideology. Particular attention is given to the image of the mankurt as a symbol of the loss of historical memory and spiritual roots. The article explores the author's philosophical and social views, especially his concept of personal freedom and moral responsibility under ideological pressure. Furthermore, the novel's cosmic narrative line is interpreted as an artistic means of expanding the categories of time and space and as a reflection on the fate of humanity. The study concludes that the novel represents not only its historical era but also a profound artistic expression of universal human values.

Key words: *Historical memory, national identity, the idea of the work, human freedom, ideology, mankurtism, national pride.*

Turkiy dunyoda o‘ziga xos nasr egasi bo‘lgan yozuvchisi Chingiz Aytmatov o‘zining xalqona asarlari bilan nafaqat qirg‘iz xalqi, balki butun insoniyat qalbiga insoniylik martabasi va qadri borasidagi nozik tushunchalarni singdira bildi. Uning asarlarida oddiy xalq dardi, o‘tmishi, boy ma’naviyati jonlanadi. Hozirgi o‘zbek yoshlari ham uning asarlarini sevib o‘qiydi va ma’naviy ozuqa olishda davom etmoqda. Shaxsan o‘zim 9-sinf davrimda darslikda ko‘rsatilgan yozuvchining “Asrga tatigulik kun” asarini o‘qib uning ta’siriga tushib qolganman. Asar chizgilari qaysidir ma’noda undan oldingi yil o‘qiganim “Oq kema” asariga o‘xshasa-da, lekin asar orqali ona timsoli ongimda qayta gavdalangan. Asar g‘oyasini tushunish, davr muammolari bilan bog‘liq holda namoyon bo‘lgan hamda asarda kuchli “Mafkura” mexanizmi mavjud deyish mumkin. Asar bilan tanishganimga 15 yilga yaqin muddat bo‘libdiki, haligacha uning yangi qirralarini o‘zim uchun kashf etib kelmoqdaman va quyida badiiy asar mafkurasi bilan bog‘liq ayrim qarashlarimni havola etmoqchiman. “Mafkura” so‘zi mohiyatan “tushunchalar, g‘oyalar tizimi” degan ma’noni bildiradi [4]. Biroq bu safar mafkuradan hayot va hodisalarga qarash, hayot falsafasi ma’nosida foydalanamiz. Har bir roman o‘z xabari doirasida mafkuraga ega. Bu yerda ATK (Asrga tatigulik kun) asarida mafkura qanday ishlashi va muallif uni o‘quvchiga qanday yetkazishiga to‘xtalamiz. Asardagi g‘oyaviy jihatni beruvchi fikrlar personajlarning dialoglari, tushunchalari, hayotini anglash yo‘llari bilan bevosita bog‘liq holda aksini topadi.

Yana bir texnik muammo yuzaga keladi: qahramonlarning har biri qay darajada muallif nomidan gapiradi? Romandagi bosh qahramon, shubhasiz, Yedigey

Jangeldindir. O‘tmishdagi barcha voqealar Yedigeyning bilim olami, tasavvur olami orqali bizga yetkaziladi.

Bu bizga uning hayoti orqali yetkaziladi. Muallif muqaddimasida bu borada yorqin ma’lumot beradi: “...Hayot uchun tinimsiz kurashda mehnatkash inson bo‘lgani, botiniy qadriyatga ega bo‘lishi, uning ongida zamon oqimini mujassamlashtirgani bilangina men uchun ahamiyat va qiziqish uyg‘otadi, men Boranli Yedigeyni zamonamizning dunyo tartiboti markaziga qo‘yishga harakat qildim” [1, 5-6]. Demak, muallif adabiy asarning texnik parametrlari doirasida Yedigeyga o‘z ovozini bergan, deyishimiz mumkin.

Asarning detallariga qarab ATK “vaqt” romani ekanligini ifodalashga harakat qildik. Bu struktura (vaqtga asoslangan) tarkibda ham davom etadi. Romanda urf-odatlarning, odamlarning asrlar davomida, avloddan-avlodga o‘tib kelayotgan hayot qonuniyatlari, o‘limdek boqiy voqelik qarshisida asrimiz boshi berk ko‘chaga kirib borishi aks ettirilgan. Butun bir asr bizning ko‘z o‘ngimizda kino ekrani kabi jonlanadi. Urushlar, iztiroblar, eski va yangi o‘rtasidagi ziddiyat, yuqoridan singdirilayotgan mafkuralar ba’zi odamlarni “mang‘urt”ga aylantirishi va bularning barchasiga qaramay, insonlarni qamrab olgan iliq mehr va fidoyilik muhiti zidligi inson ongida oxiri yo‘q savollar yuzaga kelishiga sabab bo‘ladi.

Chingiz Aytmatov, birinchi navbatda, nafaqat qirg‘iz, balki turkiy dunyo madaniyatini ham asarlariga jo qilgan nosirdir. “Asrga tatigulik kun” asarida muallif o‘z jamiyati, Markaziy Osiyodagi turkiy xalqlari boshidan kechirgan va hozir ham boshdan kechirayotgan individual va ijtimoiy o‘zgarishlarni tasvirlaydi. Roman biz uchun milliy xususiyatga ega desak, mubolag‘a bo‘lmaydi. Endi bizni ana shunday xulosaga olib keluvchi romanning g‘oyaviy tuzilishiga batafsil to‘xtalib o‘tamiz. Diniy motivlar qahramonlar hayotiga nozik tarzda to‘qilgan. Dastlabki sahifalarda Qozongapning dafn marosimiga ruxsat olgan Yedigey bilan vokzal xizmatchisi Shaymerdan o‘rtasidagi suhbatda biz ikkita hayratlanarli munosabatning guvohi bo‘lamiz:

“Sovet hokimiyatining oltmishinchi yilida odamlar nima bilan shug‘ullanadi?! - Qo‘ying! Sovet hokimiyatining bunga nima aloqasi bor? Odamlar biz bilmaydigan asrlardan buyon o‘liklarini duo qilib keladilar. O‘liklar hayvon emas, odam!” [1, 24] Bu erda Shaymerdan shafqatsiz byurokrat, axloqiy qadriyatlari vayron bo‘lgan tizim mahsuli sifatida namoyon bo‘ladi.

Yana bir misol, domla Abutalip Quttiboyevni so‘roqqa kelgan “lochin ko‘zli” partiya inspektori Tisiqboyev. Stalin davridagi zulm timsoli bo‘lgan bu inspektorga qarshi Yedigey xalq ozodligini himoya qiladi, zulm va tazyiqni qoralaydi. [1, 180]. Yana Yedigeyning duosida diniy motiv va jamiyat unutayotgan an’analar ko‘rinadi, chunki Kazangapning dafn marosimi ona-bayt yaqinida, jar etagida bo‘lib o‘tadi. Yedigeyning xudoga iltijo qilishi, aslida, notinch qalb va iymonidan mahrum bo‘lgan jamiyatning tarixiy fojiasidan boshqa narsa emas edi:

“Men vasiyatimni men bilan birga kelgan yigitlarga topshiraman. Meni shu yerga dafn etish ularning burchidir. Lekin ular orasida men uchun duo qiladigan hech kimni ko‘rmayapman. Ular na Xudoga ishonadi, na duo qilishni bilishadi. Xudo nima ekanligini, bor yoki yo‘qligini bilishimiz yoki bilib olishimiz mumkinmi? Bu kimning qo‘lida? Kimdir xudoning mavjudligini aytsa, kimdir yo‘q deydi. Xudoni bilmagan yoshlar ertaga o‘lar chog‘da vijdonlariga va boshqalarga nima deydi? Rahmim keladi barchasiga…” [1, 337]

Asardagi ayrim unsurlar o‘zbek adabiyotida Chingiz Aytmatov bilan bir davrni tasvrlagan asar qahramonlari ruhiyatida ham sezish mumkin. Masalan, Said Ahmadning “Qorako‘z Majnun” nomli asarida ham o‘zligini yo‘qotgan dinsiz va qadryatsiz odamlar hayvonga tenglashtiriladi. Chingiz Aytmatovning mazkur asarida ham aynan shu g‘oyalar tahlil ostiga olingan va o‘zlikni anglash masalalari ilgari surilgan. Shuning uchun ham romandagi yana bir g‘oyaviy jihat – milliy madaniy qadriyatlar himoyasi. Asarda madaniy qadriyatlar bo‘laklarda yoki mustaqil bo‘limlarda (masalan, Nayman ona afsonasi va Raynall-Aga hikoyasi) namoyon bo‘ladi. Ustoz Abutalip Quttiboyev xalqlar o‘tmishidan kelajagigacha bo‘lgan

tarixiy jarayonda xalq ogʻzaki ijodi, xalq qoʻshiqlari, rivoyatlarining katta ahamiyatini qayta-qayta ta’kidlaydi:.

“Qadimgi turklar eng goʻzal qoʻshiqlarni yaratganlar! Har qoʻshiq goʻyoki tarix: insonlar ularning ichida jonli yashaydi. Ular bilan hislar yuraklarga jo boʻladi” [1, 160].

Abutalip Quttiboyevni soʻroq qilgani kelgan “burgut koʻzli” partiya inspektori Tisikbayev Yedigey bilan suhbati davomida, u Quttiboyev xalq qoʻshiqlari va “Raymanli ogʻa hikoyasi”ni yaratganligi uchun “yangi Muxtor Ayvazov” ekanligini aytadi. Ma’lumki, Muxtor Ayvazov oʻzining “Abay yoʻli” dostonida buyuk qozoq shoiri Abay Kunanboyev bilan tanishar ekan, jamiyatning an’ana va urf-odatlarini ham yorqin tasvirlab bergan. Tisikboyev bu milliy romanni “feodal oʻtmishga intilish” deb ta’riflagan boʻlsa, Yedigey unga qarshi Quttiboyevni ham Ayvazovni ham himoya qildi, chunki u bilardiki, xalqni xalq sifatida shakllantiruvchi asosiy omil, millat ruhi – xalq tarixi, an’ana va qadryatlaridir. Ularsiz xalq manqurt boʻladi, oʻz yoʻlini yoʻqotib, oʻzgalar izidan yuradi.

“Rejim” atrofida yana bir mafkuraviy jihat shakllanadi. Asar boshidan oxirigacha jamiyat a’zolarining arosat holatidan hikoya qiladi. Odamlar oʻzlari ishongan e’tiqod va unga qarshi “Din –bu afyun” kabi yuqoridan singdirilayotgan gʻoya oʻrtasidagi ziddiyatni boshdan kechirardilar. Kecha va bugun, an’ana va rejim, amal qilish yoki qilmaslik kabi yashirin ziddiyat mavjud edi. Odamlarning orzulari, fikrlari va hatto xotiralari ham nazoratga olingan bir davr edi. Bunga eng yorqin misol Quttibayevlar bilan sodir boʻlgan voqea bu oilaning bema’ni ayblovlarga asoslangan qat’iy ta’qibi va ularning fojiali yakuni mavzusidir. Bu Stalin davrining oʻziga xos qirralarini oʻzida aks ettiradi [6]. Hattoki unga ergashgan odamlar dahshatli tuzum qoʻlida zulm quroliga aylandi. Ular barcha noqonuniy xatti-harakatlarini rejim tabulari ortiga yashirdilar. Bu davrning odatiy huquq-tartibot xodimi Tisikbayevdir. U shunchalik dahshatliki, odamlarning oʻz kundaliklarida yozganlaridan rejimga qarshi hukm chiqarib, ularni oʻlimga hukm qilishi mumkin. Rejim xizmatkorlaridan farqli oʻlaroq, Yedigey inson qadr-qimmatini himoya

qiluvchi, ikkilanmay xalqning himoyasida tik turuvchi davlat prokuroriga o‘xshaydi. Yana bir mafkuraviy xususiyat - bu “erkinlik” g‘oyasi, ham individual, ham ijtimoiy jihatdan yoritilgan. Erkinlik va o‘zlik tushunchalari hiyoyada o‘zaro bog‘langan va “o‘zligini yo‘qotish –erkni yo‘qotish” ekanligi haqidagi g‘oyalar singdirilgan. “Nayman ona afsonasi”da qadimgi Juanjuan qabilalari odamlarning xotirasini zo‘rlik bilan o‘chirib tashlaganliklari haqida hikoya qilinadi. Shunday qilib, bu odamlar manqurtlarga aylanadi. Romanda erkinlikning qadri ushbu hikoya qahramoniga ishora qilish orqali ifodalanadi.

Kazangapning o‘g‘li Sobitjon, otasining o‘zi muqaddas deb bilgan Ana-beytda dafn etilishi hech qanday ma’no yo‘qligini ko‘rsatadigan munosabatni qabul qiladi. Sovet maktablarida o‘qigan Yedigey materialistik nuqtai nazarga ega.

O‘zini himoya qilayotgan Sobitjonga muallif: “Sen manqurtsan! [ATK, 343: 2018]. Bu faryod, bizningcha, romanning mohiyatini tashkil etadi. Muallif ushbu jumladagi xabarni yashirgan. Juanjuan xalqi Nayman onaning o‘g‘li Do‘nenbayning boshini tuya terisi yordamida xotirasini o‘chirib, uni manqurtga aylantirgani, so‘ng onasini o‘ldirgani kabi, Rossiya kommunistik rejimi Kazangapning o‘g‘li Sobitjonni otasining o‘limidan, millatining urf-odatlaridan yiroq bo‘lgan odamga aylantirdi. Boshqacha aytganda, manqurtga aylantirib qo‘yishdi. Rejim Sobitjon kabi odamlarni tarbiyalayapti. Shunday ekan, muallifning “Tilingni, diningni, urf-odatingni mahkam tut” degandan boshqa niyati yo‘q.

“Asrga tatigulik kun” romani ham shakliy, ham g‘oyaviy jihatdan chuqur asardir. Ushbu tahlilda biz qo‘limizdagi mezonlar bo‘yicha yondashishga harakat qildik. Umid qilamizki, boshqa qimmatli tadqiqotchilar ham romanda yanada go‘zallik va turli teranliklarni kashf etadilar. Muallif butun bir asrni uning gunohlari va fazilatlari bilan 24 soatlik real vaqt davriga moslash mahoratini ko‘rsatdi.

U voqeani o‘z dunyosi haqiqatlari doirasida baholadi. Qolaversa, bugungi kunda turkiy xalqlar Markaziy Osiyoda boshdan kechirgan buyuk fojialarga qaramay, kelajakka umid bog‘langanligidan guvohlik beradi. Shunday qilib,

Yedigeyning sharafli kurashi vaqt o‘tib “zamonaviy podshohlar”ni ag‘dardi va xalqni istiqloliyatga boshladi, millat ruhini qayta uyg‘otdi.

Asardagi ba’zi chizgilar bizlarni mavhumlikka yetaklasada, ularda haqiqat kuni bor. Har qanday o‘quvchi Nayman onada o‘z onasini ko‘radi, u qaysi millat vakili bo‘lmasin. Ona o‘z farzandi tomonidan o‘ldirilgan paytda, kitobxonning bor vujudi larzaga keladi, lekin bir haqiqat borki, onaning jismi o‘lgani bilan ruhi o‘lmaydi. Chingiz Aytmatov xalq dardini yaxshi tushungan, xalqning uyg‘oq farzandidir. Abdulhamid Sulaymon o‘g‘li Cho‘lpon ta’biri bilan aytganda, “Millatni uyg‘otish –uyg‘onganlarning vazifasi”. Shunday ekan, nosir umrining so‘ngi oniga qadar o‘z zimmasiga tushgan og‘ir missiyani ado etmoq uchun yashadi va buning uddasidan chiqdi.

Adabiyotlar:

1. Aytmatov, CH. Asrga tatigulik kun. – Toshkent: “Yoshlar”, 2018. - 424 b.
2. G‘afurov, I. Chingiz Aytmatov olami. - Toshkent: “Ma’naviyat”, 2001. — 224 b.
3. Normatov, U. Badiiy tafakkur va zamon. - Toshkent: Fan, 2005. — 256 b.
4. Nazarov, B. Adabiyot va mafkura. - Toshkent: Fan, 2003. — 240 b.
5. Ramazan Korkmaz. Cengiz Aytmatov Üzerine İncelemeler. - Ankara: Akçağ Yayınları, 2002.
6. Sharafiddinov, O. E’tiqod va e’tirof. - Toshkent: Sharq, 1998. — 320 b.

Каленбекова Гулбарчын Тайырбековна

С. СТАНАЛИЕВДИН “АК ЖАРЫКТЫН АЙЫКПАГАН СЫНЫГЫ” РОМАНЫНДАГЫ АВТОРДУН ЛЕКСИКАЛЫК ТАБЫЛГАЛАРЫ

Каленбекова Гулбарчын Тайырбековна

ЛЕКСИЧЕСКИЕ НОВАТОРСТВА АВТОРА В РОМАНЕ С. СТАНАЛИЕВА “АК ЖАРЫКТЫН АЙЫКПАГАН СЫНЫГЫ”

Kalenbekova Gulbarchyn Taiyrbekovna

LEXICAL INNOVATIONS IN THE NOVEL BY S. STANALIEV “AK JARYKTYN AIYKPAGAN SYNYGY”

УДК 821.512.154:81'373

Аннотация: *Макалада азыркы кыргыз адабиятынын көрүнүктүү өкүлү Самсак Станалиевдин “Ак жарыктын айыкпаган сыныгы” романындагы “дил” тилдик бирдигинин колдонулуш өзгөчөлүктөрү жана анын семантикалык мүмкүнчүлүктөрү талдоого алынган. Автордун кыргыз тилинин табигый сөз жасоо кудуретине таянуу менен жараткан “дил арман”, “дил-көй”, “дил күйүт”, “дил муң”, “дил муңаюу” сыяктуу индивидуалдык-автордук неосемантизмдери лингво-поэтикалык аспектиде изилденет. Изилдөөдө бул лексикалык табылгалар кадимки эмоционалдык борбордун милдетин гана аткарбастан, каармандардын ички психологиялык абалын, рухий болмушун жана экзистенциалдык*

трагедиясын ачып берүүдөгү башкы маани-түшүнүктүк (концептуалдык) жана стилдик курал катары далилденет.

Ошондой эле макалада автордун "дил" компоненти аркылуу түзүлгөн лексика-семантикалык айкаштарынын поэтикалык-экспрессивдик жүгү, алардын тексттеги образ жаратуудагы ролу жана психологизмди тереңдетүүдөгү функциясы кеңири каралат. "Дил" сөзүнүн иран тилинен өздөштүрүлгөн семантикалык катмарлары кыргыз тилиндеги активдүү жана пассивдүү лексика менен карым-катышка түшүп, жаңы метафоралык маанилердин калыптанышына өбөлгө түзгөндүгү белгиленет.

Изилдөөдө роман текстинен алынган мисалдардын негизинде "дил арман", "дил күйүт", "дил муңу" сыяктуу бирдиктер каармандардын ички дүйнөсүнүн көп катмарлуу эмоционалдык абалын – кайгы, муң, күйүт, үмүт жана руханий чыңалууну чагылдырган универсалдуу поэтикалык модел катары чечмеленет.

Макаланын жыйынтыгында Самсак Станалиевдин чыгармасындагы "дил" лексемасы жөн гана сезимди билдирүүчү тилдик бирдик эмес, кыргыз көркөм прозасында психологизмди жаңы деңгээлге көтөргөн, автордук индивидуалдуулукту аныктаган жана адабий тилдин семантикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейткен концептуалдык ядро экени негизделет.

Ачкыч сөздөр: *"дил" лексемасы, автордук табылгалар, неосемантизм, көркөм психологизм, стилдик каражат, маани-түшүнүктүк айкалыштар, кыргыз адабияты.*

Аннотация: *В статье анализируются особенности функционирования лексемы «дил» (душа/сердце) и расширение её семантического потенциала в произведениях известного кыргызского писателя Самсака Станалиева. В лингвопоэтическом аспекте исследуются индивидуально-авторские неосемантизмы, такие как «дил арман», «дил-көй», «дил күйүт», «дил муңу», «дил муңаюу», созданные на основе словообразовательных возможностей кыргызского языка. В ходе исследования доказывается, что данные лексические находки автора выступают не просто эмоциональным центром, но и служат ключевым концептуальным и стилистическим инструментом для раскрытия внутреннего психологизма, духовного бытия и экзистенциальной трагедии персонажей.*

Также в статье подробно рассматривается поэтико-экспрессивная нагрузка лексико-семантических сочетаний, образованных с участием компонента "дил", их роль в создании художественных образов в тексте и функция в углублении психологизма. Отмечается, что семантические слои слова "дил", заимствованного из иранских языков, вступая во взаимодействие с активной и пассивной лексикой кыргызского языка, способствуют формированию новых метафорических значений.

На основе примеров из текста романа исследуется, что такие единицы, как "дил арман", "дил күйүт", "дил муңу", интерпретируются как универсальные поэтические модели, отражающие многослойное эмоциональное состояние внутреннего мира персонажей — горе, печаль, скорбь, надежду и духовное напряжение.

В заключении статьи обосновывается, что лексема "дил" в произведении Самсака Станалиева является не просто языковой единицей, выражающей чувства, а концептуальным ядром, которое выводит психологизм в кыргызской художественной прозе на новый уровень, определяет авторскую индивидуальность и расширяет семантические возможности литературного языка.

Ключевые слова: *лексема «дил», авторские новообразования, неосемантизм, художественный психологизм, стилистическое средство, концептуальные сочетания, кыргызская литература.*

Annotation. *The article analyzes the usage features of the lexeme "dil" (soul/heart) and the expansion of its semantic potential in the works of the prominent Kyrgyz writer Samsak Stanaliyev. Individual-authorial neosemantisms, such as "dil arman", "dil-koy", "dil kuyut", "dil mungu", "dil munayu", created on the basis of the word-formation capability of the Kyrgyz language, are investigated from a linguo-poetic perspective. The study demonstrates that these lexical findings*

function not merely as an emotional center, but serve as a primary conceptual and stylistic tool for revealing the inner psychology, spiritual existence, and existential tragedy of the characters.

Also, the article provides a detailed examination of the poetic and expressive load of lexical-semantic combinations formed with the component "dil", their role in creating artistic images in the text, and their function in deepening psychological representation. It is noted that the semantic layers of the word "dil", borrowed from Iranian languages, interacting with both active and passive vocabulary of the Kyrgyz language, contribute to the formation of new metaphorical meanings.

Based on examples from the novel, it is shown that units such as "dil arman", "dil küyüt", and "dil muñu" are interpreted as universal poetic models reflecting the multilayered emotional state of the characters' inner world — sorrow, grief, anguish, hope, and spiritual tension.

In conclusion, the article substantiates that the lexeme "dil" in the work of Samsak Stanaliyev is not merely a linguistic unit expressing feelings, but a conceptual core that elevates psychological realism in Kyrgyz prose to a new level, defines the author's individuality, and expands the semantic potential of the literary language.

Keywords: *lexeme "dil", author's coinages, neosemantism, artistic psychologism, stylistic device, conceptual combinations, Kyrgyz literature.*

XXI кылымда кыргыз адабиятында бир катар жазуучулардын чыгармалары жарыкка чыгып окурмандарга тартууланды. Алардын арасында мазмуну маанилүү, актуалдуу жана көтөргөн идеялары салмактуу, коомдогу курч маселелерге кайрылган чыгармалар бар. Калемгерлерибиз Кыргызстан эгемендигин алгандан бери тээ Кеңеш өкмөтүнүн тоталитардык саясатынын былыктарын ачыкка чыгарып, элге жеткирүүгө кызыгып турган болчу. Алар ошол мезгилдин картинасын сүрөттөө менен жаштарыбыз үчүн сабак боло турган маселелерди көтөрүп, ошол саясаттын чыныгы жүзүн ачып берүүнү көздөгөн. Ошондой чыгаан жазуучуларыбыздан С. Станалиев, С. Раев, Ч. Абыкеев, А. Койчиев ж. б. атасак болот. Булардын арасынан С. Станалиевдин чыгармаларына токтолобуз.

Самсак Станалиев адабиятта алгач кадамын поэзия менен баштаса да, чыгаан публицисттердин катарын толуктаган курч калемгер болгон. Анын "Жазуучулар союзунун жаралышы" (2019) деген макаласы, "Тыныстановду НКВД эмес эле өзүм кыйнап, мен атып салгандай боло берем" (2014), "Бороонду жарып туйгун куш гана уча алат" (2002) "Сөз адамга Кудайды жаратат" (2013), "Жазуучулар согушу сыйлык, наамдан башталат" (2019) деген очерктери менен көлөмдүү маектери жарыялады. Ошону менен бирге мамлекеттик тилге арналган "Эл дөөлөтү – эне тил" (2012) деген

публицистикалык жыйнакты түзүп, ошол жыйнакка “Эне тилим энемдин ак сүтүнөн жаралган” деген макаласы киргизилген.

Кара сөздө калеми такшалып, кийин романдарды жаза баштады. Жазганда да кыргыз адабиятынын алгачкы жылдарын, алгачкы жазуучулардын чыгармачылык ишмердигине кайрылып, олбөс-өчпөс чыгармаларды жаратты. Самсак Станалиевдин чыгармалары боюнча бир катар сын-пикирлер газета-журналдарга жарыяланган. К. Асаналиевдин “Азыркы психологиялык роман” (“Кыргызстан маданияты” 2002-ж. №8), С. Эралиевдин “Сөз кереметинен жаралган” (“Кыргыз-Туусу” 2004-ж. №40), А. Какеевдин “Тарыхтын көркөм баяны” (“Кыргыз-Туусу” 2004-ж. №34) макалалары чыккан. Станалиевдин чыгармачылыгы тууралуу булардан тышкары А. Айтыкеев, А. Оболбекова, А. Жуманалиев, М. Тентимишевдердин макалалары да жарык көргөн.

Макалаларда Самсак Станалиевдин чыгармаларына мазмуну, көтөргөн маселелери боюнча терең талдоолор болуп, оң баалар берилген.

Анткен менен автордун чыгармаларынын тилине, көркөмдүк өзгөчөлүгүнө кайрылган изилдөөлөр али колго алына элек.. Ошондуктан биздин изилдөөбүз анын чыгармаларынын тилине, тилдик өзгөчөлүктөрүнө арналат. Самсак Станалиев – чыгармачыл инсан катары эч кимге окшобогон стили бар өзгөчө талант экени, ошентип баасын алган. Анын “Ак жарыктын айыкпаган сыныгы” романы мурда айтылгандай кыргыз адабиятынын өнүгүү жолундагы тарыхый окуяларды чагылдырган. Чыгарма – реалисттик адабияттын чоң жетишкендиктеринин бири. Анда адамдын ички дүйнөсүн, психологиясын ачып берүүгө ийгиликтүү кадамдар жасалган.

Белгилүү адабиятчы М. Борбугулов “Адабий көркөм сөз өнөрүнүн башкы өзгөчөлүктөрү – жамилик жана көркөмдүк да тил аркылуу ишке ашырылат; жазуучу калайык-калк сүйлөгөн тилде жазат. Оюн так жана образдуу бере турган сөздү издөө жана аны табуу – жазуучунун эң ыйык татаал жана оор милдети”, - деп белгилейт [2, 272]. “Көркөм адабияттын негизиги өзгөчөлүгү – анын таасирдүүлүгү болуп саналат. С. Станалиевдин “Ак жарыктын айыкпаган

сыныгы” романы окурмандарды кош көңүл калтырбайт. Окурмандын сезүү-туйгусун ойготуп, кан-жанын кызытып, эмоциясын күчөтө козгоп өзүнө тартып алат. Анын чыгармасы адамга тийгизген таасирдүүлүгү, биринчи кезекте эмоциялуулугунда деп эсептейбиз. Адабий чыгарманын эмоционалдуу болушу анын тилине байланышкан маселе. С. Станалиев – көркөм сөздүн чебери, анын куюлушкан сөз берметтери, сөз тапкычтыгы, сөздү сөзгө курай билген чебер усталыгын кыскача айтпай кетпесек болбойт. Аталган романдагы лексикалык каражаттарын тандалышындагы автордук табылгалар тууралуу сөз кылардан мурун, төмөнкүлөрдү тактап алалы.

Сөз тилдик борбордук бирдик катары кепте эки түрдүү мааниде колдонулат. Биринчиден, көркөм чыгармада сөздүн лексикалык мааниси негизгиси болуп саналат. Экинчиден, сөздүн лексико-грамматикалык маанилеринин ар кандай кырдаалдарга карата тандалып колдонулушунунда мааниси чоң. Белгилүү тилчи Т. Аширбаев “... көркөм чыгарма өзүнүн тилдик табияты менен калган стилдерден айырмаланат. Ал айырмачылык – көркөм кептеги эстетикалуулук, сулуулук. Бул касиет, биринчи кезекте, боёктуу сөздөр аркылуу ишке ашат”, - деп белгилейт [1, 241]. “Ак жарыктын айыкпаган сыныгы” романында сөздөрдүн боёктуулугу, алардын колдонулуш чөйрөсү, активдүү же пассивдүүлүгү, башка тилден өздөштүрүлгөндүгү өтмө маанилери сыяктуу белгилери терең эске алынып иштелип чыккан. Мисалы, жаңы сөздөр, диалектизмдер, өздөштүрүлгөн сөздөр, эвфемизмдер ж.б. каражаттарды автор өз орду менен натыйжалуу пайдалана алган. Жазуучунун кыргыз тилинин лексикалык бирдиктерин арттырып, лексиканын өсүп-өнүгүүсүнө чоң салым кошкондугу байкалат.

Өздөштүрүлгөн сөздөр тилдеги төл сөздөр менен карым-катышка түшүп, татаал сөздөрдүн, татаал айтылыштардын катарын толуктай алса, төл сөз катары кабыл алынып элге кызмат кылып кетет. С. Станалиевдин романынан мына ушундай милдетти аткарып кеткен “дил” сөзүнүн жана аны менен

айкашып айтылган татаал сөздөрдүн айрымдарына кыскача талдоо жүргүзүп көрөлү.

“Дил” лексемасы кыргыз тилине иран тилинен өздөштүрүлгөн сөз, *“көңүл, жүрөк”* маанисин бергени тууралуу К. К. Юдахиндин “Кыргызча-орусча сөздүгү” эмгегинде маалымат берет[4, 194]. “Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө” – *“көңүл, ниет”* деген маанилерди бергендиги жазылган. Ошону менен бирге **“дил”** сөзүнүн башка сөздөр менен айкашуу мүмкүнчүлүктөрү да камтылган: *дил ааламы, дил азап, дилара, дилбар, дилбаян* [3:384]. Ал эми электрондук сөздүктө *дил ачар, дили агаруу, дили буруу, дили караюу, дили катуу, дили кетүү, дили келүү, дили суу, дили тартпоо, дилин билүү* [https://tamgasoft.kg/] сыяктуу буга чейинки сөздүктөрдөн жолукпаган сөз айкаштары жолугат.

Самсак Станалиев чыгармаларында ***“дил”*** сөзү менен айкашкан бир нече лексика-грамматикалык бирдиктерди пайдалана алган. Алгач ***“дил”*** лексемасынын атоочтор менен айкашканынан пайдаланылгандарына токтололу. Жазуучу *дил азап, дил азык, дил акыл, дил арман, дил барпы, дилбаян, дил дүйнөсү, дил-көйү, дил-көңүлү, дил-көөнү, дил көчкү, дил кумары, дил кушу, дил күйүт, дил муңу, дил-ниет, дил-ою, дил өзөгү, дил өксүгү, дил-санаа, дил сыры, дил тарбия, дил тереңи, дил тозогу, дил туйгусу, дил-ыйманы, дил-ышкы* ж.б. деген татаал айтылыштарды пайдаланган. Биз бул татаал айтылыштарды орфографиялык эрежеге салбай, автордун жазуусу боюнча иштедик. ***“Дил”*** сөзүнүн жана аны менен айкашып айтылган татаал сөздөрдүн айрымдарына талдоо жүргүзүп көрөлү.

Куураган жаны куурдак болуп куурулуп, жан дүйнөсү эңшерилип, жаны ачып, качантан бери каалагандай ый болуп, самагандай арман болуп чыкпай келаткан, ***дил азабы*** *менен өмүр муңуна айланган тагдырына, анан дагы мал болсо да анын азыркы абалына түшүнүп, Нагиманы акырын жыттап коюп, акырын окурангандай болгон тору кашкасына бели сынып, кабыргасы сөгүлүп, омурткасы бирден омкорулуп ого бетер бойбоздоп өксүп, ого бетер бойбоздоп*

өчүп ыйлады [5.114]. Сүйлөмдөгү талдоого ала турган сөз – ***дил азабы.*** Романдагы башкы каармандардын бири Нагиманын райондун борборуна жумуш сурап барганда, эл душманынын үй-бүлөсүнө эч кандай жардам болбой тургандыгын түшүнгөн соң, *жаны куурдак болуп куурулуп* турган убактагы каармандын психологиялык абалын, эңшерилген жан-дүйнөсүн ачып берүүдө өмүр муңуна айланган тагдырынын муңун, азабын тору кашкасына бөлүшүп тургандагы абалын жөнөкөй азап эмес, Нагиманын дилиндеги азабы катары сүрөттөп бере алган. ***Дил азабы*** сөз айкашы синонимии менен алмаштырып караганда "*көңүлүндөгү азабы", "жүрөгүндөгү азабы"* деген айкаштарга караганда салыштырмалуу бир топ күчөтүлгөн маанини чагылдыргандай.

Жо-ок, тим болбой да курусун, жанына батып, ***дилазабы*** *болгон армандан бүткөн тагдырынын арылбас муңу агын сууну буулуктурган муздай козголду* [5, 564]. Автор улуу манасчы Саякбай көзү өткөндө, Чыңгыздын бир капталы эңшерилип, алкымына ый толуп турганда, калкылдаган аялдардын арасында турган Бүбүсараны көрүп Чыңгыздын дилазабы – армандан бүткөн тагдырынын арылбас муңун агын сууну буулуктурган музга салыштырат. Нагима менен Чыңгыздын дилазабы окшош. Ал тээ жүрөгүнүн түпкүрүнөн чыккан аткарылбай турган азап экенин калемгер ушул сөз ***дил азабы деген сөз*** менен жеткире бере алган.

Ар дайым апасы анын жанында, иниси менен карындаштары кашында. А бирок жакындарың жан дүйнөңө жарык чачып, көзүңдү карап, карегиң менен тең айланып турса да, санаага батып, жерден күнгө чейинки чек билбеген аралыкка тик өйдө убайым арабасын тартып, айыкпас ***дил арманда*** *жүргөнүңдү жүрөгүңдөн башкага айта албай турган кездер келет да, кетпей туруп алат* [5, 140]. Жазуучу бул мисалда ***дил арман*** сөз айкашы аркылуу Чыңгыздын Айымкан чоң энесинен айрылгандан кийинки орду толгус арманын, жакындары жанында турса да, жүрөгүнөн башкаган айта албай турган арманын ***дил арманы*** деп жеткире сүрөттөй алган. *Жүрөгүнүн арманы, көңүлүнүн арманы* деген синонимдерине караганда сөз бир топ поэтикалуу

чыккан. Кыргыз тилинде ***арман*** сөзү көбүнчө *ичтеги арман, көңүл арманы* же *жүрөк өксүгү* катары берилет. Бирок автор бул жерде ***дил*** лексемасын ***арман*** менен айкаштырып, жаңы автордук түшүнүктү жараткан. ***Дил арман*** – бул жөн эле кайгы эмес, бул адамдын бүтүндөй рухий болмушун каптаган, анын жашоосунун негизине айланган субстанция. Бул жерде ***айыкпас*** деген эпитет ***“дил арман”*** деген түшүнүктүн маанисин ого бетер тереңдетип жатат. *Айыкпас* оорунун көркөм-метафоралык деңгээлге өтүшү. Автор каармандын ички абалын *айыккыс дартка* салыштыруу менен бирге, ал дарттын орду денеде эмес, дилде экенин баса белгилейт. Сүйлөмдөгү *жакындарың жанында турса да... айта албай турган кездер* деген контекст *дил армандын* өзгөчөлүгүн ачат. Бул жерде ***дил*** – адамдын эң жашыруун, сыртка чыга албаган, *жүрөгүңдөн башкага айта албай турган* ички дүйнөсүнүн символу. С. Станалиевдин стилиндеги өзгөчө табылгалардын бири каармандын ички трагедиясын сүрөттөөдө ***айыкпас дил арман*** деген автордук метафораны колдонгондугунда.

Бирөөнүн сүйүүсү үчүн өзүнүн махабатынан баш тарткандар эч качан бактылуу болушпайт, алар бу дүйнөдө ***дил арман*** *менен жашап, арман-муңдун азабынан өлүшөт* [5, 264]. Бул мисалда ***дил арман*** айкашы мурунку мисалга караганда кененирээк, философиялык-этикалык контекстте колдонулуп жатат. Бул жерде автор ***дил арманды*** жөн гана убактылуу кайгы эмес, адамдын бүтүндөй тагдырын аныктоочу руханий категория катары көрсөтөт. Эгер мурунку сүйлөмдө ***дил арман*** каармандын ички абалы болсо, бул жерде ал – өмүр сүрүү формасы. Автор ***“дил арман менен жашап”*** деген туюнтма аркылуу бул сезимдин туруктуулугун берет. *Дил* бул жерде – адамдын махабаты жашаган эң ыйык борбор. Ошол борбордогу *арман* адамдын бүтүндөй жашоосунун маңызын аныктап жатат. Демек, С. Станалиевдин текстинде *дил арман* түшүнүгү каармандын ички дүйнөсүнүн гана эмес, анын тагдырдык трагедиясынын өзөгү катары чыгат. Автор бул лексеманы *жашоо* жана *өлүм* категориялары менен бир катарда колдонуу аркылуу, анын

семантикалык маанисин экзистенциалдык деңгээлге көтөрөт. *“Дил арман менен жашап”* деген автордук айкаш - кадимки *“кайгыруу* деген мааниден алда канча терең. Бул жерде *“дил”* сөзү армандын адам болмушуна сиңип кеткендигин, андан кутулуу мүмкүн эместигин туюнткан стилдик каражат катары кызмат кылат. Мындай лексикалык табылгалар романдагы лиро-философиялык мазмунду ачууда негизги ролду ойногон.

Ушу азыр да ал ***дил-көйүндөгү*** *үмүт-тилегинин тилин угуп титиреп, үмүт-тилегине ишенип турду* [5, 52]. Бул сүйлөм мурункулардан такыр башкача, позитивдүү жана динамикалык маанайда берилген. Бул жерде автор ***“дил-көй”*** деген сейрек кездешүүчү, атүгүл автордук сөз жасоо катары бааланууга татыктуу лексеманы колдонууда. ***Дил-көй*** автордук лексикалык табылга. Кыргыз тилинде *“көй”* компоненти көбүнчө *көйгөй* же *көй кашка* (мыкты) деген сөздөрдө кездешет. Бирок Станалиев бул жерде *дил* менен *көй* сөздөрүн бириктирип, *дил-көй* деген жаңы түшүнүк жараткан. Бул – адамдын ички дүйнөсүнүн өзгөчө бир абалы. *Тил жана угуу* сүйлөмдүн эң күчтүү жери *“үмүт-тилегинин тилин угуп”* деген айкаш. *Умут* – бул абстракттуу нерсе, анын *тили* болбойт. *Бирок* автор *дил*-көйүндөгү үмүттү тирүү жандыкка айлантып, анын *тилин* каарманга угузуп жатат. Бул каармандын ички дүйнөсү менен сырткы дүйнөсү биригип кеткен өтө жогорку психологиялык интуицияны билдирет. ***Дил-көйүндөгү үмүттүн тилин угуу*** каарманды жөн эле толкундатпастан, *титирете толкундантып* жаткандыгы, бул жерде ***дил*** лексемасы каармандын сезимдерин башкарган борбордук ролдо турат. С. Станалиевдин сөз жасоодогу чеберчилиги ***дил-көй*** лексемасы аркылуу айкын көрүнөт. Бул автордук табылга каармандын ички рухий мейкиндигин, анын аң-сезиминен сырткары жашаган сезимдер дүйнөсүн туюнтат. Автор *дил-көйүндөгү үмүт-тилегинин тилин угуу* деген метафоралык айкаш аркылуу каармандын ички рефлексиясын өзүн-өзү угуу, өз ички дүйнөсү менен диалогго баруу процессин чеберчилик менен сүрөттөгөн. Бул жерде ***дил*** сөзү жөн гана эмоционалдык борбор эмес, каарманга туура багыт көрсөткөн, анын

үмүтүн тилге келтирген руханий күч катары кызмат кылат. Мындай стилдик ыкма жазуучунун психологизмди берүүдөгү жаңычылдык изденүүлөрүнөн кабар берет.

Ошо сурактын экинчи күнү, экинчи күн болбой эмерен кал, "эми кайдан көрөйүндү" ***дил күйүт*** *кылып айттырган кезде ал типтирүүлөй мүрзөгө түшүп кеткендей болду* [5, 50]. Автор бул мисалда Төрөкул Айтматовдун сурак берип жаткандагы учурунда ***"дил күйүт"*** деген айкашты колдонуу менен адамдын психологиялык абалынын эң жогорку чегин – *тирүүлөй мүрзөгө түшүү сыяктуу абалын* сүрөттөп жатат. Бул жерде ***дил*** лексемасы трагедиялуулук деңгээлин арттыруучу башкы курал. Кыргыз тилинде *күйүт* сөзү көбүнчө жакын адамынан айрылганда же чоң кырсыкка учураганда колдонулат. Автор ага ***дил*** сөзүн кошуу менен бул сезимдин сырткы көрүнүшүнө эмес, анын *ички, руханий кыйроосуна* басым жасайт.

Дил күйүт – бул сыртка чыкпаган, бирок адамды ичинен өрттөгөн, өзөгүн жеген күйүт. Сүйлөмдө "*эми кайдан көрөйүндү"* деген ички монолог *дил күйүт кылып айттырган* деген туюнтма менен берилген. Бул жерде ***дил күйүт*** – сүйлөөнүн, айтуунун булагы. Башкача айтканда, каарман жөн эле сүйлөп жаткан жок, анын ***дили күйүп жатканы үчүн*** ушундай сөздөр чыгып жатат. Бул автордун каармандын сөзү менен ички абалын ширетүү ыкмасы. С. Станалиевдин "Ак жарыктын айыкпаган сыныгы" романында ***дил күйүт*** лексемасы каармандын трагедиялуу тагдырын сүрөттөөдөгү маанилүү стилдик бирдик болуп саналат. Адатта ***күйүт*** сөзү эмоционалдык экспрессияны билдирсе, ***дил*** компонентинин кошулушу бул түшүнүктү тереңдетип, аны адамдын ички болмушундагы орду толгус жоготуунун символуна айлантат. Автор ***дил күйүт*** айкашын ***типтирүүлөй мүрзөгө түшүү*** метафорасы менен катар колдонуп, каармандын руханий деградациясын жана психологиялык кризисин өтө таамай берген. Бул лексикалык табылга жазуучунун адамдын ички дүйнөсүндөгү ***көрүнбөгөн трагедияларды*** сөз менен сүрөттөөдөгү чеберчилигин айкындап турат.

Ушу бойдон ал экөө бирин бири көрүшпөй тургандай, ушу бойдон ал экөө өмүр бою жолукпай, Күкүк менен Зейнеп болушуп, тагдыр каргышына калышып заркакшап өтө тургандай карашты. Жан дүйнөнүн ушул арманы, жан дүйнөнүн жан адам билгис сыры бири-бирине ошол сырдуу көз караштар аркылуу ***дил муңу****, өмүр өксүгү катары жетип турду* [5, 157]. Бул үзүндү романдагы эң драмалуу жана лирикалык чыңалуусу жогору учурлардын бири. Мында автор ***дил муңу*** жана ***өмүр өксүгү*** деген эки күчтүү лексикалык бирдикти параллель коюу менен каармандардын ортосундагы бүтпөс трагедияны сүрөттөгөн. ***Дил муңу*** – бул сезимдин тилсиз байланышы, кыргыз тилинде ***муң*** көбүнчө ***үн, кошок, ыр***, же сырткы көрүнүш – ***капалуу жүз*** аркылуу берилет. Бирок ***дил*** сөзүн кошуу менен муңду вербалдык эмес деңгээлге чыгарат. Сүйлөмдөгү "*сырдуу көз караштар аркылуу*" деген контекст *дил муңунун* маанисин ачат: бул сөз менен айтылгыс, болгону дилден дилге көз караш аркылуу гана өтүүчү өтө назик жана терең кайгы. Автор бул жерде ***дил муңун өмүр өксүгү*** менен катар колдонуп, *дил муңу* – бул каармандын ички, локалдык абалы. *Өмүр өксүгү* – бул ошол муңдун натыйжасында бүтүндөй тагдырдын кемчил болуп калышы, бир нерсенин жетишсиздиги. Жазуучу бул жерде *дил муңун* тагдырдагы чоң бир орду толгус боштук катары чечмелеп жатат. *Дил муңу* айкашы Күкүк менен Зейнептин легендарлуу трагедиясы менен бекемделген. Романдагы ***дил муңу*** лексемасы автордун психологизмди берүүдөгү концептуалдык куралы катары кызмат кылат. С. Станалиев бул айкашты каармандардын ортосундагы ***үнсүз диалогду*** сүрөттөөдө колдонот. ***Дил муңу*** – бул сырткы дүйнөгө жабык, болгону ички рухий резонанс аркылуу гана берилүүчү экзистенциалдык кайгы. Анын ***өмүр өксүгү*** деген түшүнүк менен бир контекстте берилиши, автордун адамдын ички сезими (дил) менен анын тышкы тагдырын (өмүр) бир бүтүндүк катары кароосунан кабар берет. Бул лексикалык табылгалар чыгарманын лиро-драмалык пафосун күчөтүп, каармандардын трагедиясын метафоралык деңгээлге көтөрөт.

“Айылга апама берип жиберейин, кургатылган нан болсо кайрылыша аласызбы?” – деп жатпайбы. Демек, мында бир көңүл оору, ***дил муңаюу*** *бар* [5, 279]. С. Станалиев мында ***дил муңаюу*** деген назик лексикалык табылганы колдонуп жатат. Бул жерде ***дил*** сөзү каармандын ички маданиятын, уяттуулугун жана ошол эле учурда аянычтуу абалын көрсөтүүчү башкы курал. *Дил муңаюу* – кыргыз тилинде *муңаюу* көбүнчө адамдын жүзүндөгү же маанайындагы убактылуу капалыкты билдирет. Бирок Станалиев ага *дил* сөзүн кошуу менен бул абалды тереңдетет. ***Дил муңаюу*** – бул сыртка ачык чыга албаган, ичтен сызып, назик гана билинип турган рухий абал. Бул ***дил арман*** же ***дил күйүт*** сыяктуу оор трагедия эмес, бул – муңдуу назик сезим. Контексттеги *кургатылган нан берип жиберүү* өтүнүчү каармандын оор турмушунан кабар берет. Мындай өтүнүчтү айтуу адам үчүн оор жана уяттуу болушу мүмкүн. Автор бул жерде ***көңүл оору*** жана ***дил муңаюу*** аркылуу каармандын ички дүйнөсүнүн аруулугун сактап калат. *Дил муңаюу* – адамдын адамга болгон боорукердигинин жана ички маданиятынын белгиси. Адатта биз *көңүлү чөктү* же *маанайы түштү* дейбиз. Бирок Станалиев ***муңаюу*** этишин ***дил*** заты менен айкаштырып, аны туруктуу автордук метафорага айланткан. Бул жазуучунун тилдик каражаттарды индивидуалдаштыруудагы дагы бир ийгилиги.

С. Станалиев романында *дил муңаюу* айкашы каармандардын ички руханий назик дүйнөсүн сүрөттөөдө өзгөчө стилдик кызмат аткарат. Бул лексикалык табылга ***дил арман*** же ***дил күйүт*** сыяктуу кескин трагедиялуу түшүнүктөрдөн айырмаланып, каармандын *ички назиктигин, аруулугун* жана *социалдык аянычтуу* абалын өзгөчө бир жумшактык менен берет. Автор *муңаюу* процессин дил менен байланыштыруу аркылуу каармандын сырткы өтүнүчүнүн артында турган чоң рухий толкунду жана ички тартынууну ачып берет. Байкасак, Станалиев *дилди* бирде *катуу соккуларга* (арман, күйүт), бирде *назик кыймылдарга* (муңаюу, көй) байланыштырат. Бул – дил

лексемасынын романдагы **амбиваленттүүлүгүн** (эки жактуулугун: күчтүүлүгүн жана назик кудуретин) далилдеп турат.

Жыйынтыктап айтканда, Самсак Станалиев өз чыгармаларында ***“дил”*** сөзүн кадимки маанисинен алда канча тереңдетип, каармандардын ички дүйнөсүн, психологиялык абалын жана тагдырдык трагедиясын көрсөткөн негизги куралга айланткан. Калемгердин өзгөчө чеберчилиги *“дил арман”, “дил-көй”, “дил күйүт”, “дил муңу”, “дил муңаюу”* сыяктуу автордук жаңы сөз айкаштарын жана стилдик табылгаларды жарата алгандыгынан көрүнөт. Натыйжада, жазуучунун текстиндеги ***“дил”*** тилдик бирдиги жөн гана сезимдердин борбору эмес, каармандардын оор кайгыдан назик муңга чейинки ички сезимдерин, алардын руханийий болмушун философиялык деңгээлде ачып берген өзгөчө метафоралык кызматты аткарат.

Самсак Станалиевдин бул романында **дил** компоненти катышкан неологизмдер кыргыз адабиятындагы психологизмди жаңы деңгээлге көтөрдү. С. Станалиевдин “Ак жарыктын айыкпаган сыныгы” романында ***дил*** лексемасы инсандын психологиялык портретин түзүүчү башкы доминанттардан болуп саналат. Автор бул лексеманы лингвистикалык конструктор катары колдонуп, адамдын ички дүйнөсүнүн эң назик кылдарынан тартып, эң оор трагедияларына чейинки абалдарын туюнтуучу 30дан ашык жаңы маанилик айкаштарды жараткан. Бул табылгалар кыргыз көркөм сөз өнөрүндөгү индивидуалдык-автордук стилдин жаркын үлгүсү жана адабий тилдин семантикалык байлыгын кеңейтүүчү ири салым катары бааланат.

Изилдөөдө биринчи жолу С. Станалиевдин романындагы ***дил*** лексемасынын концептуалдык талаасы аныкталды. Автор *дил* сөзүн жөнөкөй сезимдердин аталышы катары эмес, адамдын тагдырын, трагедиясын, акылын, ишенимин жана тарбиясын камтыган универсалдуу руханий категория катары колдонгону илимий негизделди. Жазуучунун ***дилтозогу, дил көчкү, дилтарбия, дил-ыйман, дил-ниет*** сыяктуу автордук неосемантизмдери

кыргыз көркөм прозасындагы психологизмди берүүнүн жаңы стилдик багыттарын ачкандыгы далилденди. Жазуучу бул сөздүн семантикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтип, аны кыргыз тилине мүнөздүү болбогон жаңы маани-түшүнүктүк айкалыштарга алып келген. Демек, автордун мындай өзгөчө лексикалык табылгалары каармандардын ички психологиялык абалын терең чагылдыруу менен бирге, чыгарманын идеялык-философиялык мазмунун жаңы көркөмдүк деңгээлге көтөргөн негизги стилдик курал катары бааланат. Биздин оюубузча анын чыгармаларын “тереңирээк окуп, чыгармадан таасир алып, жан дүйнөбүзгө сиңирип алсак, чон руханий азык алган болобуз” [7, 105].

Адабияттар:

1. Аширбаев, Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. 1-том, -Б.: 2018.

2. Борбугулов, М. Адабият теориясы. -Б.:1996.

3. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө. Ред. топ Акматалиев А. -Б.: Аврасия Пресс, 2015.

4. Юдахин, К.К. Кыргызча-орусча сөздүк. -Москва, 1965.

5.Станалиев,С.Ак жарыктын айыкпаган сыныгы.-Б.Принт экспресс, 2018.

6. https://tamgasoft.kg/

7. Токоева, Г. С. Алыкул Осмоновдун философиялык көз караштары / Г. С. Токоева // Вестник Жалал-Абадского государственного университета. – 2025. – No. 4(66). – P. 100-106.

Шакирова Мавлюда Рысбаевна

КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ КОЛДОНУЛУШУ ЧЕКТЕЛГЕН ЛЕКСИКАНЫН ИЗИЛДЕНИШИ

Шакирова Мавлюда Рысбаевна

ИЗУЧЕНИЕ ЛЕКСИКИ ОГРАНИЧЕННОГО УПОТРЕБЛЕНИЯ В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

Mavlyuda Rysbaevna Shakirova

THE STUDY OF LIMITED-USE VOCABULARY IN THE KYRGYZ LANGUAGE

УДК 811.512.154'373

Аннотация: *Бул макалада кыргыз тилиндеги колдонулушу чектелген лексикалык топтор – диалектилер, кесиптик сөздөрү, терминдер, жаргондор, арголор, одоно, орой сөздөр, табу жана эвфемизмдер ж.б.ушул сыяктуу сөздөрдүн изилдениши тууралуу сөз болот. Мындай сөздөрдүн географиялык, социалдык чектелүүлөрү бөлүштүрүлүп каралды. Диалектилерде аймактык чектелүү чоң мааниге ээ болуп, территориялык топко бөлүнүп, говорлорлонгон кеп колдонулгандыгы айтылды. Ал эми кесиптик сөздөр, терминдер, жаргондор ж.б. социалдык чектелүүдө болгондугу көрсөтүлдү. Тилчи-окумуштуулардын ушул багыттагы изилдөө эмгектеринен тыянак чыгарылып, кыргыз диалектологиясы бир топ изилденген тармак экендигин белгиленди. Кесип сөздөр, терминдер, табу жана эвфемизмдер боюнча да бир топ изилдөөлөр болгондугу, ал эми жаргон, арго, вульгардык сөздөр, этнографиялык сөздөр, диний сөздөр, одоно, орой сөздөр боюнча изилдөөлөр абдан аз экендиги тууралуу да сөз болду. Аталган лексикалык топторго оозеки кептен, көркөм чыгармалардан мисалдар келтирилип, далилденди.*

Ачкыч сөздөр: *Колдонулушу чектелген лексика, диалектилер, кесиптик сөздөрү, терминдер, жаргондор, арголор, одоно, орой сөздөр, табу жана эвфемизмдер, сөздөрдүн изилдениши, тилчи-окумуштуулардын изилдөөлөрү, мисалдар, аймактык чектелүүлөр, социалдык чектелүүлөр ж.б.*

Аннотация: *В данной статье рассматривается исследование лексических групп ограниченного употребления в кыргызском языке, таких как диалекты, профессиональные слова (профессионализмы), термины, жаргоны, арго, вульгаризмы, бранные слова, табу, эвфемизмы и т. д. Были классифицированы и рассмотрены географические и социальные ограничения таких слов. Отмечается, что в диалектах важное значение имеет территориальное ограничение, они делятся на территориальные группы и используются в говорах. В свою очередь, было показано, что профессиональные слова, термины, жаргоны и др. имеют социальные ограничения.*

На основе исследовательских трудов ученых-лингвистов в данном направлении сделаны выводы и отмечено, что кыргызская диалектология является достаточно изученной отраслью. Также упоминается, что имеется ряд исследований, по профессиональным словам, терминам, табу и эвфемизмам, тогда как исследований по жаргону, арго, вульгаризмам, этнографическим, религиозным и бранным словам крайне мало. Выводы подкреплены и доказаны примерами данных лексических групп из разговорной речи и художественной литературы.

Ключевые слова: *Лексика ограниченного употребления, диалекты, профессиональные слова, термины, жаргоны, арго, вульгаризмы, бранные слова, табу и эвфемизмы, исследование слов, исследования ученых-лингвистов, примеры, территориальные ограничения, социальные ограничения и др.*

Abstract: *This article discusses the study of limited-use lexical groups in the Kyrgyz language, such as dialects, professional words (professionalisms), terms, jargons, argots, vulgarisms, offensive/rude words, taboos, euphemisms, etc. The geographical and social restrictions of these words are classified and analyzed. It is noted that territorial restriction is of great importance in dialects, which are divided into territorial groups and manifested in local sub-dialects. In turn, it is demonstrated that professional words, terms, jargons, and others are subject to social restrictions.*

Based on the research works of linguists in this field, conclusions are drawn, noting that Kyrgyz dialectology is a fairly well-studied branch. It is also mentioned that while there is a significant body of research on professional words, terms, taboos, and euphemisms, studies on jargon, argot, vulgarisms, ethnographic words, religious words, and offensive language remain extremely limited. The findings are supported and proven with examples of these lexical groups drawn from colloquial speech and fiction.

Keywords: *Limited-use vocabulary, dialects, professional words, terms, jargons, argots, vulgarisms, offensive words, taboos and euphemisms, word study, research by linguists, examples, territorial restrictions, social restrictions, etc.*

Биз белгилей турган маселе – сөздөрдүн колдонулушу. Жашообузда колдонуп жаткан сөздөр карым-катыш, пикир алышууларда ар кандай абалда колдонулары белгилүү. Көп сөздөрдү күнүмдүк зарылчылыкта көп колдоно бербейбиз. Мындай сөздөр зарылчылыгына, талап-муктаждыгына карай өз ордунда гана колдонулуп, башка учурларда дээрлик колдонулбай калат. Мисалга алсак, кесип сөздөрүнүн, терминдердин, эскирген сөздөрдүн, этнографиялык, мифтик сөздөрдүн табияты мына ошондой. А кээ бир сөздөрдүн колдонулушуна атайын тыюу салабыз. Мисалы, диалектилерди адабий тилде колдонгонго боло бербейт. Диалектилер кайсы учурда колдонулат, алдыда сөз кылабыз. Одоно, орой сөздөрдү, жаргондорду, арголорду да мына ошондой категорияга кошууга болот. Ошентип, аталган сөздөр колонулушу боюнча бир топ чектелүү болуп калат. Тилчи-окумуштуулардын бул багытта изилдөөлөрү бар. Такталгандай, колдонулушу чектелген сөздөрдүн айрымдары изилдөөнүн обьектиси катары көп каралып, көп илимий маалыматтарга ээ болсо, айрымдары боюнча изилдөөлөр өтө сейрек. Мына ошондуктан, мындай топтордун ар бирин өз-өзүнчө карап, иреттүү талдоого алып, керектүү жерлерге пикирибизди кошуп, көп маалыматтарды топтоо ишибиздин актуалдуулугун берет.

Оозеки стилдин негизги катмары болгон диалектилер, говорлор оозеки кепте көп колдонулганы менен адабий тилде, адабий тилдин жазма кебинде колдонулууга тыюу салынат. Кыргыз тили байкалган эки чоң диалектиден турганы менен абдан говорлуу. Бир аймактын говордук кичи айырмачылыктары экинчи говордон фонетикалык, сөз тутуму морфемалык жактан бир топ эле айырмаланып калат.

Тилчи-лингвист В.В.Радловдун түрк тилдеринин ичинен кыргыз тилин да изилдеп, анын диалектилерин терең изилдөөгө алган. [11, 49]

Ал эми кыргыз тилчиси Б.М.Юнусалиевди “кыргыз диалектологиясынын атасы” катары таанып калганыбыздын себеби, анын кыргыз диалектилери боюнча жасаган бай изилдөөлөрүндө, эмгектеринде турат. Ал кыргыз диалектилеринин пайда болушунун тыбыштык, морфологиялык, семантикалык жана башка тилдерден киришине карай классификациялоо менен пикирин билдирет.

Кыргызча-орусча сөздүк диалектологиялык сөздүк болбогонуна карабастан, анда академик К.К.Юдахин өзү түзгөн кыргызча-орусча сөздүккө жалпы элдик лексика менен бирге диалектилик сөздөрдү да киргизип, алар диалектилик сөздөр, түштүк диалектилердин сөздөрү жана айрымдары тиешелүү говорлордун аталышы менен көрсөтүп берген. Тилчи-окумуштуулар Ш.Жапаров менен Т.Сыдыкова “Кыргыз тилинин диалектологиясы” аттуу көлөмдүү эмгегинде кыргыз диалектологиясын изилдөөгө чоң салымдарын кошушкан тилчилердин эмгектерине, алардын өмүр баянына кеңири токтолуп, баалуу маалыматтарды беришкен. [9, 8]

Кыргыз тилинин лексикалык структурасы, азыркы учурда анын фонологиялык тутумунда грамматикалык түзүлүштөгү өзгөрүүлөрдүн болгонун байкасак болот. Эгерде биз артты карап ошол эле тилди өнүгүүнүн өткөн мезгилдери менен салыштырсак, анда ал өзгөрүүлөр тарыхый өзгөрүүлөр катары каралышы мүмкүн. Байкашыбызча, тилден тышкары, аймактык аспектилерге тиешелүү өзгөчөлүктөрдү бар. Булар диалектикалык

өзгөрүүлөргө кирет. Тилдердин тарыхын изилдөөдө диалектилер, говорлор жалгыз булак болуп саналат. Ошондуктан, диалектологияны изилдөө элдин тарыхындагы, тилдеги, лингвистикадагы көйгөйлөрдүн тартибин түшүнүү үчүн абдан пайдалуу.

Октябрь революциясына чейин кыргыз диалектиси боюнча атайын эмгектер жарыяланган эмес. Кыргыз жергесине келген орус илиминин алгачкы өкүлдөрүнүн бири казак окумуштуусу Чокан Валиханов болгон. Ал кыргыздардын оозеки адабияты, улуттук өзгөчөлүктөрү жөнүндө карап чыгып, өз оюн айткан. Ч.Валиханов кыргыз тилин башка түрк тилдери менен айырмалап-окшоштуруп карап, алардын ичинен уйгур тили көбүрөөк жакын экендигин белгилейт. [7, 2]

Орус окумуштуусу В.В.Радлов биринчи жолу Токмоктун түштүгүнө 1860-62-жылдары келген. "Манас" эпосунун текстин жазып, анда кыргыз оозеки адабияты боюнча материалдарга орун берген. Алгачкы эле сөзүндө оозеки чыгармачылыктагы көркөм сөз каражаттары, даяр кептик материалдары, эл турмушунун өзгөчөлүктөрү, тарыхы тууралуу баяндоо менен диалектилерине токтолот. Кыргыз диалектилери боюнча өзгөчөлөнгөн айырма жок дегендей пикир билдирет.

Түрк тилдери боюнча грамматикалык эмгегинде В.В.Радлов "кыргыздардын арасында эки жолу болдум", - деп түндүк тарапта болгондугун жана түндүк элинин арасында болгондугун ырастаган. В.Радлов жарыялаган адабияттарда жүздөгөн жылдар мурун болгон Түндүк диалектилеринин тыбыштык өзгөчөлүктөрүн байкоого болот. [11, 24]

Совет бийлиги башталгандан бери түркологдор түрк тилин изилдөөгө көңүл бура башташты. Мисалы, өзбек тилинин диалектилерин Е.Д.Поливанов, К.К.Юдахин, В.В.Решетов, азербайжан тилинин диалектилерин Н.И.Ашмарин, М.С.Ширалиев, казак тилиникин С.Н.Аманжолов, Ж.Доскараев, кыргыз диалектилерин И.А.Батманов, К.К.Юдахин, Б.М.Юнусалиев, татар

диалектилерин Л.З.Заляй, Г.Ахтеров ж.б. түрк тилдери боюнча диалектилерди изилдөө иштерин жүргүзүшкөн.

Октябрь революциясынын жеңишинин алгачкы күндөрүндө кыргыз диалектисин изилдөө боюнча атайын автордук укук болгон эмес, бирок биринчи "Алиппе" китебинин жаратуучусу (1-март, 1924-жыл) И.Арабаев китептин кириш сөзүндө созулма тыбыштарынын мыйзамын, сегиз кыска үндүү, алты созулма үндүүнүн болгондугун башка тектеш тилдердин, мисалы, казак тилинин кыргыз тыбыштык системасынын негизги өзгөчөлүктөрү катары караган. [4, 4]

Диалектилер боюнча өзгөчөлүктөрдү изилдөө орус окумуштуулары К.К.Юдахин, И.А.Батманов, кыргыз окумуштуусу Б.М.Юнусалиевдердин эмгектерине таандык.

1920-30-жылдары К.Юдахин дүйнө жүзүн көп кыдырып, кыргыз лексикасын чогултуп, тилдеги диалектилик айырмачылыктарды байкаган. Ал жазган ”Кыргызча-орусча сөздүгүнүн кириш сөзүндө жазган кыргыз говорлорун эки топко (түндүк, түштүк) бөлгөнү негизгиси тыбыштык өзгөчөлүктөрү катары эсептелинген: 1.Түндүк бөлүктөрүндө 8 үндүү фонема бар болсо; ал эми сөз башында н тыбыштын туруксуздугу: ары, айза, эчен; с-з тыбыштарынын колдонулушу боюнча эки бөлүккө бөлүнүшү (счылдар, зчылдар: *бис, кыс, кысыл, базып, казым*). 2) Түштүк бөлүктө 8 үндүү фонема бар (фонеманын мүнөздөмөсү ә): *кәм, тәәнә, бәәри, мәкә, тәкә, зәм-зәм, ж.б*. [21, 16]

Кыргыз Илимдер академиясынын окумуштуусу И.А.Батманов көп жылдар бою кыргыз диалектисин изилдеп, кыргыз диалектиси тууралуу бир нече китеп чыгарган. Түндүк диалектисинин өзгөчөлүктөрү 1938-жылы "Кыргыз тилинин түндүк диалектилери" эмгегинде кеңири баяндалган. Макалада кыргыз тилинин башка тектеш тилдер менен өз ара байланышы, алардын ортосундагы негизги тыбыштык теңдиги көрсөтүлгөн.

Батманов географиялык жактан кыргыз тилин түндүк жана түштүк деп эки диалектиге бөлгөн. Ал кыргыз диалектилеринин айрым говорлорго бөлүнө тургандыгын белгилеген. Кыргыз диалектилерин бөлүштүрүүнүн негизги белгилери катары цингармонизм мыйзамын, созулмалар, үнсүз тыбыштардын сөздүн башында, аягында келишин, кошулуп айтылышын, түшүрүлүп айтылышын, жумшарышын эсептейт.

Бул сыяктуу фонологиялык өзгөчөлүктөр менен катар окумуштуу бир нече лексикалык жана грамматикалык өзгөчөлүктөрдү да белгиледи.

1950-жылы "Правда" гезитинде жарыяланган лингвистика боюнча талкуудан кийин диалектологиялык маселелерге тийиштүү көңүл бурулуп, кыргыз тилинин диалектилерин изилдөө боюнча экспедиция уюштурулуп, фактылык материалдарды топтоо башталды. Ушул мезгилдеги кыргыз тилинин диалектинин өзгөчөлүктөрү жөнүндө топтолгон материалдардын негизинде профессор Б.М.Юнусалиев кыргыз диалектилерин үч топко бөлгөн: 1) түндүк; 2) түштүк-чыгыш; 3) түштүк-батыш. [19, 13]

Бул диалектилердин классификациялык белгилери так аныкталган. Ар бир диалект мүнөздүү белгилерине жараша бир нече диалектиге бөлүнөт. Көп жылдык изилдөөлөрүнүн натыйжасында, Б.Юнусалиев 1971-жылы "Кыргыз диалектологиясы" аттуу окуу китебин жана окуу программасын иштеп чыккан.

Кийинки жылдары кыргыз лингвисттери кыргыз диалектилерин ар тараптуу изилдеп чыгышты: Кыргыз тилинин талас говору боюнча Т.К.Акматов, диалектологиялык материал жана кыргыз тилинин айрым маселелери боюнча С.Кудайбергенов, Алай говору боюнча Д.Шүкүров, Ош областынын Ноокат говору жөнүндө К.Бакеев, Октябрь районундагы кыргыз говору Г.Бакинова, кыргыз тилинин Төлөйкан говору М.Туряджанова, Кыргыз тилинин Лейлек говорунун лексикалык өзгөчөлүктөрү Ш.Жапаров, Кыргыз тилинин Жерге-Тал говору Ж.Мукамбаев.

Азыркы учурда диалектология илими теориялык жактан да, практика жагынан абдан терең изилденген илимдин бир түрү болуп эсептелет. Ошону

менен бирге илимге байланышкан көптөгөн түшүнүктөрдү жана терминдерди билсек болот.

Кесип сөздөрү кыргыз тилинде абдан көп. Айрыкча, мергенчилик, аңчылык, мүнүшкөрлүк, саятчылык, кол өнөрчүлүк сыяктуу кесиптери боюнча сөздөр эсепке алынат. Булар, албетте, кыргыздардын байыркыдан берки баба кесиби болгондугуна байланыштуу.

Ошол ар бир кесиптин өзүнө тиешелүү сөздөрү топтордо пайда болуп, анан ал сакталып, бир кесиптин чөйрөсүнө сиңип, ошол кесип ээлерине гана көбүрөөк түшүнүктүү болуп, колдонулушу боюнча чектелген абалда болуп калат.

Айтылгандай, кесипчилик сөздөрү ар дайым эле жалпы лексикада колдонула бербей калат. Алар кесипчи чөйрөнү гана тейлеп, калган учурда ар дайым эле аларды колдонууунун кажети деле жок.

Кесип сөздөрү да коомдук өнүгүшүнө жараша ар кандай өзгөрүүлөргө, өнүгүүлөргө карата өзгөрүп турушу мүмкүн. Мисалы үчүн, жогоруда белгилеп кеткендей, бүгүнкү күндө жаңы кесиптерге – *мобилограф, IT* адиси байланышкан сөздөрдү алууга болот: *репост, сайт, подкаст, жасалма интеллект, лампа, бот, жемини ж.б.*

Окумуштуу-тилчилер Болот Мураталивич, Бүбүйна Орузбаевалар кесип сөздөру боюнча иликтешкен, мындай эмгектер салыштырмалуу жол аркылуу изилдөөлөрдө далил болот.

Мындан сырткары, Н.С.Абдыраеванын “Шааркуруу – градостроительство – urban planning» терминдеринин негизи жана колдонуудагы көйгөйлөр” макаласында башка тилдерден келип кирип, кеңири колдонулуп жаткан *газобетон, изоляциясы бар темир, бетон панелдери, арболит, полистирол бетон, торф блоктору, монолит, базальт, микроцемент, фасад ж.б.* терминдер жөнүндө сөз болот. [2, 2]

Кыргыз архитектура-курулуш терминологиясы – кыргыз тилинин ажырагыс бөлүгү катары тээ алыскы байыркы мезгилдерде баштаган. Буга

мисал катары, кыргыз тилиндеги *мык, ылай пакса, рамка, түркүк, таштамай, кара шыбак, кум шыбак, губалек, сман шыбак, шыйпыр* ж.б. сыяктуу терминдердин колдонулуп келгенин айтууга болот.

М.Сабыркуловдун ***"Русско-киргизский словарь архитектурно-строительных терминов" аталышындагы сөздүгүн атабай кетүүгө болбойт. Мында түзүүчү тарабынан курулуш иштерине байланышкан терминдик маанидеги сөздөр топтоштурулган.*** [12, 24]

Архитектура-курулуш иштерине байланышкан терминдер англис тилиндеги префикстүү курулуш терминдери жана алардын функцияларынын кыргыз тилиндеги окшоштугу боюнча Н.М.Шакееванын эмгегинен көрүүгө болот.

Тилчи М.Р.Шакированын "К.К.Юдахиндин сөздүгүнө терминдердин кийирилиш маселелери" аталышындагы илимий макаласында сөздүктөгү терминдердин молдугуна токтолуп, аларды тематикалык топтоштурат. [11, 121]

К.Ж.Усенов., З.С.Калыбекова., М.Р.Шакировалардын "Русско-кыргызский терминологический словарь (Орусча-кыргызча терминологиялык сөздүк) Горное дело" (Бишкек, 2023) эмгегинде тоо-кен сөздөрүн өтө көп топтошуп, кыргыз тилине которуп, түшүндүрмөлөрүн беришет.

Эми колдонулуусунда бир топ чектелүү байкалган арго-жаргондор, этно сөздөр, эскирип колдонулбай калган сөздөр, одоно, орой сөздөр, табу жана тергөөлөр да оозго алынат. Бул катмарлар боюнча кенен изилдөөлөр азырынча абдан аз. Арго-жаргондор өзгөчө тема катары тил боюнча эмгектерде каралып, азын-оолак маалыматтар болгону менен изилдөө чордону катары топтоштурула элек. Албетте, өзүнчө алганда бүгүнкү күндө жаргондор менен арго сөздөрдүн колдонулуу чөйрөсү кеңейип баратат десек болот.

Тилчи-жазуучу Б.Усубалиев тергөөлөргө көп маани берет. Анын бул маселеде түрк изилдөөчү А.Гүнгөр менен биргеликтеги да эмгектери бар.

Окумуштуу Б.Усубалиев табу жана эвфемизмге бир канча жолу токтолуп, “Табу жөнүндө сөз” деген макаласын жарыялаган. Мында табуну кенен изилдеп, анын пайда болушун тотемизм жана анимизм менен байланыштырат. [14, 21]

Андан соң “Эвфемизм жөнүндө сөз” деген илиий эмгегинде табу менен эвфемизмдердин өз ара байланышын, айырмасын экөөнү мисалдар менен ажыратып, табиятын ачып көрсөтөт. [15, 18]

Анын окуучулары Н.Саалаева, А.Максутовалар тергөөлөрдү топтошуп, илимий негизге алып келип, илимий макалаларын, диссертацияларын жазышкан.

Мисалы, Саалаева бир айылдын ичиндеги тергелген сөздөрдү топтоп, ар бирин иликтеп-тактап, топторго бөлүштүрүп, эмнеден келип чыкканын аныктоого аракеттерди жасаган.

Табу жана эвфемизмдер жөнүндө түркологияда өткөн кылымдын 50-жылдарынан баштап, түркмөн тилчиси С.Алтаев, өзбек тилчиси А.Исматуллаев, азербайжан тилчиси Х.Жаббаров, казак окумуштуусу А.Ахметов тарабынан илим изилдөөнүн обьектиси катары каралып, бир канча баалуу материалдар чогултулган.

Тилчи А.Биялиевдин “Кыргыз тилиндеги тыюу жана тергөө жөнүндө” макаласы кыргыздардын кесибинде, турмуш-тиричилигинде, жашоосунда, ишенимдеринде табу менен эвфемизмдин өз орду бар экендигин далилдеп берет.

Ар кандай ишенимдер түрк, монгол тобундагы элдерге гана эмес, көптөгөн элдерде да болуп, окшоштуктар болору, эл канчалык маалыматсыз, караңгы болушу табулардын көп жаралышын шарттап турарын, жаратылыштагы ар кандай өзгөрүүлөр, абалдарга карата эл ар түрдүү үрп-адаттарды ойлоп табары жөнүндө ж.б. Д.К.Зеленин далилдеген (2, 100-170 б.).

Эскирген-көөнөргөн сөздөр чектелген сөздөрдүн кээ бирлерине караганда окумуштуулар тарабынан бир топ каралган. Мисалга ала турган

болсок, тилчи А.Жалилов Т.Сыдыкбековдун чыгармаларынан эскирген сөздөрдү тизмелеп, анда көөнөргөн сөздөр арбын экенин айтат.

Т.Касымбековдун “Сынган кылычы” өтө көп эскирген сөздөргө толгон. Бул боюнча да бүгүнкү күнгө чейин кызыктуу изилдөөлөр болуп жатат. Албетте, чыгармалардын көркөмдүүлүгү, чындыкка жакындыгы, тарыхыйлуулугу анда колдонулган ошол учурдун сөздөрү менен ачылат. Ал эми И.Абдувалиевдин кыргыз тилинин кесиптик сөздөрүнө жүргүзгөн изилдөөлөрүнө көз чаптырсак, эскирген сөздөр аябай эле мол колдонулганы көрүнөт. [1, 14]

Этнограф С.М.Абрамзондун кыргыздар жөнүндөгү эмгегинде этнографиялык сөздөр бир топ берилет. Анда кыргыз улутуна тиешелүү болгон көп сөздөр каралган. Кыргыз окумуштуулары С.Ж.Мусаев, С.Аттокуров, И.Б.Молдобаев, О.Каратаев, Э.Сулаймановдор этнографиялык эмгектерди жаратышып, этнографиялык маанидеги сөздөргө терең маани беришет. Кыргыз этно сөздөрүн орус окумуштуулары В.В.Радлов, В.В.Бартольд, А.Н.Бернштам, С.М.Абрамзон, К.И.Антипина да изилдеп, алардын маанилерин ачып беришкен.

Ошентсе да, этнолексика атайын лингвистикалык максатта колго алынып изилдене элек деп эсептейбиз. Айрым этносөздөр боюнча көлөмдүү макалаларды атабай кетүүгө болбойт. Мисалы, тилчи профессор С.Ж.Мусаевдин көлөмдүү макаласында кыргыздардын уруулукка байланышкан атоолорго басым жасалган. Чоң уруу аттары, ичкиликтерди түзгөн уруулар, кичи-майда уруулар, алардын келип чыгышы, тарыхы, айрымдарынын келип чыгышындагы окуя-маалыматтар да берилет. Мында көп сөздөр элдин уруулук түзүлүшүндөгү сөздөргө арналган. Тилибиздеги салттарыбызга, адаттарыбызга байланышкан сөздөр да бар. Алар жөнүндө да изилдөөлөрдү жүргүзүү актуалдуу.

Кыргыз мифологиясы да бир топ сөздөрдү өз ичине камтыйт. Бирок көп колдонула бербейт. Азыркы учурда илим-изилдөө максатында да чогултулган эмес.

Тилибизде одоно, орой сөздөр – сөгүнүү, уят сөздөр, каргоо, мыскылдоо, кемсинтүү сөздөрү да кездешет. Буларды колдонууга тыюу салынат. Анткени тилибиздин тазалыгы, маданиятыбыздын деңгээли үчүн колдонууга болбойт. Жалпы тили илиминде мындай сөздөр вульгаризмдер деп эсептелинет. Бул боюнча тилчи М.Шакированын одоно, орой сөздөр боюнча макаласында кенен берилген. Ал иликтөөсүндө К.К.Юдахин түзгөн кыргызча-орусча сөздүктөн вулгаризмдерди таап чыгып, алардын маанисин, кандай шартта сөздүккө киргизилгенин колдонулушун айтат жанан мисалдар менен тактайт. Алардын колдонулушу чектелүү экенин далилдейт. [17, 282]

Белгилегенибиздей, колдонулушу жактан чектелген бир топ сөз катмарлары боюнча дагы да изилдөөлөрдү жүргүзүү маанилүү. Алар боюнча тактоолор, тилдеги ордун аныктоо сыяктуу маселелер каралуусу керек.

Жогорудагы айтылган маселелерден, тилчи-окумуштуулардын эмгектеринен тыянак чыгара турган болсок, кыргыз диалектологиясы бир топ изилденген тармак болуп саналат. Кыргыз диалектологиясынын изилдениши боюнча жарыяланган эмгектерди иреттеп карап, буга ынанабыз. Мисалы, улуу окумуштуу К.К.Юдахиндин чыгармаларындагы “Акын - трактористинде”, «Из ляйлякских материалов» аттуу чыгармасында; Ж.Шүкүровдун “Материалы по алайскому говору” , “Изучение диалектов киргизского языка” “Научное исследование киргизского и дунганского языков” эмгектеринде, 1950-жылдардан кийин Москва шаарында чыккан “Правда” газетасынын бетиндеги илимий макаласында диалект сөздөр жөнүндө изилдөөсү жарыяланат. ЖОЖдордо, мектептерде кыргыз тилин окутуу да колго алынып, кыргыз диалектологиясы атайын окутула баштаган.

Кыргыз тилинин диалектилери менен говорлору монографиялык планда изилдене баштагандыгынын натыйжасында, монографиялык эмгектер

жаралганын жана диалектологдор Ж.Мукамбаев, Г.Бакинова, Э.Абдулдаев, Н.Бейшекеев, С.Сыдыков, С.Кондучалова, К.Бекназаров ж.б. ушул багытта өзүнчө күчтүү адистердин агымы катары чыга келгенин белгилөөгө болот.

Кыргыз тилиндеги кесиптик лексика, терминдери сыяктуу эле эскирген сөздөр - историзмдер, архаизмдер, хронизмдер, диний сөздөр, табу жана эвфемизмдер, этнографиялык мүнөздөгү сөздөр, мифтик түшүнүктөрдү билдирген сөздөр, жаргондор, одоно, орой сөздөр, табулар жана эвфемизмдер этнографиялык мүнөздөгү сөздөр да географиялык абалга таасирленбейт жана өзгөчөлүктөрү жана колдонулганына жараша социалдык жактан чектелген сөздөрдүн тобуна кошулат.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Абдувалиев И. Кыргыз тилинин кесиптик лексикасына салыштырма типологиялык илик. -Б., 2006.
2. Абдыраева Н.С. “Шааркуруу – градостроительство – urban planning» терминдеринин негизи жана колдонуудагы көйгөйлөр”. Макала. -Б., 2021
3. Абромзон С.М. Очерки культуры киргизского народа. - Фрунзе: Изд-во Кирг. ФАН СССР, 1946. - 123 с.
4. Арабаев И.Алиппе. -М., 1924.
5. Батманов И.А. Кыргыз тилинин түндүк диалектилери. -М., 1938.
6. Кыргыз тилиндеги тыюу жана тергөө жөнүндө. Макала. -Б., 2001
7. Валиханов Ч. Ч. «Киргизское родословие». 1857.
8. Дыйканова Ч. Образование киргизской социальной терминологии (на матер. дореволюционной лексики) - Бишкек, 1991. – 166-212 б.
9. Жапаров Ш., Сыдыкова Т. Кыргыз тилинин диалектологиясы. -Б, 2001;
10. Жалилов А. "Т. Сыдыкбековдун романдарындагы эскирген сөздөрдүн лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрү". -Ош., 1988.
11. Радлов В.В.Түрк наречиелер сөздүгүнүн тажырыйбалары (Опыт словаря тюркских наречий. I-IV, СПб., 1888-1911.

12. Сабыркулов М. Русско-киргизский словарь архитектурно-строительных терминов . -Фрунзе :Илим, 1964. -279 с.
13. Саалаева Н.А. Кыргыз тилиндеги адаматтарына жана жаныбарларга байланыштуу тергөө сөздөр. Автореф. дис. … филол.и.канд. -Б., 2013.
14. Усубалиев Б. “Табу жөнүндө сөз”. Макала -Ф., 1976.
15. Усубалиев Б. “Эвфемизм жөнүндө сөз”. Макала -Ф., 1976
16. Шакирова М.Р. “К.К.Юдахиндин сөздүгүнө терминдердин кийирилиш маселелери”. -Б., 2021.
17. Шакирова М. Кыргыз тилиндеги одоно, орой сөздөрдү изилдөөнүн мааниси. Тарых жана мурас түрмөгү. Бишкек, 2015. 281-284-бб.
18. Шакеева Н.М. Английские префиксальные строительные термины и их функциональные соответствия в кыргызском языке. № 2 (50) 2023 Вестник МУ
19. Юнусалиев. Б. Кыргыз диалектологиясы. -Фрунзе, 1971.
20. Юнусалиев Б. М. Кыргыз адабий тилинин маанилүү маселелери. Советтик Кыргызстан. - 1954.
21. Юдахин К.К. Кыргызча-орусча сөздүк. -М.,1965.

ЭКОНОМИКА ИЛИМДЕР
ЭКОНОМИЧЕСКИЕ НАУКИ
ECONOMIC SCIENCES

Буланова Зуракан Шаакыевна, Рысбаева Алымбубу Каримовна

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ИНФЛЯЦИЯНЫ МАМЛЕКЕТТИК ЖӨНГӨ САЛУУ ЧАРАЛАРЫ

Буланова Зуракан Шаакыевна, Рысбаева Алымбубу Каримовна

МЕРЫ ГОСУДАРСТВЕННОГО РЕГУЛИРОВАНИЯ ИНФЛЯЦИИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

Bulanova Zurakan Shaakievna, Rysbaeva Alymbub Karimovna

MEASURES OF STATE REGULATION OF INFLATION IN THE KYRGYZ REPUBLIC

УДК 336.7

Аннотация. *Кыргыз Республикасында инфляцияны мамлекеттик жөнгө салуу өзүнө акча-кредит саясатын камтыйт. Анын негизги максаты баалардын туруктуулугуна жетишүү жана колдоо болуп саналат. Инфляция акчанын сатып алуу жөндөмүн төмөндөтөт, финансылык чындыкты бурмалайт, кирешелерди жана чыгымдарды эсепке алууну кыйындатат, социалдык стратификацияны күчөтөт. Анда инфляциянын ички жана тышкы факторлору, ошондой эле Кыргыз Республикасында инфляцияны мамлекеттик жөнгө салуу чаралары каралган. Ошондой эле Кыргыз Республикасында инфляцияны мамлекеттик жөнгө салуунун негизги инструменттери, анын ичинде акча-кредиттик, фискалдык жана институционалдык чаралар изилденет. Улуттук банктын инфляцияны ооздуктоодогу ролу, пайыздык чендерди жөнгө салуу механизмдери, акча массасын көзөмөлдөө жана валюта рыногундагы саясаттын өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн. Изилдөөнүн жыйынтыгында инфляциялык процесстерди натыйжалуу башкаруу боюнча сунуштар берилип, өлкөдө макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылуунун мааниси негизделет.*

Негизги сөздөр: *инфляция, акчалай эмес факторлор, акча факторлору, суроо-талап, чыгымдар, эсептик чен*

Аннотация. *Государственное регулирование инфляции в Кыргызской Республике включает в себя денежно-кредитную политику. Основная цель которой направлено на достижение и поддержание стабильности цен. Инфляция снижает покупательную способность денег, искажает финансовую реальность, затрудняет учет доходов и расходов, усиливая социальное расслоение. Рассмотрены внутренние и внешние факторы инфляции, а также меры государственного регулирования инфляции в Кыргызской Республике. Также в статье исследуются основные инструменты государственного регулирования инфляции в Кыргызской Республике, включая денежно-кредитные, фискальные и институциональные меры. Рассматривается роль Национального банка в сдерживании инфляции, механизмы регулирования процентных ставок, контроля денежной массы и особенности политики на валютном рынке. По результатам исследования представлены рекомендации по эффективному управлению инфляционными процессами и обоснована важность обеспечения макроэкономической стабильности в стране.*

Ключевые слова*: инфляция; неденежные факторы; денежные факторы; спрос; издержки; учетная политика.*

Annotatsiya. *State regulation of inflation in the Kyrgyz Republic includes monetary policy. The main goal of this policy is to achieve and maintain price stability. Inflation reduces the purchasing power of money, distorts the financial reality, and makes it difficult to account for income and expenses, leading to increased social inequality. This article examines the internal and*

external factors of inflation, as well as the measures taken by the government to regulate inflation in the Kyrgyz Republic. The article examines the main instruments of state regulation of inflation in the Kyrgyz Republic, including monetary, fiscal, and institutional measures. Particular attention is paid to the role of the National Bank in curbing inflation, the mechanisms of interest rate regulation, money supply control, and the specific features of exchange rate policy. Based on the findings of the study, recommendations for the effective management of inflationary processes are proposed, and the importance of ensuring macroeconomic stability in the country is substantiated.

Key words: *inflation; non-monetary factors; monetary factors; demand; costs; monetary policy*

Инфляция - это один из ключевых макроэкономических показателей, который оказывает значительное влияние на процентные ставки, обменные курсы, потребительский и инвестиционный спрос, а также на многие аспекты социальной жизни, включая стоимость и качество жизни. Инфляция представляет собой опасный процесс для национальной экономики, оказывая негативное воздействие на финансовую и экономическую системы. Она не только снижает покупательную способность денег, но и искажает финансовую «реальность» производства и потребления.

Кроме того, инфляция усложняет учёт доходов и расходов населения и процесс налогообложения.

Перераспределение доходов между хозяйствующими субъектами, вызванное инфляцией, трудно поддаётся контролю. Существует зависимость, согласно которой при росте инфляции бедные становятся ещё беднее, а богатые — ещё богаче. Инфляция может приводить к ещё большему социальному расслоению, что усиливает напряжённость и может вызывать агрессию в обществе.

Инфляция - это устойчивое и продолжительное увеличение общего уровня цен на товары и услуги в экономике. Она часто рассматривается как один из основных макроэкономических показателей и оказывает значительное влияние на экономическую активность, распределение доходов и благосостояние населения. В научной литературе инфляция часто характеризуется как двойственное явление, которое, с одной стороны, может способствовать стимулированию экономики и смягчению долговых

обязательств, а с другой стороны, может создавать неопределенность и угрожать устойчивости ценности денег.

По мнению Малкиной М.Ю., [1] факторы инфляции можно разделить на внутренние и внешние. Внутренние факторы включают чрезмерные военные расходы, чрезмерные инвестиции, рост цен и заработной платы, а также чрезмерную эмиссию денег в наличной и безналичной формах, что приводит к утрате общественного богатства. Внешние факторы обусловлены изменениями во внешней торговле, такими как глобальные структурные кризисы, рост цен на сырье, импортируемые и экспортируемые товары, и обмен национальной валюты на иностранную, что вызывает необходимость дополнительной эмиссии денег.

Факторы инфляции также можно классифицировать по причинам их возникновения на денежные и неденежные [2]. Денежные факторы относительно независимы от расширения торговли и включают в себя дисбаланс государственных расходов и доходов, чрезмерные инвестиции, а также выпуск платежных средств, не полностью контролируемых правительством. Неденежные факторы связаны с увеличением объемов торговли и ростом цен на товары и услуги. Они включают структурные деформации экономики, монополии, ошибки в ценообразовании, а также финансовые, денежно-кредитные, социальные и политические кризисы [3]. Как отмечают авторы по страхованию “Экономикалык жактан өзүнчө камсыздандыруу компаниялары башка камсыздандыруучулар менен өз мамилелерин кайра камсыздандыруунун жана биргелешип камсыздандыруунун негизинде түзүшөт” [11, 62].

Из всего вышесказанного можно сделать вывод, что неденежные факторы являются структурными, в то время как денежные факторы связаны с увеличением денежной массы за счет кредитной эмиссии.

Для того чтобы лучше понять природу инфляционных колебаний в Кыргызской Республике, необходимо провести анализ статистических данных

по инфляции за последнее десятилетие. Это позволит нам увидеть, как изменялся уровень инфляции с течением времени.

В таблице 1 представлена информация о годовой инфляции в Республике Кыргызстан с 2014 года по 2024 год. Данные представлены в процентах относительно предыдущего периода. Инфляция рассчитывается на основе индексов потребительских цен.

Таблица 1. Коэффициент инфляции в годовом исчислении

Год	Уровень инфляции,%	Примечание
2014	10,5	Высокий рост, связанный с внешними факторами
2015	3,5	Значительное замедление
2016	-0,5	Дефляция (снижение цен)
2017	3,7	Умеренный рост цен
2018	5,6	Умеренный рост цен, близкий к целевому коридору
2019	3,1	Низкая инфляция
2020	9,7	Начало ускорения, влияние пандемии COVID-19
2021	11,2	Значительное ускорение из-за глобальных шоков
2022	14,7	Максимальный рост за период, обусловленный геополитическими и мировыми ценовыми шоками
2023	7,3	Замедление, но выше целевого коридора НБ КР
2024	6,3	Дальнейшее замедление (по предварительным данным/отчету Нацстаткома)
2025	9,4	Рост инфляции

Источник: Инфляция в Кыргызской Республике (далее НБ КР) [4]

На основе представленных данных о годовой инфляции в Кыргызской Республике с 2014 по 2024 год можно сделать следующий вывод:

1. Период Волатильности и Нестабильности

Инфляционный ландшафт Кыргызстана за последнее десятилетие (2014–2024 гг.) характеризуется высокой волатильностью, что отражает сильную зависимость экономики от внешних шоков (цен на мировых рынках, ситуация в странах-партнерах) и внутренней политики.

- Амплитуда колебаний: Уровень инфляции варьировался от дефляции (-0,5%) в 2016 году до пикового значения в 14,7% в 2022 году.

2. Инфляционный Пик 2020–2022 гг.

Самый критичный период пришелся на 2020–2022 годы. Этот рост был вызван комплексом факторов:

- Внешние шоки: Пандемия COVID-19, нарушение глобальных цепочек поставок и, самое главное, резкий рост мировых цен на продовольствие и энергоресурсы, а также геополитические события 2022 года.

-Импортируемая инфляция: Из-за высокой доли импорта в потребительской корзине, внешнее удорожание товаров напрямую транслировалось во внутренние цены.

3. Успешное Замедление (2023–2024 гг.)

После пика 2022 года наблюдается устойчивая тенденция к замедлению инфляции:

- Снижение темпов: Инфляция снизилась с 14,7% в 2022 году до 6,3% в 2024 году (предварительно).

-Приближение к цели: Этот показатель (6,3%) находится в пределах или очень близко к целевому коридору Национального банка (5–7%), что свидетельствует об эффективности мер денежно-кредитной политики, направленных на сдерживание спроса, а также о стабилизации мировых рынков.

За последнее десятилетие экономика КР продемонстрировала способность к быстрому реагированию на глобальные шоки (резкий рост 2020-2022 гг.) и последующему возврату к более умеренным темпам (2023–2024 гг.) благодаря комплексу мер, предпринятых Национальным банком Кыргызской республики (далее НБКР). Тем не менее, риск повторного ускорения остается высоким из-за структурной зависимости от импорта и возможной волатильности на мировых рынках.

Основной инструмент регулирования – учётная ставка НБКР. Её изменение влияет на краткосрочные ставки межбанковского денежного рынка, выступает ориентиром стоимости средств и воздействует на объёмы совокупного спроса и предложения в экономике.



Рисунок 1. Учетная ставка НБКР, в % (на конец периода) [5]

Учётная ставка НБКР влияет на экономику страны, помогая сдерживать рост цен. С июля 2025 года НБКР несколько раз повышал ставку – с 9 до 11%. Это способствовало ограничению инфляционных рисков и поддержанию макроэкономической стабильности. Повышение учётной ставки приводит к росту ставок по банковским депозитам и, соответственно, повышается привлекательность сбережений в национальной валюте. Люди начинают меньше тратить и больше сберегать, что снижает спрос на потребительские товары и, как следствие, замедляет рост цен.

Рост сбережений увеличивает спрос на кыргызский сом и, как следствие, способствует его укреплению, что также вносит вклад в снижение инфляции.

Для регулирования денежного предложения НБКР использует монетарные инструменты, чтобы контролировать излишнюю ликвидность банковской системы.

При этом снижение учётной ставки может иметь и негативные последствия: деньги могут стать слишком дешёвыми, цены будут расти быстрее, чем развивается производство.

Для сдерживания ценового давления на социально значимые продовольственные товары за 2023-2025 годы в Кыргызской Республике были предприняты следующие меры (таблица 2).

Таблица 2 - Некоторые меры государственного регулирования инфляции за 2023-2025 годы в Кыргызской Республике

Период	Основные меры
2025 год	– приостановлена выдача разрешений на экспорт сельскохозяйственных животных в другие страны; [6] – введено временное регулирование цен на мясо; – временное регулирование цен на уголь с установлением предельных уровней; – запрет на вывоз угля автомобильным транспортом на срок шесть месяцев; – заключение соглашений с операторами рынка (производители, импортеры, торговые объекты) по сдерживанию цен на рынке сахара-песка, муки; – пополнение государственных резервов и льготное кредитование и другие.
2024 год	– обнуление НДС на растительное масло, муку и пшеницу; [7] – ограничений на вывоз отдельных товаров (корма, лук, минеральные удобрения и другие); – заключение соглашений с операторами рынка (производители, импортеры, торговые объекты) по сдерживанию цен на рынке сахара-песка, муки и другие.
2023 год	– разбронировано зерно продовольственной пшеницы из государственного резерва; – введён временный запрет на экспорт отдельных видов сельскохозяйственных товаров, в частности пшеничной муки; – введено временное государственное регулирование цен на хлеб пшеничный из муки 1 сорта и хлебобулочные изделия (лепёшки); – утверждён перечень продукции (16 товаров), на которую могло быть введено временное государственное регулирование цен на внутреннем рынке и другие.

По итогам 2025 года фактический уровень годовой инфляции составил 9,4%. Наиболее заметный рост цен наблюдался в таких продуктах, как овощи и фрукты, свежая рыба, растительное масло, картофель, свежее мясо, молочные изделия, мука и сахар.

Государство может использовать встроенные стабилизаторы — инструменты, величина которых не меняется, но само наличие их в экономике автоматически стабилизирует ситуацию, стимулируя экономику при спаде и сдерживая при «перегреве». Например, обнуление НДС на растительное масло, муку и пшеницу в 2024 г. (таблица 2). НДС, как косвенный налог и часть цены

товара, снижается при падении объёма продаж и увеличивается при росте выручки, что автоматически стабилизирует ситуацию.

Таким образом, стратегия регулирования инфляции требует комплексного и многопланового подхода. Комплексный поход должен включать меры денежно-кредитной и фискальной политики [8], структурные реформы, управление инфляционными ожиданиями, международное сотрудничество, антимонопольную политику и социальную защиту. Финансово-кредитные учреждения (далее ФКУ), обладают огромным объемом информации о движении денежных средств и финансовых операциях налогоплательщиков. Поэтому их сотрудничество и с органами налоговой службы играет важную роль аналитической работе органов управления, но и в прогнозировании и планировании, а также в выявлении случаев уклонения от налогов [9].

Инфляция усиливает проблемы нехватки собственных финансовых ресурсов и повышает стоимость нововведений, усиливает экономические риски и проблемы недостаточности бюджетного финансирования, влияет на сроки окупаемости инвестиций и, одновременно, повышает зависимость от импорта в виде инновационной техники и технологий. [10].

Целостный подход управления экономикой позволяет эффективно бороться с инфляцией, обеспечивая стабильность цен и способствуя устойчивому экономическому росту и благосостоянию населения.

Литература:

1. Малкина М.Ю. (2018). Инфляция: природа, причины и особенности проявления в России. Финансы и кредит, 24(10), 2276–2292.
2. Кейнс, Дж. М. (1978). Общая теория занятости, процента и денег. М.: Прогресс. (Основы макроэкономической теории).
3. Фридман, М. (2007). Количественная теория денег. М.: Эльф. (Основы монетаризма).
4. Годовой отчет Национального банка Кыргызской Республики.
5. Бюллетень Национального банка Кыргызской Республики (2025). / https://www.nbkr.kg/index1.jsp?item=137&lang=RUS

6. Приказ Министерства водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности КР №04-13/4 «Об утверждении перечня сельскохозяйственных товаров». https://ecfs.msu.ru/news/zapret-na-eksport-iz-kyirgyizstana-selxozzhivotnyix?ysclid=mmj6lw824x555827652
7. Постановление Кабинета министров Кыргызской Республики №808 от 27 декабря 2024 года.
8. Рысбаева, А. К. Структура и конкурентоспособность экономики / А. К. Рысбаева, Э. Кубанычбеков // Вестник Кыргызского Национального Университета имени Жусупа Баласагына. – 2018. – № 1(93). – С. 131-136. – EDN XSJYST.
9. Рысбаева, А. К. Налоговое планирование и администрирование как механизм обеспечения экономической безопасности организации / А. К. Рысбаева, Ж. Н. Касмакунова, М. А. Галдыбаев // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. – 2025. – № 1(48). – С. 97-104.
10. Рысбаева, А. К. Мировой и отечественный рынок инжиниринговых услуг: перспективы и ограничения развития / А. К. Рысбаева, С. А. Назаралиев, К. М. Айткулов // Вестник Кыргызского Национального Университета им. Жусупа Баласагына. – 2025. – № 1(121). – С. 244-250. – DOI 10.58649/1694-8033-2025-1(121)-244-250.
11. Аскарова, А. К. Камсыздандыруу рыногунун түшүнүгү жана мамлекеттин каржы системасынын ролу / А. К. Аскарова, Э. И. Мурзалиева, Г. Б. Абдырахманова // Вестник Жалал-Абадского государственного университета. – 2025. – No. 4(66). – P. 60-64.

Зарылбеков Раатбек Зарылбекович, Усенов Адилет Алимжанович

ОШ ЖАНА ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТАРЫНДАГЫ КАЛКТЫ ЖУМУШ МЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫНЫН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

Зарылбеков Раатбек Зарылбекович, Усенов Адилет Алимжанович

СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ СИСТЕМЫ ЗАНЯТОСТИ НАСЕЛЕНИЯ В ОШСКОЙ И ДЖАЛАЛ-АБАДСКОЙ ОБЛАСТЯХ

Zarylbekov Raatbek Zarylbekovich, Usenov Adilet Adimzhanovich

CURRENT STATE OF THE EMPLOYMENT SYSTEM IN OSH AND JALAL-ABAD REGIONS

УДК 331.5:332.1

Аннотация. *Бул илимий макалада Кыргыз Республикасынын калкы эң жыш жайгашкан аймактары болгон Ош жана Жалал-Абад областтарындагы калкты жумуш менен камсыз кылуу системасынын учурдагы абалына талдоо жүргүзүлөт. Изилдөөнүн актуалдуулугу региондордогу демографиялык өсүштүн жогорулугу жана эмгек ресурстарын рационалдуу пайдалануунун зарылдыгы менен шартталган. Макалада 2025-жылдарга карата расмий статистикалык маалыматтар пайдаланылып, республикалык деңгээлдеги жумушсуздуктун 5,3%дан 3,7%га чейин төмөндөө динамикасы деталдуу каралган. Автор Ош жана Жалал-Абад областтарынын агрардык-индустриалдык өзгөчөлүктөрүнө токтолуп, бул аймактардагы эмгек рыногунун структуралык маселелерин ачып берет.*

Изилдөөнүн жүрүшүндө Ош жана Жалал-Абад областтарындагы түзүлгөн жумуш орундарынын саны, алардын ичинен үзгүлтүксүз, сезондук жана убактылуу мүнөздөгү иш орундарына салыштырмалуу талдоо жасалган. Өзгөчө басым эмгек миграциясынын таасирине жасалып, анын квалификациялуу кадрлардын азайышына алып келген терс жактары жана мигранттардын акча которуулары аркылуу региондук экономиканы турукташтыруучу оң жактары амбиваленттүү кубулуш катары каралат. Ошондой эле, макалада гендердик аспект эске алынып, эркектер менен аялдардын иш менен камсыз болуу деңгээлиндеги (72% жана 43%) диспропорция илимий негизде талданган.

Жыйынтыгында, региондордогу жумуш менен камсыз кылуу системасын модернизациялоо, өнөр жай потенциалын толук ишке киргизүү жана социалдык чыңалууну азайтуу боюнча стратегиялык сунуштар берилген. Бул изилдөө аймактык өнүгүү саясатын иштеп чыгууда жана эмгек рыногундагы дисбалансты жоюуда илимий-практикалык колдонмо катары кызмат кылат.

Түйүндүү сөздөр*: жумуш менен камсыз кылуу, Ош области, Жалал-Абад области, жумушсуздуктун деңгээли, эмгек рыногу, миграция, агрардык сектор, статистикалык талдоо, эмгек ресурстары, экономикалык өнүгүү.*

Аннотация. *В данной научной статье проводится анализ текущего состояния системы занятости населения в Ошской и Жалал-Абадской областях - наиболее густонаселенных регионах Кыргызской Республики. Актуальность исследования обусловлена высокими темпами демографического роста и необходимостью рационального использования трудовых ресурсов в этих регионах. В статье подробно рассмотрена динамика снижения уровня безработицы на республиканском уровне с 5,3% до 3,7% на основе официальных статистических данных за период до 2025 года.*

Автор акцентирует внимание на аграрно-индустриальных особенностях Ошской и Жалал-Абадской областей, выявляя структурные проблемы местного рынка труда. В ходе исследования проведен сравнительный анализ созданных рабочих мест в указанных областях, включая постоянную, сезонную и временную занятость.

Особое внимание уделено влиянию трудовой миграции, которая рассматривается как амбивалентное явление: с одной стороны, она приводит к дефициту квалифицированных кадров, а с другой — способствует стабилизации региональной экономики через денежные переводы мигрантов. Также в статье на научной основе проанализирован гендерный аспект, выявляющий диспропорцию в уровне занятости мужчин (72%) и женщин (43%).

В заключение представлены стратегические рекомендации по модернизации системы занятости в регионах, полной реализации промышленного потенциала и снижению социальной напряженности. Данное исследование может служить научно-практическим пособием при разработке политики регионального развития и устранении дисбаланса на рынке труда.

Ключевые слова: *занятость населения, Ошская область, Жалал-Абадская область, уровень безработицы, рынок труда, миграция, аграрный сектор, статистический анализ, трудовые ресурсы, экономическое развитие.*

Abstract. *This scientific article analyzes the current state of the employment system in the Osh and Jalal-Abad regions, which are the most densely populated areas of the Kyrgyz Republic. The relevance of the study is driven by high demographic growth rates and the urgent need for rational utilization of labor resources in these regions. Using official statistical data up to 2025, the article examines the dynamics of the nationwide decline in unemployment from 5.3% to 3.7%. The author highlights the agrarian-industrial characteristics of the Osh and Jalal-Abad regions, identifying structural issues within the regional labor market.*

The study provides a comparative analysis of the number of jobs created in these regions, categorized into permanent, seasonal, and temporary employment. Particular emphasis is placed on the impact of labor migration, viewed as an ambivalent phenomenon: while it leads to a shortage of skilled personnel, it simultaneously stabilizes the regional economy through migrant remittances. Furthermore, the article scientifically analyzes the gender aspect, revealing a significant disparity in employment rates between men (72%) and women (43%).

In conclusion, strategic recommendations are proposed for modernizing the regional employment system, fully realizing industrial potential, and reducing social tension. This research serves as a scientific and practical guide for developing regional development policies and addressing labor market imbalances.

Keywords: *employment, Osh region, Jalal-Abad region, unemployment rate, labor market, migration, agricultural sector, statistical analysis, labor resources, economic development.*

Киришүү. Азыркы шартта региондордун социалдык-экономикалык туруктуулугун камсыз кылууда калкты жумуш менен камсыз кылуу маселеси мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу багыты болуп эсептелет.

Кыргызстандын калкы эң жыш жайгашкан Ош жана Жалал-Абад областтарында эмгек ресурстарын рационалдуу пайдалануу аймактык өнүгүүнүн негизги фактору болуп саналат. Акыркы жылдардагы экономикалык трансформациялар жана миграциялык жараяндар аталган региондордогу жумуш менен камсыз кылуу системасынын алдына жаңы чакырыктарды жана милдеттерди койду. Ош жана Жалал-Абад областтарынын агрардык-индустриалдык өзгөчөлүктөрү эмгек рыногунун структурасына

жана жумуштуулуктун деңгээлине спецификалык таасирин тийгизип келет. Ушул себептен улам, региондордогу жумуш менен камсыз кылуу системасынын учурдагы абалын илимий негизде талдоо жана анын натыйжалуулугун жогорулатуу жолдорун издөө маанилүү илимий жана практикалык мааниге ээ.

Ош жана Жалал-Абад областтарында эмгекке жарамдуу калктын санынын тез өсүшү жана ички-тышкы миграциянын жогорку деңгээли бул аймактардагы жумуш менен камсыз кылуу системасын тез арада модернизациялоону талап кылат. Региондун агрардык секторго көз карандылыгы жана өнөр жай потенциалынын толук пайдаланылбай жатышы жумушсуздуктун түзүмдүк көйгөйлөрүн тереңдетип, маселенин илимий-практикалык чечимдерин издөөнү актуалдуу кылууда. Калкты жумуш менен камсыз кылуунун эффективдүү механизмин түзүү түштүк региондорундагы социалдык чыңалууну азайтууга жана калктын жашоо деңгээлин туруктуу жогорулатууга түздөн-түз таасир эткен стратегиялык маанилүү маселе болуп саналат. Анткени, коомдогу социалдык маселелерди изилдөө дайыма актуалдуулугун жоготпой келе тургандыгы окумуштуулар тарабынан белгиленип келет [4].

Бул изилдөөнүн максаты - Ош жана Жалал-Абад областтарындагы калкты жумуш менен камсыз кылуу системасынын учурдагы абалын талдоо аркылуу анын натыйжалуулугун жогорулатуу жана региондук эмгек рыногундагы терс тенденцияларды жоюу боюнча илимий негизделген сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат.

Бул изилдөөнүн максаты - Ош жана Жалал-Абад областтарындагы калкты жумуш менен камсыз кылуу системасынын учурдагы абалын жана аймактык өзгөчөлүктөрүн талдоо.

Материалдар жана изилдөө методдору.

Изилдөөнүн маалыматтык базасы катары Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин жана Эмгек, социалдык камсыздоо жана

миграция министрлигинин 2020-2025-жылдарга карата расмий отчеттору пайдаланылды. Ош жана Жалал-Абад областтык иш менен камсыз кылуу башкармалыктарынын калкты каттоо жана вакансиялар боюнча берген региондук көрсөткүчтөрү изилдөөнүн негизги материалдары болуп саналат. Изилдөө жараянында эмгек рыногундагы өзгөрүүлөрдү аныктоо үчүн динамикалык катарларды анализдөө жана салыштырмалуу-статистикалык талдоо ыкмалары колдонулган. Региондордогу жумушсуздуктун деңгээлин жана системалык кемчиликтерди тереңирээк түшүнүү максатында дедуктивдик ыкма жана маалыматтарды системалаштыруу методу пайдаланылды. Ошондой эле, калкты жумуш менен камсыз кылуу борборлорунун ишмердүүлүгүнө баа берүүдө сапаттык жана сандык көрсөткүчтөрдү талдоочу логикалык жалпылоо ыкмасы колдонулду. Топтолгон материалдарды иштеп чыгуу жана жыйынтыктарды визуалдаштыруу үчүн заманбап компьютердик технологиялар жана графикалык моделдөө инструменттери колдонууга алынды.

Талкуулар жана тыянактар.

Ош жана Жалал-Абад региондору Кыргызстандын экономикалык түзүмүндө өзгөчө стратегиялык мааниге ээ болгон аймактар катары саналат. Бүгүнкү күндө бул аймактардагы калкты жумуш менен камсыз кылуу маселеси статистикалык сандардын жыйындысы эмес, миңдеген үй-бүлөлөрдүн социалдык бакубаттуулугун жана региондун эртеңки өнүгүүсүн аныктоочу негизги фактор болуп саналат. Анткени, калктын жыштыгы жана жаш куралтын басымдуулугу бир жагынан чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачса, экинчи жагынан жумуш берүүчү системанын алдына болуп көрбөгөндөй чакырыктарды таштоодо. Кантип бул ири демографиялык күчтү туура багыттап, эмгек рыногундагы дисбалансты жоюуга болот? Ушул суроонун тегерегинде жүргүзүлгөн илимий анализ, бизге учурдагы системанын реалдуу абалын түшүнүүгө жана келечекке багытталган жаңы чечимдерди көрүүгө шарт түзөт.

Илимий макалада Кыргыз Республикасындагы 2020-2025-жылдардагы жумушсуздуктун деңгээлдери каралып, статистикалык маалыматтарга ылайык, жумушсуздуктун төмөндөө тенденциясы төмөндөгүдөй көрсөткүчтү берген. Тактап айтканда, 2025-жылдын 24-июнундагы маалыматка ылайык, республикадагы жумушсуздуктун абалы: “2020-ж. – 5,3% , 2021-ж. – 5,0% , 2022-ж. – 4,8% , 2023-ж. – 4,1% , 2024-ж. – 3,7%” [1].

Республикадагы жумушсуздуктун төмөндөшүнүн көрсөткүчтөрү тууралуу маалыматтарга да токтоло кетели. Бул тууралуу Улутстатком тарабынан 2024-жылы өткөрүлгөн үй-чарбаларынын бюджеттеринин жана жумушчу күчтөрүнүн интеграцияланган тандалма изилдөөсүнүн жыйынтыктарында: “Изилдөөнүн маалыматтары боюнча, 2024-жылы 15 жаш жана андан улуу курактагы жумушчу күчүнүн саны 2,9 миллион адамды түздү, алардын ичинен 2,8 миллиону иш менен камсыз болгон жана 104 миңден ашыгы жумушсуздар. Мында 2023-жылга салыштырмалуу 15 жаш жана андан улуу курактагы иш менен камсыз болгон калктын саны 4 пайызга көбөйдү, ошол эле убакта жумушсуздардын саны тескерисинче 7 пайызга азайды. Экономикада иштегендердин жалпы санында иштеген эркектердин саны (1,7 млн.) иш менен камсыз болгон аялдардын санынан (1,1 млн.) ашты. 2024-жылы калктын иш менен камсыз болуу деңгээли жалпысынан 57 пайызды түздү, бул өткөн жылдын ушул эле көрсөткүчүнөн 0,8 пайыздык пунктка көп. Эркектердин арасында иш менен камсыздуулук деңгээли (72 пайыз) аялдарга караганда (43 пайыз) жогору. Жумушсуздуктун деңгээли 3,7 пайызды түзүп 2023-жылга салыштырмалуу 0,4 пайыздык пунктка төмөндөдү” [2].

Ал эми Улутстатком тарабынан 2023-жылы өткөрүлгөн үй-чарбаларынын бюджеттеринин жана жумушчу күчтөрүнүн интеграцияланган тандалма изилдөөсүнүн жыйынтыктарында: “Изилдөөнүн маалыматтары боюнча, 2023 - жылы 15 жана андан улуу жаш курактагы жумушчу күчүнүн саны 2,7 миллиондон ашык адамды түздү, алардын ичинен 2,6 миллиондон ашыгы – иш менен камсыз болгон жана 112 миңи - жумушсуздар. Мында 2022

- жылга салыштырмалуу 15 жана андан улуу жаш курактагы иш менен камсыз болгон калктын саны 3 пайызга көбөйдү, ошол эле убакытта жумушсуздардын саны 15 пайызга азайды. Экономикада иштегендердин жалпы санында иштеген эркектердин саны (1,6 млн.) иш менен камсыз болгон аялдардын санынан (1,0 млн.) ашты. 2023-жылы калктын иш менен камсыз болуу деңгээли жалпысынан 56 пайызды түздү, 2022-жылга салыштырмалуу 0,8 пайыздык пунктка төмөндөдү. Эркектердин арасында иш менен камсыздуулук деңгээли (71 пайыз) аялдарга караганда (42 пайыз) жогору. Жумушсуздуктун деңгээли 4,1 пайызды түзүп 2022-ж. салыштырмалуу 0,8 пайыздык пунктка төмөндөдү" [3].

Эми Ош жана Жалал-Абад аймактарынын региондук өзгөчөлүктөрүнө токтолсок, Кыргызстандагы областарга салыштырмалуу Ош жана Жалал-Абад областтарында калктын саны жогору болгондуктан, эмгекке жарамдуулардын саны да жогору болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ошол эле учурда эмгекке жарамдуу калкты жумуш менен камсыздоо меселеси учурдун көйгөйлүү көрүнүштөрүнөн болуп саналат. Бул аймактарда экономика негизинен агрардык секторго таянгандыктан, туруктуу жумуш орундардын жетишсиздиги байкалат [5].

Ошол себептүү Ош жана Жалал-Абад областтары эмгек миграциясынын саны да жогору болуп, квалификациялуу кадрлардын да миграциялык жараянга тартылгандыгы жумушсуздуктун белгилерин көрсөтүп тургандыгына карабастан [6], мигранттар тарабынан жөнөтүлгөн акча каражаттары региондордун экономикасын турукташтырып тургандыгы бир катар булактарда белгиленип келет.

Эми кийинки маалыматтарды талдайлы. Ош области боюнча түзүлгөн жумуш орундарынын жалпы саны 35475 болсо, Жалал-Абад области боюнча жалпы 40626. Анын ичинен үзгүлтүксүз жумуш менен камсыз кылуу Ош областында 32592, ал эми Жалал-Абад областында 37646ны түзөт. Анын ичинен сезондук жумуш менен камсыздоо Ош областында 1230, Жалал-Абад

областында 1273, ошондой эле убактылуу камсыздоо боюнча Ош областында 1653, ал эми Жалал-Абад областында 1707. Жоюлуп кеткен жумушчу орундарынын саны Ош областында 560 болсо, Жалал-Абад областында 428[7].

Андан сырткары жумушчу күчү жана жумушчу күчүнө кирбеген адамдар тууралуу маалыматтарды да жогорудагы шилтемеден табууга болот.

Корутунду.Ош жана Жалал-Абад областтарындагы калкты жумуш менен камсыз кылуу системасын изилдөө көрсөткөндөй, бул региондор Кыргызстандын демографиялык жана экономикалык түзүмүндө стратегиялык мааниге ээ. Акыркы жылдары республикалык деңгээлде жумушсуздуктун 5,3%дан 3,7%га чейин төмөндөө тенденциясы байкалганы менен, түштүк аймактарда жумуштуулуктун структуралык маселелери дагы деле актуалдуу бойдон калууда. Изилдөөнүн натыйжасында бул региондордо эмгекке жарамдуу калктын санынын тез өсүшү жумуш берүүчү системага кошумча басым жасап жаткандыгы аныкталды.

Экономиканын негизинен агрардык секторго таянгандыгы туруктуу жумуш орундарынын жетишсиздигине жана сезондук жумуштуулуктун кеңири жайылышына алып келүүдө. Статистикалык маалыматтарга ылайык, Ош жана Жалал-Абад областтарында түзүлгөн жумуш орундарынын басымдуу бөлүгү үзгүлтүксүз мүнөздө болгону менен, сезондук жана убактылуу жумуштуулуктун үлүшү дагы деле сакталып келет. Ошондой эле, гендердик аспекттеги диспропорция курч бойдон калууда: эркектердин жумуш менен камсыз болуу деңгээли 72%ды түзсө, аялдардыкы 43%дан ашпайт.Эмгек миграциясы бул аймактарда эки тараптуу ролду ойноп жатат. Ал бир жагынан квалификациялуу кадрлардын сыртка агылышына (мээнин агылышына) алып келсе, экинчи жагынан мигранттардын акча которуулары аркылуу жергиликтүү калктын кирешесин турукташтыруучу фактор катары кызмат кылууда.

Жыйынтыктап айтканда, Ош жана Жалал-Абад региондорунда жумуштуулуктун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн агрардык секторго көз

карандылыкты азайтып, өнөр жай потенциалын толук ишке киргизүү жана эмгек рыногундагы гендердик теңсиздикти жоюу зарыл. Түзүлгөн стратегиялык сунуштар региондук социалдык-экономикалык саясатты модернизациялоого жана калктын жашоо деңгээлин туруктуу жогорулатууга илимий негиз болуп бере алат.

Колдонулган адабияттар:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети [Электрондук ресурс]. – URL: https://stat.gov.kg/kg/statistics/zanyatost/ (кайрылган күнү: 20.04.2026).

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети [Электрондук ресурс]. – URL: https://stat.gov.kg/kg/news/otmechaetsya-snizhenie-bezraboticy-naseleniya-respubliki/ (кайрылган күнү: 20.04.2026).

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети [Электрондук ресурс]. – URL: https://www.stat.gov.kg/kg/news/otmechaetsya-snizhenie-urovnya-bezraboticy-naseleniya-respubliki/ (кайрылган күнү: 20.04.2026).

4. Кожоназарова, Ы М. И.Раззаков жана социалдык саясат / Кожоназарова Ы М, Токтогулова Г Т // Вестник Жалал-Абадского государственного университета. – 2014. – № 1(28). – С. 157-160.

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. Иш менен камсыздоо жана жумушсуздук статистикасы [Электрондук ресурс]. – URL: https://stat.gov.kg/kg/statistics/zanyatost/ (кайрылган датасы: 21.04.2026).

6. Национальный статистический комитет Кыргызской Республики [Электрондук ресурс]. – URL: https://stat.gov.kg/ru/opendata/category/5362/ (кайрылган датасы: 21.04.2026).

7. Национальный статистический комитет Кыргызской Республики [Электрондук ресурс]. – URL: https://stat.gov.kg/kg/statistics/zanyatost/ (кайрылган датасы: 21.04.2026).

8. Усенов, А. А. Гендердик иденттүүлүк Тукубай Тайгараевдин баатыр катары калыптануусунун фактору катары / А. А. Усенов // Вестник Жалал-Абадского государственного университета. – 2024. – No. 2(60). – P. 45-50.

БИОЛОГИЯ ИЛИМДЕР
БИОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
BIOLOGICAL SCIENCES

Жусупбаева Г. И., Тешебаева З.А.

КОЛОРАДО КОҢУЗУНУН (LEPTINOTARSA DECEMLINEATA SAY) ПОПУЛЯЦИЯСЫНЫН САНДЫК ӨСҮҮСҮН ЖӨНГӨ САЛУУДА ХИМИЯЛЫК ЖАНА БИОЛОГИЯЛЫК ПРЕПАРАТТАРДЫ СЫНОО

Жусупбаева Г. И., Тешебаева З.А.

ИСПЫТАНИЕ ХИМИЧЕСКИХ И БИОЛОГИЧЕСКИХ ПРЕПАРАТОВ В РЕГУЛИРОВАНИИ ЧИСЛЕННОСТИ ПОПУЛЯЦИИ КОЛОРАДСКОГО ЖУКА (LEPTINOTARSA DECEMLINEATA SAY)

Zhupusbaeva G.I., Teshebaeva Z.A.,

TESTING OF CHEMICAL AND BIOLOGICAL PREPARATIONS IN REGULATING THE POPULATION DENSITY OF THE COLORADO POTATO BEETLE (*LEPTINOTARSA DECEMLINEATA* SAY)

УДК 595.76812

Аннотация. *Изилдөө иши Фергана өрөөнүнүн түндүк-батыш чет жакаларындагы өсүмдүктөр агроценоздорунда деңиз деңгээлинен 700мден 2000 м бийиктикте жүргүзүлгөн. Картошка өсүмдүктөрүн колорадо коңузунан сактоо маанилүү экендигин эске алып, зыянкечтин зыяндуу стадиялары аныкталды.*

Колорадо коңузунун сандык динамикасын чектөө максатында биологиялык препараттарды жана уулуулугу аз инсектициддерди лабораториялык жана талаа шартында сыноо иштери жүргүзүлдү.

Алынган жыйынтыктардын негизинде Кыргызстандын түштүгүнүн шартында картошканы колорадо коңузунан коргоо үчүн Энтолек (Streptomyces avermitilis) жана Актарофит 1.8 (Streptomyces avermitilis (1,8%тен аз эмес), Битоксибациллиндин СЭП жана уулуулугу аз инсектицид Моспилан (ацетамиприд 200г/кг), Тайфун, (бета-циперметрин 5%) препараттарын колдонууну сунуштоого болот.

Ачкыч сөздөр*: картошка, колорадо коңузу (Leptinotarsa decemlineata Say), курттар, имаго, Энтолек, Актарофит-1,8, Битоксибациллин, Моспилан, Тайфун.*

Аннотация. *Исследовательская работа проводилась в растительных агроценозах северо-западных окраин Ферганской долины на высоте от 700 до 2000 метров над уровнем моря. Учитывая важность защиты картофеля от колорадского жука, были определены вредоносные стадии развития вредителя.*

С целью ограничения численности популяции колорадского жука в лабораторных и полевых условиях были проведены испытания биологических препаратов и малотоксичных инсектицидов.

На основании полученных результатов в условиях юга Кыргызстана для защиты картофеля от колорадского жука можно рекомендовать применение препаратов Энтолек (Streptomyces avermitilis), Актарофит 1.8 (не менее 1,8% Streptomyces avermitilis), Битоксибациллин ПРП (порошок), а также малотоксичных инсектицидов Моспилан (ацетамиприд, 200 г/кг) и Тайфун (бета-циперметрин, 5%).

Ключевые слова: *картофель, колорадский жук (Leptinotarsa decemlineata Say), личинки, имаго, Энтолек, Актарофит-1,8, Битоксибациллин, Моспилан, Тайфун.*

Abstract. *The research work was conducted in the plant agrocenoses of the northwestern fringes of the Fergana Valley at altitudes ranging from 700 to 2,000 meters above sea level. Given*

the importance of protecting potato crops from the Colorado potato beetle, the harmful developmental stages of the pest were determined.

With the aim of limiting the population dynamics of the Colorado potato beetle, laboratory and field trials were carried out to test biological preparations and low-toxicity insecticides.

Based on the results obtained under the conditions of southern Kyrgyzstan, the following can be recommended for protecting potatoes from the Colorado potato beetle: the biological preparations Entolek (Streptomyces avermitilis), Aktarofit 1.8 (not less than 1.8% Streptomyces avermitilis), and Bitoxibacillin SP (soluble powder), as well as the low-toxicity insecticides Mospilan (acetamiprid, 200 g/kg) and Typhoon (beta-cypermethrin, 5%).

Keywords: *potato, Colorado potato beetle (Leptinotarsa decemlineata Say), larvae, imago, Entolek, Aktarofit-1.8, Bitoxibacillin, Mospilan, Typhoon.*

Картошка (*Solanum tuberosum* L., *Solanaceae* тукуму) дүйнө элинин негизги азыгы болуп эсептелет жана Кыргызстан да четте калбайт. Статистикалы маалыматтар боюнча картошка калктын тамак-ашынын нандан кийинки экинчи азыгы.

Картошканын туруктуу жана өндүрүмдүү агроценозун түзүүдө агробиоценоздук маселелерди талдоо жана оптималдаштыруу, анын ичинде экосистеманын санитардык коопсуздугун камсыз кылуу эң маанилүү орунду ээлейт [7].

Картошка чарбаларында зыянкеч фитофагдардын алтымыштан ашык түрү катталганы белгилүү, алардын көбү полифагдар. Алардын ичинен эң коркунучтуусу *Chryomelidae* тукумуна кирген колорадо коңузу (*Leptinotarsa decemlintata* Say). Колорадо коңузу (*Leptinotarsa decemlineata* Say) өзүнүн өзгөчө аутэкологиялык жана синэкологиялык өзгөчөлүктөрүнөн улам, ал агроэкосистемаларда туруктуу кездешет жана башка фитофагдар менен фитопатогендерден айырмаланып, картошканын түшүмдүүлүгүн 70–80%ге, айрым учурда 100%га чейин төмөндөтүүгө жөндөмдүү [1,4]. Мындан тышкары, генетикалык ар түрдүүлүк (полиморфизм) бул түрдүн экологиялык валенттүүлүк диапазонун кеңейтет. Бул, өз кезегинде, особдордун айлана-чөйрөнүн факторлоруна ыңгайлашуусун арттырып, экстремалдык шарттарда, анын ичинде пестициддердин таасири учурунда анын бир бөлүгүнүн жашап калышына шарт түзөт [6].

Кыргызстанда зыянкечтерге каршы күрөшүүнүн негизги ыкмасы химиялык инсектициддерди колдонуу болуп саналат. Өнөр жайдын химиялашуусунун күчөшү картошканын түшүмүндө зыяндуу заттардын олуттуу топтолушуна, түшүмүндүн экологиялык сапатынын начарлашына жана адамдардын ден соолугуна жана бакубаттуулугуна терс таасирин тийгизет.

Изилдөөнүн негизги максаты - Түштүк Кыргызстандагы колорадо коңузуна каршы биопрепараттарга жана уулуулугу аз инсектициддерге биологиялык натыйжалуулугун баалоо.

Изилдөөнүн методикасы. Изилденген аймак Фергана өрөөнүнүн түндүк-батыш чет жакаларындагы өсүмдүктөр агроценоздорунда деңиз деңгээлинен 700мден 2000 м бийиктикте жайгашкан.

Изилдөөнүн обьектиси: Колорадо коңузунун курттары жана имагосу, инсектицид моспилан (ацетамиприд 200г/кг), тайфун (бета-циперметрин 5%) жана биопрепараттар энтолек, актарофит 1.8, битоксибациллин.

инсектицид жана биопрепараттардын колорадо коңузунун (Leptinotarsa decemlineata *Say*) куттарына жана имаголоруна тийгизген таасири лабораториялык жана талаа шарттарында сыноо иштери жүргүзүлдү. Талаа шартында сыноо иши төмөнкү бийиктиктерде май айынын биринчи он күндүгүнөн, ал эми жогорку бийиктиктерде июнь айынын үчүнчү он күндүгүндө жана июль айынын биринчи он күдүгүндө жүргүзүзүлдү.

Зыянкечтердин сандык динамикасы препараттар менен дарылоого чейин жана дарылоодон кийин эсептелген. Ар бир дарылоо үчүн жогорудагы препараттардын биологиялык активдүүлүгү Абботтун формуласы менен эсептелет:

$$C = 100 (A-B) / A$$

Мында, С - зыянкечтердин өлүмүнүн көрсөткүчү, А - дарылоого чейинки зыянкечтердин орточо саны, В - дарылоодон кийинки зыянкечтердин орточо саны. Лабораториялык жана талаа эксперименттерин жүргүзүүдө

математикалык статистиканын жалпы кабыл алынган ыкмалары колдонулдуу [5].

Натыйжалар.

Колорадо коңузунун (*Leptinotarsa decemlineata* Say) жашоо цикли төрт этаптан турат: жумуртка, курт (төрт курактан турат), куурчакча жана имаго (коңуз). Өсүмдүккө негизги зыян келтирүүчү этабы III жана IV куракдагы курттар жана имаго.

Колорадо коңузунун курттары болжол менен 16-20 күнгө созулат жана ошол мезгилде жалбыректын 30см^2 бети менен азыктанат, анын ичинен III жана IV курактагы курттары болжол менен 90% жалбыректын бети менен азыктанат. Ошондуктан экинчи курактагы курттардын массалык көбөйүү мезгилинде, аларга каршы күрөшүү иш чараларын жүргүзүү керек [2].

Коргоо иш-чараларын жүргүзүүдө агроценоздогу биологиялык ар түрдүүлүк сакталууга тийиш. Кыргызстанда уулуулугу аз инсектициддерди жана биопрепараттарды өндүрүү жана колдонуу азырынча кеңири жайыла элек. Уулуулугу аз инсектициддер жана көптөгөн биоинсектициддер зыянкеч курт-кумурскалардын санын ийгиликтүү жөнгө сала алмак. Өсүмдүктөрдү коргоо практикасына заманбап биологиялык инсектициддерди киргизүү, албетте, бул багытта андан аркы терең изилдөөлөрдү талап кылат.

«Өсүмдүктү зыянкечтерден коргоодо инсектициддерди, акарициддерди, биопрепараттарды жана феромондорду каттоо сыноолорунан өткөрүү боюнча методикалык көрсөтмөлөргө» ылайык, картошка өсүмдүктөрүнүн колорадо коңузу менен жабыркашын эске алуу менен уулуулугу аз химиялык инсектициддерди жана биопрепараттарды сыноо иштери жүргүзүлдү (таблица).

Таблица. **Колорадо коңузуна (Leptinotarsa decemlineata Say) каршы химиялык жана биологиялык препараттарды сыноо**

Препараттын аталышы	**Чыгым нормасы**	**Дарылоого чейинки курт жана**	**Дарылоодон кийинки күндөр боюнча зыянкечтин өлүмү**	**Биологиялык натыйжа**

		имаго				лу улук, %
			3-күн	5-күн	7-күн	
Энтолек (Streptomyces avermitilis)	5мл/10л	100	96	4	-	100
Актарофит 1.8 (Streptomyces avermitilis (1,8%тен кем эмес)	5мл/10л	100	98	2	-	100
Битоксибацил лин СЭП	10г/10л	100	-	24	62	86
Моспилан (ацетамиприд 200г/кг)	2,5г/10л	100	100	-	-	100
Тайфун, (бета-циперметрин 5%)	4г/10 л	100	100	-	-	100
Контроль, препараттар чачылбаган жөөк		100	-	-	3	3

Таблицада көрсөтүлгөндөй, бардык сыналган препараттар колорадо коңузуна каршы күрөшүүдө жогорку биологиялык баалуулукту (86-100%) көрсөттү. Эң жогорку биологиялык баалуулук системдик жана ичеги-карын контакттык таасирге ээ болгон Моспилан (ацетамиприд 200г/кг) жана Тайфун (бета-циперметрин 5%) химиялык инсектициддерден байкалган. Аларды колдонуудан кийинки 3- күнкү байкоодо 100%ге чейин биологиялык баалуулукту көрсөттү. Препараттардын таасирине өзгөчө кенже курактагы личинкалар сезгич болуп чыкты, ал эми III-IV курактагы курттар жана коңуздар салыштырмалуу туруктуулукту көрсөтүштү.

Биопрепараттар да оң натыйжаларды берди, бирок алардын таасири химиялык каражаттарга салыштырмалуу жайыраак байкалды. Биологиялык препараттардын максималдуу натыйжалуулугу орточо эсеп менен 86–100%ды түздү. Энтолек (Streptomyces avermitilis) жана Актарофит 1.8 (Streptomyces

avermitilis 1,8%тен аз эмес) колорадо коңузуна каршы күрөшүү үчүн ичеги-контакттык таасири бар биологиялык инсектоакарициддер. Аталган препараттар энтомопатогендик микроорганизмдердин таасир этүү механизминин өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу, анткени алардын зыянкечтин организмине кириши жана инфекциялык процесстин өрчүшү үчүн белгилүү бир убакыт талап кылынат.

Актарофит 1.8 топурак бактериялары *Streptomyces avermitilis* тарабынан өндүрүлгөн табигый авермектиндердин комплексин камтыйт (кеминде 1,8%).

Битоксибациллин — колорадо коңузуна каршы күрөшүүдө биологиялык натыйжалуу 86%ти түздү. Ал химиялык уу заттардан айырмаланып, бактериялык негизде (*Bacillus thuringiensis*) жасалгандыктан, экологиялык жактан таза жана коопсуз болуп эсептелет. Препарат коңуздун организмине тамак (жалбырактар) аркылуу кирип, зыянкечтин ичеги-карын системасынын иштөөсүн бузат жана курттардын азыктануусун токтотуп, 3–5 күндөн кийин зыянкечтер массалык түрдө кырыла баштайт. Тирүү калган коңуздардын тукум берүү (жумуртка таштоо) жөндөмдүүлүгү кескин төмөндөйт. Препарат коңуздун I-II курактагы курттарына каршы өтө натыйжалуу. Биопрепараттын эффективдүүлүгү аба ырайына түздөн-түз байланыштуу. Орточо 18°C жогору жана максималдуу 24°C температурада заттын таасири үчүнчү күнү эле байкала баштаган. 17°C төмөн жана максималдуу 21°C температурада сегизинчи күнү гана байкалган. Бул Жалал-Абад илимий борборунун Ак-Терек эксперименталдык участкасында жүргүзүлгөн сыноолор менен тастыкталган [3]. Препарат чачылбаган контролдогу өсүмдүктөрдө дефолиациянын деңгээли 100%ге чейин жетип, өсүү процесстерине жана өнүгүшүнө терс таасирин тийгизген. Алынган жыйынтыктар колорадо коңузунун (*Leptinotarsa decemlineata* Say) популяциясына олуттуу басым жасоочу таасирин күбөлөйт. Кыргызстандын түштүгүнүн шартында картошканы колорадо коңузунан коргоо үчүн Энтолек (Streptomyces avermitilis) жана Актарофит 1.8 (Streptomyces avermitilis (1,8%тен аз эмес), Битоксибациллиндин СЭП жана аз

уулуу инсектицид Моспилан (ацетамиприд 200г/кг), Тайфун, (бета-циперметрин 5%) препараттарын колдонууга болот. Учурда “химиялык минералдык жер семирткичтерди туура колдонуу керек, андан башка органикалык жер семирткичтерди колдонуу өтө пайдалуу” [8, 6] экендигин белгилөөгө болот.

Адабияттар

1. Глёз, В.М. Колорадский жук. /В.М. Глез, В.И. Черкашин //Защита и карантин растений. - 2002. - №5. - С. 65 - 92.
2. Жусупбаева Г.И. Биоэкологические особенности колорадского жука (Leptinotarsa decemlineata, Say) и меры борьбы с ним в условиях юга Кыргызсмтана [Текст] Г.И.Жусупбаева //диссертация на соискание ученой степени кандидата биологических наук– 2015г.,с.-75.
3. Жусупбаева Г.И. Защита картофелеводческих хозяйтв от колорадского жука (*Leptinotarsa decemlineata* Say) в условиях юга Кыргызстана [Текст] // Г.И. Жусупбаева. Наука, Новые технологии и Инновации Кыргызстана. № 5, 2023.
4. Конов, А.Л. Эндогенные ингибиторы протеаз как фактор устойчивости растений. /А.Л. Конов, А.И. Стародубцева, О.А. Шульга, К.Г. Скрябин // Современные системы защиты и новые направления в повышении устойчивости картофеля к колорадскому жуку. - М.: Наука, 2000.- 224 с.
5. Поляков И.Я. Прогноз фитосанитарной обстановки в растениеводстве [Текст] И.Я Поляков, А.Ф. Ченкин // Научные основы защиты растений. – М., 1984. – С. 34-71.
6. Сухорученко, Г.И. Как предотвратить нарастание резистентности колорадского жука к пиретроидам./Г.И. Сухорученко //Защита и карантин растений. - 2002. - № 4. - С. 22 - 2417.
7. Фасулати, С.Р. Адаптивная микроэволюция колрадского жука и его внутривидовая структура в современном ареале. /С.Р. Фасулати,Н.А. Вилкова //Современные системы защиты и новые направления в повышении устойчивости картофеля к колорадскому жуку.- М.: Наука, 2000. - 224 с.
8. Кудайбердиева, Г. А. Важность Калифорнийского дождевого червя при приготовлении гумуса / Г. А. Кудайбердиева, З. И. Сакбаева, Ш. Ш. Нурдинов // Вестник Жалал-Абадского государственного университета. – 2025. – № 2(64). – С. 129-134.

ФИЛОСОФИЯЛЫК ИЛИМДЕР
ФИЛОСОФИЧЕСКИЕ НАУКИ
PHILOSOPHICAL SCIENCES

Токоева Гулдана Самидиновна
Абдуллаева Мырзайым Ашыралыевна

БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГДУН ЖҮРГҮЗГӨН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНӨ ФИЛОСОФИЯЛЫК ТАЛДОО

Токоева Гулдана Самидиновна
Абдуллаева Мырзайым Ашыралыевна

ФИЛОСОФСКИЙ АНАЛИЗ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ СОЦИАЛЬНОГО ПЕДАГОГА В СИСТЕМЕ ОБРАЗОВАНИЯ

Guldana Samidinovna Tokoeva
Myrzayim Ashyralvevna Abdullaeva

PHILOSOPHICAL ANALYSIS OF THE ACTIVITIES OF A SOCIAL EDUCATIONAL TEACHER IN THE EDUCATION SYSTEM

УДК: 101.1.316/356.2

Аннотация. *Коомдун туруктуу өнүгүү шартында билим берүү системасына жана педагогикалык ишмердүүлүккө карата жаңы талаптар жана милдеттер коюла баштады. Бириккен Улуттар уюму тарабынан кабыл алынган туруктуу өнүгүүнүн максаттарына ылайык ар тараптуу терең билим берүү, адилеттүүлүк менен сапатты камсыздоо, бардыгы үчүн билим алууну камсыз кылуу белгиленген. Билим берүү процессинде мугалим менен катар социалдык педагогдун ролу жогорулап жатат. Айрыкча ааламдашкан коомдо социалдык педагогдун орду маанилүү жана жооптуу кызмат катары кабылданат. Ошондуктан билим берүү системасында социалдык педагогдун ишмердүүлүгүнө философиялык жактан талдоо жүргүзүү актуалдуу маселе болуп саналат. Анткени учурда мектеп жашындагы балдардын жүрүм-туруму коом жана мамлекет каалагандай болбой, айрым учурда чектен чыккан жагдайлар менен коштолуп жатат.*

Билим берүү системасындагы социалдык педагогдун ролу окуучунун мектепте билим алып жаткан балдардын социалдашуусуна көмөк көрсөтүү, үй-бүлө–мектеп карым-катнашынын жөнгө салуу, балдардын социалдык абалына мониторинг жасоо, эмоционалдык-психологиялык өзгөчөлүктөрүнө талдоо сыяктуу милдеттер артылган. Орто мектептеги социалдык педагогдун негизги максаты – окуучунун коомго ийгиликтүү аралашуусуна шарт түзүү. Ал баланын үй-бүлөлүк, социалдык жана психологиялык абалын изилдеп, көйгөйлөрдү алдын алуу жана чечүү багытында иш жүргүзөт. Ошондуктан социалдык педагогдун иш багытындагы кесиптик көйгөйлөрдү анын ишмердүүлүгүндөгү гуманисттик жана толерантуулук маселелери философиялык талдоого алынды.

Ачкыч сөздөр*: билим берүү, өспүрүм, социалдашуу, социалдык педагог, гумандуулук, толеранттуулук, социалдык жоопкерчилик, коом, мамлекет, тарбия, философиялык талдоо.*

Аннотация. *В условиях устойчивого развития общества к системе образования и педагогической деятельности начали предъявляться новые требования и задачи. В соответствии с целями устойчивого развития, принятыми Организацией Объединенных Наций, ставится задача всестороннего и глубокого образования, обеспечения справедливости и качества, а также доступности образования для всех. В образовательном процессе роль не только учителя, но и социального педагога возрастает. Особенно в глобализованном обществе место социального педагога воспринимается как важная и ответственная должность. Поэтому философский анализ деятельности*

социального педагога в системе образования является актуальной проблемой. Ведь в настоящее время поведение школьников не всегда соответствует ожиданиям общества и государства, иногда сопровождается девиантными поведениями.

Роль социального педагога в системе образования заключается в том, что он координирует в социализации ребенка в обществе, регулирует взаимоотношения между семьей и школой, мониторит социальное состояние детей, а также анализирует их эмоционально-психологические особенности. Основная цель социального педагога в средней школе – создавать условия для успешной адаптации ученика в обществе. Он изучает семейное, социальное и психологическое состояние ребенка, работает над профилактикой и решением проблем. Поэтому профессиональные проблемы социального педагога в его деятельности рассматривались с точки зрения гуманистических и толерантных подходов.

Ключевые слова: *образование, подросток, социализация, социальный педагог, гуманность, толерантность, социальная ответственность, общество, государство, воспитание, философский анализ.*

Abstract*. In the context of sustainable societal development, new requirements and challenges have emerged for the education system and pedagogical practice. In accordance with the Sustainable Development Goals adopted by the United Nations, emphasis is placed on providing comprehensive and high-quality education, ensuring equity, and guaranteeing access to education for all. Within the educational process, the role of not only teachers but also social educators has become increasingly significant. Particularly in a globalized society, the position of the social educator is regarded as highly important and responsible. Therefore, a philosophical analysis of the professional activities of social educators within the education system represents a relevant and timely research issue. Today, the behavior of schoolchildren does not always meet the expectations of society and the state and is sometimes characterized by various forms of deviant behavior.*

The role of the social educator in the education system is to coordinate the process of a child's socialization, regulate relationships between the family and the school, monitor the social well-being of students, and analyze their emotional and psychological characteristics. The primary goal of a social educator in secondary school is to create conditions that facilitate the successful adaptation of students to society. This includes studying the family, social, and psychological circumstances of children, as well as preventing and addressing social and personal problems. Therefore, the professional challenges faced by social educators are examined from the perspectives of humanistic and tolerant approaches.

Keywords: *education, adolescent, socialization, social educator, humanity, tolerance, social responsibility, society, state, upbringing, philosophical analysis.*

Материалдар жана методдор

Изилдөөнүн материалдары катары билим берүү багытында жарык көргөн укуктук-ченемдик актылар, туруктуу өнүгүү максаттарынын негизги багыттары, социалдык педагогика багыты боюнча жарык көргөн эмгектер, элдик педагогиканын материалдары эсептелди. Изилдөөнүн материалдары катары Аристотелдин [1], И.Канттын эмгектери [4], Н.А Бердяевдин адам эркиндиги жөнүндөгү философиялык эмгектери [2], Г.С.Токоеванын адам маселесине байланыштуу эмгеги [12] кызмат кылды.

Социалдык педагогдун билим берүү системасындагы ордун аныктоодо гуманисттик мамиле жасоо чоң роль ойноду. Гуманисттик мамиле жасоодо принциби педагогдун инсандык баалуулугун, анын укуктарын, эркиндигин жана мүмкүнчүлүктөрүн анализдөөгө негиз болду. Аксиологиялык мамиле инсандык баалуулуктарын аныктоодо, толерантуулук сапаттарын талдоого алууда маанилүү роль ойноду. Системалык-ишмер мамиле жасоо аркылуу социалдык педагогдун билим берүү системасындагы жана социалдык институттардагы карым-катнашы талдоого алынды. Изилдөөдө теориялык талдоо ыкмасы билим берүү системасындагы педагогдун ишмердүүлүк чөйрөсүнө тиешелүү түшүнүктөрүн талдоого алууда маанилүү болду. Салыштырма талдоо жүргүзүү, анализ жана синтез ыкмаларынын жардамы менен социалдык педагогика жаатында жүргүзүлгөн иштер жалпыланды.

XX кылымдын аягында социалдык тарбия берүү маанилүү болуп калды. Социалдык педагогиканын пайда болушу социалдык феномен катарында жаңы коомдун талабын канааттандыруу максатын көздөө менен байланыштуу. Кыргызстанда бир коомдон экинчи коомго өтүү оңой-олтоң болгон жок. Мурдагы баалуулук, нравалык жана эстетикалык идеялардын өзгөрүшү көптөгөн кыйынчылыктарга алып келди. Анын таасирин азайтуу, ондоо социалдык тарбиянын милдети болуп саналат. Бул маселени изилдөөдө окумуштуулар А.В.Мудрик [8], Л.С Выготский [3], С.А. Козлова [5], В.А. Сухомлинский [11] социалдык тарбиянын социалдык педагогиканын негизги категорясы катары кароосу теориялык роль ойноду.

Киришүү Билим берүү системасы мамлекеттин социалдык институту катары маанилүү жана жооптуу милдетти аткарат. Окутуу менен тарбиялоо диалектикалык байланыштагы экилтик катары билим берүү системасынын негизги жана башкы максаты болуп келген. Окутуу менен бирге балдарды тарбиялоо, коомго аралаштыруу инсандык сапаттарынын калыптанышына көмөк көрсөтүү орто мектептерде ишке ашырылып келет. Заманбап коомдун өнүгүшү тарбиялоо процессин билим берген мугалимдерге гана артып

койбостон, социалдык педагогдун жардамы аркылуу да жүрүүдө. Социалдык педагог акыркы жылдары жаңыдан пайда болгон тарбиялоо процессине активдүү катышкан жооптуу кызматкер. Бул багыттагы кесиптин өзгөчөлүгүн, милдетин, жоопкерчилигин философиялык өңүттө талдоого алуу учурдагы актуалдуу маселелерден болуп саналат. Изилдөөнүн максаты – билим берүү системасындагы социалдык педагогдун ордун жана ролун философиялык талдоо. Коюлган максатка жетүү үчүн билим берүү системасындагы социалдык педагогдун ишмердигинин социалдык адилеттүүлүк, гуманиттик багыттагы ишмердүүлүгүн талдоого алуу жана инсан менен коомду байланыштыруучу, окуучу менен ата-энени колдоочу кызматын изилдөө милдеттери коюлду. Макалада социалдык педагогдун жоопкерчилиги жана укугу, адамды калыптандыруучу ишмердүүлүгү, баланы колдоочу жана коргоочу касиеттери, инсанды коомдук мамилелерге аралаштыруучу жооптуу кызматы социалдык-философиялык өңүттө талдоого алынды.

Жыйынтыктар жана талкуулар

Кыргыз элинде: “Ар бир кесип ардактуу” – деп айтылып жүргөндөй кандай гана кесип болбосун коомдун, мамлекеттин өнүгүүсүнө өз салымын кошкон, инсандык жана адистик ордун көрсөткөн кесиптин ээси болуу маанилүү. Анткени заманбап ааламдашкан коом тигил же бул жаатта ийкемдүү, өзгөрүүгө тез барган адисти талап кылат. Ааламдашкан коомдо ар бир кесип ээсине маалымат-коммуникациялык жетишкендиктерди өздөштүргөн, санариптик компетенциялары өнүккөн, өзүнүн кесиптик чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөрдү жакшы билген, билимдүү инсан болууга карата талаптарын коюуда. Биздин изилдөөбүздө билим берүү системасындагы өз орду бар, балдардын сапаттуу билим алуусуна, татыктуу тарбияланууусуна түздөн-түз катышкан, социалдашуусуна, жүрүм-турум нормаларынын калыптануусуна өзүнүн билимин жана тажрыйбасын арнаган социалдык педагог жөнүндө болмокчу. Анткени коомдук болмуштагы тез өзгөрүүлөр, үй бүлө институндагы транформациялык процесстер, жаш балдарга санариптик

өзгөрүүлөрдүн түздөн-түз таасир этиши социалдык педагогика жатында эмгектенгендердин ролун жогорулатып жатат.

Ушуга байланыштуу “Социалдык педагог” деген ким? Ал эмне менен алектенет?, Ишмердигинин чөйрөсү кайсы? – деген суроолор жаралат. Социалдык педагог – билим берүү, социалдык-психологиялык жактан колдоо, укуктук жактан камкордукка алуу жаатында эмгектенген адис. Анын кесиптик ишмердүүлүгү балдар жана өспүрүмдөр менен иштөө, алардын коомго социалдашуусуна көмөк көрсөтүү, билим берүү менен байланышкан коопсуз чөйрөнү түзүү сыяктуу кеңири чөйрөгө таралган. Ал балдар жана алардын ата-энелери, мектеп, социалдык жактан коргоо жаатындагы мекемелер менен иш алып барган жоопту кызматкер.

Мектептерде ишмердүүлүгүн жүргүзгөн социалдык педагогдор окуучуларды социалдык-психологиялык жана билим берүү жаатында колдогон бирдиктүү тутумдун бөлүгү катары кызмат көрсөтөт. “Социалдык” деген термин алардын ишмердигинин негизги бөлүгү. Анткени алар баланын социалдык жагына көбүрөөк басым жасап, үй-бүлөлүк абалына, турмуш-тиричилигине, жеке социалдык-психологиялык абалына карата иш алып барышат.

Демейде социалдык педагог менен психологду окшоштурган жагдайлар кездешет. Себеби экөө тең балдар жана өспүрүмдөр менен көбүрөөк иштешет. Турмуштук тажрыйбада белгилүү болгондой психологдор балдардын психологиялык-эмоционалдык өзгөчөлүктөрүнө, сабактагы көңүл буруу, кабылдоо сыяктуу психологиялык абалдарына, стресстик же депрессиялык көрүнүштөрдүн болгондугуна жана аны жеңүүнүн жолдоруна байланыштуу иш жүргүзөт.

Ал эми социалдык педагог балдардын үй-бүлөлүк жашоо-шартына, үй-бүлөдөгү жана мектептеги өз ара карым-катнаш мамилелерине, социалдык жактан камсыздоо жана коргоо маселелерине басым жасайт. Баланын тигил же бул кырдаалдардан улам коомго аралашуусуна, же адаптацияланышына

таасирин тийгизет. Кээ бир изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча эки кесиптин ортосунда көп деле айырмачылык боло бербейт.

Көп учурда социалдык педагог эмне менен алектенет, анын ишмердигинин жыйынытыгы эмне менен ченелет, натыйжасын эмнеден көрөбүз деген сыяктуу суроолор жаралат. Ушул өңүттө талдоо жасап көрөлү. Коомдо социалдык педагогдун жумушу өтө оор жана жооптуу кызмат катары кабылдашат. Чындыгында эле ошондой. Аны жумуш убактысынан ашыкча иштеген инсан деп кабылдайбыз. Социалдык мүнөздөгү кандай гана маселе же көйгөй болбосун ар дайым анын катышуусу жана ишмердиги талап кылынат. Ошондуктан аны мектепте болобу, үй-бүлөдө болобу активдүү жана талыкпаган социалдык жактан колдогон жана коргогон жардамчы деп айтууга болот. “Мектеп – ата-эне – коом” менен байланыштырган күчтүү көпүрө жана мектепте ынгайлуу жана коопсуз жагымдуу жагдай түзүүгө жардам берүүчү. Эң биринчи кезекте анын ишмердигинин багыты катары ар түрдүү социалдык мүнөздөгү көйгөйлөрдүн алдын алуу, чыр-чатакты болтурбоо, социалдык жактан коргоо механизмдерин ишке ашырууну жөнгө салат.

Аны комплекстүү иш алып барган адис катары кабылданат. Мектеп үй-бүлө менен гана чектелип калбастан социалдык жактан коргоо жана камсыздоо мамлекеттик органдары, укук коргоо органдары менен бирге комплекстүү иш жүргүзөт. Анын ишинин багыты ар түрдүү болуп, күтүлбөгөн көйгөйлөргө же жагдайларга туш болот. Бул учурда кыргызда айтылып жүргөндөй: “Кыйын учурда кылдай сөздөн кут тапкан. Кырдаалга карап сөз тапкан – кыраакы адам” катары кабылданат. Анын ишинин же кеп-кеңешинин натыйжасында мектепте окуган бала кабыл болгон кыйынчылыктан оолактап, өзүнүн ордун аңдап билүүгө аракеттенип, коомго аралашып, үй-бүлөдөгү жагымдуу жагдайды андап билип, окуусун кадимки абалда улантууга жетишет.

Социалдык педагогдун ишинин багытында көйгөйлөрдү чечүүнүн үстүндө иштөө, мектептен сырткары мекемелер менен тыгыз иш алып баруу, тиешелүү органдарга расмий документтерди даярдоо сыяктуу иштерди да

аткарат. Көйгөйлүү үй-бүлөлөрдү социалдык жактан коргоо мекемелирне, чектен чыккан жүрүм-турумдагы балдарды укук коргоо органдарына маалымдоо иштерин да четте калтырбайт.

Ушуга байланыштуу социалдык педагогдун билим берүү системасындагы ишмердүүлүгүнүн философиялык негиздерин талдоого алуу зарыл. Социалдык педагог эң негизгиси адамдар менен иштейт. Ошондуктан ал адам жөнүндөгу философиялык окууну билүүсү маанилүү. Адамдын өзгөчө, аң сезимдүү, башка жандыктардан социалдык жагы менен айырмаланган жан экендигин билет. Философияда белгилүү болгондой адам – биологиялык жана социалдык жактын биримдиги. Анын жашоосу коомдо жүргөндүктөн коомдун бир мүчөсү жана активдүү иш-аракеттеги инсаны катары чыгат. “Адам-коом” карым-катнашында адам негизги ролду ойнойт жана ал коомго өз салымын кошкон, кайсы бир социалдык ролду аткарган, ар дайым өзүн өнүктүрүү менен алектенген, өзүн-өзү тааныган аң сезимдуу жандык болуп саналат. Коомдо анын социалдык жагы маанилүү. Анткени ал өзүнүн инсандыгы менен гана таанылат. Башкалардан айырмаланган, жекече кайталангыс сапаттары бар, өзүнө тешелүү социалдык-психологиляык өзгөчөлүктөргө ээ жандык катары коомдо социалдашуусу жүрөт. Анын инсандыгын социалдык жагы гана аныкталгандыктан коом ал үчүн негизги карым-катнаштын чөйрөсү, жашоосу өткөн мейкиндик катары болот.

Гумандуулук позициясынын алганда философияда адам эң башкы баалуулук жана кымбат жан катары кабылданат. Ушул жагдайды эске алып социалдык педагогдун ишмердүүлүгүндө гумандуулук, адамды сүйүү жана баалоо башкы приоритеттүү багыт болуп саналат. Ал ар бир балага мээримин төгүп, аны кайталангыс өзгөчөлүк катары кабылдайт. Анткени ар бир өсүп келе жаткан балага адамгерчилик позициядан туруп кабылдоо жана ошол көз караштан туруп тарбиялоо ийгиликтин ачкычы. Эң башкысы социалдык педагог бардык балдар бирдей деп кабыл албоосу зарыл. Анткени психология илиминде белгилүү болгондой көз карашы, кабылдоосу, адам катары жашоо

образы ар башка. Канча бала болсо ошондо айырмачылык бар экендигин билүүсү маанилүү. Эң негизгиси алардын андан ары өнүгүүсүнө жардам берүү керек. Туура багыттоо, туура үйрөтүү, туура тарбиялоо деген принциптен туруп ишмердүүлүгүн жүргүзсө социалдык педагогдун иши алда канча жеңил болот. Ал өзүнүн ишмердүүлүгүндө балдарды адамдын инсандык кадыр-баркын урматтоого жана анын эркиндигин жана жоопкерчилигин өнүктүрүүгө үйрөтүү маанилүү. Ошондой эле бардык адамдар арасында социалдык теңдиктин болушун аңдап билүүнү, өз ара ынтымакты жана бири-бирине көмөктөшүү жана колдоо маданиятын калыптандыруу милдети артылат.

Социалдык педагогдун “адам-коом” контексинде ишмердигин философиялык анализге алуу анын кесиптик өзгөчөлүгүн кеңири ачууга мүмкүндүк түзөт. Философия илиминде адам менен коомдун байланышын жогоруда азыноолак айтып кеттик. Адамдын коомдо жашоосу анын социалдашуусун шарттайт. Ошол эле учурда коомдун өнүгүүсү адамдын ар түрдүү сферадагы активдүүлүгүнө жараша болот. Орто мектептердеги эмгектенген социалдык педагог адам-коом карым-катнашын түзүүдөгү башкы звено. Анын жетекчилиги менен окуучунун жеке таланты жана кызыкчылыктары, мектептеги укуктары менен милдеттери, үй-бүлөдөгү жүрүм-туруму, коом тарабынан коюлган талаптарды андап билүүсү ишке ашат. Ушундан улам социалдык педагогду коомдогу гармониялуулукту сактоого жана өнүктүрүүгө багытталган адис деп билүүгө болот.

Жогорудагы талдоолордон белгилүү болгондой социалдык педагогдун ишмердүүлүгү мектепте жүргүзүлөт. Ошондуктан анын жумуш орду билим берүү системасында. Ушуга байланыштуу анын билим берүү системасындагы башкы функциялары кайсы? – деген суроо аралат. Ушул өңүттө талдоо жасап көрөлү.

Коомдун туруктуу өнүгүү шартында жана туруктуу өнүгүүнүн максаттына ылайык Кыргыз Республикасында бардык адамдар үчүн ар тараптуу сапаттуу билим берүүнү камсыз кылуу белгиленген. Себеби билим

берүү мамлекеттин туруктуу жана ар тараптан өнүгүүсүнүн негизги элементи болуп саналат. Туруктуу өнүгүүнүн 17 максатына жетүүгө негиз болгон баалуулук катары билим берүү эсептелет. Статистикага кайрыла турган болсок “өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө жашаган балдардын 91% баштапкы билим алуу менен гана чектелет. Ошол эле учурда 57 млн. балдар мектепке барышпайт [13]. Дүйнө жүзү боюнча 103 млнго жакын балдар негизги базалык билимге ээ эмес. Гендердик аспектиден алганда алардын 60% ашыгы аялзатына таандык. Бул өз кезегинде теңсиздикти азайтууга, толерантуулук сапаттарын калыптандырууга, адамгерчиликти бийик баалуулук катары кароого тескери таасирин тийгизет. Ушул өндүү маселелерди чечүүнүн үстүндө иштеген адис – бул социалдык педагог. Анын билим берүү системасында аткарган негизги милдеттери катары социалдык коргоо, социалдык адаптациялоо, алдын алуу эсептелет. Ушул милдеттерин талдоо жасап көрөлү.

1. *Социалдык педагогдун социалдык жактан коргоо кызматы.* Билим берүү системасында социалдык педагог балдардын укуктарын жана эркиндиктерин, кызыкчылыктарын жана баалуулуктарга багытталышын коргоо милдетин аткарат. Окуучулардын арасында турмуштук оор жагдайларга кабылгандарга, социалдык жактан аялуу топторго кирген окуучуларга колдоо көрсөтүү жана социалдык жактан коргоо мамлекеттик мекемелери менен тыгыз иштөөнү жүзөгө ашырат. Бул багытта иштеп жатканда социалдык педагог социалдык адилеттүүлүк принцибин жогору коюшу талап кылынат. Ал бардыгы үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга жана маалыматты жалпы таратууга милдеттүү. Балдардын өнүгүүсү үчүн ишин арноосу маанилүү.

2. *Социалдык адаптация кызматы.* Мектептин босогосун жаңыдан аттаган бала үчүн ал чөйрө жаңы болуп саналат. Ошондуктан, бардык окуучулардын мектепке адаптацияланууусунда социалдык педагогдун милдети чоң. Себеби балдар үчүн мектеп – жаңы чөйрө, жаңы балдар жана жаңы

адамдар. Эгерде бала бакчага барган окуучу болсо, анда мугалимге көнүү, жаңы балдарга кошулуу, алар менен бирге окуу жана башка иштерге катышууга адаптацияланууу жеңил болот. Ал эми метепке чейинки мекемеге барбаган балдар бул чөйрөгө көнүүсу бир топ кыйынчылыкты жаратат. Бул учурда мугалимдер менен бирге социалдык педагогдун орду да чоң роль ойнойт. Теңтуштары менен аралашуусу, башкаларга туура мамиле түзүүгө үйрөнүү маанилүү. Социалдык пдеагогдун бул жааттагы кызматында бала жалпылыктын бири экендигин, көпчүлүктүн арасында өзү да маанилүү роль ойной тургандыгын андап билүүгө жетишет.

3. *Алдын алуу кызматы.* Социалдык философияда коом ар дайым кыймылда болуп өнүгүп өсүп турган реалдуулук катары кабылданат. Коом адамдардан турат. Алар ортосунда ар түрдүү карым-катнаш, мамилелердин жыйындысы түзүлөт. Мамилелер жөн гана шарттуу түрдө болбостон адамдардын тигил же бул керектөөлөрүн канаттандыруудан турат. Ата-эне балдарын мектепке берип жатканда билим жана тарбия алууга багыттап берет. Ошол мектеп коомчулугуна тартылып жаткан бала ар түрдүү социалдык маанидеги көйгөйлөргө туш болушу ыктымал. Жаша балага класстагы окуу же балдар менен аралашуу көп учурда кризистик кырдаалдарды жаратат. Бул учурда социалдык педагог алдын алуу иш-чараларын пландаштырып жүргүзөт. Мектеп окуучуларында кездеше турган социалдык көйгөйлөрдүн алдын алуу боюнча иштерди жүргүзөт. Окуучулардын жүрүм-турумуна карата, үй-бүлөнүн социалдык абалына жараша атайын мерчемделген иш-аракеттерди жасайт. Окуучунун кандайдыр бир обочолонуу же мектептен алыстоо сыяктуу факторлорунун алдын алуу маанилүү.

Социалдык педагогдун жогорудагы милдеттеринен сырткары анын кесиптик чеберчилигине да философиялык талдоо жасоо маанилүү. Адамгерчилик анын кесиптик өзгөчөлүгүн баалаган негизги фактор. Ар бир жанга гумандуу мамиле кылуу жалпы эле адамзатка тиешелүү касиет болсо, социалдык педагогдун ишинде адамды сүйүү, окуучуга урмат-сый менен

мамиле кылуу, анын каалоолору менен кереқтөөлөрүн эске алып иш алып баруу, жеке сапаттарын баалоо негизги критерий болуп саналат. Ал боорукердик, толеранттуулук, жоопкерчилик, адилеттүүлүк сыяқтуу баалуулуқтарды жетекчиликке алат. Ал боорукердик касиеттеринин аркасы менен жаш балдардын ар түрдүү көйгөйлөрүн түшүнөт жана жетекчиликке алат. Өзүнүн коомдогу ролун аңдап билип, милдетин түшүнүү жана аны убагында аткаруу жоопкерчилигин алат. Социалдык педагог ар түрдүү көз караштагы, дин тутунуусу ар башка, кайчы пикирдеги балдар менен иштеши мүмкүн. Мындай учурда социалдык педагогдун толерантуу болушу талап кылынат. Социалдык адилеттүүлүк анын иштөө принцибинин негизи. Ал үчүн бардык балдар бирдей мүмкүнчүлүккө ээ болгон жандар катары кабылданышы шарт. Адилеттүүлүк анын ишмердүүлүгүндөгү негизги принцип болуп саналат.

Коомдун тынымсыз жана ылдам өзгөрүү шартында социалдык педагогдун ролу да жаңылануура дуушар болуп жатат. Социалдык-экономикалык, социомаданий жана технологиялык өзгөрүүлөр адамзат болмушунун реалдуулугун, жеке адамдын жашоо стилин, өз ара карым-катнаш түзүү жол-жоболорун баалуулуқтарга багытталышын өзгөртүп жатат. Илим менен техниканын өнүгүшү коомдун бардык сфераларында санариптештирүүнүн өнүгүшү, социалдык институттардын трансформацияланышы билим берүү системасына да таасирин тийгизүүдө. Ал адамдардын карым-катнаш, мамаиле түзүү, билим алуу жолдорун өзгөртүп жатат. Глобалдык интернет желеси жаштардын дүйнөтаанымына түздөн-түз таасир этип, виртуалдык дүйнөдө жашап калуусуна алып келүүдө. Мындай шартта социалдык педагогдун ролу да жогорулап, балдардын санариптик маданиятын өнүктүрүүгө, ар түрдүү интернет булактарын туура пайдаланууга буруусу зарыл.

Заманбап коомдо үй-бүлөлүк баалуулуктар да трансформацияланып жатат. Үй-бүлөдөгү социалдык-экономикалык көйгөйлөр, муундар аралык байланыштын төмөндөп жатышы, миграциялык процесстердин өсүшү жаш

балдардын социалдашуусуна таасирин тийгизүүдө. Бул аспектиден караганда социалдык педагог үй-бүлө-коом мамилесинде алгылыктуу иштерди жасоосу талап кылынат. Үй-бүлө менен мектептин байланышын өстүрүп, жаш балдардын үй-бүлөдө тарбиялануусуна, мектепте билим алуусуна көмөктөшөт.

Коомдун туруктуу өнүгүү шартында социалдык теңсиздиктин өсүшү да кала берүүдө. Бул үй-бүлөлөрдүн социалдык бакубаттыгындагы айырмачылктардын болушун шарттайт. Мындай жагдай коомдо аялуу катмарлардын пайда болушуна алып келет. Алардын көпчүлүгү жаш балдар болуп саналат. Социалдык педагог социалдык жактан колдоого муктаж балдарды аныктайт, укуктарын коргоо чараларын көрөт, социалдык коргоо мамлекеттик органдары менен чогуу иштешет жана балдарды социалдык адаптациялоо иш-чараларын жүргүзөт.

Демек, заманбап коомдогу социалдык педагог өзү да заманга жараш билимин жана тажрыйбасын өстүргөн инсан болуусу шарт. Ал үчүн анда негизги компетенциялары калыптануусу зарыл. Алардын негизгилери катары коомдогу болуп жаткан өзгөрүүлөргө аналитикалык баа берүү компетенциясы маанилүү ролду ойнойт. Андан коммуникативдүүлүк жана укуктук жактан билимдүү болуусу, санариптик технологияларды жакшы өздөштүрүүсү, инновациялык ой жүгүртүүсү маанилүү. Ошондуктан социалдык педагогиканын милдети болуп “калктын өзгөчө социалдык муктаждыктары бар катмарларына жардам көрсөтүү же коомдогу жоготуп койгон абалын, кадыр-баркын калыбына келтирүү да кирет” [10, 63]

Корутунду Заманбап коомдун тез темп менен өнүгүшу ар бир кесипти аркалап жаткан инсандан ошол өзгөрүүлөргө жараша ыңгайлашууну, билимин өркүндөтүүнү талап кылат. Ушул өңүттөн алганда социалдык педагог да мамлекет жана коом тарабынан коюлган талаптарга жооп берүүсү зарыл. Аны коом менен баланын, үй-бүлө менен мектептин байланышын жараткан бириктирүүчү инсан катары баалоого болот. Анын кызмат орду демейде билинбеши мүмкүн үй-бүлө көйгөйгө кабылганда, мектепте кандайдыр бир

социалдык көйгөйлөр жаралганда ал чечүүчү позицияны ээлейт. Ошондуктан балдарды коом менен аралашып тарбиялоодо үй-бүлөдө татыктуу билим менен тарбия берүүдө социалдык педагогдун ролу чоң деп айтууга болот. “Учурдагы өсүп келе жаткан муунга билим берүүдө мугалимдерге коюлган талаптардын күчөшү, бул жаш муундун талабын канааттандырган билимди традициялык жана заманбап ыкмаларды айкалыштыруу менен жеткирүүгө негизделет” [15, 125].

Социалдык-философиялык талдоолор көрсөткөндөй бүгүнкү күндөгү педагогдун коомдогу роль чоң. Анын ичинде социалдык педагог адамды калыптандыруу, социалдашуусуна түздөн-түз көмөк көрсөткөн, үй-бүлө менен тыгыз иштешкен, ар бир үй-бүлөнүн жашоосу менен жакындан тааныш болгон, укук коргоо органдары, мамлекеттик социалдык коргоо жана камсыздоо жаатындагы мамлекеттик жана муниципалдык органдар менен түз байланышта иштеген адис. Анын ишмердүүлүгүнүн негизги багыты жаш баланын жан дүйнөсүндөгү мүмкүнчүлүгүн ачууга көмөктөшүү, жашоодон өз ордун табууга жардамдашуу, жоопкерчиликтүү болууга үйрөтүү деп айтууга болот.

Колдонулган адабияттар:

1. Аристотель Политика. – Москва: Мысль, 1983.
2. Бердяев, Н.А. Философия свободы. – Москва: Правда, 1989.
3. Выготский, Л.С. Психология развития человека. – Москва: Смысл, 2005.
4. Кант, И. Основы метафизики нравственности.Москва:Наука, 1999
5. Козлова, С.А. Социальное развитие личности в современном обществе. – Москва, 2018.
6. Маслоу, А.Мотивация и личность. Санкт-Петербург: Питер, 2008.
7. Михайлова, Н.В. Теория и практика социальной педагогики. – Москва, 2020.
8. Мудрик, А.В. Социальная педагогика. – Москва: Академия, 2013.
9. Социалдык педагогика. М. Р. Рахимова. Бишкек 2004.
10. Социалдык педагогиканын теориясы жана практикасы: алгачкы кадамдар. (окуу усулдук колдонмо) С.А.Амерханова. Т.А.Ашымбаева. Н.И.Жакубова. Р.Н.Токсонбаев. Бишкек 2012.

11.Сухомлинский,В.А.Сердце отдаю детям.Москва:Педагогика, 1981
12.Токоева, Г.С. Кыргыз философиясындагы адам болмушу. – Б.: Maxprint, 2015. - 244 б.
13.Туруктуу өнүгүү максаттары
14.Фромм, Э. Человек для самого себя. – Москва: АСТ, 2006.
15.Термечикова, А. М. Болочок башталгыч класстын мугалимдеринин МКТ компетенттүүлүгүн калыптандыруу жана баалоо методикасы / А. М. Термечикова // Вестник Жалал-Абадского государственного университета. – 2025. – No. 3(65). – P. 124-128.

Тургунбаева Джамиля Мамазакировна

КООМДУН ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ ШАРТЫНДА СОЦИАЛДЫК ЖООПКЕРЧИЛИКТИН ТРАНСФОРМАЦИЯЛАНУУСУ

Тургунбаева Джамиля Мамазакировна

ТРАНСФОРМАЦИЯ СОЦИАЛЬНОЙ ОТВЕТСТВЕННОСТИ В УСЛОВИЯХ УСТОЙЧИВОГО РАЗВИТИЯ ОБЩЕСТВА

Turgunbaeva Djamila Mamazakirovna

TRANSFORMATION OF SOCIAL RESPONSIBILITY IN THE CONTEXT OF SUSTAINABLE DEVELOPMENT OF SOCIETY

УДК:101.1:316.37:316.

Аннотация

Коомдун туруктуу өнүгүүсүнүн шартында адамдын баалуулуктарга ориентация жасоосу жана социалдык жоопкерчилигинин өсүшү ааламдашуунун таасирине кабылууда. Коомдун туруктуу өнүгүп-өсүшүндө ар бир жарандын социалдык жактан жооптуу болуусу жана милдетти сезүүсү, анын инсандык вазипасынын аткарылышы маанилүү болуп саналат. Аталган макалада коомдун ааламдашуу процессиндеги социалдык жоопкерчилик маселесинин мазмуну, багыттары жана өзгөрүүлөргө дуушар болуусу социалдык-философиялык өңүттө талдоого алынат. Коомдун туруктуу өнүгүүсүнүн шарттарындагы экономикалык, социалдык-саясий, маданий өзгөрүүлөр социалдык жоопкерчиликтин чөйрөсүнө жана мазмунуна таасирин тийгизүүдө. Санариптик технологиялардын өнүгүшү да белгилүү бир деңгээлде социалдык жоопкерчиликке олутуу таасирин тийгизет. Ушуга байланыштуу макалада жеке инсандын жоопкерчилиги, жамааттык жана коомдук жоопкерчиликтин маани-мазмуну, алардын ортосундагы карым-катнашы ачылып берилди. Социалдык жоопкерчиликти өнүктүрүү маселеси жана анын контекстинде каралуучу билим берүү, маданий өнүгүү, өз ара колдоо көрсөтүү, туруктуу өнүгүүдөгү ролу талдоого алынды.

Негизги сөздөр: *коом, туруктуу өнүгүү, ааламдашуу, жоопкерчилик, социалдык жоопкерчилик, баалуулуктар, трансформация, санариптештирүү, өнөктөштүк, философия.*

Аннотация

В условиях устойчивого развития общества ценностные ориентации человека и его социальная ответственность подвержены влиянию глобализации. Для стабильного развития общества важно, чтобы каждый человек был социально ответственным и

осознавал свои обязанности, выполняя свои личные задачи. В статье с позиции социальной философии анализируются содержание, направления и изменения социальной ответственности в процессе глобализации. Экономические, социально-политические и культурные изменения в условиях устойчивого развития общества влияют на сферу и содержание социальной ответственности. Развитие цифровых технологий в значительной степени влияет на социальную ответственность. В связи с этим в статье раскрываются личная ответственность человека, значение и содержание коллективной и общественной ответственности, а также взаимосвязь между ними.

Ключевые слова: *общество, устойчивое развитие, глобализация, ответственность, социальная ответственность, ценности, трансформация, цифровизация, партнерство, философия.*

Abstract

In the context of society's sustainable development, individuals' orientation towards values and the growth of their social responsibility are being influenced by globalisation. In the context of society's sustainable development, every citizen's social responsibility and sense of duty, as well as the fulfilment of their personal obligations, are of paramount importance. In this article, the content, directions and changes affecting the issue of social responsibility in the process of globalisation are analysed from a socio-philosophical perspective. Economic, socio-political and cultural changes in the context of society's sustainable development are influencing the scope and content of social responsibility. The development of digital technologies also has a significant impact on social responsibility to a certain extent. In this regard, the article elucidates the responsibility of the individual, the meaning and substance of collective and public responsibility, and the relationship between them. The issue of developing social responsibility and, in this context, the roles of education, cultural development, mutual support and sustainable development were analysed.

Keywords: *society, sustainable development, globalisation, responsibility, social responsibility, values, transformation, digitalisation, partnership, philosophy.*

Киришүү

Заманбап коом өтө тездик менен өнүгүп, ааламдашуу процесси мамлекеттер аралык жана адамдар ортосундагы карым-катнашты өзгөртүүдө. Мындан бир нече жыл мурда эле өз алдынча өнүгүү жолунда болуп, мамлекеттер аралык мамилелер локалдык мүнөздө болуп келсе, азыр глобалдык мүнөзгө өттү. Мындай өзгөрүүлөр мамлекеттердин экономикалык, саясий жана маданий жактан жакындашуусун шарттады. Бул процесстер жеке инсандын коомдогу ордунун, укуктарынын жана милдеттеринин өзгөрүүсүнө алып келди. Анын коом, жамаат, үй-бүлө алдындагы жана башка чөйрөдөгү жоопкерчилиги тууралуу маселени талдоого алуу, ага философиялык өңүттө баа берүү маселесинин актуалдуулугун жогорулатты.

Изилдөөнүн максаты катары коомдун туруктуу өнүгүү шартындагы социалдык жоопкерчилик маселесине философиялык өңүттө талдоо жасоо

эсептелет. Ушул коюлган максатка жараша бир нече милдеттер да коюлду. Коомдун туруктуу өнүгүү шартындагы социалдык жопкерчилик түшүнүгүнүн мазмундук жактан өзгөрүүсүнө философиялык талдоо аракети жасалды. Ааламдашуу процессинин социалдык жоопкерчиликке тийгизген таасири аныкталы. Инсандын социалдык жоопкерчилигинин өзгөрүүсүнүн себептерине талдоо жүргүзүлдү.

Изилдөөнүн методдору жана методологиясы

Социалдык жоопкерчилик жана анын коомдун туруктуу өнүгүүсүндөгү трасформацияланууу маселелерин талдоого алууда системалык мамиле жасоо, салыштырма анализ жасоо, тарыхый-логикалык жактан жыйынтык чыгаруу ыкмалары колдонулду. Коомдун туруктуу өнүгүүсү, ааламдашуу процессинин тез темп менен алга жылышы жана анын социалдык жоопкерчиликке тийгизген таасирин изилдөөдө диалектикалык себеп-натыйжалык байланыш, детерминизм принциби маанилүү ролду аткарды. Социалдык жоопкерчиликтин өзгөрүүсүнүн себептерин жана анын динамикалык мүнөзүн талдоого алууда тарыхый-салыштырма анализ маанилүү роль ойноду. Изилдөөнүн методологиялык негизи катары коомдун, инсандын өсүп-өнүгүүсүн изилдөөдө комплекстүү мамиле жасоо, коомдун жана инсандын өнүгүүсүндөгү теориялык жоболор кызмат кылды.

Жыйынтыктар жана талкуулар

Адамзаттын өнүгүүсүнүн бардык этабында кандайдыр бир жаңы процесстердин таасир этүүсү, революциялык мүнөзгө алып келген көз караштардын үстөмдүгү, коомду өзгөртүүчү тарыхый инсандардын ишмердиги менен тыгыз карым-катнашта өнүгүп келген. Мындай кубулуштар жеке инсандын жоопкерчилигинин өзгөрүшү менен да коштолгон. Бул изилдөөдө социалдык жоопкерчилик адамдын коомдогу жашоосу, анын ишмердигинин багыты жана аракети коом аркылуу жана коом үчүн боло тургандыгына басым жасалды. Анткени учурда социалдык жоопкерчилик коомдун туруктуу өнүгүүсүнө түздөн-түз таасир этүүчү феномен болуп

саналат. Социалдык философиянын көз карашынан караганда социалдык жоопкерчилик илимдин бул тармагынын негизги категориясы катары бир нече багытта кароого болот. Биринчиден, жеке адамдын ишмердигинин багытын, жүрүм-турумунун мазмунун, жеке жашоосундагы жасаган чечимдерин, коомго жана өзүнө карата жасаган мамилесин түшүндүрөт. Экинчиден, коомдук институттардын, мамлекеттик мекеме-уюмдардын, ар кандай мамлекеттик түзүмдөрдүн, жалпы эле жарандык коомдун ишмердүүлүгүнүн мазмунун аныктайт. Үчүнчүдөн, социалдык жоопкерчилик да коомдогу социалдык институттун бири катары өзүн мазмун-формалык жактан көрсөтөт.

Бириккен Улуттар уюму тарабынан кабыл алынга коомду туруктуу өнүктүрүү максаттарына ылайык ар бир мамлекетке, коомго, жарандарга бир нече багыттагы жоокерчилик артылган. Аны туруктуу өнүгүүнүн максаттары деп айтышат. 193 мамлекет биригип кол койгон бул максаттар жалпы адамзатка тиешелүү. Анын эн башкы максаты жакырчылыкты жоюу болуп саналат. Ошондуктан, ар бир жаран жалпы мүнөздөгү жакырчылыкты жоюуга катышуусу зарыл. Бул аспектиден алганда ааламдашуу процесси жана коомдун туруктуу өнүгүүсүнүн максаттары социалдык жоопкерчиликтин мазмунун жана аракеттенүү чөйрөсүн кеңейтти. Эгерде жоопкерчиликти үй-бүлө институту, иштеген иши, жамааттык өз ара мамилери менен байланыштуу каралып келсе, учурда глобалдык мейкиндик менен тыгыз байланышта каралууда. Туруктуу өнүгүү позициясынан караганда жалпы адамзаттын милдети катары жакырчылык менен күрөшүү, азык-түлүк коопсуздугунун алдын алуу, жумушсуздукту азайтууну милдет катары коюуда.

Заманбап коомдук өнүгүүдө жалпы адамзатка карата сергек жашоо образын жүргүзүүнү адамдын жоопкерчилиги катары милдет артууда. Анткени саламаттыгы бекем адам коомдун, мамлекеттин алга жылуусуна, өзүнүн узак жана бакубат жашоосуна өбөлгө түзөт. Ал үчун адамдар билимдүү жана интеллектиси жогору болушу маанилүү. Адам, коом жана мамлекет бардыгы үчүн бирдей билим алууга кызыкдар жактар катары эсептелет. Ушуга

байланыштуу мамлекет жана анда жашап жаткан жарандар билимдин жеткиликтүүлүгү жана бардыгы үчүн бирдей болушу үчүн аракеттенүүсү милдеттендирилет. Мындан сырткары социалдык жоопкерчилик гендердик теңдикке жетүүдө да маанилүү ролу ойнойт. Коомдун тарыхый өнүгүүсү көрсөткөндөй гендердик теңсиздик көптөгөн өлкөлөрдө орун алган социалдык мүнөздөгү кубулуш болуп саналат. Аялдар менен эркектердин социалдык ролдорду аткаруудагы айырмачылыгы көп учурда теңсиздин пайда болушуна себеп болот. Бул өз кезегинде билим алуу, саламаттыкты сактоо жаатында аялдардын мүмкүнчүлүгүнүн чектелгендиги менен шартталууда. Ошондуктан, ар түрдүү социалдык институттардын жоопкерчилигин жогорулатуу маселеси турат.

Ушундан улам социалдык жоопкерчилик деген эмне? – деген суроо жаралат. Жөнөкөй сөз менен айтканда бул адамдын өзүнүн жасаган аракеттерине карата жооптуу болушу. Тагыраагы, социалдык жоопкерчилик – бул инсандын (жеке адамдын мисалында алганда) коомдогу нормаларды, баалуулуктарды, коюлган милдеттерди жана укуктарды аңдап билип, аны өзүнүн болмушунда туура колдонуу, коомго зыян алып келбегендей иш-аракеттерди жасоосу жана ал үчүн жооптуу болуу жөндөмдүүлүгү. Диалектикалык өз караштан караганда жоопкерчилик бир жактуу эле каралгандай сезилет. Ошондуктан ага альтернативалуу турган түшүнүктөр менен байланышта кароо зарыл. Философияда жоопкерчилик эркиндик менен байланышта талдоого алынат. Адам дүйнөгө эркин болуп жаралат. Бирок ал жоопкерчиликти да алып жүрөт. Адам канчалык эркин болгон сайын анын артынан жоопкерчилик жарала берет. Эң башкысы адам ушул диалектикалык себеп-антыйжалык байланышты түшүнүшү зарыл. Анткени эркиндик чексиз боло бербейт. Ар дайым аны менен катар эле жоопкерчилиги келет. Ошондуктан жоопкерчилик менен эркиндик философиялык түшүнүктөр катары адамдын же социалдык институттардын ишмердигин жөнгө салат.

Биздин изилдөө жеке адамдын жоопкерчилигин талдоого басым жасагандыгынан улам, ошол позициядан туруп, жеке жоопкерчилигин, үй-бүлөдөгү жоопкерчилигин, кесиптик жана жарандык жоопкерчилигин талдоого алалы. Жеке адамдын жоопкерчилиги – бул адамдын өзүнүн коомдогу, жамааттагы, үй-бүлөдөгү жүрүм-туруму боюнча өзүнө карата чечимдерди кабыл алуу жана алар үчүн жооп берүү жөндөмү. Анын инсан катары жашоосу үй-бүлөдө өтөт. Ошондуктан анын үй-бүлөдөгү жоопкерчилигине маани берүү да зарыл [10]. Салттуу үй-бүлө тажрыйбасында белгилүү болгондой, үй-бүлө мүчөлөрү бири-бири менен жылуу маанай жаратуу, жагымдуу шартта жашоо мүмкүнчүлүгүн түзүүгө катышат. Үй-бүлөдөгү ата-энесинин милдеттери жана балдарынын орду бар экендигин ар бир үй-бүлө мүчөлөрү билүүсү керек [8, 112]. Бекер жеринен Байыркы Кытай ойчулу Кун-фу-цзы үй-бүлөдөгү ата-бала ортосундагы карым-катнашты, милдеттерди көрсөткөн эмес. Анын: “Ата – ата болуш керек, бала – бала болуш керек” – [5, 97] деген тезиси үй-бүлө мүчөлөрүнүн ар бирине тиешелүү милдеттери жана жоопкерчилиги бар экендигин эскертип жатат.

Инсандын жогорудагы жоопкерчилигинен сырткары кесиптик чөйрөсүндөгү жоопкерчилиги да маанилүү ролу ойнойт. Адам болмушу тигил же бул чөйрөдө өзүн адис катары көрсөтүүсү менен коштолот. Ал өзү каалаган кесиптин ээси болгондон кийин өзүн ошол жаатка багыттайт. Өзүнө окшогон адамдар менен биргеликте кесиптик милдеттерди аткарат. Бул өзүнүн кесибине карата коюлган талаптарды билүүгө түрткү берет. Ага коюлган кесиптик талаптарды аткарууга жооптуу болот. Адам иштеген иши аркылуу өзүн реализациялайт жана жашоодон ордун табат. Адам турмушу эркиндик менен жоопкерчиликтин биримдиги экендигин аңдап билет.

Инсан коомдо жашап, ал аркылуу коомдук милдеттерди аткарууга катышат. Жарандык коомдун өкүлү катары мамлекеттин социалдык-экономикалык жашоосуна, коомдук өнүгүү багыттарына өзүнүн пикирин билдирет. Мамлекеттин коопсуздугу жана бекемдиги үчүн жооптуу болот.

Саясий жана маданий турмуштун катышуусу катары оюн билдирет же жеке таланты менен социалдык-маданий чөйрөдө активдүүлүгүн көрсөтөт. Бул чөйрөдө жарандык активдүүлүгүн гана көрсөтпөстөн, коомдун алга жылуусуна салыман кошот, кандайдыр бир өзгөрүүлөргө себепкер болот. Анткени “Адам өмүрүндө баалуу, кымбат жана асыл катары эсептелген реалдуулук менен байланышта жүрөт” [9, 105]. Ал аркылуу өзү да өзгөрөт.

Жогоруда жеке инсандык жоопкерчилиги жөнүндө сөз болду. Ошол эле учурда институционалдык деңгээлдеги жоопкерчиликке да маани берүү зарыл. Коомдо билим берүү институту, үй-бүлө институту, социалдык жоопкерчилик сыяктуу социалдык институттар аракеттенет. Булар коом жана мамлекет алдында өзгөчө милдетти аткарган анын өнүгүшүнө, туруктуулугуна жана өз ара карым-катнаштын бекем болушуна салым кошкон институттар катары аракеттенет.

Социалдык жоопкерчиликтин жогорку деңгээли катары глобалдык жоопкерчилик маанилүү ролду ойнойт. Анын кызматын жогоруда биз сөз кылган коомдун туруктуу өнүгүүсүнө түртkү берген туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүдөн көрөбүз. Булар жалпы адамзатты өзүнө бириктирген, жер шаарынын жана планетадагы туруктуулуктун сакталып турушуна, экономикалык, социалдык жана экологиялык тең салмактуулугунун болушуна жалпы адамзат жооптуу экендигин эскертет.

Ааламдашуу процессинин жүрүшү менен социалдык жоопкерчилик да мазмун жагынан өзгөрүүгө дуушар болууда [1]. Адамдардын өз ара социалдык карым-катнашынын мейкини өзгөрүүгө учурап, кеңейе баштады. Интернет желесинин дүйнөлүк масштабда болушу адамдын социалдык тармактар менен болгон алакасынын өсүшү анын маалымат алуу жана берүү мүмкүндүгүн жогорулатты. Адамдын кесиптик ишмердүүлүгү же интеллектуалдык деңгээли, социалдык-маданий жааттагы кызыгуулары өзү жашаган аймактын чегинен чыгып глобалдык масштабга жетүүсүн шарттады [2]. Натыйжада

адамдын социалдык жоопкерчилиги да глобалдык масштабда болуусуна өбөлгө түздү.

Коомдун туруктуу өнүгүү шартында социалдык жоопкерчиликке катышы бар мамлекеттик, коомдук, жарандык уюмдар, социалдык институттар, бизнес чөйрөсүнүн өкүлдөрү социалдык жоопкерчиликтин субъектилер катары болуп калды. Бул социалдык жоопкерчиликтин субъектилеринин көбөйгөндүгүн далилдейт. Айрыкча санариптик технологиялар жана маалымат коммуникациялары менен байланышкан платформалардын социалдык жоопкерчилигинин өсүшүн шарттады.

Заманбап коом социалдык жоопкерчиликтин жаңы формаларынын пайда болушуна алып келди. Туруктуу өнүгүүнүн максаттарына ылайык жоопкерчиликтин төмөндөгүдөй түрлөрүн белгилөөгө болот:

- теңсиздикти болтурбоо жана алдын алуу;
- экономикалык туруктуулукка жетишүү;
- сапаттуу билимге жетишүү;
- гендердик теңчиликти сактоо;
- экологиялык жоопкерчилик;
- санариптик жоокерчилик;
- глобалдык жоопкерчилик
- социалдык институттун натыйжалуу болушу [11].

Акыры белгиленген социалдык институттун жоопкерчилиги маанилүү болуп саналат. Анткени заманбап реалдуулук анын мазмунунун өзгөрүп жаткандыгын көрсөтүүдө. Жеке адамдын жоопкерчилиги менен жалпы жоопкерчиликтин ортосундагы карым-катнаш өзгөрүүдө. Бул адам үчүн жана коом үчүн жаңы шарттарды жаратууда. Санариптик сабаттуулуктун өсүшү мамилелердин жаңы формаларын жана жолдорун пайда кылууда. Социалдык тармактар адамдар ортосундагы карым-катнаш жүргүзүүнү өзгөртүп жана тездетип жатат. Алмашуу мейкиндигинин кеңейиши адам ар тараптуу карым-катнашка катышуусун өстүрдү. Ошол эл учурда анын жоопкерчилигин

жогорулатты. Бул илимий чөйрөдө санариптик жоокерчилик катары кабылдануууда.

Санариптик жоопкерчилик – бул адамдын же социалдык институттардын маалыматты туура жана максаттуу пайдалануу, башкаларын укугун сыйлоо, басмырлоого, туура эмес маалыматтын таралышына жол бербөө, санариптик нормалардын жеке жана коомдук, элдик жана глобалдык эрежелерин сактоо. Жеке маалыматтарынын таралышына көзөмөл кылуу, өзүнүн коопсуздугуна кам көрүү, виртуалдык дүйнөдөгү маалыматты туура пайдалануу, коммуникациялык нормалардын сакталышына жооптуу болуу – санариптик жоопкерчиликтин негизи. Ошондуктан учурда өсүп келе жаткан жаңы муунга санариптик сабаттуулук боюнча кеңири билим берүү зарылдыгы пайда болду деп айта алабыз.

Ошентип, социалдык жоопкерчиликти туруктуу өнүгүү контекстинен караганда ал социалдык жоопкерчиликти экономикалык жана социалдык жактан өнүгүү, экологиялык туруктуулукту сактоо менен тыгыз байланыштырышат [12]. Коомдун туруктуу өнүгүү шартында социалдык жоопкерчиликти башкы жана негизги принцип, коомдун өнүгүүсүндөгү жана адам жашоосундагы феномен катары кароо зарыл. Учурдагы реалдуулук менен келекчектеги каалоолорду айкалыштыруу аркылуу социалдык жоопкерчиликти сактоого жана баалуулук катары калтырууга болот.

Корутунду Ааламдашуу процесси социалдык жоопкерчиликтин трансформациялануусун шарттап жаткан чакта коомдун туруктуу өнүгүүсү анын мазмун-формалык жактан жаңы шарттарга ынгайлануусун талап кылууда. Ошондой эле коом социалдык жоопкерчиликтин ар дайым активдүү жана кыймылдуу болушун жогорку деңгээлге чыгарды. Анткени анын мазмуну өзгөрүүгө барды жана масштабы кеңейип глобалдык деңгээлге өстү. Анын экологиялык, санариптик, корпоративдик жана глобалдык формалары активдүү түрдө көрүнүүдө.

Учурда социалдык жоопкерчиликтин жогорулатуунун жолдору катары билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, үй-бүлө жоопкерчилигин өстүрүү, социалдык өнөктөштүктү калыптандыруу, санариптик сабаттуулукту өстүрүү эсептелет. Ушул багыттагы алгылыктуу иштер жүрсө социалдык жоопкерчилик феномен катары өзүн көрсөтүүсүн улантат.

Колдонулган адабияттар

1. Бауман, З. Глобализация: последствия для человека и общества. - М.: Весь Мир, 2004.
2. Бек, У. Что такое глобализация? Ошибки глобализма – ответы на глобализацию. - М.: Прогресс-Традиция, 2001.
3. Гидденс, Э. Ускользающий мир: как глобализация меняет нашу жизнь. - М.: Весь Мир, 2004.
4. Кастельс, М. Информационная эпоха: экономика, общество и культура. - М.: ГУ ВШЭ, 2000.
5. Конфуций. Я верю в древность. - М.: Терра-книжный клуб. Изд-во «Республика», 1998
6. Конфуций Беседы и суждения. - СПб.: ООО Изд-во «Кристалл», 1999. – 1120 с.
7. Хабермас, Ю. Моральное сознание и коммуникативное действие. - СПб.: Наука, 2000.
8. Токоева, Г. С. Кыргыз философиясындагы адам болмушу [Текст] / Г.С.Токоева. – Б.: Maxprint, 2015. - 244 б.,
9. Токоева, Г. С. Алыкул Осмоновдун философиялык көз караштары / Г. С. Токоева // Вестник Жалал-Абадского государственного университета. – 2025. – No. 4(66). – P. 100-106.
10. Тоффлер, Э. Третья волна. - М.: АСТ, 1999.
11. Туруктуу өнүгүү максаттары. -Б., 2015.
12. Фукуяма, Ф. Великий разрыв. - М.: АСТ, 2003.

Усенов Адилет Алимжанович, Зарылбеков Раатбек Зарылбекович

АЙТМАТОВДУН ААЛАМДЫК ГУМАНИЗМИ: АЯЛ ЖАНА ЭРКЕК ДУАЛИЗМИНИН ФИЛОСОФИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

Усенов Адилет Алимжанович, Зарылбеков Раатбек Зарылбекович

ПЛАНЕТАРНЫЙ ГУМАНИЗМ АЙТМАТОВА: ФИЛОСОФСКИЕ ОСНОВЫ ДУАЛИЗМА ЖЕНСКОГО И МУЖСКОГО НАЧАЛ

Usenov Adilet Adimzhanovich, Zarylbekov Raatbek Zarylbekovich

AITMATOV'S PLANETARY HUMANISM: PHILOSOPHICAL FOUNDATIONS OF THE DUALISM OF FEMININE AND MASCULINE PRINCIPLES

УДК **82-1/-9**

Аннотация. *Бул маселе бүгүнкү күндө маанилүү, себеби Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы аял жана эркек дуализми глобалдык гуманизм, адамдык жоопкерчилик жана руханий гармония принциптери менен тыгыз байланыштуу, ошондой эле заманбап коомдогу гендердик тең салмак маселелерин философиялык жактан чечүүгө жардам берет. Адамдык баалуулуктар жана моралдык тандоолор көйгөйлөрү глобалдык кризистердин шартында актуалдуулугун жоготпойт. Изилдөөнүн максатына ылайык, Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында аял жана эркек дуализминин философиялык негиздери, алардын адамдык баалуулуктары жана гуманисттик принциптери менен байланышкан функциялары аныкталды. Бул изилдөөдө философиялык-антропологиялык анализ, герменевтикалык ыкма жана салыштырма-философиялык ыкмалар колдонулду. Ар бир каарман образын жана алардын өз ара байланыштарын философиялык жана гуманисттик контекстте чечмелөө жүргүзүлдү. Изилдөө көрсөткөндөй, Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы аял жана эркек дуализми конфликт эмес, гуманисттик синтез формасында ачылып, адамдык жоопкерчилик, моралдык тандоо жана руханий гармонияны катары бекемделди. Каармандардын тандоолору жана аракеттери адамзаттык баалуулуктарды философиялык интерпретациялоого салым кошот жана глобалдык гуманизмди өнүктүрүүгө шарт түздү. Натыйжада, аял-эркек дуализми аркылуу Чыңгыз Айтматовдун гуманизми коомдогу социалдык жана руханий гармониянын негизги инструменти катары көркөм тексте эффективдүү ачылды.*

Ачкыч сөздөр: *Ааламдык гуманизм, аял жана эркек дуализми, философиялык анализ, антропологиялык интерпретация, моралдык жоопкерчилик, руханий гармония, гуманисттик синтез, каарман образы, экзистенциалдык тандоо, гендердик тең салмак, социалдык баалуулуктар, глобалдык гуманизм, герменевтика.*

Аннотация. *Данный вопрос приобретает особую значимость в современных условиях, так как дуализм женского и мужского начал в произведениях Чингиза Айтматова тесно связан с принципами глобального гуманизма, человеческой ответственности и духовной гармонии. Философское осмысление этого дуализма способствует решению проблем гендерного баланса в современном обществе. Проблемы человеческих ценностей и морального выбора не теряют своей актуальности в условиях глобальных кризисов.*

В соответствии с целью исследования определены философские основы дуализма мужского и женского начал в творчестве Ч. Айтматова, а также их функции, связанные с общечеловеческими ценностями и гуманистическими принципами. В работе использованы философско-антропологический анализ, герменевтический и сравнительно-философский методы. Проведена интерпретация образов персонажей и их взаимосвязей в философском и гуманистическом контекстах.

Исследование показало, что дуализм мужского и женского начал в произведениях Чингиза Айтматова проявляется не как конфликт, а как форма гуманистического синтеза, утверждающая принципы человеческой ответственности, морального выбора и духовной гармонии. Выбор и действия персонажей вносят вклад в философскую интерпретацию человеческих ценностей и создают условия для развития глобального гуманизма. В результате через дуализм мужского и женского гуманизм Чингиза Айтматова эффективно раскрывается в художественном тексте как основной инструмент социальной и духовной гармонии в обществе.

Ключевые слова: *планетарный гуманизм, дуализм мужского и женского, философский анализ, антропологическая интерпретация, моральная ответственность, духовная гармония, гуманистический синтез, образ героя, экзистенциальный выбор, гендерный баланс, социальные ценности, глобальный гуманизм, герменевтика.*

Abstract*. This issue is of paramount importance today, as the dualism of feminine and masculine principles in the works of Chyngyz Aitmatov is closely linked to the principles of global humanism, human responsibility, and spiritual harmony. Furthermore, it provides a philosophical framework for addressing gender balance issues in modern society. The challenges of human values and moral choices remain acutely relevant amidst global crises.*

In line with the research objective, the philosophical foundations of the feminine and masculine dualism in Ch. Aitmatov's works, along with their functions related to human values and humanistic principles, have been identified. The study employs philosophical-anthropological analysis, the hermeneutic method, and comparative-philosophical approaches. An interpretation of character images and their interconnections was conducted within philosophical and humanistic contexts.

The research demonstrates that the dualism of masculine and feminine principles in Chyngyz Aitmatov's works unfolds not as a conflict, but as a form of humanistic synthesis, reinforcing human responsibility, moral choice, and spiritual harmony. The choices and actions of the characters contribute to the philosophical interpretation of universal values and facilitate the development of global humanism. Consequently, through this masculine-feminine dualism, Aitmatov's humanism is effectively revealed in the literary text as a fundamental instrument for social and spiritual harmony within society.

Keywords: *planetary humanism, masculine and feminine dualism, philosophical analysis, anthropological interpretation, moral responsibility, spiritual harmony, humanistic synthesis, character image, existential choice, gender balance, social values, global humanism, hermeneutics.*

Киришүү. Бүгүнкү күндөгү илимий изилдөөлөрдүн негизги багыттары инсан таануу маселелерине бурулгандыгы көз карандысыздыкты алган кыргыз мамлекетинин шарапаты менен ишке ашууда. Анткени, суверендүү өлкөгө айлануу жана демократиянын шарттары Ата мекендик илимди өнүктүрүүгө абдан сонун мүмкүнчүлүк жаратып берди. Алардын катарында ааламдын жазуучусу Чынгыз Айтматовду таануу маселеси турат. Кыргыз адабиятынын эле эмес, дүйнөлүк адабияттын изилдөө объектисине айланган анын чыгармалары азыркы мезгилдеги актуалдуу маселелердин бири экендиги талашсыз чындык. Ал эми биздин максатыбыз болсо, Ч.Айтматовдун көркөм

ааламындагы аял жана эркек образдарынын өз ара байланышын, алардын дуалисттик табиятын философиялык жана гуманисттик өңүттө талдоо, ошондой эле бул дуализмдин адамзаттын жалпы баалуулуктарын (гуманизмди) сактап калуудагы ролун аныктоо болуп саналат.

Чыңгыз Айтматовдун ааламдык гуманизм концепциясы бүгүнкү глобалдык баалуулуктар кризиси, социалдык жоопкерчиликтин алсырашын жана адам факторунун деградациясын шарттаган процесстердин фонунда өзгөчө актуалдуулукка ээ. Анын чыгармаларындагы: “Гуманизм - улуттук чектен чыгып, адамзаттын жалпы тагдырына байланышкан универсалдуу философиялык категория катары чечмеленээри” [4] өзгөчө көңүл бурууга арзыйт. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы аял жана эркек образдары көбүнчө адабий-эстетикалык деңгээлде талданып, алардын философиялык-антропологиялык жана гуманисттик мазмуну жетиштүү деңгээлде системалуу изилдене электигин айта кетели. Бул жагдай аял - эркек дуализминин Чыңгыз Айтматовдун гуманизм концепциясындагы ордун терең философиялык талдоонун зарылдыгын шарттайт. Чыңгыз Айтматовдун көркөм-философиялык мурасындагы: “Адам маселеси борбордук орунду ээлейт” [6] деген идеяга негизденсек, анда анын тагдыры, моралдык жоопкерчилиги жана руханий тандоосу универсалдуу гуманисттик мааниде ачылуусу шарт экендигин белгилей кетели. Ушул контекстте Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары адамзаттык баалуулуктардын философиялык интерпретациясын камтыган көркөм ой жүгүртүүнүн өзгөчө формасы катары каралат. Жазуучунун гуманисттик ой жүгүртүүсүндө аял жана эркек дуализми биологиялык же социалдык карама-каршылык катары эмес, адам болмушунун философиялык толукталышынын формасы катары чечмеленет. Бул дуализм аркылуу жазуучу моралдык тең салмакты, жоопкерчиликти жана руханий гармонияны гуманизмдин негизги шарттары катары көрсөтөт. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында аял-эркек дуализминин карама-каршылыкпы же гуманисттик синтезби деген суроонун коюлушу анын философиялык

концепциясын тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Аталган дуализмди гуманисттик гармониянын негизи катары интерпретациялоо адамзаттын келечеги маселесин моралдык жоопкерчилик жана руханий баалуулуктар менен байланыштырууга шарт түзөт.

Материалдар жана изилдөө методдору. Бул изилдөөдө Чыңгыз Айтматовдун гуманисттик концепциясын талдоодо окумуштуу Н.А.Бердяевдин эмгегиндеги: “Философиялык антропология жана гуманизм теорияларынын методологиялык принциптери жана изилдөө ыкмалары” [4] методология катары пайдаланылды. Көркөм тексттерди илимий өнүттө талдоодо кээ бир окумуштуулар колдонуп келишкен герменевтикалык метод [8]. Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы аял-эркек дуализминин философиялык мазмунда чечмелөөдө жакындан жардам берип, каармандардын образдарынын символикалык жана маңыздык катмарлары интерпретациялоодо чоң роль ойноду. Аял жана эркек образдары адам болмушунун негизги экзистенциалдык жана моралдык аспекттерин ачуу максатында философиялык-антропологиялык анализ ыкмасы негизги методдордун бири катары кызмат көрсөттү. Чыңгыз Айтматовдун гуманисттик көз карашын универсалдуу гуманизм теориялары менен салыштыруу үчүн салыштырма-философиялык метод пайдаланылып, аял-эркек дуализминин гуманисттик мазмунун аныктоо үчүн аксиологиялык метод жардам берип, жоопкерчилик, адеп-ахлак жана руханий гармония сыяктуу баалуулуктар талданды.

Талкуулар жана тыянактар. Айтматов ааламын таануу-азыркы гуманитардык жана философиялык изилдөөлөрдүн борбордук маселеси болуп саналаарын бир катар илимий изилдөөлөр далилдеп келүүдө. Бул феноменди философиялык рефлексия алкагында кароодо, жазуучунун чыгармачылыгындагы аял жана эркек дуализми-болмуштун эки башка формасы эмес, анын бүтүндүгүн камсыз кылган онтологиялык башаты катары талданышы шарт. Айтматовдук ааламда гендердик маселе социологиялык чектөөлөрдөн чыгып, экзистенциалдык деңгээлге көтөрүлөөрүн белгилей

кетүүгө болот. Мында аялдык (инь) жана эркектик (янь) башталыштардын диалогу - ааламдык гармонияны сактап турган негизги мыйзам ченемдүүлүк катары каралат.

Бул контексттен алып карасак, жазуучунун “Ааламдык гуманизм” концепциясы адамдын гендердик табиятын рухий бийиктик менен айкалыштырып, адамзатты “космостук инсан” деңгээлине трансформациялоону көздөй тургандыгы байкалат. Ошондуктан, Айтматовдун философиясын изилдөө - азыркы доордун этикалык жана онтологиялык кризистерине жооп издеген метафизикалык изденүүлөрдүн негизги борбору болуп саналат десек болот.

Чыңгыз Айтматовдун ааламдык гуманизми - адамдын руханий жана моралдык өнүгүүсүн борборго койгон философиялык концепция болуп эсептелээри [11] бир катар изилдөөлөрдө айтылып келсе, Чыңгыз Айтматовдун өзүнүн пикирлештери менен бирге: “Биз жаңы доордун жаңы идеяларын, жаңы гуманисттик аң сезими Батыш менен Чыгышка, дүйнөнүн бардык калайык-калктарына көтөрүп алып бараткан караванбыз” деп жар салганы дүйнөлүк коомчулуктун акыл-эсинде турат [12].

Ал классикалык гуманизм принциптерин улуттук жана глобалдык контекстте кайра интерпретациялап, көркөм образда дүйнөлүк коомчулукка сунуштайт. Айтматовдун концепциясы боюнча, адам коомдон бөлүнүп калган жалкы (жалгыз) социо-биологиялык гана жандык эмес. Анын болмушу ааламдын жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү жана гармониясы менен тыгыз байланышта жашап келген, жашайт жана жашай бермекчи. Жазуучунун мындай пикиринен антропоцентризмден (адамды гана борборго коюудан) космоцентризмге (адамды ааламдын бир бөлүгү катары көрүүгө) өтүү философиясы экендигин байкабай калуу мүмкүн эмес. Мындан адамдын ар бир кадамы жана тандоосу ааламдык тең салмактуулукка таасир этүүчү мааниге ээ экендигин байкоого болот.

Илимий философиялык көз караштан алганда, аял жана эркек дуализми Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында карама-каршылык эмес, гармония, адам болмушунун философиялык толуктоосу катары берилет. Филологиялык багыттын тили менен айтканда аял-эркек деген кош сөз башкача айтканда, дуализм каармандардын ички дүйнөсүн жана моралдык тандоолорун тереңирээк ачууга мүмкүнчүлүк берген түшүнүктөрдөн болуп эсептелет. Изилдөөнүн өзөктүү идеясы - аялдык жана эркектик башаттардын диалектикалык бүтүндүгү адамзаттык гармониянын фундаменталдык негизин түзөөрүн негиздөө болуп саналат. Айтматовдун концепциясында бул эки башталыш бири-бирин төгүндөбөй, тескерисинче, болмуштун бирдиктүүлүгүн камсыз кылган онтологиялык тирөөчтөр катары каралат.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы аял образдары гуманисттик баалуулуктардын символу катары кызмат кылып, алар моралдык туруктуулукту, адамдык жоопкерчиликти жана руханий күчтү чагылдырат.

Ч.Айтматовдун “Саманчынын жолу” повестиндеги Толгонайдын образы - аялдык башаттын ааламдык баалуулуктар менен болгон метафизикалык байланышынын символу катары берилет. Өзгөчө, каармандын Жер-Эне менен болгон ички диалогунда аялдык жана эркектик (Толгонай жана Субанкул) башталыштардын онтологиялык бүтүндүгү ачылат. Толгонайдын Субанкул тууралуу: “Биз экөөбүз бир бүтүн адам сыяктуу элек, бирибиздин оюбузду бирибиз айттырбай билчүбүз...” - деген толгонуусу, философиялык аспектте антропологиялык дуализмдин идеалдуу моделин көрсөтөт. Мында аял жана эркек социалдык ролдордон бийик көтөрүлүп, жашоонун негизин түзүүчү эки бирдей кубаттуу күч катары сүрөттөлөт [3, 142-б.] десек жаңылбайбыз. Бул диалог аркылуу жазуучу адамзаттык гармония - аялдык мээрим менен эркектик жоопкерчиликтин ажырагыс биримдигинен гана жараларын далилдейт.

Эркек образы Чыңгыз Айтматовдун философиясында моралдык жоопкерчиликтин жана экзистенциалдык тандоонун субекти катары ачылаары жогорудагы мисалдан белгилүү болду.

Жазуучу тарабынан сунушталган каармандын жеке тажрыйбасы - бул өмүрдө жөн гана жашап өтүү же жөн гана өмүр таржымалы эмес, ал микрокосмос (инсан) менен макрокосмостун (табият жана коом) ортосундагы экзистенциалдык көпүрө экендигин байкообуз шарт. Анын басып өткөн жолу инсандык деңгээлдеги рухий изденүү аркылуу социалдык тартип менен табигый гармонияны сактап калуунун символу болуп саналат. Бул контекстте адамдын ички тең салмактуулугу бүтүндөй ааламдык туруктуулуктун кепилдиги катары каралууга тийиш. Ч.Айтматовдун чыгармаларында берилген образдар аялдык башат менен функционалдык жана экзистенциалдык өз ара толуктоочу (комплементардык) системада каралат. Ааламдын жазуучусу аял жана эркек дуализминин философиялык концепциясы аркылуу коомдогу моралдык тең салмактуулук жана инсандык руханий гармония маселелерин чечүүгө умтулат. Бул жерде гендердик башталыштардын биримдиги - дүйнөлүк хаоско каршы тура алган бирден-бир конструктивдүү күч катары чыгат. Мисалы, Ч.Айтматовдун “Жамийла” повестиндеги башкы каармандардын образы аялдык жана эркектик башаттардын функционалдык жана экзистенциалдык өз ара толуктоочу (комплементардык) системасын ачып берет. Эгерде салттуу коомдо аял менен эркектин орду социалдык нормалар (үй-бүлө, кожоюндук) менен гана чектелсе, Жамийла менен Даниярдын мамилесинде бул дуализм руханий биримдикке трансформацияланат. Маселен, Даниярдын обону - бул эркектик башаттын ички дүйнөсүндөгү ааламдык гармониянын үнү болсо, Жамийланын ошол обонду кабылдоосу - аялдык башаттын табигый сулуулукка жана эркиндикке болгон умтулуусу. Алардын биримдиги аркылуу автор коомдогу моралдык тең салмактуулукту сырткы эрежелерден эмес, инсандын ички руханий гармониясынан издейт. Повесттеги: “Ошол түнү мен биринчи жолу адамдык махабаттын улуулугун сездим... Алар бири-бирин сөзсүз эле түшүнүп жатышты” [2, 48-б.] - деген саптар, эки башталыштын тилден жогору турган метафизикалык байланышын ырастайт. Бул контекстте Жамийла менен Даниярдын эски дүйнөнүн (хаостун)

мыйзамдарынан аттап кетиши - адамдык бакыттын жана ааламдык бүтүндүктүн бирден-бир конструктивдүү күчү катары сүрөттөлөт. Автордун пикирине ылайык: “Алардын сүйүүсү - бул эки башталыштын ааламдык гармонияга шайкеш келүүсүнүн философиялык актысы” [13].

Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы ар бир каармандын өз ордун табуу менен жалпы адамзаттык баалуулуктарды сактоого салым кошоорун байкоого болот. Бул механизм аркылуу гуманизм философиясы конкреттүү тексттик мисалдарда иш жүзүндө чагылдырылат. Ч.Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” романында аял жана эркек дуализми инсандын экзистенциалдык тагдыры жана тарыхый эс тутум (маңкуртчулукка каршы туруу) контекстинде ар тараптуу интерпретацияланат. Мында эркектик башат (Эдигей) - туруктуулуктун, салттын жана адеп-ахлактык парздын символу болсо, аялдык башат (Найман-Эне) - жоголгон рухий байланыштарды калыбына келтирүүчү, жашоонун түбөлүктүүлүгүн сактоочу генетикалык эс тутумдун ээси катары чыгат. Автор Найман-Эненин өз уулун куткарууга болгон аракети аркылуу аялдык мээримдин ааламдык масштабдагы күчүн көрсөтөт. Романдагы: “Эненин тилеги - элдин тилеги, эненин каны – жердин каны” [1, 186-б.] - деген концептуалдык ой, аялдык башаттын табият жана тарых менен болгон терең байланышын ырастайт. Чыгармадагы каармандардын ортосундагы трагедиялуу дуализм аркылуу Айтматов адамзаттык гармония эс тутум менен сүйүүнүн биримдигинде гана мүмкүн экенин далилдейт. Бул жерде аял менен эркектин руханий диалогу манкуртчулукка - рухий өлүмгө каршы турган бирден-бир конструктивдүү күч болуп саналаарына токтолгон автордун пикири абдан маанилүү [13].

Айтматовдун чыгармаларынын түпкү маңызында анын каармандарынын инсандык тандоолору жана руханий тажрыйбалары философиялык контекстте ачылып көрсөтүлөт. Айтматовдун чыгармаларында дуализмдин гуманисттик функциясы тексттик деңгээлде гана эмес, терең концептуалдык масштабда ишке ашат. Аял жана эркек образдары аркылуу сүрөттөлгөн трагедия

феномени – бул жөн гана кыйроо эмес, ал гуманисттик контекстте каармандардын экзистенциалдык тандоосун жана руханий трансформациясын шарттоочу негизги механизм болуп саналат.

Бул өңүттөн алганда, трагедия - инсандын моралдык жоопкерчилигин жана баалуулуктар системасынын бекемдигин сынаган философиялык курал катары кызмат кылат. Ч.Айтматовдун философиялык антропологиясында аялдык жана эркектик башаттар адам тагдырынын универсалдуу мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачып берүүчү онтологиялык категориялар катары чыгат. Алар инсандын руханий эволюциясынын базалык негизин түзүп, натыйжада, бул дуализм социалдык жана жеке болмуштун ортосундагы гармониялык балансты аныктоочу универсалдуу системага айланат.

Г.Т.Токтогулованын изилдөөлөрүнө таянсак, Чыңгыз Айтматовдун көркөм ааламында аял жана эркек дуализми менен катар толеранттуулук маселеси борбордук орунду ээлейт. Окумуштуунун пикири боюнча, Айтматовдук толеранттуулук - бул жөн гана башкага жол берүү эмес, бул “башканы” өзүнүн дүйнө таанымынын бир бөлүгү катары кабыл алуу, б.а., руханий диалогдун эң жогорку деңгээли. Бул маселе биз талдаган гендердик дуализм менен түздөн-түз кесилишет: “Аялдык жана эркектик башаттардын ортосундагы гармония – бул эң биринчи кезекте экзистенциалдык толеранттуулуктун натыйжасы”. Г.Токтогулова белгилегендей, жазуучунун каармандары (мисалы, Толгонай, Найман-эне, Жамийла) өзүнүн ички дүйнөсүндөгү сабырдуулук жана кең пейилдүүлүк аркылуу гана дүйнөлүк хаоско каршы туруп, адамзаттык баалуулуктарды сактап кала алышат [8, 186-188-бб.]. Демек, мындай мамиле “диалогдук метафизиканы” толуктап, Айтматовдун ааламдык гуманизмин этикалык жактан негиздейт. Анткени, аял - эркек дуализми тууралуу көз караштар азыркы гендердик жана гуманисттик дискурстар менен терең маанилүү диалог түзөөрү белгилүү. Окумуштуулардын дүйнө таанымына таянуу менен Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы аялдык жана эркектик башаттардын ортосундагы чек

аралар катуу иерархияга эмес, тескерисинче, “биримдиктин жана өз ара толуктоонун метафизикасына” негизделгендигин белгилей кетели.

Бул идея биз жогоруда талдаган “Жамийла” же “Саманчынын жолу” чыгармаларындагы каармандардын трагедиясы жана моралдык тандоосу менен түздөн-түз байланышат. Мында дуализм - конфликттин булагы эмес, дүйнөлүк хаоско каршы турган гуманисттик система катары мүнөздөлөт. Натыйжада, Айтматовдун философиялык антропологиясы адамзаттын руханий өнүгүүсүнүн универсалдуу модели катары чыгат деген пикирлерге кошулууга болот.

Жазуучунун концептуалдык идеялары заманбап коомдогу гендердик тең салмактуулук жана адамдык жоопкерчилик маселелерин чечүү үчүн фундаменталдык философиялык негиз болуп берет. Айтматовдук ааламдагы бул экзистенциалдык диалог анын чыгармаларын глобалдык гуманизм контекстинде кайрадан актуалдаштырууга, б.а., бүгүнкү күндүн талаптарына ылайык жаңыча чечмелөөгө жол ачат.Аял-эркек дуализминин философиялык интерпретациясы Чыңгыз Айтматовдун гуманизминде өзгөчө мааниге ээ: ал адамзаттын келечегин абстракттуу идеялар менен эмес, конкреттүү моралдык жоопкерчилик жана руханий баалуулуктар менен бекем байланыштырууну камсыз кылат. Демек, бул дуализм - адам баласынын табият, коом жана аалам менен болгон гармониясын калыбына келтирүүчү универсалдуу руханий формула катары кызмат кылат. Ата мекендик окумуштуу К.Абдылдаевдин: “Бул көз караш коомдогу социалдык жана маданий гармонияны сактоодо маанилүү концептуалдык негиз түзөт” [9] – деген пикири менен ынансак, анда дуализм философиялык инструмент катары адамзаттык баалуулуктарды жана глобалдык гуманизмди бекемдөөгө кызмат кылат.

Корутунду. Демек, Чыңгыз Айтматовдун ааламдык гуманизминин концептуалдык негизи катары аял-эркек дуализмин изилдөө - бул инсан болмушунун жаңы онтологиялык деңгээлин ачууга мүмкүндүк берет. Изилдөөнүн жүрүшүндө жазуучунун көркөм ааламында гендердик

башталыштар биологиялык карама-каршылык эмес, тескерисинче, бири-бирин толуктоочу (комплементардык) жана дүйнөлүк гармонияны камсыз кылуучу стратегиялык категориялар экендиги далилденди.

Аннотация. *В статье рассматриваются методические особенности разработки интегрированных заданий на уроках математики в средней школе. Актуальность исследования обусловлена необходимостью формирования у учащихся функциональной грамотности, математической компетентности и способности применять знания в жизненных и межпредметных ситуациях. Цель статьи – определить и научно-методически обосновать особенности разработки интегрированных заданий для уроков математики в средней школе. В исследовании анализируются сущность интегрированного задания, основные требования к его составлению, принципы отбора содержания, этапы разработки, а также примеры заданий, связанных с естественнонаучными дисциплинами. В результате исследования обосновано, что эффективность интегрированных заданий зависит от сохранения ведущей роли математического содержания, предметной точности, методической целесообразности, соответствия возрастным особенностям учащихся, практической направленности и ориентации на интерпретацию полученного результата. Систематическое использование таких заданий повышает познавательную*

активность учащихся, усиливает прикладной характер математики и формирует целостное представление о межпредметных связях.

Ключевые слова: *интегрированное задание, обучение математике, межпредметные связи, средняя школа, методика, математическое моделирование, функциональная грамотность, естественные предметы.*

Abstract. *This article examines the methodological features of developing integrated tasks in secondary school mathematics lessons. The relevance of the study is determined by the need to develop students' functional literacy, mathematical competence, and ability to apply their knowledge in real-life as well as interdisciplinary situations within the modern education system. The purpose of the article is to identify and substantiate the methodological features of developing integrated tasks for mathematics lessons in secondary school from a scientific and methodological perspective. The study analyzes the essence of integrated tasks, the main requirements for their design, the principles of content selection, the stages of development, and examples of tasks related to natural science subjects. The findings of the article substantiate that the effectiveness of integrated tasks depends on preserving the leading role of mathematical content, subject accuracy, methodological appropriateness, correspondence to students' age characteristics, practical orientation, and focus on interpreting the obtained results. The systematic use of such tasks enhances students' cognitive activity, strengthens the applied orientation of mathematics, and forms a holistic understanding of interdisciplinary connections.*

Keywords: *integrated task, mathematics teaching, interdisciplinary connections, secondary school, methodology, mathematical modeling, functional literacy, natural science subjects.*

Киришүү. Азыркы мектептик билим берүү системасында математиканы окутуунун максаты окуучуларга даяр эрежелерди, формулаларды жана алгоритмдерди өздөштүртүү менен гана чектелбестен, аларды ар түрдүү турмуштук, окуу жана предметтер аралык кырдаалдарда аң-сезимдүү жана негиздүү колдоно билүү жөндөмүн калыптандыруу болуп саналат.Ушуга байланыштуу билим берүүнүн компетенттүүлүккө багытталган мазмуну окуучунун билимди жөн гана сактап калышын эмес, аны практикалык иш-аракетте пайдалануу, түшүндүрүү, негиздөө жана жаңы шартка көчүрүү жөндөмдөрүн өнүктүрүүнү талап кылат. Мындай шартта математика сабактарында предмет аралык байланышты күчөтүү, айрыкча табигый предметтер менен интеграциялоонун мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу өзгөчө мааниге ээ болууда.

Эл аралык изилдөөлөрдө математикалык сабаттуулук окуучунун математиканы ар кандай контекстте формулировкалоо, колдонуу жана алынган жыйынтыктарды интерпретациялоо жөндөмү катары каралат [2, 3]. Бул түшүнүк математика окуучунун күнүмдүк турмушунда, коомдук практикасында жана башка илимдерди өздөштүрүүсүндө колдонулуучу

универсалдуу курал экенин көрсөтөт. OECDнин математика боюнча программалык документтеринде жана аналитикалык материалдарында математикалык билим берүүнү жаңылоодо реалдуу контексттеги маселелерге, маалыматтарды талдоого, математикалык моделдөөгө, аналитикалык ой жүгүртүүгө жана келечекке багытталган компетенцияларды калыптандырууга өзгөчө көңүл бурулары белгиленет [4, 5]. Ал эми UNESCOнун материалдарында STEM-билим берүү илим, технология, инженерия жана математиканын өз ара байланышын камсыз кылган, көйгөй чечүү, критикалык ой жүгүртүү жана билимди практикалык кырдаалда колдонуу жөндөмдөрүн өнүктүргөн дисциплиналар аралык мамиле катары мүнөздөлөт [6].

Илимий-методикалык адабияттарда да предмет аралык байланыштарды колдонуу окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуунун маанилүү шарты катары каралат. Маселен, Ж.К. Асанова жана авторлоштор өз изилдөөлөрүндө математика сабагында предмет аралык байланыштарды ишке ашыруу окуу материалын турмуштук жана илимий контекст менен байланышта өздөштүрүүгө шарт түзөрүн, окуучулардын математикалык түшүнүктөрдү аң-сезимдүү өздөштүрүүсүнө, алардын колдонмо маанисин тереңирээк түшүнүүсүнө, таанып-билүү активдүүлүгүнүн жогорулашына жана сабактын практикалык багыттуулугунун күчөшүнө өбөлгө түзөрүн көрсөтүшөт [1].

Ошол эле учурда болочок математика мугалимдеринин кесиптик даярдыгына арналган эмгектерде да окутуунун натыйжалуулугу мазмун менен методиканын кесиптик талаптарга ылайык уюштурулушуна байланыштуу экени белгиленет. Тактап айтканда, К.М. Торогельдиева болочок математика мугалимдерин даярдоодо теориялык даярдык менен практикалык-методикалык даярдык өз ара тыгыз байланышта өнүктүрүлүүгө тийиш экенин, ал эми окутуунун сапатын жогорулатууда натыйжалуу формаларды жана ыкмаларды туура тандоо өзгөчө мааниге ээ экенин көрсөтөт [7]. Бул ой мектепте интеграцияланган тапшырмаларды максаттуу иштеп чыгуу жана

колдонуу мугалимдин методикалык даярдыгы менен түздөн-түз байланыштуу экенин да тастыктайт.

Бирок мектепте математика менен физика, биология, химия жана география сыяктуу предметтердин байланышы көп учурда фрагменттүү жана эпизоддук мүнөздө гана берилет. Натыйжада окуучулар математикалык билимдин практикалык маанисин, анын башка илимдер менен өз ара байланышын жана колдонмо мүмкүнчүлүктөрүн толук деңгээлде аңдай беришпейт. Мындай шартта интеграцияланган тапшырмалар математикадагы теориялык билимди практикалык жана табигый илимий контекст менен байланыштыруучу натыйжалуу дидактикалык каражат катары өзгөчө мааниге ээ болот. Алар окуучуну эсептөөгө гана эмес, маалыматты талдоого, байланыштарды табууга, математикалык модель түзүүгө, алынган натыйжаны чечмелөөгө жана негиздөөгө үйрөтөт.

Демек, азыркы билим берүү шартында орто мектептин математика сабактарында интеграцияланган тапшырмаларды иштеп чыгуунун методикалык негиздерин тактоо зарылчылыгы пайда болууда. Бул, бир жагынан, эл аралык билим берүү тенденциялары жана функционалдык сабаттуулукка багытталган талаптар менен шартталса, экинчи жагынан, жергиликтүү методикалык изилдөөлөрдө белгиленген предмет аралык байланыштардын потенциалын мектеп практикасына системалуу түрдө киргизүү муктаждыгы менен түшүндүрүлөт.

Изилдөөнүн максаты – орто мектептин математика сабактарында интеграцияланган тапшырмаларды иштеп чыгуунун методикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоо жана илимий-методикалык жактан негиздөө. Аталган максатты ишке ашыруу үчүн, биринчи кезекте, интеграцияланган дидактикалык тапшырманын маңызын, анын дидактикалык мүмкүнчүлүктөрүн жана окутуу процессиндеги ордун тактоо зарыл.

1. Интеграцияланган тапшырманын дидактикалык маңызы. Математиканы окутууда интеграцияланган тапшырмалар деп мазмуну,

түзүлүшү жана чыгаруу логикасы башка предметтердин түшүнүктөрү, фактылары жана закон ченемдүүлүктөрү менен байланышкан окуу тапшырмаларын түшүнүүгө болот. Мындай тапшырмаларда математика негизги өзөк катары сакталат, ал эми башка предметтин мазмуну математикалык түшүнүктү тереңдетүүгө, анын практикалык маанисин ачып берүүгө жана колдонуу чөйрөсүн кеңейтүүгө өбөлгө түзгөн контексттик каражат катары кызмат кылат.

Интеграцияланган тапшырманын негизги өзгөчөлүгү – анда математикалык иш-аракет жөн гана эсептөө же символдук өзгөртүү катары эмес, белгилүү бир кырдаалды, процессти же кубулушту түшүндүрүүнүн, моделдөөнүн, салыштыруунун жана талдоонун куралы катары каралат. OECDнин PISA 2022 боюнча документтеринде математикалык сабаттуулук математиканы ар кандай контекстте колдонуу жана натыйжаларды интерпретациялоо жөндөмү катары мүнөздөлгөнү да дал ушундай мамиленин маанилүүлүгүн көрсөтөт [2, 3]. Ошондуктан интеграцияланган тапшырмалар окуучунун математикалык билимин турмуштук жана илимий кырдаалдар менен байланыштырып, анын функционалдык мүнөзүн күчөтөт.

2. Интеграцияланган тапшырмаларды иштеп чыгуунун негизги методикалык талаптары. Интеграцияланган тапшырмаларды иштеп чыгууда бир катар методикалык талаптарды так сактоо зарыл.

Биринчи талап – математикалык мазмундун жетектөөчү ролун камсыз кылуу. Интеграцияланган тапшырмада башка предметтин мазмуну негизги эмес, көмөкчү контекст катары колдонулууга тийиш. Эгер математикалык өзөк бүдөмүк болуп, тапшырма башка предметтин маалыматын гана кайталоочу формага өтүп кетсе, анда анын дидактикалык баалуулугу төмөндөйт. Ошондуктан тапшырманын негизги окутуу максаты математикалык түшүнүктү, закон ченемдүүлүктү, ыкманы же аналитикалык иш-аракетти өздөштүрүүгө багытталууга тийиш.

Экинчи талап – предметтик тактык жана илимий тууралык. Эгер тапшырма физика, биология, химия же географиянын мазмуну менен байланышса, анда колдонулган фактылар, чоңдуктар, шарттар жана түшүндүрмөлөр тиешелүү илимдин негиздерине ылайык болушу керек. Контекст шарттуу түрдө жөнөкөйлөштүрүлсө да, илимий бурмалоого жол берилбеши зарыл.

Үчүнчү талап – жеткиликтүүлүк. Тапшырма окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө, билим деңгээлине жана даярдык мүмкүнчүлүгүнө шайкеш түзүлүшү керек. Эгер контекст өтө татаал, текст өтө көлөмдүү же кошумча маалымат ашыкча көп болуп кетсе, анда окуучу математикалык өзөккө эмес, тексттик кыйынчылыкка көбүрөөк туш болот.

Төртүнчү талап – практикалык жана таанып-билүү маанилүүлүгү. Интеграцияланган тапшырма окуучуга мазмундуу сезилиши керек. Анда реалдуу же реалдуулукка жакын кырдаал берилип, математикалык иш-аракет эмне үчүн керек экени көрүнүп турушу зарыл. Мындай тапшырмалар окуучуну ойлонууга, байкоого, байланышты табууга жана жыйынтык чыгарууга түрткү берет.

Бешинчи талап – натыйжаны интерпретациялоого багытталуу. Интеграцияланган тапшырманын жыйынтыгында окуучу бир гана туура жоопту табуу менен чектелбестен, анын маанисин түшүндүрүп бере алышы керек. Айрыкча компетенттүүлүккө багытталган жана функционалдык сабаттуулукту текшерген тапшырмаларда дал ушул интерпретациялоо, негиздөө жана чечмелөө өзгөчө мааниге ээ.

Алтынчы талап – методикалык максатка ылайыктуулук. Ар бир интеграцияланган тапшырма конкреттүү окуу максатына кызмат кылышы керек. Ал сабактын логикасына, темасына, күтүлгөн натыйжаларына жана баалоо критерийлерине шайкеш болушу зарыл.

3. Интеграцияланган тапшырмаларды тандоонун жана түзүүнүн принциптери. Интеграцияланган тапшырмаларды иштеп чыгууда төмөнкү принциптерге таянуу туура болот.

Мазмундук шайкештик принциби. Математикадагы тема менен башка предметтеги материалдын ортосунда ички мазмундук байланыш болушу керек. Мисалы, түз сызыктуу функция бир калыптагы кыймыл менен, квадраттык функция телонун траекториясы менен, пайыздар эритме жана аралашма маселелери менен, статистика байкоо жана эксперименттик маалыматтар менен байланышат.

Практикалык багыттуулук принциби. Тапшырмалар реалдуу турмуштук, колдонмолук же изилдөөчүлүк мүнөздөгү кырдаалдарга негизделүүгө тийиш. Бул окуучунун математикалык билимди турмуш менен байланышта кабыл алышына шарт түзөт.OECDнин эмгектеринде да математиканы реалдуу маселелерди талдоо куралы катары кароо өзөктүү багыт катары белгиленет [4,5] Этаптуулук жана системалуулук принциби. Интеграцияланган тапшырмалар бир жолку эпизоддук мисал катары эмес, белгилүү система менен колдонулууга тийиш. Алгач жөнөкөй контексттүү тапшырмалар сунушталып, андан кийин анализдөөнү, моделдөөнү, салыштырууну жана интерпретациялоону талап кылган татаалыраак тапшырмаларга өтүү зарыл.
Таанып-билүү активдүүлүгү принциби. Тапшырмалар окуучуну даяр алгоритмди механикалык кайталоого эмес, себеп-натыйжа байланышын табууга, математикалык модель тандоого, жыйынтыкты негиздөөгө жана өз алдынча ой жүгүртүүгө түрткү бериши керек.

Методикалык бүтүндүк принциби. Интеграцияланган тапшырма сабактын жалпы структурасынан бөлүнүп калбастан, анын максаттуу жана логикалык компоненти болуп калышы керек. Ал окуу материалынын мазмуну, окутуу ыкмалары, баалоо критерийлери жана күтүлгөн натыйжалар менен тыгыз байланышта колдонулууга тийиш.

UNESCO STEM-билим берүүнү илим, технология, инженерия жана математиканын өз ара байланышын камсыз кылган, көйгөй чечүү жана критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүргөн дисциплиналар аралык мамиле катары мүнөздөйт [6]. Бул көз караш интеграцияланган тапшырмаларды иштеп чыгууда алардын мазмундук гана эмес, өнүктүрүүчү жана компетенттүүлүккө багытталган мүнөзүн да эске алуу керек экенин көрсөтөт.

4. Интеграцияланган тапшырмаларды иштеп чыгуунун этаптары

Интеграцияланган тапшырмаларды иштеп чыгуу алдын ала ойлонулган методикалык ишти талап кылат. Бул процессти шарттуу түрдө төмөнкү этаптарга бөлүүгө болот.

Биринчи этап – математикалык теманы аныктоо. Мугалим кайсы теманы тереңдетүүнү жана кайсы түшүнүк же иш-аракет ыкмасын калыптандырууну көздөп жатканын тактайт. Бул функция, теңдеме, система, пайыз, пропорция, график, статистика, ыктымалдык жана башка темалар болушу мүмкүн.

Экинчи этап – тиешелүү предметтик контекстти тандоо. Бул этапта тандалган математикалык темага мазмундук жактан жакын табигый же практикалык контекст аныкталат. Мисалы, функцияларды окутууда физикадагы кыймыл, биологиядагы өсүү динамикасы, географиядагы температуранын өзгөрүшү колдонулушу мүмкүн.

Үчүнчү этап – окуу маселесин формулировкалоо. Бул жерде окуучу кандай иш-аракет аткарары такталат: эсептөө, салыштыруу, график түзүү, модель түзүү, маалыматты талдоо же жыйынтык чыгаруу.

Төртүнчү этап – маалымат берүү формасын тандоо. Интеграцияланган тапшырмадагы маалымат текст, таблица, график, диаграмма, байкоонун жыйынтыгы же эксперименттик маалымат түрүндө берилет.

Бешинчи этап – тапшырманын текстин түзүү. Бул этапта тапшырманын шарты так, кыска, мазмундуу жана методикалык жактан негиздүү болушу зарыл.

Алтынчы этап – баалоо критерийлерин аныктоо. Интеграцияланган тапшырмада бир гана акыркы жооп эмес, модель тандап алуу, чыгаруу логикасы, негиздөө, интерпретациялоо сыяктуу компоненттер да эске алынышы мүмкүн.

Жетинчи этап – алдын ала апробациялоо. Тапшырманын жеткиликтүүлүгүн, убакыттык ылайыктуулугун жана методикалык натыйжалуулугун текшерүү анын сапатын жогорулатат.

Бул жерде К.М. Торогельдиева белгилегендей, окутуунун натыйжалуулугу мазмун менен методиканын кесиптик талаптарга ылайык уюштурулушуна байланыштуу [7]. Демек, интеграцияланган тапшырмаларды сапаттуу түзүү мугалимдин методикалык даярдыгын, педагогикалык көз карашын жана сабакты долбоорлой билүүсүн талап кылат.

5. Интеграцияланган тапшырмалардын үлгүлөрү.

Мисал 1. Математика жана физика. Төмөнкү тапшырма түз сызыктуу функция менен механикалык кыймылдын ортосундагы байланышты ачууга багытталган. Автомобиль 72 км/саат туруктуу ылдамдык менен жүрөт.

1. Жолдун убакытка көз карандылыгынын формуласын түзгүлө.
2. Убакытка карата жолдун графигин түзгүлө.
3. 2,5 саатта канча жол жүрөрүн тапкыла.
4. Формуладагы коэффициенттин физикалык маанисин түшүндүргүлө.

Бул тапшырма түз сызыктуу функция менен механикалык кыймылдын байланышын ачат. Окуучу формуланы түзүү аркылуу чоңдуктардын ортосундагы көз карандылыкты түшүнөт, график аркылуу ошол байланыштын көрүнүшүн талдайт, ал эми коэффициенттин маанисин түшүндүрүү аркылуу математикалык символдун физикалык мазмунун аңдайт.

Мисал 2. Математика жана биология.Төмөнкү тапшырма маалыматтарды талдоо жана график аркылуу өзгөрүүнү түшүндүрүүгө багытталган. Өсүмдүктүн бийиктиги ар 5 күн сайын өлчөнгөн. Натыйжалар: 8 см, 10 см, 13 см, 15 см, 18 см.

1. Берилгендерди таблицага түшүргүлө.
2. Графигин түзгүлө.
3. Орточо өсүшүн эсептегиле.
4. Өсүү мүнөзү боюнча тыянак чыгаргыла.

Бул тапшырма окуучуну маалыматтарды системалаштырууга, график түзүүгө жана өзгөрүүнүн мүнөзүн талдоого үйрөтөт.

Мисал 3. Математика жана химия. Төмөнкү тапшырма пайыз түшүнүгүн химиялык контекстте колдонууга негизделет. 500 г туз эритмесинин курамында туздун массалык үлүшү 8% болсо:

1. Туздун массасын тапкыла.
2. Суунун массасын тапкыла.
3. Эгер туздун массалык үлүшү 12% болсо, жыйынтык кандай өзгөрөрүн түшүндүргүлө.

Бул тапшырма пайыз түшүнүгүн жана пропорционалдык көз карандылыкты химиялык контекстте колдонууга мүмкүндүк берет.

Мисал 4. Математика жана география. Төмөнкү тапшырма статистикалык маалыматты талдоого жана интерпретациялоого багытталган. Эки шаардагы абанын орточо суткалык температурасы беш күн бою төмөнкүдөй болду:

А шаарында: 8°, 10°, 12°, 11°, 9°;

В шаарында: 6°, 9°, 13°, 12°, 10°.

1. Ар бир шаар үчүн орточо температураны тапкыла.
2. Өзгөрүүнүн графигин түзгүлө.
3. Кайсы шаарда температуранын өзгөрүүсү туруктуураак болгонун негиздегиле.
4. Алынган жыйынтык боюнча кыскача түшүндүрмө бергиле.

Бул тапшырма статистикалык маалымат менен иштөөнү жана маалыматты интерпретациялоону өнүктүрөт.

Жыйынтыктап айтканда, орто мектептин математика сабактарында интеграцияланган тапшырмаларды иштеп чыгуу жана максаттуу колдонуу окутуунун сапатын жогорулатып, математикалык билимди башка предметтер менен байланышта өздөштүрүүгө шарт түзөт. Мындай тапшырмалар окуучунун ой жүгүртүүсүн активдештирип, математикалык моделдөө, талдоо, салыштыруу жана жыйынтыкты негиздөө көндүмдөрүн өнүктүрөт. Ошондуктан интеграцияланган тапшырмаларды үзгүлтүксүз пайдалануу математиканы окутуунун практикалык багыттуулугун жана функционалдык сабаттуулукту күчөтүүнүн маанилүү шарты болуп эсептелет. Тапшырмаларды берүүдө “мугалим менен окуучунун биргелешкен ишинин негизинде окуучу ээ болуучу болжолдуу натыйжа” [8, 51] так болсо, максатына жетет.

Адабияттар:

1. Асанова Ж.К., Шамсудинов Ф.М., Орозалиева А.Б. Математика сабагында предмет аралык байланыштарды ишке ашыруу // Известия вузов Кыргызстана. 2022. № 2. С. 27–32.
2. OECD. PISA 2022 Assessment and Analytical Framework. Paris: OECD Publishing, 2023.
3. OECD. PISA 2022 Mathematics Framework. Paris: OECD Publishing, 2023.
4. OECD. An Evolution of Mathematics Curriculum. Paris: OECD Publishing,
5. OECD.Future-Focused Mathematics Curricula. Paris: OECD Publishing,2025
6. UNESCO. Materials on interdisciplinary learning and STEM education. Paris,
7. Торогельдиева К.М. Некоторые аспекты эффективной подготовки будущих учителей математиков // Молодой учёный. 2017. № 4.1 (138.1). Спецвыпуск: Бекбоевские чтения – 2.
8. Алыбаев, К. С. Математика сабагында окутуунун максаттары менен дидактикалык каражаттардын, ыкмалардын шайкештиги / К. С. Алыбаев, А. У. Уланова // Вестник Жалал-Абадского государственного университета. – 2026. – No. 2(68). – P. 49-58.

Осмонова Нургул Таштановна, Шамалбек кызы Алтынай

САНАРИПТИК ПЛАТФОРМАЛАР АРКЫЛУУ ИНТЕРАКТИВДҮҮ ОКУТУУНУ УЮШТУРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

Осмонова Нургул Таштановна, Шамалбек кызы Алтынай

ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ОРГАНИЗАЦИИ ИНТЕРАКТИВНОГО ОБУЧЕНИЯ ЧЕРЕЗ ЦИФРОВЫЕ ПЛАТФОРМЫ

Osmonova Nurgul Tashtanovna, Shamalbek kyzy Altynai

PEDAGOGICAL CONDITIONS FOR ORGANIZING INTERACTIVE LEARNING THROUGH DIGITAL PLATFORMS

УДК 37.013:004.031.42

Аннотация. *Макалада заманбап билим берүү процессинде санариптик платформаларды, өзгөчө Google Classroom чөйрөсүн колдонуу менен интерактивдүү окутууну уюштуруунун негизги педагогикалык шарттары изилденет. Авторлор санариптик чөйрөдө окутуунун мазмундук-дидактикалык, асинхрондук-коммуникативдик, психологиялык жана технологиялык аспектилерин талдап чыгышкан. Изилдөөдө мугалимдин ролун маалымат берүүчүдөн фасилитаторго жана модераторго трансформациялоонун зарылдыгы негизделген. Ошондой эле макалада Google Classroom платформасын натыйжалуу колдонуу боюнча мугалимдер үчүн практикалык жана методикалык сунуштар берилген.*

Мындан тышкары, санариптик платформаларда интерактивдүүлүктү камсыз кылуу окуучулардын өз алдынча билим алуу жөндөмдөрүн өнүктүрүп, окуу процессин визуалдаштыруу жана көп каналдуу маалымат берүү аркылуу жеткиликтүү кылары баса белгиленет. Интерактивдүү окутуу моделинде окуучу активдүү субъект катары калыптанып, кызматташтыкта окутуу жана үзгүлтүксүз кайтарым байланыш аркылуу билимди терең өздөштүрүүгө жетишери көрсөтүлгөн. Изилдөөдө Google Classroom платформасы жөн гана техникалык каражат эмес, педагогикалык жактан уюштурулган интерактивдүү билим берүү чөйрөсү катары каралары белгиленет.

Ачкыч сөздөр*: санариптик платформалар, интерактивдүү окутуу, педагогикалык шарттар, МКТ, Google Classroom, фасилитатор, кайтарым байланыш, санариптик трансформация.*

Аннотация. *В статье исследуются основные педагогические условия организации интерактивного обучения с использованием цифровых платформ, в частности среды Google Classroom, в современном образовательном процессе. Авторы анализируют содержательно-дидактические, асинхронно-коммуникативные, психологические и технологические аспекты обучения в цифровой среде. В исследовании обоснована необходимость трансформации роли учителя из ретранслятора знаний в фасилитатора и модератора. Также в статье представлены практические и методические рекомендации для педагогов по эффективному использованию платформы Google Classroom.*

Кроме того, подчеркивается, что обеспечение интерактивности на цифровых платформах способствует развитию у учащихся навыков самостоятельного обучения, а также делает образовательный процесс более доступным за счет визуализации и многоканальной подачи информации. В модели интерактивного обучения учащийся формируется как активный субъект, достигающий глубокого усвоения знаний через сотрудничество и непрерывную обратную связь. В исследовании отмечается, что платформа Google Classroom рассматривается не просто как техническое средство, а как педагогически организованная интерактивная образовательная среда.

***Ключевые слова**: цифровые платформы, интерактивное обучение, педагогические условия, Google Classroom, ИКТ, фасилитатор, обратная связь, цифровая трансформация.*
The article explores the key pedagogical conditions for organizing interactive learning using digital platforms, specifically the Google Classroom environment, in the modern educational process. The authors analyze the content-didactic, asynchronous-communicative, psychological, and technological aspects of teaching in a digital environment. The study justifies the necessity of transforming the teacher's role from a source of information to a facilitator and moderator. Additionally, the article provides practical and methodological recommendations for educators on the effective use of the Google Classroom platform.

In addition, it is emphasized that ensuring interactivity on digital platforms contributes to the development of students' independent learning skills and makes the learning process more accessible through visualization and multi-channel information delivery. In the interactive learning model, the student is formed as an active subject who achieves deep knowledge acquisition through collaborative learning and continuous feedback. The study highlights that the Google Classroom platform is viewed not merely as a technical tool, but as a pedagogically organized interactive educational environment.
***Keywords**: digital platforms, interactive learning, pedagogical conditions, Google Classroom, ICT, facilitator, feedback, digital transformation.*

Маалыматтык технологиялардын өнүгүүсү жана билим берүүдө санариптештирүүнү модернизациялоонун шарттарында окутуу процессине инновациялык технологияларды киргизүү кызуу жүрүп жатат. Билим берүү чөйрөсүндөгү санариптештирүү окутуу процессинин бардык катышуучуларына күчтүү таасир этүүдө. Азыркы коом жаңы муундагы мугалимдерге муктаж болууда. Акыркы жылдары кабыл алынган бир топ стратегиялык маанилүү документтер мугалим жөнүндө түшүнүктөрдүн өзгөрүшүн шарттайт. Санариптик транформация коомдук-экономикалык мамилелердин шарттарында мугалимдин кесиптик ишти аткарууга алардын даярдыгы жөнүндө жаңы түшүнүктөрдү түздү. Окутууну санариптик платформалар аркылуу уюштуруу – бүгүнкү күндүн актуалдуу талабы болуп калууда. Ошондуктан, макаланын максаты: санариптик платформаларда интерактивдүүлүктү камсыз кылуучу негизги педагогикалык шарттарды аныктоо жана практикалык сунуштарды камтыган илимий педагогикалык негиздемелерди берүү болуп саналат.

Интерактивдүү окутуунун маңызы болуп, субъект-субъекттик мамиле, б.а. өз ара аракеттенүүгө негизделген окутуу. Интерактивдүү методдор окуу процессинин бардык катышуучуларынын б.а. окуучулардын жана мугалимдин

өз ара аракеттенүүсүндө ишке ашат. Окуучу- негизги орунда, ал эми мугалим – фасилитатор, байланыш жолдорун уюштуруучу жана жардамчы болот.

Интерактивдүү окутууну Google Classroom чөйрөсүндө уюштуруунун педагогикалык шарттары.

Санариптик чөйрөдө билим берүү процессинде интерактивдүүлүктү ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн педагогикалык шарттарды аныктоо зарыл. В.И.Андреев педагогикалык шарттар деп окутуу жана тарбиялоо чараларынын, мазмунунун, методдорунун (ыкмаларынын) жана уюштуруу формаларынын комплексин атаган. А.Я. Найн коюлган педагогикалык маселелерди чечүүгө багытталган мазмундун, формалардын, методдордун, каражаттардын жана материалдык-мейкиндиктик чөйрөнүн объективдүү мүмкүнчүлүктөрүнүн жыйындысы катары түшүндүрөт.

Теориялык аспектилерди эске алуу менен, санариптик чөйрөдө билим берүү процессинин эффективдүү ресурстарынын бири катары Google Classroom чөйрөсүндө интерактивдүүлүктү ийгиликтүү ишке ашыруунун негизги педагогикалык шарттарын карап чыгуу зарыл деп эсептейбиз. Google Classroom платформасында окутуу “класстын дубалынан” сырткары чыгып, виртуалдык мейкиндикте уланат. Бул жерде интерактивдүүлүктү камсыз кылуучу шарттар төмөнкүлөр: Биринчи шарт: санариптик чөйрөдө билим берүү процессинде окутуучунун ролун трансформациялоо. Интерактивдүүлүк өз ара аракеттенүүгө, билим берүү процессинин бардык субъекттеринин тынымсыз диалогуна негизделген. Мында окутуучунун ролу билимди трансляциялоодо эмес, окутуу процессин уюштурууда, билим алуучунун когнитивдик жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүнө ылайык жеке билим алуу траекториясын ишке ашырууга мүмкүндүк берген жаңы билим берүү концепцияларын жана окутуу моделдерин өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүдө турат. Санариптик чөйрөгө интерактивдүүлүктү киргизүүнүн максаты – активдүү педагогикалык жактан ыңгайлуу шарттарды түзүү [6].

Санариптик платформалар жөн гана техникалык каражат эмес, алар билим берүүнүн жаңы маңызын түзүүчү чөйрө. Санариптик чөйрөдө окутуу жөн ган компьютер колдонуу эмес, атайын түзүлгөн система. Санариптик платформаларда интерактивдүү окутууну ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн төмөнкү педагогикалык шарттардын топтомун камсыз кылуу зарыл. Бул чөйрөдө окутуунун натыйжалуулугу төмөнкү педагогикалык шарттардын топтому ишке ашканда гана камсыз кылынат [3].

1. Мазмундук дидактикалык шарттар. Контентти трансформациялоо - санариптик контенттин жеткиликтүүлүгү, визуалдаштыруу жана материалдын интерактивдүү формага ылайыкталышы. Санариптик материал жөнөкөй текст түрүндө эмес, интерактивдүү контент катары түзүлүшү керек. Маалыматты текст, аудио, видео жана анимация түрүндө айкалыштыруу окуучунун кабыл алуусун жеңилдетет. Маалыматты чакан, логикалык бөлүктөргө бөлүү менен окуучунун тез чарчап калуусун алдын алууга болот. Интерактивдүү окутууда мугалим маалыматты даяр түрдө бербестен, кошумча булактарга шилтемелер аркылуу окуучунун өз алдынча изденүүсүнө шарт түзөт.

Google Classroom – бул эң биринчи кезекте тартип жана система. Окуучу интерактивдүү болушу үчүн маалыматты оңой табышы керек. Темалар боюнча бөлүштүрүү жана гиперссылкаларды колдонуу окуучунунөз алдынча багыт алуусуна шарт түзөт. Google Classroom платформасы окуучуларга ар тараптан маалымат алууга мүмкүндүк берүүчү YouTube, Google Drive жана башка тышкы Quizizz, Wordwall сыяктуу интерактивдүү куралдар менен интеграцияланат. Окуучуларда материалды өздөштүрүүнүн пассивдүү деңгээлинен активдүү деңгээлине өтүүгө шарт түзүлөт.

2. Асинхрондук-коммуникативдик шарттар. Санариптик платформалардагы интерактивдүүлүктүн негизи- диалог болуп саналгандыктан, окуучу мугалим менен каалаган убакта байланыша алат. Мугалим ар бир тапшырмага жеке комментарий калтыра алат. Бул окуучу

менен мугалимдин ортосундагы ишенимдүү, жекече интерактивдүү байланышты бекемдейт. Stream виртуалдык форум жардамында суроо-жооп жана өз ара сын пикир айтуу аркылуу жамааттык билим алуу чөйрөсү түзүлөт. Платфомадагы чаттар, форумдар

3. Психологиялык-педагогикалык шарттар. Санариптик мейкиндикте окуучу өзун жалгыз сезбеши үчүн социалдык өз ара аракеттенүүну күчөтүү керек. Мотивация жана комфорт-окуучулардын мотивациясын жогорулатуу, кайтарым байланышты ыкчам камсыз кылуу жана жагымдуу санарип чөйрөнү түзүү. Санариптик платформалар окуучу үчүн коопсуз, ыңгайлуу жана кызыктуу мейкиндик болушу керек. Окуучу озүнүн катасын же ийгилигин дароо ошол замат көрүшү керек. Бул ийгилик кырдаалын түзүүгө жана окуучунун өзүнө болгон ишенимин арттырууга жардам берет. Окуу процессине оюн элементтерин киргизүү окуучунун эмоционалдык деңгээлин көтөрүп, кызыгуусун арттырып, татаал темаларды чарчабай өздөштүрүүгө мүмкүндүк берет.

4. Технологиялык –компетенциялык шарттар. Бул шарт платформанын мүмкүнчүлүктөрүн педагогикалык максаттарга туура айкалыштырууну көздөйт. Мугалимдин МКТ компетенттүүлүгү жана платформанын инструменттерин туура тандай билүүсү. Сабак учурунда бир эле убакта бир нече интерактивдүү куралдарды колдоно билүүсү инструменталдык ар түрдүүлүк . Виртуалдык топтордо иштөө, талкууларды уюштуруу жана кызматташтыкта окутуу. Коллаборация (биргелешкен иш) мугалимдин да, окуучунун да даярдыгына байланыштуу. Санариптик интерактивдүү окутуунун ийгилиги мугалимдин төмөнкү жөндөмдөрүнөн көз каранды: техникалык каражаттарды эркин колдонуу, санариптик этикетти сактоо жана калыптандыруу, виртуалдык аудиторияны башкаруу жана талкууларды багыттоо. Мугалим Google Classroom платформасынын бардык функцияларын эркин башкара билүүсү зарыл. Техникалык мүчүлүштүктөр же мугалимдин кавлификациясынын жетишсиздиги сабактын педагогикалык

максатын бузушу мүмкүн. Мугалим бир документти бүтүндөй класска “редакциялоого” ачуу менен, окуучулар бир эле убакта бир документтин ар кайсы барагын толтуруп, бири-биринин ишин көрүп, толуктай алышат. Платформа аркылуу биргелешкен болбоорлорду аткаруу – окуучулардын коммуникативдик көндүмдөрүн өнүктүрөт. Маалыматты колдонуудагы жоопкерчилик жана өз ара сыйлоо- интерактивдүү чөйрөдө иштөөнүн маданиятын калыптандырууга көмөк түзөт. Google Classroom чөйрөсү чыныгы кызматташтыктын үлгүсү десек болот.

Жыйынтыктап айтканда бул шарттар өзүнчө обочолонгон эмес, тескерисинче, бирдиктүү системаны түзөт. Эгерде технологиялык шарттар жогору болуп, бирок дидактикалык мазмун кызыксыз эски бойдон калса, анда окутуу интерактивдүүлүк оз максатына жетпейт.

Google Classroom платформасындагы интерактивдүү окутуунун модели.

Бул модель “булуттук технологияга” негизделген. Анын визуалдык түзүмү:

Мугалим: тапшырмаларды түзөт, аткаруу мөөнөтүн белгилейт жана мониторинг жүргүзөт.

Окуучу: Маалыматты издейт, өз алдынча иштеп, жыйынтыгын тапшырат.

Google Classroom платформасы: Булуттук сактагыч жана байланыш куралы катары кызмат кылат.

Баалоо: Google Forms аркылуу тест алуу жана дароо аналитиканы (статистиканы) көрүү.

Google Classroom платформасын колдонуунун натыйжалуулугу.

- ✓ Окуучулардын активдүүлүгүнүн өсүшү.
- ✓ Өз алдынча билим алуу көндүмдөрүнүн калыптанышы.
- ✓ Билимди баалоонун объективдүүлүгү жана автоматташтырылышы.

Педагогикалык шарттарды комплекстүү сактоо гана санариптик окутууну эффективдүү кылат. Мугалимдин ролу “билим берүүчүдөн” – “багыт берүүчүгө” (фасилитаторго) айлануусу.

Интерактивдүү окутууну ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн Google Classroom платформасын натыйжалуу колдонуу боюнча мугалимдерге төмөнкүдөй методикалык жана практикалык **сунуштар** берилет. Google Classroom платформасын мугалимдер жөн гана файл сактагыч катары эмес, интерактивдүү курал катары колдонсо болот.

“Лентаны” диалогдук аянтча айлантуу. Көпчүлүк мугалимдер “Лентаны” кулактандыруу үчүн гана колдонушат. Интерактивдүүлүктү жогорулатуу үчүн ар бир сабактын башында лентага көйгөйлүү суроо таштаныз. Окуучуларды бири-биринин жообуна комментарий берүүнү сунуштаныз. Ал үчүн Настройка ленты пунктун колдонсо болот. Сабактын аягында “Бүгүн силер үчүн эмне кызыктуу болду?” – деген сыяктуу рефлексиялык суроолорду берип туруңуз.

Е.С.Полаттын изилдөөлөрүнө таянуу менен [5] Google Classroom чөйрөсүндө биргелешкен документтер аркылуу кооперативдик окутууну уюштурууну сунуштайбыз. Google Docs жана Slides аркылуу биргелешкен долбоорлорду уюштуруу менен классты 3-4 кишиден турган топторго бөлүп, бир эле Google Slides файлына кирүү мүкүнчүлүгүн бериңиз. Ар бир топ өзүнө берилген слайддарды чогуу толтурушу керек. Бул жерде алардын кимиси кандай салым кошуп жаткандыгын “Истории” функциясы аркылуу байкай аласыз.

И.В.Роберт белгилегендей [4], санариптик чөйрөдө кайтарым байланыштын ыкчамдыгы окутуунун натыйжалуулугун камсыз кылуучу негизги шарт болуп саналат. Google Classroomдун эң чоң артыкчылыгы – убакытты үнөмдөө жаан тактык болгондуктан, баалоону жана кайтарым байланышты уюштуруу жеңил. Тесттерди түзүүдө “Quiziz”ти тандап, туура жоопторго түшүндүрмө кошуңуз. Окуучу ката кетиргенде, система ага эмне үчүн бул жооп туура эмес экенин дароо түшүндүрүп берет. Тапшырма берүүдө баалоо критерийлерин алдын ала түзүп койсоңуз, окуучу эмнеге таянып баа аларын билет. Бул баалоонун ачыктыгын камсыз кылат.

Google Classroom платформасы мугалимге ар бир окуучунун деңгээлине жараша иштөөгө шарт түзөт. “Пользователи ” бөлүмү аркылуу конкреттүү бир же бир нече окуучу менен иштөөгө болот. Өзгөчө таланттуу же артта калган окуучулар менен иштөөдө абдан антыйжалуу. Ар бир тапшырманы аткарууда окуучу өзүнүн катасын жалпыга жарыя кылбай, мугалим менен гана талкуулай алуусу анын психологиялык коопсуздугун камсыздайт.

Тапшырмаларды аткаруу мөөнөттөрүн так коюу окуучуларды санариптик чөйрөдө өз убактысын башкарууга үйрөтөт. Тапшырмаларды аткарууга инструкцияларды кадам-кадам менен так жазуу, зарыл болгон учурда кыскача видео нускама кошуу.

Бул сунуштарды иш жүзүнө ашыруу менен мугалим Google Classroom платформасын жөн гана тапшырма берүүчү курал эмес, окуучуну шыктандыруучу, аны менен тынымсыз байланышта болуучу жана анын өсүшүнө шарт түзүүчү педагогикалык системага айланта алат.

Корутунду. Санариптик платформалар заманбап билим берүү процессин сапаттык жаңы деңгээлге көтөрүүчү окутуунун жөн гана куралы эмес, ал жаңы педагогикалык чөйрө. Бирок анын натыйжалуулугу жогоруда аталган дидактикалык, психологиялык, коммуникативдик шарттардын мугалим тарабынан туура сакталышында. Санариптик интерактивдүүлүк – бул окуучуну пассивдүү угуучудан активдүү жаратуучуга айландыруучу механизм болуп саналат. Бирок изилдөө көрсөткөндөй, технологиянын өзү эле окутуунун натыйжалуулугун кепилдей албайт. Интерактивдүү окутуунун ийгилиги атайын иштелип чыккан педагогикалык шарттардын топтомунан түздөн- түз көз каранды.

Бул макалада каралган педагогикалык шарттарды талдоо төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берет.

1. Санариптик платформалардагы окуу материалы жөн гана маалымат берүү эмес, окуучуну активдүү изилдөө, моделдөө, талдоо аракеттерине багытталган интерактивдүү контент түрүндө болушу шарт.

2. Санариптик платформалар окуучулар арасындагы кызматташтыкты күчөтүп, жамааттык чыгармачылыкка жол ачат.

3. Кайтарым байланыштын ыкчамдыгы окуучунун ички кызыгуусун ойготуп, салттуу сабактагы “пассивдүү угуучу” статусунан “активдүү катышуучу” статусуна өтүүсүн камсыз кылат.

4. Санариптик чөйрөдө мугалим негизги маалымат булагы эмес, окуу процессин багыттоочу фасилитатор жана технологиялык модератор катары чыгышы керек. Ал үчүн мугалимдердин МКТ компетенттүүлүгүн тынымсыз жогорулатуу, мугалимдин окуучуну жөн гана көзөмөлдөөсү эмес, аны санариптик дүйнөдө өз алдынча билим алууга багыттоосу – эн башкы стратегиялык шарт.

Демек, санариптик платформалар аркылуу интерактивдүү окутууну уюштуруу – бул жөн гана техникалык маселе эмес, бул терең педагогикалык процесс. Жогоруда белгиленген шарттарды комплекстүү түрдө ишке ашыруу гана билим берүү системасын модернизациялоого жана окуучулардын компетенцияларын заман талабына ылайык калыптандырууга мүмкүндүк берет.

Колдонулган адабияттар

1. Мамбетакунов, Э., Сияев Т., Педагогиканын негиздери. Жогорку окуу жайлары үчүн окуу куралы. – Бишкек.: -215

2. Усенов, К. Ж., Токоева, Г. С. Билим берүү системасын реформалоо маселесине карата / К. Ж. Усенов, Г. С. Токоева // Вестник Жалал-Абадского государственного университета. – 2025. – No. 2(64). – С. 118-125.

3. Осмонова, Н.Т., Орозбек кызы Ч., Сыдыков Х.Р. Некоторые вопросы цифровизации образования. Евразийский журнал научных и многопрофильных исследований. №1, 2025 Стр 149-153 https://doi.org/10.63666/ejsmr.1694-9013.1.I.2025.15

4. Роберт, И.В., Современные информационные технологии в образовании: дидактические проблемы, перспективы использования – М.: ИИО РАО, 2010-140 с.

5. Полат, Е.С., Новые педагогические и информационные технологии в системе образования. – М.: Академия, 2009. – 268 с

6. Панфилова, А.П., Инновационные педагогические технологии. Активное обучение: учебное пособие для студентов высших учебных– М.: Академия, 2009. – 192 с.

7. Камышева, Е.Ю., Педагогические условия реализации интерактивности в цифровой среде вуза. Вестник Щадринского ГПУ, №1(53), 2022. – стр.30-35.

8. Трайнев, В.А. и др., Новые информационные коммуникационные технологии в образовании. М.: Дашков и К, 2013. 320 с.

9. Нусупова, Р.С. Роль инновационных образовательных технологий в повышении качества образования. Вестник ЖАГУ №3, 2025. стр.112-118.

10. Шишкараева, А.К., Алымкул кызы Д. Интернет платформалары жана оюн ыкмалары: студенттердин активдүүлүгүн арттыруу жана сабактын сапатын жогорулатуу. Вестник ЖАГУ. №3, 2025. стр.119-124.

11. Осмонова Н.Т. Бакытбек кызы Г. Санариптик билим берүүнүн өнүгүү тенденциясы Пространство ученых в мире, №5, 2025 Стр.20-26. https://elibrary.ru/item.asp?id=82282662

Сейталиева Э.С., Сатыбекова А., Молдогазы кызы А.

КЕНЖЕ ОКУУЧУЛАРДЫН МАТЕМАТИКАЛЫК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮ

Сейталиева Э.С., Сатыбекова А., Молдогазы кызы А.

РАЗВИТИЕ МАТЕМАТИЧЕСКИХ СПОСОБНОСТЕЙ МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ

Seytalieva E.S., Sanybekova A., Moldogazy kyzy A.

DEVELOPING MATHEMATICAL ABILITIES IN PRIMARY SCHOOL STUDENTS

УДК: 3.37.373.1.

Аннотация. *Макала математикалык жөндөмдүүлүк жана анын түзүлүшү жана кенже окуучулардын математикалык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү жөнүндөгү суроолорго арналган. Башталгыч мектепте окуучуларынын жеке кабыл алган математикалык жөндөмдүүлүктүн компоненттери такталган. Мындан тышкары жөндөмдөрдүн түрлөрү берилген. Мугалим окуучуну математикалык жөндөмдүү же жөндөмсүз деп баалоодон мурда берилген компоненттер милдеттүү эмес экенин эске алышы керектиги такталган. Өнүктүрүүчү тапшырмалар жана аларды башталгыч мектепте колдонулушу сунушталган. Өнүктүрүүчү тапшырмалардын түрлөрү жана квалификациясы берилген. Математика сабактарында окуучуларды өнүктүрүү алардын математикалык жөндөмдөрүн өнүктүрүүнү камтыйт. Математикалык жөндөмдөр математикалык көндүмдөрдү жана жөндөмдүүлүктөрдү өздөштүрүүнүн оңойлугун жана ийгилигин аныктоочу жеке психологиялык мүнөздөмөлөр катары аныкталат деген жыйынтыктар чыгарылган.*

Ошондой эле макалада өнүктүрүүчү тапшырмалардын окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн, анализ, синтез жана жалпылоо көндүмдөрүн калыптандыруудагы ролу

өзгөчө белгиленет. Маселелерди чечүүдө визуалдык моделдөө, схема жана таблица түзүү ыкмаларынын натыйжалуулугу негизделип, окуучуларды стандарттык эмес кырдаалдарда чыгармачыл ой жүгүртүүгө үйрөтөрү көрсөтүлөт. Башталгыч класстарда математикалык жөндөмдөрдүн калыптануусу окутуунун максаттуу уюштурулушу, иш-аракеттердин системалуу алмашуусу жана өнүктүрүүчү тапшырмалардын комплекстүү колдонулушу менен тыгыз байланышта экени баса белгиленет.

***Түйүндүү сөздөр**: кенже окуучулар, жөндөмдүүлүк, жөндөмдүүлүктүн түрлөрү, түзүлүшү, математикалык ишмердүүлүк, жөндөмдүүлүктүн мүнөздүү белгилери.*

***Аннотация.** Статья рассматривает особенности математических способностей, их структуру, а также пути развития математических способностей у младших школьников. В работе уточняются компоненты математических способностей, характерные для учащихся начальной школы. Кроме того, приведены типы способностей. Уточняется, что учитель должен учитывать, что данные способности не являются обязательными для оценки учащегося как математически способного или неспособного. Предложены развивающие задания и их использование в начальной школе. Приведены типы и квалификации развивающих заданий. Развитие учащихся на уроках математики включает развитие их математических способностей. Сделан вывод, что математические способности определяются как индивидуальные психологические характеристики, определяющие лёгкость и успешность освоения математических навыков и умений.*

Также в статье особо подчеркивается роль развивающих заданий в формировании у учащихся логического мышления, навыков анализа, синтеза и обобщения. Обосновывается эффективность методов визуального моделирования, построения схем и таблиц при решении задач, а также показывается, что они способствуют развитию у учащихся творческого мышления в нестандартных ситуациях. Подчеркивается, что формирование математических способностей в начальных классах тесно связано с целенаправленной организацией обучения, систематической сменой видов деятельности и комплексным использованием развивающих заданий.

***Ключевые слова**: младшие школьники, способности, типы способностей, структура, математическая деятельность, характерные особенности способностей.*

***Abstract.** This article examines mathematical ability, its structure, and the development of mathematical abilities in primary school students. The components of mathematical ability as perceived by primary school students are clarified. Additionally, the types of abilities are described. It is clarified that teachers should take into account that these abilities are not mandatory for assessing a student as mathematically capable or incapable. Developmental tasks and their use in primary school are proposed. The types and qualifications of developmental tasks are presented. Student development in mathematics lessons includes the development of their mathematical abilities. It is concluded that mathematical abilities are defined as individual psychological characteristics that determine the ease and success of mastering mathematical skills and abilities.*

The article also emphasizes the role of developmental tasks in forming students' logical thinking skills, as well as abilities in analysis, synthesis, and generalization. The effectiveness of visual modeling, diagram construction, and table-based methods in problem solving is substantiated, and it is shown that these approaches help develop students' creative thinking in non-standard situations. It is highlighted that the formation of mathematical abilities in primary school is closely related to the purposeful organization of instruction, the systematic alternation of learning activities, and the integrated use of developmental tasks.

***Keywords**: primary school students, abilities, types of abilities, structure, mathematical activity, characteristic features of abilities.*

«Мугалим предметти окутуу менен гана чектелбестен, билим, билгичтик жана көндүмдөрдү калыптандырып, тарбия берип, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүнүн өнүгүүсүнө түрткү берет» деп айтылгандай [4, 160-б] бардык жөндөмдөр алардын калыптануу убактысына же багыттуулугуна жараша ар түрдүү топторго бөлүнөт. Психологдор, анын ичинде В. А. Крутецкий [2], жөндөмдөрдү **табигый** жана **кабыл алынган** (жаралган) деп бөлүшөт. Алардын негизги айырмасы төмөнкүчө: биринчи түрү боюнча окумуштуулар бардык таланттар тубаса мүмкүнчүлүктөрдүн негизинде пайда болот деп эсептешсе, экинчи түрү боюнча бул теорияны толугу менен четке кагышат. Кабыл алынган жөндөмдөр – бул коомдун жана айлана-чөйрөнүн түздөн-түз таасиринин негизинде калыптанган жөндөмдөр.

Жөндөмдөр төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

- **Жалпы же атайын**. Жалпы жөндөмдөр акыл-эс ишмердүүлүгүнүн, эс тутумдун, көңүл буруунун жана ой жүгүртүүнүн өнүгүшүн камсыз кылат. Атайын жөндөмдөр адамдын ар кандай иш-аракет чөйрөлөрүндөгү ийгилигин аныктайт;
- **Теориялык же практикалык**, ой жүгүртүүнүн тибине жана басымдуу иш-аракет түрүнө жараша;
- **Окуу же чыгармачылык**. Окуу жөндөмдөрү билим алууга жардам берсе, чыгармачылык жөндөмдөр көркөм чыгармаларды жаратууга шарт түзөт.

Жөндөмдөрдүн маңызын түшүнгөн ар бир адам өзүнүн ар кандай иш-аракет чөйрөлөрүндөгү ийгилигине таасир бере алат.

Жөндөмдөрдү өркүндөтүүдө төмөнкү өзгөчөлүктөрдү эске алуу зарыл:

- иш-аракетке катышпай туруп өнүгүү мүмкүн эмес;
- ар тараптуу жөндөмдөр ар түрдүү мазмундагы жана ыкмадагы иш-аракеттер аркылуу гана калыптанат;
- өнүктүрүү шарттары канчалык эрте түзүлсө, натыйжа ошончолук жакшы болот.

Жөндөмдөрдү калыптандырууда адамдын мүнөзүн тарбиялоого жана анын айлана-чөйрөгө болгон мамилесине өзгөчө көңүл буруу зарыл. Айлана-чөйрө менен өз ара аракеттенүү аркылуу гана бардык тубаса мүмкүнчүлүктөр ачылат. Жөндөмдөрдүн солгундашын ашыкча мактоо («мактап жиберүү») аркылуу байкоого болот.

Адамдын жөндөмдөрү туулганда даяр абалда берилбейт. Бардык жөндөмдөр, анын ичинде математикалык жөндөмдөр да, баланын айлана-чөйрө менен өз ара аракеттенүүсүнүн, окутуунун жана тарбиялоонун натыйжасында өнүгөт. Ошол эле шарттарда жашаган балдардын психикалык касиеттери ар башкача өнүгөрү белгилүү. Балдардын жөндөмдөрү ар түрдүү багытта калыптанат: турмуштук көндүмдөр, сүйлөө, илимдин негиздери, эмгек көндүмдөрү ж.б.

Балдардын математикалык жөндөмдөрү да алардын инсандык сапаттары сыяктуу өнүгүү процессинде болот жана жаш өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу. Ар бир курактын өзүнө гана таандык баалуу өзгөчөлүктөрү бар. В. А. Крутецкий [2] белгилегендей, дал ушул бала кезинде ар бир нормалдуу балада өзгөчө кызыгуучулук («эмне үчүн?» курагы), кабыл алуунун курчтугу, таң калуу жөндөмү, элестетүүнүн байлыгы байкалат.

Башталгыч мектеп жашы – билимди топтоо жана өздөштүрүү мезгили. Бул куракта балдар өтө ишенчээк, мугалим айткан нерсени чындык катары кабыл алышат. Бул алардын окутууга жана тарбиялоого ыңгайлуу экенин көрсөтөт.

Башталгыч класстын окуучулары көргөзмө куралдарына өзгөчө кызыгышат, жаңы нерселерге бат көнүшөт. Ошондуктан сабакта иш-аракет түрлөрүн тез-тез алмаштыруу, узак тыныгууларга жол бербөө маанилүү. Бул куракта балдар татаал интеллектуалдык көндүмдөрдү оңой өздөштүрүшөт. Бирок аларда рефлексия жетишсиз болуп, ой жүгүртүү көбүнчө оюн мүнөзүндө калат. Ошондуктан билим берүүнү толугу менен рационалдаштыруу туура эмес. Жаш курактык өзгөчөлүктөр жөндөмдөрдүн

өбөлгөсү болуп саналат жана алардын сакталышы келечекте инсан үчүн баалуу.

